МИҢ ЖЫЛДЫКТЫН ӨНҮҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫ

- Өтө кедейликти кескин кыскартуу
- Жалпы негизги орто билим алууну камсыз кылуу
- Эркектер менен аялдардын теңдигин кубаттоо жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү
- Балдардын өлүмүн кыскартуу
- Энеликти коргоону жакшыртуу
- ВИЧ/СПИДге, безгекке жана башка ооруларга каршы күрөшүү
- Экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу
- Өнүгүү максаттарында глобалдык өнөктөштүктү калыптандыруу

Байланыш:
БУУ үйү
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., 720040
Чүй пр. 160
Тел. +996 312 611 211
www.un.org.kg

Кыргыз Республикасы

МИҢ ЖЫЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫНА ЖЕТИШҮҮДӨГҮ ПРОГРЕСС ЖӨНҮНДӨ ҮЧҮНЧҮ ОТЧЁТ

2013

МИҢ ЖЫЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫНА ЖЕТИШҮҮДӨГҮ ПРОГРЕСС ЖӨНҮНДӨ ҮЧҮНЧҮ ОТЧЁТ

2013

БИРИККЕН
УЛУТТАР УЮМУ

Кыргыз Республикасы

МИҢ ЖЫЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫНА ЖЕТИШҮҮДӨГҮ ПРОГРЕСС ЖӨНҮНДӨ ҮЧҮНЧҮ ОТЧЁТ

2013

Бишкек, 2013

УДК 323/324
ББК 66.3 (2 Ки)

Т 47

Т 47 Кыргыз Республикасы: Миң жылдык өнүктүрүү максаттарына жетишүүдөгү прогресс жөнүндө үчүнчү отчёт: Б. 2013 - жыл, 164 бет.

ISBN 978-9967-11-388-6

Автордук топтун жетекчиси:
Рафкат ХАСАНОВ

Автордук топ:
Рафкат ХАСАНОВ
Нурия ЧОЙБАЕВА
Гульнура ДЫЙКАНБАЕВА
Любовь ТЕН
Айжан МАМАТБЕКОВА
Ирина ЛУКАШОВА
Анара МОЛДОШЕВА
Мехригюль АБЛЕЗОВА
Гульмира НАЖИМИТДИНОВА
Гульгун МУРЗАЛИЕВА
Лариса БАШМАКОВА
Рахат ЧОЛУРОВА
Владимир ГРЕБНЕВ
Талайбек КОЙЧУМАНОВ
Екатерина МОКРОУСОВА

Координатор:
Нурия ЧОЙБАЕВА

Маалымат, коммуникация, өндүрүш, редакциялоо, которуу, бюджет, тескөө:
Кемаль ИЗМАЙЛОВ
Мира ДЖАНГАРАЧЕВА
Гульнура ДЫЙКАНБАЕВА
Жылдыз БЕКЕНБАЕВА
Ирина ЧИСТЯКОВА
Айгуль БОЛОТОВА
Виталий ЛЯН
Акылай ОСМОНАЛИЕВА
Полина КОТУЛЕВА
Мээрим САРЫБАЕВА
Нурзат АЛЫБЕКОВА
Түрсунияз ДОСАЛИЕВ

Ушул китепчеде билдирилген пикирлер авторлорго гана таандык жана Бириккен Улуттар Уюмунун же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көз карашын билдирбейт. Колдонулган белгилер тигил же бул өлкөнүн, аймактын же райондун, же алардын чек араларынын укуктук статусуна тиешелүү кайсы бир пикирди билдирбейт.

Т 0803010200-13
ISBN 978-9967-11-388-6

УДК 323/324
ББК 66.3 (2 Ки)

© Кыргыз Республикасындагы БУУ, 2013-ж.
Бардык укуктар корголгон. Цитата келтирүүдө, кайра берүүдө жана которууда БУУга милдеттүү түрдө шилтеме жасоо керек

Мазмуну

Кыскартуулардын тизмеси 4
Алгы сөз.....7
Киришүү 9
1-бөлүк. Өтө кедейликти кескин кыскартуу 13
2-бөлүк. Жалпы негизги орто билим алууну камсыз кылуу 37
3-бөлүк. Эркектер менен аялдардын теңдигин кубаттоо жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү 51
4-бөлүк. Балдардын өлүмүн кыскартуу 65
5-бөлүк. Энеликти коргоону жакшыртуу 81
6-бөлүк. ВИЧ/СПИДге, безгекке жана башка ооруларга каршы күрөшүү 95
7-бөлүк. Экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу 117
8-бөлүк. Өнүгүү максаттарында глобалдык өнөктөштүктү калыптандыруу..... 139
Корутунду.....156
1-тиркеме. 160
2-тиркеме 162

Кыскартуулардын тизмеси

АӨБ	Азия өнүктүрүү банкы
СПА	Суу пайдалануучулар Ассоциациясы
АКСМС	Адвокация, коммуникация жана социалдык мобилизация стратегиясы
ТКӨА	Техникалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча агенттик
АРВ	Антиретровирустук препарат
АРИС	Коомчулуктарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги
КТБА	Кесиптик-техникалык билим берүү боюнча агенттик
ДБ	Дүйнөлүк банк
ИДП	Ички дүң продукт
ВИЧ/СПИД	Адамдын иммунотартыштык вирусу / кабылданган иммунотартыштык синдрому
ДСУ	Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму
ДАП	Дүйнөлүк азык-түлүк программасы
КМК	Кепилденген минималдуу киреше
ЭЭ	Эмчек эмизүү
КЧКТЧМА	Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттик
ГМО	Генетикалык модифицирленген организм
МЖП	Мамлекеттик жаратылыш паркы
ҮДТ/ФАП	Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу / фельдшердик-акушердик пункт
ЖАМК	Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы
КММ	Күйүүчү-майлоочу материалдар
ГФСТМ	СПИДге, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Глобалдык фонд
ГХФУ	Гидрохлорфторуглероддор
МСЭКД	Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл Департаменти
ДИФИД	DFID, Улуу Британиянын Эл аралык Өнүктүрүү министрлиги
ДКТ	Тестке чейинки консультациялоо жана тестирлөө системасы
ДОО	Мектепке чейинки билим берүү уюму
ДП ОМС	Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы
ДСВЗ	“Ден соолук маселеси боюнча жамааттардын аракети” Программасы
ДЭК	Дозордук эпидемиологиялык көзөмөл
АҮАЖӨ	Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн ар айлык жөлөк пулунун орточо өлчөмү
ООН ЕЭК	ООНдун Европалык экономикалык комиссиясы
ЗАГС	Жарандык абалдын актыларын жазуу
ЗТМ	Метадон менен орун алмаштыруу терапиясы
ИБДОР	Балдарга мээримдүү мамиле кылуу ооруканалар демилгеси
ИВБДВ	Бала курагындагы ооруларды интеграция жүргүзүү
ИК	Инфекциялык контроль
МКТ	Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар
МБМ	Маалыматтык-билим берүү материалы
ЖЖБИ	Жыныстык жол менен берилүүчү инфекциялар
КБМС	Казначылыкты башкаруунун маалыматтык системасы
КЭР	Кытай Эл Республикасы
КӨМКК	Климаттын өзгөрүшүнүн маселелери боюнча Координациялык комиссия
АБКП	Атмосферанын булганышынын климаттык потенциалы
ЛЖВ	ВИЧ/СПИДке чалдыккан адамдар
ДМЧА	Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар
КЧЭК	Кызыл чырым Эл аралык комитети

MAF	МӨМдү тездетүү боюнча Структура
МЕРЛИН	Кризистүү кырдаалдарда медициналык жардам көрсөтүү боюнча Эл аралык кайрымдуулук уюму
ТИМ	Тышкы иштер министрлиги
ЖМА	Жергиликтүү мамлекеттик администрация
МИКИ	Көп индикаторлук кластердик изилдөө
КР СМ	Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги
КР БжИМ	Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
ЖӨБ	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу
ЧИ	Чакан ишкана
ЧОИ	Чакан жана орто ишкердик
МЛУ-ТБ	Көп дарыларга туруктуу кургак учук
МДИ	Медико-демографиялык изилдөө
МНП	Тамак-аш азыктарын микронутриенттик байытуу
ММ	Майда мал
ЖКЭС	Жаратылышты коргоонун эл аралык союзу
АКЖ	Акушердик кечиктирилгис жардам
БФМС	Бюджеттик финансылоонун минималдуу стандарттары
НООДУ	4- жана 8-класстын окуучуларынын билиминин жетишкендиктерине улуттук баа берүү
УСК	Улуттук статистикалык комитет
КЭУ	Коммерциялык эмес уюм
КӨЗУК	Климаттын өзгөрүшүнүн залалдары боюнча улуттук комитет
АУП	Аракеттенүүнүн улуттук планы
ЭБКУБ	Энени жана баланы коргоонун Улуттук борбору
ФУБ	Фтизиатрия Улуттук борбору
ЖӨБО	жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы
ООН	Бириккен Улуттар Уюму
ӨРЖ	Өнүгүүгө расмий жардам
ӨКЖА	Өзгөчө кайтарылуучу жаратылыш аймактары
ОИКИ	Оор ичеги-карын инфекциялары
ОБЗ	Озон бузуучу заттар
ОРИ	Оор респиратордук инфекциялар
ОБЖ	Озон бузуу жөндөмдүүлүк
ЖРТ	Жалпы республикалык тестирлөө
ПББ	Программаларды башкаруу бөлүмү
КБ	Керектөө бюджети
ТМИ	Тикелей мамлекеттик инвестициялар
ЖЧК	Жол берилген чектеги концентрация
БМСЖ	Баштапкы медико-санитардык жардам
МКП	Мамлекеттик Кепилдиктер Программасы
ПРООН	Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасы
БИК	Баңгизаттарды ийне менен сайынгандар
ШАП	Шприцтерди алмашуу пункту
АСЖД	“Айылдык суу менен жабдуу” долбоору
ККП	Кургак учукка каршы препарат
РММБ	Республикалык медико-маалыматтык борбор
РИБ	Республикалык иммунопрофилактика борбору
КӨКИ РБ	Карантиндик жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялардын республикалык борбору
ООН КӨАК	Бириккен Улуттар Уюмунун климаттын өзгөрүшү жөнүндө Алкактык конвенциясы

РФ	Россия Федерациясы
КМШ	Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештиги
ЖМК	Жалпыга маалымдоо каражаттары
МТЖ	Медициналык тез жардам
АДК	Айылдык ден соолук комитети
ӨӨС	Өлкөнү өнүктүрүү Стратегиясы
БОБ	Бюджеттин орто мөөнөттүк божомолу
ООН БААС	ООНдун Башкы Ассамблеясынын атайын сессиясы
СООПП	Ичилүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси
КТК	Катуу тиричилик калдыктары
ФАО	ООНдун азык-түлүк жана айыл чарба уюму
ФАП	Фельдшердик-акушердик пункт
МӨМ	Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттары
ҮМБ	Үй-бүлөлүк медицина борбору
ШЛУ-ТБ	Кеңири дарыларга туруктуу кургак учук
ЭПБ	Эффективдүү перинаталдык багуу
ЮСАИД	АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги
ЮНЕСКО	ООНдун билим берүү,илим жана маданият боюнча уюму
ЮНИСЕФ	ООНдун балдар фонду
ЮНОДК	ООНдун баңгизаттарга жана кылмыштуулукка каршы башкармасы
ЮНФПА	ООНдун калк жаатындагы фонду
ЮНЭЙДС	ООНдун ВИЧ/СПИД боюнча бириккен программасы
AFEW	Батыш-Чыгыш СПИД Фонду
BMZ	Германиянын экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү федералдык министрлиги
EPI	Экологиялык жетишкендиктердин индекси
GFATM	ВИЧ/СПИД, кургак учук жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Глобалдык фонду
GIZ	Германиянын эл аралык кызматташтык боюнча коому
KfW	Немец Өнүктүрүү Банкы
PISA	Programme for International Student Assessment
SWAp	Көп сектордуу мамиле. Sector Wide Approach
SDC	Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык боюнча башкармасы
WB	Дүйнөлүк банк
USAID	АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги
UNDP	ООНдун өнүктүрүү Программасы
UNFPA	ООНдун калк жаатындагы фонду
UNICEF	ООНдун балдар фонду
WHO	Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму

“Миң жылдык Декларациясында каралган милдеттенмелерди жүзөгө ашырууда белгилүү жетишкендиктерге карабастан чечилишин тездетүү керек болгон кыйла маселелер калып жатат”

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы Жарлыгы менен бекитилген “2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынан

“Азыр бардыгы үчүн кыйла адилеттүү, коопсуз жана туруктуу келечекти түзүү боюнча күч-аракетибизди активдештирүү керек”

ООНдун Экономикалык жана Социалдык Кеңешинин (ЭКОСОС) 2013-жылдын 1-июлундагы ар жылдык сессиясында ООНдун Башкы катчысы Пан Ги Мун мырзанын билдирүүсүнөн

Алгы сөз

2000-жылы ООНдун саммитинин жүрүшүндө мүчө-мамлекеттер тарабынан бир добуштан жактырылган Декларация жана Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттары (МӨМ) 2015-жылга чейинки мезгилге өнүгүүнүн багыттарын жана артыкчылыктарын аныктаган. Кыргызстан үчүн МӨМдү жүзөгө ашыруу түздөн-түз ачык-айкын чаралар жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук индикаторлоруна жетишүү менен байланышкан.

Сиздердин көңүлүңүздөргө сунушталып жаткан улуттук Отчёт 2000-жылдан кийинки үчүнчү отчёт болуп калды. Аны даярдоо процессинде жасалган талдоолор сырткы жана ички чакырыктарга жана тобокелдиктерге карабастан Кыргызстан МӨМгө жетишүүдө прогресске жетише алгандыгын көрсөтүп турат. Бул эң оболу жалпы кедейликти жана өтө жакырдыкты кыскартууга, ошондой эле экологиялык туруктуулукту камсыз кылууга, өнүктүрүүнүн башка маанилүү индикаторлоруна тиешелүү.

Ошондой болсо да кедейликтин деңгээли келечекте туруктуу өнүктүрүү үчүн олуттуу социалдык жана саясий тобокелдиктердин зонасы болуп калуу менен курч социалдык көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Жашоо минимуму дале болсо жогору бойдон калууда, бирок, көп адамдар, өзгөчө калктын аялуу тобу үчүн ал кол жетпес нерсе бойдон калууда. Ар башка региондордун өнүгүү деңгээлиндеги жана ал жерде жашагандардын бакубаттыгындагы теңсиздик дале жоюла элек. Айыл жеринде жашоо деңгээли шаарга караганда кыйла төмөн. Ошондой болсо да шаар жеринде да кедейликтин өсүшү биринчи жолу байкалган.

Аялдардын жана балдардын кедейлигинин көйгөйү тынчсызданууну пайда кылууда. Көп балдар ар кандай себептерден улам кароосуз калып, балдар жана мектеп мекемелерине барбай жатат. Мектепке чейинки билим берүүнүн деңгээли өтө төмөн бойдон калууда.

Энеликти коргоонун деңгээлинин жетишсиздиги, энелердин жана балдардын өлүмүнүн жогорулугу – Кыргызстан үчүн олуттуу көйгөй болуп калууда. Өлкөдө туруктуу өнүгүү үчүн ВИЧти жуктуруп алуу учурларынын санынын өсүшү, башка коркунучтуу жугуштуу оорулардын деңгээли көйгөй бойдон калууда. Бул жагындагы кырдаал өзгөчө көңүл бурууну жана жигердүү аракеттерди талап кылат.

Экономиканын өнүгүшү тышкы жана ички факторлордун таасирине өтө көз каранды бойдон калууда. Экономикалык өсүш жана анын сапаты, анын натыйжасы адамдардын бакубаттыгын жогорулатуу, мамлекеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоо, иш менен камсыз кылууну жогорулатуу, акыр аягында МӨМгө жана адамдын туруктуу өнүгүшүнө жетишүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу үчүн жеткиликтүү болбой жатат.

Ушунун бардыгы мамлекет жана донордук жамааттар тарабынан өзгөчө көңүл бурууну, кошумча финансы жана башка каражаттарды издеп табууну жана багыттоону, кырдаалды жакшыртуу боюнча алдын алуу жана башка кечиктирилгис чаралардын комплекстерин жүргүзүүгө инновациялык мамилени талап кылат.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасында демократиялуу мамлекетти куруу жана чыңдоо, туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу, эскиден калган ички маселелерди жоюу жана жаңы тобокелдиктер менен чакырыктардын алдын-алууга багытталган жигердүү чаралар көрүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаевдин демилгеси менен мамлекеттик структуралардын жарандык коом жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүктө 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы иштелип чыккан. Бир катар башка улуттук стратегиялар жана программалар даярдалган.

Улуттук стратегиялык документтер туруктуу өнүгүү, анын ичинде МӨМгө жетишүү үчүн маанилүү аспап болуп калат. Туруктуу өнүктүрүү принциптери экономикалык, экологиялык жана социалдык курамдарды күчөтүүгө жана жаратылыш ресурстарынын

жакырлануу процессин токтотууга көңүл топтоо менен улуттук стратегияларга жана программаларга интеграцияланган.

Декларацияны жана МӨМдү жүзөгө ашыруу Кыргызстанда эл аралык, ошондой эле улуттук деңгээлде өнүктүрүү боюнча бардык өнөктөштөр менен кызматташтыктын деңгээлин жогорулатуу үчүн маанилүү түрткү болуп калды.

Кыргыз Республикасы соңку жылдары эң жогорку деңгээлде, анын ичинде Бириккен Улуттар Уюмунун трибунасынан, дүйнө саммиттердин алкагында МӨМгө жетишүүнү жактай тургандыгын, келечекте туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу маселеси боюнча эл аралык шериктештик менен жигердүү өнөктөштүктү колдой тургандыгын туруктуу билдирип келе жатат.

Бир катар багыттар боюнча Кыргызстан көп өлкөлөр менен бирдикте 2015-жылдан кийинки мезгилде дүйнөлүк өнүгүү келечектерин аныктоого байланыштуу пилоттук программаларга жана долбоорлорго жигердүү катышып жатат.

Ушундай жаңы маанилүү демилгелердин арасында – РИО=20 (2012-жылдын июну) саммитин даярдоо жана өткөрүү процессине жигердүү катышуу бар. Ал жерде жетишилген макулдашуулар белгилүү улуттук артыкчылыктарды эске алуу менен 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында чагылдырылган.

Үстүбүздөгү жылы МӨМгө тез арада жетишүү боюнча ООНдун структурасы (МАФ) менен бирдикте саламаттыкты сактоо жагындагы кырдаалга талдоо жасалган жана саламаттыкты сактоо жагында МӨМгө жетишүү жана энелердин өлүмгө учурашын кыскартууда прогрессти тездетүү боюнча 2015-жылга чейинки аракеттенүүнүн улуттук планы иштелип чыккан.

2013-жылы жүргүзүлгөн кеңири сурамжылоо жана 2015-жылдан кийин (Post-2015) өнүгүүнүн артыкчылыктуу жолдору боюнча улуттук консультациялар Кыргызстан үчүн экономикалык өсүш жана иш менен камсыз кылуу, талаптагыдай мамлекеттик башкаруу, билим берүү, азык-түлүк коопсуздугу жана айыл чарбасын, саламаттыкты сактоону өнүктүрүү, тынчтык жана коопсуздук эң кечиктирилгис жана биринчи кезектеги багыт болуп санала тургандыгын көрсөттү.

2013-жылы июлда Бишкекте болгон өнүктүрүү боюнча жогорку деңгээлдеги Конференция өнүктүрүү таламындагы конструктивдүү өнөктөштүктүн маанилүү мисалы болуп калды. Ага Кыргыз Республикасынын мамлекеттик структураларынын жана жарандык коомдук уюмдардын, донор-өлкөлөрдүн, эл аралык финансы институттарынын, ООН системасынын жетекчилери жана өкүлдөрү катышты. Конференциянын жүрүшүндө жетишилген макулдашууларды жүзөгө ашырууга МӨМгө жетишүүгө, азыркы учурда дүйнөлүк шериктештик жигердүү талкуулап жаткан туруктуу өнүктүрүү жагындагы жаңы демилгелерди илгерилетүү көмөк көрсөтөт.

Кыргызстанда Кыргыз Республикасынын Президенти башчылык кылган туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тең-төрагасы болгон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү боюнча Координациялык кеңеш жана өнүктүрүү боюнча өнөктөтөштөрдүн өкүлү (азыркы учурда – Кыргыз Республикасындагы ООНдун Туруктуу Координатору), Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри башчылык кылган Кыргыз Республикасында МӨМгө жетишүү боюнча Координациялык комитет жигердүү иштеп жатат.

Ушул факторлордун бардыгы: улуттук стратегияларда жана программаларда чагылдырылган өлкөнү өнүктүрүүнүн жолдорунун стратегиялык көз карашынын болушу, өнүктүрүү боюнча өнөктөрдүн тыгыз кызматташтыгы, туруктуу өнүктүрүүгө жана орун алган тобокелдиктерди жоюуга байланышкан кыйла маанилүү маселелердин татаалдыгын жана чечүү зарылчылыгын түшүнүү – алдыда турган татаал иштердин маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат.

МӨМгө жетишүү үчүн Декларацияда белгиленген миң жылдык мөөнөткө, 2015-жылга чейин 2 жылга жетпеген убакыт калды. Сиздердин көңүлүңүздөргө сунуш кылынып жаткан Отчёт Кыргызстанда өнүктүрүү чөйрөсүндөгү кырдаалдын ачык сүрөттөлүшүн чагылдырат. Мында камтылган талдоо материалдары Кыргызстандын элинин прогресси жана бакубаттыгынын максатында кыйла курч маселелерди жоюуда өнүктүрүү боюнча улуттук жана эл аралык өнөктөштөрдүн күч-аракетин бир жерге топтоого кыйла даражада мүмкүнчүлүк берет деген ниеттебиз.

Т. САРИЕВ
Кыргыз Республикасынын Экономика министри

А. Аванесов
ООН системасынын Туруктуу өкүлү, Кыргыз Республикасындагы ООНдун Туруктуу өкүлү

Киришүү

Миң жылдык Декларациясы 2015-жылды Миң жылдык өнүктүрүү Максаттарына (МӨМ) же жок эле дегенде алардын басымдуу көпчүлүгүнө жетишиле турган жыл катары аныктайт. Миң жылдык Декларациясында максаттарга жетишүү төмөнкүдөй негизги принциптерди: эркиндик, теңдик, тилектештик, толеранттуулук, жаратылышты урматтоо, жалпы милдет принциптери киргизилген учурда гана жетишиле тургандыгы баса белгиленген.

Бул отчёт Кыргыз Республикасында МӨМгө жетишүү прогрессиндеги үчүнчү отчёт болуп саналат. Буга чейин 2003-жылы биринчи отчёт, экинчи отчёт эки басылышта – 2008- жана 2010-жылдары даярдалган.

Биринчи отчёттун ролу өлкөнүн ачык-айкын шарттарынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эл аралык жалпы максаттарын жана милдеттерин жатыктырууда турган. МӨМдү модификациялоо жана аны менен байланышкан милдеттер Кыргызстан үчүн мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөн кеңири консультациялык процесстин жүрүшүндө жүзөгө ашырылган.

Ошондой эле биринчи отчётто[1] Кыргыз Республикасында МӨМгө жетишүүнүн максаттуу индикаторлорунун системасы аныкталган. Прогресстин индикаторлору ошол учурда колдо бар статистикалык маалыматтарды эске алуу менен ар бир максатка колдонууга ылайыктап иштелип чыккан. Максаттарга жетишүү прогрессин баалай тургандай индикаторлордун базалык өлчөмдөрү аныкталган. Максаттарды тариздөөнү эске алуу менен көпчүлүк индикаторлор үчүн максаттуу багыттар[2] белгиленген. Андан ары максаттуу индикаторлордун системасы чынында өзгөрүлгөн жок. МӨМгө байланыштуу секторлорду камтыган кабыл алынган мамлекеттик программалар гана аны толуктоо жана өзгөртүү үчүн негиз болду. Мындай мисал ушул эмгекте да каралат.

Экинчи отчёттун биринчи басылышында[3] МӨМгө жетишүү жолундагы прогресске баа берилген. Ошондой эле ошол отчётто айрым максаттарга жетишүүнүн маселелери, МӨМгө негизделген стратегиялык максаттардын маселелери аныкталып, МӨМгө жетишүүнүн төмөнкү деңгээлинде стейкхолдерге көңүл бурулган. Окурмандардын көңүлүн буруу жана маалыматтарды кыйла таасын түшүнүп алуу үчүн жаңы креативдик элементтер – “бриллиант» МӨМ, “күн чубак” МӨМ киргизилген[4].

Экинчи отчёттун[5] экинчи басылышынын зарылчылыгы 2008-2010-жылдары Кыргыз Республикасы үчүн өзгөчө маанилүү үч окуя: дүйнөлүк финансылык кризис, бийликтин алмашуусу жана 2010-жылы этностор аралык кагылышуу болгондугунан улам келип чыккан. Кризистин таасиринин, климаттын өзгөрүшүнүн жана 2010-жылдагы окуялардын кесепетинин МӨМгө жетишүүгө тийгизген таасирине өзүнчө главалар арналган. Ошондо эле Кыргызстанда көп максаттар боюнча регресс байкалгандыгы алдын-ала айтылган. Ошондой эле отчёттун рекомендацияларына Өкмөттүн мамилесинин аркасында өлкөдө МӨМгө жетишүү процессин институтташтыруу жүргөн жана Координациялык комитет түзүлгөн.

Ушул, үчүнчү отчёттун өзгөчөлүгү – стейкхолдерлердин пикирлерин максималдуу эске алуу ыкмаларын өркүндөтүүдө турат. Баяндаманы жана рекомендацияларды даярдоо процесси министрликтердин, ведомстволордун жана ООНдун институттарынын өкүлдөрү отчёт көз карандысыз команда тарабынан даярдалып жана андан кийин Өкмөт менен талкууланган мурдагы тажрыйбадан айырмаланып, тийиштүү бөлүмдөрдүн үстүндө биргелешип иштегидей кылып түзүлгөн.

Аталган отчётторду иштеп чыгуу убактысы жагынан өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн стратегиялык документтерин кабыл алууга жакын болду. Дал ушунун аркасында МӨМ өнүгүүнүн улуттук күн тартибин түзүүгө тийиш болгон, алар стратегиялык документтерде кандай чагылдырылгандыгы өзгөчө маанилүү жагдай болуп саналат.

Башкача айтканда МӨМгө жетишүү прогрессине баа берүү

1 Кыргыз Республикасы, Миң жылдык өнүктүрүү максаттарына жетишүүдөгү прогресс жөнүндө отчёт, Бишкек, 2003-ж.

2 Зарыл болгон стратегиялык маалыматтардын жоктугунан жана эсептин методологиясынын өзгөргөндүгүнөн улам базалык көрсөткүчтөрдү сунуш кылуу мүмкүн болгон жок.

3 Кыргыз Республикасы, Миң жылдык өнүктүрүү максаттарына жетишүүдөгү прогресс жөнүндө экинчи отчёт, Бишкек, 2009-ж.

4 Бул диаграммалардын сыпатталышы отчёттун экинчи басылышында берилген.

5 Кыргыз Республикасы, Миң жылдык өнүктүрүү максаттарына жетишүүдөгү прогресс жөнүндө экинчи отчёт. Экинчи басылышы (толукталган жана кайра иштелип чыккан), Бишкек, 2010-ж.

боюнча отчёттор маанилүү, бирок жетиштүү эмес. Биринчи отчёт улуттук максаттардын, милдеттердин жана максаттуу индикаторлордун системасын түптөгөнү, кийинкилери МӨМгө жетишүүдөгү прогресске баа бергени менен МӨМгө натыйжалуу жетишүү, эгерде ал максаттар, милдеттер жана индикаторлор социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялык документтерине интеграцияланган учурда гана мүмкүн экендиги айкын болду.

Биринчи отчёт кедейликти кыскартуу боюнча Улуттук стратегияны (ККУС) кабыл алуу, 2008-жылдагы экинчи отчёттун биринчи басылышы – өлкөнү өнүктүрүү биринчи Стратегиясынын (ӨӨС-1), экинчи отчёттун экинчи басылышы - өлкөнү өнүктүрүү экинчи Стратегиясынын (ӨӨС-2) учурунда даярдалган.

Ушул отчётту даярдоо учурунда туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы (ТӨУС) жана акыркы стадиясында туруктуу өнүгүүгө өтүү боюнча Программа (ТӨӨП) кабыл алынган.

Кедейликти кыскартуунун Улуттук стратегиясы Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Комплекстүү негиздерин (КОР) жүзөгө ашыруунун биринчи этабы болуп саналган. ККУС 2003-2005-жылдардын мезгилине, Миң жылдык Декларациясына кол коюлган учурда жана Кыргызстан МӨМгө жетишүү боюнча өзүнө милдеттенме алган учурда даярдалган, бирок бул документте ал процесстин кээ бир элементтери белгиленген болсо да бул документте МӨМ негизги стратегиялык багыт экендиги көрсөтүлгөн эмес. Алсак, ККУС кедейликти кыскартуу, туруктуу өнүгүүгө өтүү, көп сандаган социалдык маселелерди чечүү зарылчылыгы жөнүндө айткан. Ошол эле учурда МӨМдүн бир катар индикаторлору сунуш кылынганы менен стратегия менен бекитилген максаттуу индикаторлордун арасында МӨМдүн 9 гана максаттуу индикатору болгон, алар боюнча прогресске көз салып туруу болжолдонгон.

Иштелип чыккан мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү катары МӨМгө жетишүү камтылган биринчи сектордук документ болуп 2006-2010-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосун реформалоонун “Манас Таалими” Улуттук программасы саналган.

2007-2010-жылдарга кабыл алынган өлкөнү өнүктүрүүнүн биринчи Стратегиясы кийинки стратегиялык документ болуп саналган. Стратегияда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатында борбордук орунду адамдык жана социалдык өнүктүрүү маселелери ээлейт” деп айтылган. Алар кедейликти кыскартууну, билим алуу, калктын ден соолугун коргоо жана жарандардын аялуу категорияларына жагымдуу турмуш шартты түзүү, коргоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууну камтыйт. Бардык ушул максаттар Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына (МӨМ) дал келет. Ошентип, МӨМ Кыргыз Республикасын өнүктүрүү стратегиясынын каркасын түзөт[6]. Бирок, ӨӨС жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баа берүү индикаторунун матрицасында МӨМдө айтылган 19 гана индикатор көрсөтүлгөн. Муну менен бирге бул документте ар башка максаттарга ар башкача мамиле жасалган. Мисалы, билим берүү жана саламаттыкты сактоо боюнча бөлүмдөрдө ӨӨС “Адамдык жана социалдык өнүктүрүү” артыкчылыктары жагында бир катар көрсөткүчтөр МӨМдүн индикаторлоруна толугу менен дал келген, ал эми башка секторлордо МӨМдүн башка бир катар көрсөткүчтөрү таптакыр жок болгон. 2009-2011-жылдарга кабыл алынган ӨӨС-2де МӨМ маселелери андан ары өнүккөн эмес, андан тышкары, 2010-жылдагы окуялардан улам ӨӨС-2нин индикаторлорунун матрицалары кабыл алынган эмес.

Учурдагы документтер көп учурда МӨМгө жетишүү маселелерин камтыйт. Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында (ТӨУС) Миң жылдык Декларациясынын негизги 8 милдетин чечүү керектигин баса белгилеген жана “Стратегия Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө багытталган, ал эми аны жүзөгө ашыруу Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүүгө көмөк көрсөтөт” деп ачык эле көрсөткөн. МӨМ туруктуу өнүктүрүү принциптерине толугу менен дал келгендиктен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилине туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жана түзүлгөн туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңешти 2015-жылга карата МӨМгө жетишүү боюнча бардык таламдаш тараптардын күч-аракетин бириктирүүгө мүмкүндүк берген өтө заманбап кадам катары кароого жана Кыргыз Республикасын андан ары туруктуу өнүктүрүүнүн негиздерин түптөөгө болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү азыркы учурда өлкөнүн туруктуу өнүгүүгө карай өтүү планын (ТӨӨП) иштеп чыгууда, ал программада көрсөтүлгөндөй ТӨУС жакынкы беш жылда жүзөгө ашыруунун реалдуу башкаруучу аспабы болуп калат. ТӨӨПкө баа берүү жана мониторинг жүргүзүү үчүн эки сунуш, атап айтканда, адамдык өнүктүрүүнүн индикаторлорунун матрицасы жана максаттуу индикаторлор кабыл алынгандыгын белгилей кетүү керек. Индикаторлордун матрицасында МӨМдүн индикаторлору менен 12 индикатор дал келген, кээ бирлери кыйла өзгөртүлгөн

6 Өлкөнү өнүктүрүү Стратегиясы (2007-2010-жж.), Бишкек, 2007, 73-бет.

түрдө кабыл алынган. Адамдык өнүктүрүүнүн максаттуу индикаторлолорунун матрицасында 17 индикаторлор МӨМдүн индикаторлору менен бирдей болгон.

Жалпысынан алганда азыркы учурда иштелип чыгып жаткан стратегиялык документтердин системасы кыйла өлчөмдө Миң жылдык Декларациясынын максаттуу ченемдерин эске алат. Ошол эле учурда стратегиялык документтерде МӨМдү эске алуунун динамикасы өзгөчө өткөн он жылдыктын башында МӨМгө жетишүү маселесине жетиштүү көңүл бурулбагандыгы жөнүндө айтып турат, ал өз кезегинде өзүнүн терс тенденцияларын түптөгөн, алар ушул отчётто каралат.

Үчүнчү отчёт жазылган учурдан тартып 2015-жылга чейин эки жарым жыл гана убакыт калды жана ортолук болсо да бул отчёттун көп тыянактары ушул мезгил аяктаганга чейин сакталып калат.

Ушуга байланыштуу 2015-жылдан кийин өнүктүрүү күн тартиби боюнча Улуттук консультациялардын ролу өзгөчө маанилүү. Улуттук консультациялардын респонденттеринин пикири боюнча келечектеги өнүгүүнүн негизги маселелери экономикалык өсүш жана иш менен камсыз кылуу, мамлекетти башкаруу, жаңжалдарды чечүү туруксуздукту төмөндөтүү болуп калууга тийиш.

Бул отчёт бул маселелерди майда-баратына чейин карабаса да, анда сунуш кылынган МӨМгө жетишүү боюнча прогресс өлкөнүн келечектеги өнүгүшү үчүн базаны түзөт.

1-БӨЛҮК.
ӨТӨ КЕДЕЙЛИКТИ КЕСКИН КЫСКАРТУУ

1-бөлүк.
Өтө кедейликти кескин кыскартуу

Милдеттер

өтө кедейликтин деңгээлин эки эсе кыскартуу;
тое тамак жебеген калктын үлүшүн эки эсе кыскартуу

1-сүрөт. МӨМ-1 максаттуу индикаторлоруна жетишүү[7]

Булак: КР УСК

1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

1.1. МӨМдүн негизги индикаторлорунун динамикасы

Бул отчётто мурдагылардан айырмаланып, МӨМ-1дин эки милдетине тең кыйла бирдей көңүл бурулган, муну менен бирге ачка калгандардын санын кыскартуу маселелери кедейликти кыскартуу процесси менен өз ара байланышта каралган.

Кыргыз Республикасы өтө кедейликти кыскартуу боюнча алдыга коюлган милдеттерди 2008-жылы эле чечкен. Өтө кедейликтин көрсөткүчүнүн төмөндөшүнүн туруктуу динамикасы 2010-жылга чейин сакталып калган. Бирок, социалдык-саясий турмуштагы, ошондой эле экономикадагы кийинки окуялардын тизмеги бул тенденциялардын кери кетишине алып келди.

Дүйнөлүк финансылык кризис 2009-жылы экономикалык өсүш темпинин (3,9% чейин) төмөндөшүнүн, азык-түлүктүн бааларынын өсүшүнүн жана мигранттардан акча которуулардын кыскарышынын себеби болгон. Президент Бакиевдин демократиялык реформалардан баш тартышы, анын Өкмөтүнүн бир катар олуттуу жаңылыш жана коррупциялык аракеттери 2010-жылы апрелде бийликтин алмашуусуна алып келген. Мунун артынан өлкөнүн түштүгүндө этностор аралык кагылышуулар болгон, алар оор кесепеттерге алып келди.

Жаңжал кыйратуулар, имараттарды жана инфраструктураны талкалоо менен коштолгон. Бизнес толугу менен кыйраган. Ишканалар, өзгөчө жаңжалдын зонасында тургандар кыйраган жана иштебей токтоп калган. КММ берүүнүн татаалдыгы жана аларга баанын өсүшү, Казакстан жана Өзбекстан менен чек аралардын жабылышы, жалпы суроо-талаптын кыскарышы жана көптөгөн башка нерселер экономикалык иштин кадимкидей иштеши үчүн көйгөй жаратып, өлкөдөгү жалпы эле социалдык-экономикалык

7 Экинчи отчётто [5-шилтемени караңыз] бриллиант МӨМ деп аталган ушул схема кеңири сыпатталган. Аталган отчёттун 156-бетин караңыз. Кыскача кылуу үчүн кызыл түс максаттуу индикаторлорду, жашыл түс базалык жана көк түс иш жүзүндөгү соңку маалыматтарды билдирет. Көрсөткүчтөрдүн бардык динамикасы 1-тиркемеде көрсөтүлгөн.

кырдаалга терс таасирин тийгизген.

Чекене соода, кызмат көрсөтүү, курулуш жана туризм өтө аянычтуу абалда калган. Аз камсыз болгон жарандардын көпчүлүгү оокат кылган чекене товар базарлар жапа чеккен. Эмгек мигранттарынын Россияга жана Казакстанга барышы үчүн чек аралардын убактылуу жабылышы ансыз да кыйынчылык тартып жаткан ички рынокто жумушчу күчүнүн сунуштарынын көбөйүшүнө алып келген. Ушул себептерден улам 2010-жылы ИДП 1,4%га кыскарган.

Жогоруда аталгандар жалпы жана өтө кедейликти кыскартууда жетишилген прогресстин 2010-жылы кедейлик көрсөткүчтөрүнүн өсүшүнө алып келген, муну менен бирге 2010-жылы өтө кедейликтин деңгээли 3,1%дан 5,3 %га чейин көбөйгөн.

Өлкөнүн жаңы Өкмөтү экономикада турукташтыруучу бир катар аракеттерди жасады, калктын аз камсыз болгон катмарын социалдык жактан колдоо чараларын күчөттү. Дүйнөлүк баалардын өсүшүнүн кесепеттерин азайтуу максатында Өкмөт 2011-жылы социалдык чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатты, ошондой эле пенсиялык чегерүүлөрдүн жана компенсациялардын өлчөмү көбөйтүлүп, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө материалдык жардам көрсөтүлгөн. Ушунун натыйжасында 2011-жылы эле экономиканын 5,7%дык өсүшүнө жетишилип, 2010-жылга салыштырганда инфляцияны 12 пайыздык пунктка – 19,5%дан 7,5%га чейин азайтууга

1-кыстырма. ООНдун Дүйнөлүк Азык-түлүк Программасынын (ДАП) азык-түлүк коопсуздугуна баа берүү

Азык-түлүк коопсуздугуна баа берүүнү ООНдун ДАП жүргүзөт. Азык-түлүк коопсуздугунун индикатору ООНдун ДАП тарабынан тамак-аш азыктарын керектөө деңгээлин (жыштыгы жана ар түрдүүлүгү) азык-түлүккө экономикалык жеткиликтүүлүк деңгээли (үй чарбаларынын кирешелерине негизделген кедейлик чеги) менен бириктирүү жолу менен жүргүзүлөт. Азык-түлүк коопсуздугу үч деңгээлге (өтө төмөн, салыштырмалуу төмөн жана теңдеш) бөлүштүрүлөт, алар азык-түлүк коопсуздугу боюнча жогоруда эске алынган эки индикаторду кошуу жолу менен алынат. Ал өлкөнүн деңгээлинде, шаар жана айыл жеринин жана жети облус менен Бишкек шаарынын өңүтүндө статистикалык репрезентативдик маалыматтар менен эсептелет. Тандап алуу өлкө боюнча 2,000 үй чарбасынан турат. Эсептөө ыкмасы төмөнкү 1-таблицада келтирилген.

1-таблица

Азык-түлүккө экономикалык жеткиликтүүлүк (кирешенин деңгээли)	Тамак-аш азыктарын керектөө боюнча балл		
	Төмөн	Орто	Канааттандырарлык
Төмөн	Азык-түлүк коопсуз-дугунун өтө төмөнкү деңгээли менен %	Азык-түлүк коопсуздугунун өтө төмөнкү деңгээли менен %	Азык-түлүк коопсуздугунун өтө төмөнкү деңгээли менен % 2010-жылдагы
Орто	Азык-түлүк коопсуз-дугунун өтө төмөнкү деңгээли менен %	Азык-түлүк коопсуздугунун өтө төмөнкү деңгээли менен %	Азык-түлүк коопсуздугунун канаат-тандырарлык деңгээли менен %
Канааттандырар-лык	Азык-түлүк коопсуз-дугунун өтө төмөнкү деңгээли менен %	Азык-түлүк коопсуздугунун канаат-тандырарлык деңгээли менен %	Азык-түлүк коопсуздугунун канаат-тандырарлык деңгээли менен %

2010-жылдагы окуялардан кийин ООНдун ДАП үй чарбаларына азык-түлүк коопсуздугу жагындагы кырдаалга соңку окуялардын таасирин аныктоо үчүн 2010-жылдын өзгөчө кырдаалда азык-түлүк коопсуздугуна баа берген. Мындай баа берүү азык-түлүк коопсуздугу жана аман калуу стратегиясы, азык-түлүктүн бааларына жана 2010-жылдагы окуялардын кесепеттери жагындагы кырдаалга мониторинг жүргүзүү үчүн баштапкы көрсөткүч болуп кызмат кылган. 2011-2013-жылдары азык-түлүк коопсуздугуна кийинки баа берүүлөр азык-түлүк коопсуздугу жагындагы кырдаалды салыштыруу үчүн жылына эки жолу жүргүзүлүп турду. Соңку баа берүү 2013-жылы мартта жүргүзүлгөн. Азык-түлүк коопсуздугу жагындагы кырдаал боюнча ООНдун ДАП маалыматтары 2011-жылы тамак-аш жагындагы кырдаалдын начарлашын көрсөткөн Улуттук статистикалык комитеттин (КР Улстатком) маалыматтарына дал келет. 2012-жылдын экинчи жарымындагы натыйжалар да кырдаалдын начарлашын көрсөтүп, азык-түлүккө баанын кескин жогорулап кетишин чагылдырган. 2010-жылы күзүндө жаңжалдан кийин дароо жүргүзүлгөн биринчи баа калктын 27%ы азык-түлүк коопсуздугунун төмөнкү статусуна ээ болгон адамдардын тобуна киргендигин аныктаган. 2011-жылы мартта бул көрсөткүч 46 пайыздык белгиге чейин жеткен, бул күзгү түшүм жыйноонун алдында азык-түлүктүн тартыштыгынын, азык-түлүктөргө баанын кескин жогорулашынын жана 2010-жылдагы окуялардын кесепетинен болгон.

жетишилген. Өтө кедейликтин үлүшү 4,5%га чейин төмөндөгөн.

МӨМ-1дин экинчи милдети эки индикатор менен бааланат. Биринчи индикатор сутка ичинде 2100 Ккалдан аз керектеген калктын үлүшүнүн азайышынын динамикасына көз салат. Бул индикатордун өзгөрүшү бул жерде максаттуу индикаторго жетишилбесе да өтө кедейликтин динамикасын корреляциялайт.

2009-жылга чейин өлкөдө тое тамак жебеген калктын үлүшүнүн акырындык менен 2001-жылдагы 60,5%дан 2009-жылдагы 40,7%га чейин кыскарышы менен кырдаалдын жакшырышы байкалган. Бирок, кийин кырдаал начарлап, максаттуу индикаторлор үзүлгөн, ал 27,7%ды түзүп, андан ары жогорулай берген.

Бул милдеттин экинчи индикатору салмагы жетишпеген мектепке чейинки курактагы балдардын үлүшүнүн кыскаруу динамикасына баа берген. Бүткүл өлкө боюнча салмагынан артта калган 1-6 жаштагы балдардын үлүшү туруктуу бойдон калганы менен 2000-жылдын акырына карата төмөндөө тенденциясына ээ болгон. Бирок, 2010-жылы бул көрсөткүч акырындык менен начарлаган, 2011-жылы анын бир аз жакшыргандыгына карабастан орун алган көрсөткүч менен максаттын ортосундагы 3,0%дык айырмачылык дале жогору болгон.

Кыргызстанда ачка калгандарга баа берүүнүн методологиясы жана индикаторлору өркүндөтүлгөн эмес. Ушундан улам бул көрүнүшкө Кыргызстанда 2010-жылга чейин татыктуу көңүл бурулган эмес. Соңку мезгилде эл аралык уюмдар бул маселенин масштабына кыйла так баа берүүгө мүмкүнчүлүк берген жаңыча жолдорду иштеп чыгууга аракет кылып жатат, анткени ансыз социалдык-экономикалык саясатты калыптандыруу боюнча негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу мүмкүн эмес. 1- жана 2-кыстырмаларда бул маселеге ар башка уюмдардын ар башка методологиялык мамилелери келтирилген. Демек, ар башка ыкмалар бул кубулуштун өлчөмдөрүнө, ошондой эле анын өнүгүү динамикасына ар башкача баа берет.

Жүргүзүлүп жаткан иштердин натыйжаларын карап көрүү менен бул ыкмалар улуттук институттар тарабынан (КР УСК, экономика министрлиги тарабынан) колдонулбай тургандыгын эске алуу керек, ошондуктан алдыдадагы мезгилде бул жагындагы милдеттердин бири биздин өлкөдө колдонулган ыкмаларды адаптациялоо болуп саналат.

2-кыстырма. Ачкачылыктан жапа чеккен калктын үлүшүнө ФАОнун баасы

Тое тамак жебегендиктин масштабы улуттук деңгээлде орточо индивидуумдун калорияларды адаттагы керектөөсүнүн бөлүштүрүлүшүнө баа берүү (башкача айтканда, өлкөдө калорияларды адатта ар күндүк орточо керектөөнүн мүмкүн болгон деңгээлине байланыштуу ыктымалдыгына баа берүү) жолу менен бааланат.

Баа берүү төмөнкү маалыматтарга негизделген:

а) жалпы калориялуулук боюнча ФАОнун азык-түлүк балансы;

б) чекене деңгээлде сатууда азык-түлүктүн калориясынын жоголушуна баа берүү;

в) калкта азык-түлүккө жеткиликтүүлүктү бөлүштүрүүдөгү теңсиздиктерге баа берүү.

Бөлүштүрүлгөндөн кийин калорияларды керектөө орточо адам үчүн жигердүү жана саламаттыкта турмуш кылуу үчүн калориялардын минималдуу зарыл өлчөмүнөн төмөн экендигинин ыктымалдыгы эсептелет.

ФАОнун эсептеринин натыйжалары тое тамак жебегендиктен жапа чеккен адамдардын саны 1992-жылдагы 15,5%дан 2012-жылдагы 6,2%га чейин кыскаргандыгын көрсөтөт.

1.2. Кедейликтин башка көрсөткүчтөрү

Кыргыз Республикасында кедейликтин көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүнөн улам, мисалы, калк жалпы кедейлик чегинин айланасына өтө тыгыз топтошкондугунан улам[8], кедейликти өлчөөнүн жалпы кедейлик, кедейликтин көп кырдуулугу, кедейлердин кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү сыяктуу башка көрсөткүчтөрүн да кароо керек.

1.2.1. Жалпы кедейлик

2010-жылдагы окуялардын кесепети жалпы кедейлик үчүн да кыйла жогору болгон, анткени жогоруда аталган көйгөйлөр кыйла даражада дал ошол көрсөткүчтөргө таасир тийгизген. 2010-жылдан баштап анын динамикасы терс тенденцияга ээ болгон жана 2012-жылы кедей калктын үлүшү 1,2 пайыздык пунктка өскөн жана 38%ды түзгөн. Бул соңку беш жылдын

8 УСКнын маалыматтары 2012-жылы инфляциянын деңгээлинин 5 пайызга көбөйгөндө, бакубаттыктын индикакторунун орун алган чондугу өзгөрбөгөндө кедейлердин үлүшү 5,2 пайыздык пунктка өскөндүгүн, ал эми инфляция 5 пайызга төмөндөгөндө кедейлердин үлүшү 5,5 пайыздык пунктка төмөндөгөндүгүн көрсөтүп турат. Булак: 2012-жылы Кыргыз Республикасында кедейликтин деңгээли, КР УСК, www.stat.kg

ичиндеги кыйла жогорку көрсөткүч. Кедейлик чегинен төмөн жашаган калктын саны 2 млн. 153 миң адамга жеткен.

2010-2012-жылдары кедейликтин терендигинин 7,7%га чейин өсүшү (кедей үй чарбаларынын кирешелеринин кедейлик чегинен орточо четтөөсүн көрсөтүп турат), ошондой эле анын курчтугунун (кедей калктын керектөөлөрүнүн дифференциациясынын даражасын көрсөтүп турат) – 2,4%га чейин өсүшү байкалган.

Маалыматтар кедейликтин терендигинин жана курчтугунун динамикасы жалпысынан кедейликтин жалпы тенденциясына дал келгендигин көрсөтүп турат. Муну менен бирге 2000-2005-жылдардын мезгилинде өтө төмөндөгөн жана андан ары 2010-жылга чейинки мезгилде кыйла жайбаракат төмөндөгөн. Кийинкилер өтө кедейликтин кирешелеринин өлчөмү менен жалпы кедейликтин көрсөткүчүнүн ортосундагы айырмачылыктын арткандыгы жөнүндө айтып турат. Кыргызстанда калктын кирешелер боюнча ажырымы көбөйүп бара жаткандыгын баса белгилөө керек. Атап айтканда, P80/P20[9] коэффициенти 2010-жылдагы 6,8 ден 2011-жылдагы 7,3 чейин өскөн.

Кедей калктын кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү кедейликтин өлчөмү болуп саналат[10]. Кедейлер кызмат көрсөтүүлөргө анча көп жеткиликтүү эмес. Муну менен бирге кедейликти өлчөөнүн негизги индикатору болуп турак жайдын болушу жана коммуналдык кызматтарга жеткиликтүүлүк саналат. 2011-жылы өлкөнүн өтө кедей калкынын 53%дан ашыгында калктын жан башына 5 чарчы метрден 10 чарчы метрге чейинки турак жайы болгон. Турак жайлардын ыңгайлуулук деңгээли шаардык жана айылдык үй чарбаларынын ортосунда өтө айырмаланат. Кедей үй чарбалары, ошондой эле айыл жеринде жайгашкан үй чарбалары анча ыңгайлуу эмес турак жайга ээ, анткени айыл жеринде инфраструктура анча өнүккөн эмес. 3.2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктөгү айырмачылыктар ошол терс көрүнүштөрдү ырастап турат.

1.2.2. Балдардын кедейлиги

Деңгээли жалпы кедейликтин көрсөткүчүнөн жогору турган балдардын кедейлиги өтө олуттуу социалдык көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. 2011-жылы үй чарбаларын УСК жүргүзгөн тандап интеграциялык изилдөөлөрдүн натыйжасы боюнча 0-17 жашка чейинки курактагы балдардын жалпы санынын ичинен 44,6%ы

2-сүрөт. Кедейликтин динамикасы, анын терендиги жана курчтугу



Булак: КР УСК

кедей шартта жашаган, алардын ичинен 5,6%ы өтө кедей категорияда калгандыгы аныкталган. Айыл жеринде балдардын кедейлигинин деңгээли 47,6%ды түзгөн, бул шаардагыга караганда 8,9 пайыздык пунктка жогору.

Кедей үй чарбаларында жашаган балдардын үлүшү кедейликтин жалпы деңгээлинен ашып түшөт. Бул жагдайды ашка жүктүк коэффициенти түшүндүрүп турат, ал кедей үй чарбаларында жогору жана ага 0-17 курактагы балдардын саны кыйла таасир тийгизет. Кедей үй-бүлөлөрдө жашап жаткан балдар ар кандай көйгөйлөргө, анын ичинде сапаттуу социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана билим алуу жана саламаттыкты сактоо инфраструктураларына жеткиликтүүлүк жагындагы көйгөйлөргө туш болот. Алар алсыздыгынан улам кедейликти оор кабылдашат жана кыйла олуттуу залалдарга туш болот, анткени бала чагында колдон чыгарылган мүмкүнчүлүктөр аларга кийин өз укуктарынан толук пайдалануу, турмушта бакубаттыкка жетишүүгө жана аларда камтылган потенциалды жүзөгө ашыруу мүмкүндүк бербейт.

Ушул аспекттен кедейликтеги олуттуу региондук айырмачылыктар орун алат. Балдардын кедейлиги Бишкектеги 6,8%дан Жалал-Абад облусундагы 57,1%га, жана Ош облусундагы 56,0%га чейин өзгөрүп турат, бул ушул региондордогу көп балалуу үй-бүлөлөрдүн көпчүлүк саны менен байланыштуу[11].

1.3. Региондук жана социалдык-экономикалык айырмачылык

1.3.1. Өтө жана жалпы кедейлик

Кыргызстанда узак мезгилден бери алардын географиялык абалына жараша олуттуу айырмачылыктар байкалып ту-

9 Бул коэффициент калктын бай катмарынын 20%ынын жалпы кирешеси калктын кедей катмарынын 20%ынын кирешесинен бир нече эсе ашып түшөрүн көрсөтүп турат.

10 2007-2011-жылдары Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли, КР УСК, 2012-ж.

11 Балдардын кедейлиги жана Кыргыз Республикасындагы теңсиздик боюнча улуттук изилдөө. ЮНИСЕФ . - Б. 2009-ж.

рат. Региондордун өнүгүнөн алганда 2011-жылы кедейликтин көрсөткүчү өтө айырмаланат (3-сүрөттү караңыз). Төрт региондо алар жалпы кедейликтин орточо чоңдугунан кыйла жогору турат. Эреже катары өтө кедейликтин деңгээли кыйла жогору болгон региондор жалпы кедейликтин кыйла жогорку деңгээли менен айырмаланат. Бирок, муну менен бирге облустардын өтө кедейлик боюнча чачырандысы айдан-ачык: алсак, Нарын облусунда өтө кедейликтин деңгээли өлкө боюнча кедейликтен 3,3 эсе ашат, ал эми өтө жарды Талас облусунда жалпы кедейликтин деңгээли орточо көрсөткүчтөн 1,4 эсе ашат. Муну менен бирге Нарын жана Талас облустарында ар бир экинчи тургун кедейлердин катарында турат.

3-сүрөт. Кыргызстандын региондорундагы кедейлик деңгээли



Булак: КР УСК

1.3.2. Шаардык жана айылдык кедейлик

Жалпысынан алганда айылдык жана шаардык кедейликтин динамикасы 2009-жылы төмөндөөгө карай жалпы кедейликтин динамикасын жана 2010-2011-жылдары өсүштү кайталайт, муну менен бирге шаарларда өтө кедейликтин көрсөткүчтөрү орточо көрсөткүчтөн эки эседен ашыкка, ал эми жалпы кедейликтин көрсөткүчүнөн – 30%га төмөн.

Айыл жеринде балдардын кедейлигинин кыйла жогорку деңгээли байкалат – ал шаарга караганда (2011-ж) 16,3 пайыздык пунктка жогору, бул айылдык жарды үй чарбаларына балдардын кыйла саны туш келе тургандыгы (2,6) менен байланыштуу[12]. Айылдык балдар социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, билим алууга, саламаттыкты сактоого, социалдык жактан коргоого жеткиликтүүлүк жагында көп көйгөйлөргө туш келет.

Электр жарыгы өлкөнүн бүткүл аймагын камтыган ыңгайлуулуктардын бирден-бир түрү болуп саналат. Бирок электр тармактарынын болушу калк электр энергиясына үзгүлтүксүз ээ болот дегенди билдирбейт. Электр энергиясынын үзгүлтүксүз берилишин үй чарбаларынын 117%ы гана белгилешкен, алардын 62,0%ында электр энергиясынын жыл ичинде бир нече жолу өчүрүлгөндүгү байкалган, үй чарбаларынын 1,9%ында электр энергиялары күн сайын өчүрүлгөн жана алар көп учурда айыл жеринде болгон.

Шаардагы үй чарбаларынын 34,7%ы жана айылдык үй чарбаларынын 2,1%ы гана борбордон жылытуу системасы менен жабдылган. Бул калкты борбордон жылуулук менен камсыз кылууга байланыштуу кызмат көрсөтүүнүн шаардык мүнөзүн гана көрсөтүп турат.

4-сүрөт. Айыл жана шаар жериндеги өтө кедейликтин деңгээли, %

Булак: КР УСК

Газ түтүгүнүн тармагына республиканын үй чарбаларынын 21,1%ы гана, анын ичинен шаардык үй чарбаларынын 49,1%ы жана айылдыктардын – 6,0%ы гана ээ болот. Республиканын аймагы боюнча газ өткөргүчтөрүнүн таркашынын жетишсиздиги өлкөнүн бүткүл айылдык калкынын борбордон газ менен жабдуудан ажыратат.

Борбордон суу менен жабдууга үй чарбаларынын 25,5%ы гана кошулган. Борбордон суу менен жабдууга кошулган шаардык үй чарбаларынын үлүшү айылдыктардын үлүшүнүн 46,2 пайыздык пунктунан ашат.

Ичилүүчү таза сууга жеткиликтүүлүк калктын турмушунун сапатынын гана көрсөткүчү болбостон, ошондой эле анын ден соолугуна да кыйла таасир тийгизет. Алсак, МӨМ-7 боюнча бөлүмдө 2011-жылы ичилүүчү таза сууга жеткиликтүүлүк төмөндөгөндүгү белгиленген, ошол эле учурда бүтүндөй өлкө бо-

12 2006-2010-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын турмуш деңгээли. Бишкек. 2011-ж.

юнча ичилүүчү таза сууга жеткиликтүүлүк 1,2 пайыздык пунктка кыскартылган жана 90,8%ды түзгөн.

Тамак бышырууда катуу отунду пайдалануудан улам атмосфераның булганышын дагы бир терс таасирге кошууга болот. Муну менен бирге бүтүндөй республика боюнча шаар жеринде кедей эмес үй чарбаларынын жарымына жакыны (44%) борбордук газ өткөргүчүнө кошулган газ плитасынан пайдаланат, ошол эле учурда кедей үй чарбаларынын 45,9%ы жана өтө кедей үй чарбаларынын 49,5%ы электр плиталарынан пайдаланат. Айыл жеринде болсо өтө кедей үй чарбаларынын 49,0%ы жана кедей үй чарбаларынын 42,3%ы тамак бышыруу үчүн катуу отунду пайдаланат.

1.3.3. Кедейлик жана курчап турган чөйрө

Кедей калктын өсүшү айыл чарбасындагы көйгөйлөргө түздөн-түз байланыштуу, ал айыл жеринде жашаган калктын ушул катмары үчүн жашоо турмушунун негизги булагы болуп саналат. Ошондой болсо да соңку 5 жылдын ичинде өлкөнүн экономикасында айыл чарбасынын салыштырма салмагынын кыйшаюусуз төмөндөшү байкалат. Эгерде 2006-жылы ал 28,7%ды түзгөн болсо, 2009 жана 2012-жылдары тийиштүү түрдө 22,1% жана 17,5%га кыскарган.

Кыргыз Республикасында айыл чарба өндүрүшүнүн өндүрүмдүүлүгү төмөндөп жатат. Баалуу айдоо жерлеринин жоголушу зор коркунуч болуп саналат. Айыл чарба багытындагы жерлер өлкөнүн аймагынын жалпы аянтынын болгону 15%ын түзгөндүгүнө карабастан соңку беш жылдын ичинде алардын аянты дагы 4,3%га, ал эми сугат жерлеринин 40%дан ашыгы ар кандай даражада жакырлануунуу кабылган. Ошондуктан, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү өспөй жатат, ал эми дан өсүмдүктөрү боюнча ал 2001-жылдан баштап 28 ц/гадан 17-18 ц/га чейин кыскарган.

Көпчүлүк учурларда кыртыштын эрозиясы жана жакырлануусу айыл чарба жерлерин пайдалануунда кедей калктын агромаданиятынын төмөндүгү, анын ичинде малды көп жаюу, ирригация жана суу чарбасын башкаруунун натыйжалуу эмес системаларын пайдалануунун кесепети болуп саналат. Кыртыштын эрозиясы калк тарабынан дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн коромжулугуна жана көп учурда кыртышка орду толгус зыян келтирүүгө алып келген алгылыксыз агро ыкмаларды колдонушунун айкын көрсөткүчү болуп саналат. Муну менен бирге келечекте айыл чарбасына климаттын жагымсыз таасиринен улам кырдаал ого бетер начарлайт (3-кыстырманы караңыз).

3-кыстырма. Азык-түлүк коопсуздугуна климаттын таасири

Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугу климаттын өзгөрүүсүнө өтө сезимтал, ООНдун "Климаттын өзгөрүшү жөнүндө" Алкактык Конвенциясы боюнча Кыргыз Республикасынын Экинчи улуттук билдирүүсүндө таанылгандай, өлкөдө дан өсүмдүктөрүнүн өндүрүмдүүлүгүнүн Жылдык көлөмү 17 пайызга төмөндөп кеткен, бул 2012-жылдагы жаз жана жай айларында жаан-чачындын орточо деңгээли төмөн болгондо жогорку температуранын айынан болгон.

Божомолдорго караганда климаттын өзгөрүшүнүн төрт негизги тенденциясы каралууда, алар Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугуна таасир тийгизиши мүмкүн. Биринчиден, жогорку температуранын жаан-чачындардын азайышы менен айкалыштыруу кыйла интенсивдүү кургакчылыкка жана аптапка алып келет, бул айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө кыйратуучу таасир тийгизип жана мал үчүн суунун жана жайыттардын кыскарышына алып келет.

Экинчиден, кыска мөөнөттүү келечекте суунун жеткиликтүүлүгүнүн көбөйүшүнө жана кыйла интенсивдүү ташкындарга алып келет. Ошондой болсо да узак мөөнөттүү келечекте мөңгүлөрдүн эриши суунун тартыштыгына жана кургакчылыкка алып келет.

Үчүнчүдөн, сезондуу жаан-чачындардын өзгөрүшү жүрөт, б.а. кышында жаан-чачын көп (анын ичинде кар) түшүп жана жайкы жаан-чачындардын азайышы жүрөт.

Төртүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын ойдуң жерлери мөңгүлөрдүн агымдарынын кыскарышынан улам кургакчыл чөлдөргө айлануу коркунучу астында калат. Өлкөнүн ландшафтынын өзгөрүшү калктын аярлуу катмарынын аман калуу каражаттары үчүн кыйла кесепеттерге алып келет, бул кээ бир үй чарбаларын жаңы пайда болгон ландшафтка жатыгуу үчүн өзүнүн салттуу турмуштук жашоо ыңгайын өзгөртүүгө аргасыз кылат.

Өлкөнүн аймагынын 40%ын түзгөн тоо жайыттары жана 85%ды түзгөн айыл чарба багытындагы жерлер бүгүнкү күндө аларга келтирилген жүктү жөнгө салбастан пайдаланылууда. Мунун кесепетинен мал чарбачылыгында өндүрүмдүүлүк төмөндөп жатат. 2005-2010-жылдары малдын башынын 18%га өскөндүгүнө карабастан сүт саап алуу 5%га кыскарган.

Айыл чарба өндүрүшүнүн айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп аймактардын өтө чаржайыттыгы саналат. Ошондуктан курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча ченемдердин сакталышына контролдук боюнча чаралар көп учурда аткарылбай калат.

Түшүмдүүлүктүн жана мал чарбачылыгынын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгүнүн түздөн-түз натыйжасы болуп фермерлердин кирешелеринин чектелгендиги, фермер үй-бүлөлөрдүн турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу, ошондой эле жаратылыш ресурстарынын абалын жакшыртуу жана пайдалануу үчүн финансы ресурстарынын жетишсиздиги саналат.

Соңку жылдары Кыргыз Республикасында жаратылыш ресурстарынын азайышына айыл чарба өндүрүшү үчүн реалдуу базанын олуттуу кыскарышы себеп болду, бул калктын, эң оболу айыл жеринде жашагандардын кедейлик деңгээлинин жогорулашына алып келди.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык (2011-жылдын 30-ноябрындагы №228 редакциясында) жерди жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу, курчап турган чөйрөнү коргоо, санитардык ченемдерди сактоо, экологиялык ишчараларды жүргүзүү боюнча мыйзамдардын аткарылышы боюнча чарбачыл субъекттердин ишине контролдук кылуу ыйгарым укуктары берилген.

Буга кошумча жергиликтүү деңгээлде айрым жаратылыш ресурстарын пайдалануунун жана башкаруунун натыйжалуулугун мыйзам менен жогорулатуу үчүн адистештирилген коомдук уюмдар түзүлгөн, аларга жаратылыш ресурстарынын белгилүү түрлөрүн башкарууда, анын ичинде аларды пайдалануу үчүн каражат топтоо жагында ыйгарым укуктар берилген. Аталган жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн алына турган жыйымдардын өлчөмү ошол уюмдар тарабынан аныкталат жана жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

Ошондуктан уюштуруу жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тигил же бул кызматтарды көрсөтүү жана жаратылыш ресурстарын натыйжалуу башкаруу үчүн жооп берет, бирок, бардык функциялар, ыйгарым укуктар, ошондой эле төлөмдөрдү чогултуу укугу адистештирилген коомдук уюмдарга берилген. Андай уюмдарга : (а) жайыт комитеттери – алар жайыттарды пайдалануу жана башкаруу үчүн жоопкерчиликтүү; (б) ичилүүчү суу керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери (ИСКАКБ) – алар ичилүүчү сууну пайдалануу жана башкаруу үчүн жоопкерчиликтүү; (в) суу пайдалануучулар ассоциациялары (СПА) – алар сугат суусун пайдалануу жана башкаруу үчүн жоопкерчиликтүү.

Табигый экосистемасын колдоо боюнча жергиликтүү жамааттардын салымы жана жоопкерчилиги өсүп жатат. Бирок, мындан жергиликтүү жамааттар эч кандай экономикалык тикелей пайда көрө элек, анткени жаратылыш ресурстарын пайдалануу укугун алуу жол-жобосу Өкмөттүн колунда. Жаратылыш ресурстарын пайдалануу укугу үчүн негизги чегерүүлөр республикалык бюджетке түшөт. Бул маселелер тез арада укуктук жактан жөнгө салууну талап кылат, анткени жергиликтүү калктын аң-сезиминде алар адилетсиздик катары орноп калууда.

Мисалга алсак, 2012-жылга чейин алтын кен казып алган ишканалардын салыктык чегерүүлөрү курчап турган чөйрөнү экологиялык жактан булгагандыгы үчүн жергиликтүү жамааттарга компенсация төлөбөстөн толук көлөмүндө республикалык бюджетке түшкөн. 2012-жылдан баштап Кыргыз Республикасында мыйзам менен кен казып алуучу компаниялардын пайдасынын 2%га жакынын жергиликтүү бюджетке чегерүү ченеми киргизилген.

1.3.4. Кедейликтин гендердик аспекттери

Аялдардын кедейлиги өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ, ал эмгек рынгундагы аялдардын абалына, анын ичинде эмгек акы көз карашынан иштеп жаткан аялдар менен эркектердин теңсиздигине, репродукциялык функцияларды аткаруу зарылчылыгынан улам аялдардын атаандашууга жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгүнө байланыштуу.

Кедейлик эркектер башкарган үй чарбаларынын арасында (эркектер башкарган үй чарбаларында кедейлик аялдар башкарган үй чарбаларынын арасындагы 20,7%га салыштырганда 30,0%) жогору экендигине карабастан кедейлик аялдардын абалына өтө курч таасир тийгизет. Бул кедейликти, киреше издеп табууда аялдардын жүгүн жеңилдетүүгө аракет кылууга байланыштуу, ал эми муну менен бирге аялдардын үй оокаты эч жеңилдебейт.

Эмгек рынгундагы теңсиздикти шарттаган гендер кирешелери төмөн экономикалык ишмердиктин түрлөрүнө аялдардын топтолушуна алып келет.

Айыл жеринде микро деңгээлдеги ишкерлер негизинен кедейликке каршы күрөшүү каражаты катары микро ишкердик жылчыгын пайдаланган кыйла аярлуу аялдардын өкүлдөрүнөн тургандыгы менен билдирилет.

Микрокредиттөө боюнча программаларга катышуу менен, эреже катары, аялдар эркектерге караганда аз өлчөмдө кредит алышат жана аларды үйдө эмгектенүү жана майда соода-сатык чөйрөсүндө жүзөгө ашырат жана көп учурда бизнести өнүктүрбөстөн үй-бүлөлүк бюджетке жумшайт. Мунун натыйжасында эркектер үй-бүлөнүн үй чарбаларын күтүүгө ар күндүк чыгымдарга өз салымдарын кыскартышат[13]. Микрокредиттерди пайдалануу аларга чакан же орто бизнеске өтүүгө мүмкүнчүлүк

13 Айылдык аялдардын экономикалык ресурстарга жеткиликтүүлүгү.– "Эл-пикир" коомдук пикирди иликтөө борбору, "Өнүгүүгө баа берүү институту" коомдук бирикмеси. – ЮНИФЕМ, 2005-ж.

бербейт, бул аларга стратегиялык гендердик муктаждыктарды жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк бермек. Ошондуктан, бир катар учурларда микрокредиттерди пайдалануу үй-бүлөлөрдү кошумча колдоого гана кызмат кылышы мүмкүн.

Аялдардын кедейлигине шарт түзгөн факторлордун катарына төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- Аялдарды иш менен камсыз кылуу динамикасындагы жагымсыз тенденциялар (2008-жылдагы 49,7%дан 2010-жылдагы 47,1%га кыскарган).
- Экономиканын тармактары боюнча гендердик асимметрия: негизинен аялдар иштеген социалдык жана аз акы төлөнгөн чөйрөлөр.
- Эркектер менен аялдардын эмгек акысынын деңгээлиндеги айырмачылыктар (2011-жылы аялдардын орточо эмгек акысы эркектердин эмгек акысынын 78,4%ын түзгөн).
- Аялдардын жумушсуздугунун кыйла жогорку деңгээли (эркектер менен аялдардын жумушсуздугунун ортосундагы айырмачылык өсүп жатат: эгерде ал 2005-жылы 1,7 пайыздык пунктту түзгөн болсо, 2011-жылы ал 2,3%га чейин өскөн, бул аялдар арасында жумушсуздуктун кыйла жогорку темпи менен байланышкан). 2010-жылдагы маалымат боюнча иш издеген аялдардын жумушсуздугунун үлүшү эркектердин тийиштүү көрсөткүчүнөн 2 эсе ашат.

1.3.5. Керектөө боюнча региондук айырмачылыктар

Суткада 2100 Ккал аз керектеген үй чарбаларынын үлүшүнүн кыскаруу динамикасы өлкөнүн бардык регионду үчүн узак мезгил бою дурустай болчу. 2010-жылдан баштап жогоруда аталган факторлор ал көрсөткүчтөргө бардык региондордо терс жагына таасир тийгизди. 5-сүрөттөн көрүнүп тургандай, бул көрсөткүч 2011-жылы 8 региондун 6 регионунда 2009-жылга салыштырганда начарлап кеткен. Өзгөчө андай начарлоо Бишкек шаарында (13,8 пайыздык пункт) жана Нарын облусунда (9,8 пайыздык пункт) жүргөн. Муну менен бирге соңку бир нече жылдын ичинде биринчи жолу андай үй чарбаларынын үлүшү Нарын облусунда 50%дан ашкан.

5-сүрөт. Облустун өңүтүнөн алганда суткада 2100 Ккал аз керектеген үй чарбаларынын үлүшү, %



Булак: КР УСК

6-сүрөт. Шаар жана айыл жеринде суткасында 2100 Ккалдан аз керектеген үй чарбаларынын үлүшү, %



Булак: КР УСК

2011-жылы Бишкек шаарында керектөө жагындагы кырдаалдын кескин начарлашы шаар жана айыл жеринин ортосундагы керектөөнүн айырмачылыгынын кескин өсүшүнө алып келди (6-сүрөттү караңыз). Шаар жеринде суткасында 2100 Ккалдан аз керектеген үй чарбаларынын үлүшү 51 пайызды, айыл жеринде 40 пайызды түзду[14].

1.4. Кедейликтин кыскаруу факторлору

Кедейликтин кыскарышына ар түрдүү факторлор таасир тийгизет (4-кыстырманы караңыз). Кээ бир талдоо иштеринде[15], Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө шилтеме кылуу менен 2 негизги фактор-

2-таблица. Кедейликтин ийкемдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү

Өсүш темпинен кедейликтин ийкемдүүлүгү:		
ИДП	Акча которуулар	Социалдык камсыз кылууга чыгымдар
-1.9	-0.09	-0.3

14 КР УСК, Үй чарбаларынын жана жумушчу күчүнүн бюджеттерин интеграциялык изилдөө.

15 Караңыз. "Кыргыз Республикасында демографиялык жана социалдык-экономикалык процесстердин өз ара таасири: эски көйгөйлөр жана жаңы мүмкүнчүлүктөр?", ООНдун калк Фонду жана ПРООН, Бишкек, 2010-ж. Бул эмгекте 2000-жылдан 2009-жылга чейинки маалыматтар боюнча ар кандай факторлорго кедейликтин көз карандылыгынын модели түзүлгөн.

ду атап жүрүшөт: өлкөдөн тышкары жерде табылган киреше, ал мигранттардын акчалай которууларынын чоңдугу менен чагылдырылат, өлкө ичиндеги экономикалык ишмердиктен алынган кирешелер. Андан тышкары, кедейликти кыскартууда кирешелерди кайра бөлүштүрүү механизмдери, атап айтканда, социалдык камсыз кылуу системасынын бюджети өз ролун ойнойт.

Аталган эмгекте Кыргыз Республикасы үчүн тийиштүү көрсөткүчтөрдүн ийкемдүүлүгү эсептелген, алар 2-таблицада көрсөтүлгөн. Бул маалыматтар тийиштүү көрсөткүчтөр 1%га өскөндө кедейлик деңгээли канча пайызга өзгөргөндүгүн көрсөтүп турат.

Мындай ийкемдүүлүктөр кедейликтин кыскаруу темпине өтө көп таасирди ИДПнын өсүшү, андан кийин социалдык камсыз кылууга чыгымдардын өсүшү жана мааниси боюнча акыркысы трансфеттердин өсүшү тийгизет.

Жүргүзүлгөн талдоого ылайык 2000-жылдардын акырында кедейликтин кыскарышына кыйла көп таасир тийгизген фактор, бул экономиканын өсүшү, орточо алганда анын таасири 80,4%ды түздү; мааниси боюнча андан кийин социалдык камсыз кылууга чыгымдардын турат – 12,2%, мигранттардын которууларынын өсүшү 7,4%ды гана түздү.

4-кыстырма. Дурус тажрыйбанын мисалы. МӨМгө жетишүүгө багытталган социалдык-экономикалык саясатты иштеп чыгуу чөйрөсүндө потенциалды жогорулатуу

МӨМгө жетишүүдөгү прогресске, өзгөчө артта калуулар байкалган максаттарга таасир тийгизиши мүмкүн болгон орун алган ички жана тышкы тобокелдиктердин шартында мамлекеттик структуралардын, ошондой эле эксперттик жамааттардын адамдык өнүгүүгө терс таасирлерден оолак болуу үчүн глобалдуу экономикалык кризистин жана калган тышкы коркунучтардын, анын ичинде тамак-ашка баалардын өсүшүнүн, акчалай которуулардын кыскарышынын жана башкалардын кесепеттерин минималдаштыруу боюнча стратегиялык саясатты/чечимдерди иштеп чыгуу жана баа берүүдөгү потенциалын күчөтүү зарыл. Бул иштелип чыккан саясатты финансылоонун жетиштүүлүгүнө баа берүүгө, социалдык-экономикалык саясаттын альтернаттык сценарийлерин иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берген пландаштыруунун ар кандай аспаптарын пайдалануу талап кылат.

MAMS (МӨМдү моделдөө үчүн макет) катары белгилүү экономикалык модель ошондой аспаптардын бири болуп калышы мүмкүн. Ал өзүнө атайын модулду камтыйт, ал МӨМгө жетишүүнүн негизги факторлорун жана МӨМгө байланыштуу инфраструктураларга жана кызмат көрсөтүүлөргө мамлекеттик чыгымдардын өсүшүнүн тикелей таасирин, ошондой эле кедейликке жана теңсиздикке таасир тийгизген ар кандай сценарийлердин зарыл чыгымдарын жана методологиясына сектордук баа берүүнү аныктайт.

2012-2013-жылдары ООНдун Өнүктүрүү Программасы жана ООНдун экономикалык жана социалдык маселелер боюнча Департаменти Кыргызстандын мамлекеттик кызматкерлери жана изилдөөчүлөрү үчүн ушул моделди пайдалануу боюнча окуу программасын жүзөгө ашырган. Бир нече айдын ичинде экономика министрлигинин жана башка министрликтер менен ведомстволордун, Илимдер академиясынын 30 кызматкери, Бишкектин алдыңкы ЖОЖдорунун окутуучулары моделдин структурасын иликтеп жана аны пайдалануу тажрыйбасына ээ болушту. Программага катышкан бардык уюмдарга моделдин иштеши үчүн зарыл болгон заманбап программалык камсыз кылуу берилген.

Кедейликтин кыскарышына социалдык чыгымдардын ачык эмес таасири социалдык жөлөкпулдардын даректүүлүгүнүн начарлыгы жана өлчөмүнүн аздыгы жөнүндө айтып турат. Акча которууларынын анча көп эмес таасирин өлкөнүн ар башка региондорунда кедейликтин көрсөткүчтөрүнө алардын тааси-ринин даражасындагы айырмачылыктар менен түшүндүрүүгө болот (бул мындан ары кандай көрсөтүлөт, алардын таасири сегиз региондун ичинен үчөөндө гана көрүнүп турат).

1.4.1. Мигранттардын трансферттери

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматтары боюнча акча которууларынын көлөмү соңку бир нече жылдын ичинде көбөйгөн (7-сүрөттү караңыз), бул барган сайын көп үй-бүлөлөрдүн кирешелери эмгек мигранттарынын акча которууларына ниет кыла тургандыгын көрсөтөт.

7-сүрөт. Жеке трансферттер (ИДПга карата %)

Булак: КР УСК

Бул фактордун бүтүндөй өлкөнүн экономикалык өнүгүшү жана кедейликтин кыскарышы үчүн маанилүү экендигине карабастан, анын ролу ар башка региондор үчүн кескин айырмаланат. Төмөндө Кыргызстандын чегинен тышкары мигранттардын эмгектик ишмердигин эске алуу жана эске албастан кедейликтин деңгээлинин өзгөрүшүн мүнөздөгөн маалыматтар таасын көрсөтүлгөн.

Жалпысынан 2008-2011-жылдардын мезгилинде өлкөдө кедейликтин деңгээли эмгек мигранттарынын трансферттерин эске албаганда 42,3%-43,4% чегинде өзгөрүп турган (8-сүрөттү караңыз). Иш жүзүндө эмгек мигранттарынын ишмердигинен болгон кирешелердин үй чарбаларынын бюджетине салымы бул мезгилде кедейликтин деңгээлин "жеңилдетүүгө", башкача айтканда бүткүл өлкө боюнча 8-10 пайыздык пунктка азайтууга мүмкүнчүлүк берди.

Төмөндө региондордун өңүтүндө эмгек мигранттарынын эмгектик ишмердигин эске алуу жана эске албастан кедейликтин деңгээлинин өзгөрүшүн мүнөздөгөн маалыматтар келтирилген, алар бул фактордун эң кедей региондорго тийгизген кыйла таасирин көрсөтөт (9-сүрөттү караңыз). Мисалга алсак, ушул факторду эске албаганда кедейликтин жалпы деңгээли Жалал-Абад (56,3%), Ош (56,2%) жана Баткен (52%) облустарында өтө жогору болгон.

Муну менен бирге Баткен облусунда эмгек мигранттарынын трансферттеринин салымы 2011-жыл үчүн 15,5 пайыздык пункт менен бааланат, башкача айтканда, бул облуста кедейлик ушул фактордон улам үчтөн бирге кыскарган. Түндүк облустарда анын таасири кыйла төмөн жана 0,1-3,8 пайыздык пункт менен бааланат.

1.4.2. Социалдык коргоо системасы[16]

Бюджеттик чектелүү жана мамлекеттик бюджеттин жана Социалдык фондунун бюджетинин тартыштыгы өскөн шартта мамлекеттин социалдык саясаты мамлекет тарабынан кепилденген социалдык милдеттенмелерди толук көлөмдө аткарышына кыйшаюусуз багытталган. 2009-2012-жылдардын

8-сүрөт. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары мигранттардын эмгектик ишмердигин эске алуу жана эске албастан кедейликтин деңгээлинин өзгөрүшү



Булак: КР УСК

9-сүрөт. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары мигранттардын эмгектик ишмердигин эске алуу жана эске албастан региондордо кедейликтин деңгээлинин өзгөрүшү



Булак: КР УСК

10-сүрөт. Социалдык чыгымдар (ИДПдан %)



Булак: КР УСК

16 Статистикалык маалыматтардын булагы – КР УСК.

мезгилинде кирешеси төмөн болгон калктын категориясын социалдык коргоого чыгымдар бюджеттин жалпы чыгымдарынан 9,5%дан 16,3%га чейин өстү. Мамлекеттин социалдык кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдарынын салыштырма салмагы 2012-жылы бюджеттик чыгымдардан 47%ды түздү жана 2008-жылга салыштырганда 6 пайыздык пунктка өстү. Ушул көрсөткүчтөргө негизденүү менен өлкөнүн мамлекеттик бюджети социалдык багытталган бойдон калууда.

2011-жылы декабрда Өкмөт тарабынан 2012-2014-жылдарга КР калкын социалдык жактан коргоо Стратегиясы кабыл алынган[17], ага ылайык өзгөчө калктын аялуу катмарын социалдык жактан коргоо мамлекеттин башкы артыкчылыктарынын бири болуп саналат. Стратегия өлкөдө социалдык жактан коргоонун сапатын жогорулатууга багытталган, өнүгүүнүн көз карашын, максаттарын жана социалдык жактан коргоо системасынын негизги катышуучуларын аныктайт.

Бул документ социалдык коргоо системасынын келечектеги абалынын жалпы көрүнүшүн чагылдырат, өлкөдө социалдык жактан коргоонун натыйжалуу жана адилеттүү системасын түзүүгө багытталган. Стратегия кырдаалды жана сектордун көйгөйлөрүн талдоонун негизинде социалдык жактан коргоонун келечектеги системасын көрө билүүнү билдирет. Анда социалдык коргоонун институттук механизмдери жана социалдык коргоо аспаптарынын натыйжалуулугу каралат.

Стратегияда төмөнкүдөй артыкчылыктар кабыл алынган:

- турмуштук татаал кырдаалда үй-бүлөнү жана балдарды социалдык жактан коргоо;
- майыптарды социалдык жактан коргоо;
- улгайган курактагы жарандарды социалдык жактан камсыз кылуу;
- тобокелдүү топторду социалдык жактан коргоо.

Документ пландаштырылган максаттарга ылайык кабыл алынууга тийиш болгон төмөнкүдөй аракеттерди аныктайт:

- балдарлуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар айлык жөлөкпулдун жана эмгекке жарамсыз жарандардын ар айлык социалдык жөлөкпулдун өлчөмүн көбөйтүү;
- альтернаттык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү, социалдык кызматтарды көрсөткөн, анын ичинде жергиликтүү деңгээлде жеке мекемелердин тармактарынын пайда болушу үчүн шарттарды түзүү;
- интернаттык мекемелерди деинститутташтыруу, алардагы адамдардын санын мүмкүн болушунча кыскартуу;
- социалдык кызматкерлер институтун түзүү жана өнүктүрүү.

Ар кандай баа берүүлөр боюнча өлкөдө социалдык жактан коргоо системасы жөлөкпулдардын багыттарынын начардыгынан жана деңгээлинин төмөндүгүнөн улам кедейликти кыскартууга начар таасир тийгизет[18].

Бул эмгектерде калкты социалдык жактан коргоого мамлекеттик чыгымдардын өскөндүгү байкалганы менен ал даректүү эмес программаларды финансылоонун олуттуу көбөйгөндүгү – жеңилдиктер, компенсациялар жана ар айлык социалдык жөлөк пулдар менен мүнөздөлөт: 2010-жылы жөлөк пулга чыгымдар 2009-жылга салыштырмалуу 1,7 эсе өскөн, ал эми жеңилдиктер жана компенсациялар – 2,3 эсе өскөн.

Мамлекеттик жөлөкпулдар боюнча дурус учур катары кепилденген минималдуу кирешенин (КМК), аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар айлык жөлөкпулдардын (АУАЖ) орточо өлчөмүнүн өскөндүгүнө карабастан, төмөнкүдөй көйгөйлөр сакталып калды: КМК төмөнкү деңгээлде калган (2010-жылы ал балдардын жашоо минимумунан 8,1%дан жана өтө кедейлик чегинен 17,8%дан ашкан эмес).

2009-2010-жылдары АУАЖ дизайнынын өзгөрүшүнүн натыйжасында жөлөк пулдардын даректүүлүгү жогорулады. Жер үлүштөрүнөн жана чарбак участкалардан кирешелердин ченемдери кайра каралган, жерден кирешени аныктоого дифференцирленген мамиле киргизилген, узак пайдалануудагы товарларды, айыл чарба малын эсепке алуу ж.б. өркүндөтүлгөн[19]. АУАЖ дайындоо механизмдери жөнөкөйлөштүрүлгөн жана ал жөлөкпулдарды дайындоо боюнча жергиликтүү органдардын ыйгарым укуктары күчөтүлгөн.

---

17 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкын социалдык жактан коргоо Стратегиясы, 2011-жылы декабрда Өкмөт тарабынан бекитилген.

18 Мисалды караңыз: Кыргыз Республикасында социалдык секторго мамлекеттик чыгымдардын талдоосу, 2007-2010-ж. Бишкек. 2011-ж. –ЮНИСЕФ,

"Кыргыз Республикасында демографиялык жана социалдык-экономикалык процесстердин өз ара таасири: эски көйгөйлөр жана жаңы мүмкүнчүлүктөр?", ООНдун калк Фонду жана ПРООН, Бишкек, 2010-ж.

Energy and Communal Services in Kyrgyzstan and Tajikistan: A Poverty and Social Impact Assessment. Editor: Ben Slay UNDP Bratislava Regional Centre, 2011.

19 Узак пайдалануудагы товарлардын эсебин жүргүзүү калк арасында нааразылыктарды пайда кылды жана мунун натыйжасында узак пайдалануудагы товарлардын тизмеси үч аталышка чейин кыскартылган. Жер үлүштөрүнөн түшкөн кирешелерге ченемдерди киргизүү да кирешелердин ченемдери жогору латылган деген билдирүүлөр менен коштолгон.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында жеңилдиктердин көп бөлүгүн монетизациялоо аяктаган: муну менен бирге жеңилдиктердин саны 40тан 13кө чейин кыскарган. Жеңилдик алуучулардын саны ага жараша 283 миңден 226 миң кишиге чейин азайган. Ошол эле учурда бюджетте социалдык коргоонун үлүшү жогору болгон шартта ал жеңилдиктерди андан ары реформалоонун багыттары так эмес[20].

Өлкөдө социалдык жактан камсыз кылуу системасы туруктуу өркүндөтүлүп турат. Ошондой болсо да АУАЖ өлчөмдөрдүн жетишсиздигинен улам кедей үй-бүлөлөрдү татыктуу колдоону камсыз кыла албайт. Көпчүлүк өтө кедей үй-бүлөлөр жөлөк пулдун ушул түрүн алуудан чыгарылат, анткени үй-бүлөнүн системага кириши үчүн негиз болгон КМКнын өлчөмү (580 сом) өтө кедейликтин чегинен (1286,3 сом) кыйла төмөн. Мисалы, кыйла жогорку өлчөмүнөн улам пенсиялар улгайган адамдардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн арасында кедейликти кыскартууда кыйла натыйжалуу болуп саналат. Ар айлык социалдык жөлөкпулга келсек, алар категориялык принцип боюнча төлөнөт, башкача айтканда, пенсия менен камсыз кылуу укугу жок, эмгекке жарамсыз адамдарга (ДМЧА, багар адамынан айрылган балдар, улгайган жарандар) багытталган. Аталган адамдарды ар айлык социалдык жөлөкпулдар менен камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренеси менен кепилдеген (Жарандарга улгайганда, ооруп, же эмгектенүүгө жараксыз болуп калганда, багар-көрөрүнөн ажыраганда мыйзамда каралган тартипте жана жагдайларда социалдык жактан камсыз кылуу кепилдиги берилет).

2013-жылы күзүндө КМКнин өлчөмүн, демек АУАЖ өлчөмүн да жогорулатуу пландаштырылып жатат. Мындай жогорулатууга зарыл болгон акча каражаттары бюджетте каралган.

Бюджеттин жалпы чыгымдарында социалдык сектордун кыйла жогорку үлүшүнө жетишилгендиктен улам бул этапта жөлөкпул аркылуу жашоо минимумун толук жабуу кол жетпес иш. Билим

11-сүрөт. ИДПнын өсүү темпинин динамикасы (% менен)



Булак: КР УСК

12-сүрөт. Керектөө бааларынын индекси (мурдагы жылдын декабрына карата % менен)



Булак: КР УСК

берүүгө, саламаттыкты сактоого чыгымдар жана социалдык жактан коргоо системасынын өтө маанилүү компоненттери ИДПнын %ында жетиштүү деңгээлде колдоого алынгандыгын жана мамлекеттик каражаттарды чыгымдоонун жогорку натыйжалуулугу камсыз кылынгандыгын кошумчалай кетүү керек. 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкын социалдык жактан коргоо Стратегиясы дал ушуга багытталган, бирок, соңку мезгилде бул стратегияны финансылоонун жетишсиздигине байланыштуу аткарыла турган иш-чаралардын тизмесин кайра кароо сунуш кылынып жатат.

1.4.3. Экономикалык өсүштүн көйгөйлөрү

Эл аралык финансылык кризистин жана 2010-жылдагы окуялардын өлкөнүн экономикасына тийгизген таасири көп кырдуу болду. Экономикалык өсүш темпинин басаңдагандыгы, ал түгүл анын төмөндөгөндүгү, экспорттун кыскарышы, капиталдын чыгып кетиши, пайыздык ставкалардын өсүшү жана кредиттик куржундун кыскарышы белгиленген. Анын кедейликке тийгизген таасиринин көз карашынан ички дүң өнүмдүн өсүү темпинин кыскарышы жана инфляциянын өсүшү кыйла маанилүү факторлор болуп калды. Муну менен бирге негизги тамак-аш азыктарына баалардын

20 Категориялык жеңилдиктерди реформалоого багытталган 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкын социалдык жактан коргоо Стратегиясы да стратегиянын жогорудагы багыттарындай эле деталдаштыруу менен каралган.

өсүшү мультипликациялык эффект берди, анткени кедейликтин өсүшүнө тикелей таасир тийгизүүдөн тышкары ал өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугуна коркунуч келтирди.

2009–2012-жылдары Кыргызстан үчүн экономикалык өнүгүү көз карашынан алганда бир беткей болгон жок. Төмөндө 11-сүрөттө 2007-2012-жылдары ИДПнын реалдуу өсүш темпинин динамикасы келтирилген.

Кыргызстан үчүн 2008-2009-жылдардагы дүйнөлүк финансылык кризистин фонунда экономиканын болуп көрбөгөндөй "кыйрашын" жоюу, 2010-жылдын апрель жана июундагы ички саясий окуялардын жана Кумтөр алтын казып алуу ишканасындагы техногендик авариянын кесепеттерин жоюу бул мезгилдин башкы натыйжасы болуп калды. 2009-2012-жылдары үчүн реалдуу өсүштүн кумулятивдик темпи 7,6%ды түздү. Бул мезгилдин ичинде экономика 2008-жылдагы өсүш темпине чыккан жок, анда экономикалык өсүш 8,4%га жеткен болучу.

Бул мезгил инфляциялык кыйла төмөндөөлөр менен мүнөздөлгөн, ал айрым жылдары 20%га чейин жеткен (12-сүрөттү караңыз).

Бул мезгилде керектөө бааларынын өсүшүнө таасир тийгизген негизги факторлорго: (i) тамак-ашка дүйнөлүк баалардын волатилдүүлүгү; (ii) дан азыктарынын ички рынокторунун данды жана унду импорттоого көз карандылыгы; (iii) чийки мунайга жана мунай заттарга дүйнөлүк баалардын өсүү тенденциялары; (iv) бюджеттин кыйла чыгымдары, анын ичинде социалдык сектордун кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөнүн 2,5 эсе өскөндүгү менен шартталган акчалай сунуштардын көлөмүнүн өсүшү кирет, ошондой болсо да ал мамлекеттик кызматтын кызматкерлерине караганда кыйла төмөнкү деңгээлде, болжол менен эки эсе аз бойдон кала берген.

5-кыстырма. Дүйнөлүк финансы кризисинин таасири. Унга болгон бааларды иллюстрация катары көрсөтүү

Дүйнөлүк финансылык кризис башталгандан кийин 2008-жылдын ортосунда акча которууларынын көлөмү Россиянын экономикасынын төмөндөшүнөн жана мигранттардын үйлөрүнө кайтып келишинен улам төмөндөп кеткен.

Ушул эле мезгилде азык-түлүк товарларына, атап айтканда, буудай ununa баалар да өскөн жана базарлардан тамак-азыктарын сатып алууга ниет кылган үй чарбаларынын бюджетине кошумча экономикалык кысым көрсөтө баштады. Буудай ununa баанын кыйла жогорулашы 2007-жылы (дүйнөлүк финансылык кризистин залалдарын чагылдыруу), 2010- жана 2012-жылдары (Казакстан менен Россиядан буудайдын экспорттук бааларынын өсүшүн чагылдыруу) белгиленген (17-графикти караңыз). Дүйнөлүк экономиканын чабалдыгы жана азык-түлүктөргө баалардын туруксуздугу өлкөдөгү үй чарбаларынын азык-түлүк коопсуздугуна дале коркунуч келтирип жатат.

13-сүрөт: Өлкө боюнча унга орточо баалар



Булак: КР УСК

Азык-түлүккө бааларды өсүшү, социалдык жана саясий туруксуздук жана бөөдө кырсыктар сыяктуу кыйынчылыктардын тизмеги өнөкөт болгон кедейликти ого бетер курчутуп жана квалификациялуу эмес эмгек сыяктуу кирешелердин туруктуу эмес булактарына жана майда фермерлердин ишмердигинен түшкөн кирешелерге ниеттенген кедейлерге катуу таасир көрсөтүп жатат[21].

21 Кыргызстан жана Тажикстанда азык-түлүккө болгон бааларды кризисине социалдык таасир көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүү. Дүйнөлүк Банк, 2012-ж.

Кедейликти жоюу жана ачкалардын санын кыскартуу маселеси азык-түлүккө болгон жеткиликтүүлүк маселеси менен түздөн-түз байланыштуу.

Кыргызстанда азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлине баа берүү үчүн базалык азыктар катары алардын 9 түрү аныкталган[22]: (i) нан жана нан азыктары; (ii) картошка; (iii) мөмө-жемиштер; (iv) жашылча жана бакча өсүмдүктөрү; (v) шекер; (vi) өсүмдүк майы; (vii) сүт жана сүт азыктары (viii) эт жана эт азыктары; (ix) жумуртка. Ушул 9 азык бүткүл керектөө куржунунун 43,6%ын түзөт.

Бирок, экономикадагы кыйла көйгөйлөрдөн улам өлкөдө азык-түлүктүн негизги түрлөрү менен өзүн-өзү камсыз кылуунун деңгээли төмөн бойдон калып жатат. Ички рыноктун камсыз болушу 2012-жылы төмөнкүдөй болду: нан азыктары боюнча – 46,7%, өсүмдүк майы боюнча – 29,1%, шекер боюнча – 13%, жумуртка – 87,7%, мөмө-жемиштер боюнча – 83,2%, эт боюнча – 61%. Азыктардын тогуз түрүнүн ичинен үчөө боюнча гана биз азык-түлүк коопсуздугун толугу менен камсыз кылдык, алар - картошка – 106,9 %, сүт – 111,1 %, жашылча-жемиштер – 114,3 %.

14-сүрөт. Керектүү куржунундагы азык-түлүк коопсуздугунун азыктарынын үлүшү жана иш жүзүндөгү керектөөлөргө эсеп кылганда алар менен камсыз болуу (2012-жылы күтүлгөнү, % менен)



Булак: КР УСК

Азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыз кылуунун төмөнкү деңгээли аларды импорттоого көз карандылыгынын жогорку деңгээлине сөзсүз алып келет. 2012-жылы импорттун иш жүзүндөгү салыштырма салмагы ички рыноктун көлөмүндө төмөнкүдөй болду: ун боюнча - 45,7%, эт боюнча – 26,2%, шекер боюнча – 85% жана өсүмдүк майы боюнча – 65%.

Азык-түлүктөргө дүйнөлүк баалардын волатилдүүлүгү, өлкөнүн ичинде азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыз кылуунун толук эместиги жана аларды импорттоодо келип чыккан тоскоолдуктар ушул мезгилде Кыргызстандын азык-түлүк рыногуна олуттуу коркунуч түздү. 2010-жылы азык-түлүк коопсуздугунун өлкөлүк куржунундагы 9 азыктын керектөө бааларынын өсүшүнө/инфляцияга тийгизген тааасири 60%дан ашып кеткен (2010-жылдагы инфляцияда келип чыккан 19,%ынын ичинен 12 пайыздык пунктту түзгөн). (15-сүрөттү караңыз).

15-сүрөт. Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугунун 9 азыгынын керектөө бааларынын өсүшүнө/инфляцияга тийгизген тааасири



Булак: КР УСК

22 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 3-мартындагы №138 токтому

1.5. Балдардын кедейлигине таасир тийгизген факторлор

Балдардын кедейлигине жана анын деңгээлинин жогорулоо тобокелине ар кандай факторлор, анын ичинде ата-энелеринин жумушсуздугу (үй-бүлөдө жок дегенде бир иштеген киши балдар үчүн өтө кедейлик тобокелин 7,1%дан 6,4%га, жалпы кедейлик тобокелин – 53,5%дан 40,0%га чейин кыскартат), энелеринин билим деңгээлинин төмөндүгү (өз курамында бүтпөгөн орто билими бар эмгекке жарамсыз курактагы аял бар үй чарбаларында жашаган балдардын кедейлигинин ыктымалдыгы жогорку билими бар эмгекке жарамдуу курактагы жок дегенде бир аял бар үй-бүлөлөрдө жашаган балдарга караганда үч эсе жогору болот), жашаган жери (шаар/айыл), балдарынын саны ж.б. таасир тийгизет[23].

1.6. Региондордогу кедейликке таасир тийгизген факторлор

Айылдык жана шаардык кедейлик деңгээлиндеги айырмачылыктар кедейлердин жалпы санынын ичинен дээрлик 70%ы айыл жеринде жашагандыгы, шаардык калктын акчалай кирешелери айыл тургундарынын кирешелеринен ашып түшкөндүгү, ал эми эмгек акыдан түшкөн киреше шаарда 1,9 эсе жогору экендиги менен түшүндүрүлөт[24]. Бирок айылдык тургундар жеке көмөкчү чарбаларынан көбүрөөк киреше алгандыгына карабастан, алардын өндүрүмдүүлүгү аз жана товардык жагы төмөн. Айылдык тургундар кыйла даражада айыл чарба ишмердигине көз каранды, алардын рентабелдүүлүгүнүн жогорулугу жана кирешесинин молдугу менен айырмаланбайт. Мунун айынан иш менен камсыз кылуу жагындагы жогорку көрсөткүчтөргө карабастан айылдык жумушчу орундарынын сапаты айыл тургундарына борбордун тургундарынын кирешелерине шайкеш келгидей киреше алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Айылдыктардын өздөрүн өзү иш менен камсыз кылышы жогору болушу аларда акы аз төлөнө турган жана негизинен айыл чарбасында бейформал сектордогу иштен улам кедейлик деңгээлинин кыйла жогору болушу менен тыгыз ассоциацияланат[25].

Дүйнөлүк банктын көрсөтүлгөн изилдөөлөрү айгинелеп тургандай региондордун ичинде географиялык факторлор айыл жана шаар жерлеринин ортосундагы бакубаттык деңгээлиндеги айырмачылыктардын өлчөмүнө дээрлик таасир тийгизбейт. Айыл жана шаар жерлеринин ортосундагы кыйла айырмачылык Чүй, Баткен жана Нарын облустарында гана катталган. Шаар жеринде кыйла утуш абалдагы мүнөздөмөлөргө экономикалык калктын топтолгондугу байкалат, ал эми айыл жеринен шаарга миграция тигил же бул мүнөздөгүлөрдүн болушу менен байланышкан кирешелердин деңгээлинин теңешүүсүнө алып келиши мүмкүн[26].

Шаарда, эң оболу борборубуз – Бишкек шаарында финансылык ресурстардын кыйла топтолгондугуна, инфраструктуранын өнүккөндүгүнө, билим деңгээли кыйла жогору жумушчу күчүнүн көп топтолгондугуна (кесиптик жогорку билими бар калктын үлүшү шаар жеринде дээрлик 2,5 эсе көп) байланыштуу экономиканын ар кайсы секторлорунда ишкердикти түзүү жана өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр көп. Борбордо калктын аз камсыз болгон топтору калктын камсыз болгон катмарына караганда географиялык факторлордон кыйла сезилерлик артыкчылык алышат[27].

2. Максаттарга жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар

2.1. Кедейлик

Өнөкөт кедейлик жана жалпы эле өнүгүүдөгү кемчиликтер, экономикалык кырдаал жана ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү өзгөчө айыл жеринде азык-түлүк коопсуздугу жагындагы туруктуу кырдаалды камсыз кыла алгыдай үзүрлүү жана туруктуу каражаттарды орнотууга тоскоолдук болуп саналат. Саясий туруксуздук жана Өкмөттүн тез алмашуусу программаларды аткарууга кедерги болуп жатат.

Социалдык туруксуздук, толук өлчөмүндө жоюла элек улуттар ортосундагы оорчулук, атап айтканда, өлкөнүн түштүгүндөгү

23 "Кыргыз Республикасында балдардын кедейлиги жана теңсиздиги боюнча улуттук изилдөөлөр" - Б. 2009-ж. ЮНИСЕФ.

24 2006-2010-жылдардагы Кыргыз Республикасынын калкынын турмуш деңгээли. Бишкек. 2011-ж.

25 Азиз Атаманов. Кыргыз Республикасынын калкынын бакубаттык деңгээлиндеги региондук айырмачылыктар. Дүйнөлүк Банк. Бишкек. 2013-ж.

26 Ошол эле жерде.

27 Азиз Атаманов. Кыргыз Республикасынын калкынын бакубаттык деңгээлиндеги региондук айырмачылыктар. Дүйнөлүк Банк. Бишкек. 2013-ж.

оорчулук жамааттарда, региондордо жана өлкөдө экономикалык прогресске жетишүүнү кыйындатууда. Этностук жаңжалдар же анын коркунучу үй чарбаларынын ортосунда каражаттардын туруктуу булагын табууга тоскоолдук кылууда.

Донордук каражаттар жана өлкөгө (өнүктүрүү боюнча башка агенттиктерден, донор өлкөлөрдөн же коммерциялык таламдардын натыйжасында) келген тышкы инвестициялар МӨМгө жетишүү үчүн жетиштүү эмес. Айыл калкынын алыс жана чаржайыттыгы да мамлекеттик саясатты ар тараптан жана бир түрдүү жүзөгө ашырууга жана жардам көрсөтүүгө кыйынчылык түзүүдө.

Кедейликти кыскартуу жолундагы негизги тоскоолдуктардын бири болуп мурдагыдай эле экономикалык өсүштүн туруксуздугу калууда[28]. Өзгөчө бул соңку эки жылда, экономикалык өсүш динамикасы өтө волатилдүү болуп жана ага негизинен экономиканын структураларынын чабалдыгы, тышкы суроо-талапка көз карандылыгына, ошондой эле мурдагыдай эле инвестициялардын үлүшүнүн төмөндүгүнө, тышкы инвесторлор үчүн жагымсыз чөйрөнүн күчөшүнө байланыштуу ички саясий жана социалдык-экономикалык факторлор таасир тийгизүүдө.

2012-жылдагы экономикалык кырдаал структуралык чабалдык жана чийки заттарды өндүрүү динамикасы сыяктуу ички факторлорго көз карандылыкка байланышкан экономикалык өсүштүн туруксуздугун таасын айгинелеп турат. Көпчүлүк эксперттердин пикири боюнча Кыргызстанга ички өндүрүштү диверсификациялоо, экспортко багытталгандык, экономиканын атаандашууга жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү боюнча чаралардын комплексин кабыл алышы зарыл.

Кедейликти кыскартуудагы бөгөттөрдүн бири болуп эмгек рыногундагы кырдаал саналат, бул үчүн аялдардын жумушсуздугунун кыйла жогорку деңгээли, балдардын аргасыз эмгеги, чакан жана орто ишкердик жагында иш менен камсыз кылуунун анча өспөгөндүгү, эмгек акы төлөө деңгээлиндеги гендердик теңсиздиктердин сакталып калышы, түзүлүп жаткан жумуш орундарынын санынын жетишсиздиги мүнөздүү.

Жумушсуздар үчүн ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү, ал эми кесиптик техникалык билим берүү системасы квалификациялуу кадрларды даярдоо боюнча ишти аткара албай жатат.

Дүйнөлүк банктын баасы боюнча өтө кедей категориядагы топтор кедей жана кедей эмес топторго салыштырганда жалдоо боюнча иштен алынган кирешеден аз даражада, пенсия жана социалдык жөлөк пулдан түшкөн кирешеге кыйла даражада көз каранды, бул кедейликти кыскартуу үчүн социалдык жардам системасынын маанисин күчөтөт[29].

Калктын аялуу топтору

Кыргызстанда калктын аялуу катмарларынын – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын (ДМЧА) социалдык жактан корголушунун төмөндүгү курч маселелердин бири бойдон калууда. Ар кандай дене боюнун жагдайларынан улам дени сак адамдарга мүнөздүү болгон кээ бир функцияларды аткарууга жөндөмсүз адамдар медициналык көйгөйлөрдөн тышкары ишке орношуу жана иш менен камсыз кылуу жагында да кыйынчылыктарга туш болушат. Көп учурда ар кандай шылтоолор менен аларды жумушка орноштурушпайт. Майыптардын ишке жөндөмсүздүгүнөн улам иштердин көп түрлөрү алар үчүн жеткиликтүү эмес. Мына ушунун бардыгы коомдо кошумча оорчулуктарды жаратып, ал адамдарды "керексиздердин" катарына кошуп салат. Майыптардын кыйла бөлүгү (90%га чейинкиси) айыл жерлеринде жашашат, ал жерде аларды жумушка орноштуруу өтө эле кыйын.

Майыптар арасындагы өзгөчө категорияга аялдар кирет (алар өлкөдөгү майыптардын жалпы санынын 50%га жакынын түзөт). Ушул категория башкалардан көбүрөөк маргиналдашкан, анткени алардын абалы: аял катары, майып катары, социалдык жактан аярлуу абалдагы адам катары үч даража менен кыйындайт. Майып аялдар жана кыздар мурдагыдай эле кодулоого, зомбулукка, өтө жакырдыкка, медициналык начар тейлөөгө туш болот. Айыл жеринде алар андан да оор абалда турушат, анткени окуганга, маалыматка, жумуш орундарына ээ болуусу өтө чектелген. Ошондой эле ДМЧАлар үчүн инфраструктура объекттерине, имараттарга жеткиликтүү эместиги; сапаттуу реабилитациялык кызмат көрсөтүү үчүн жатак-үйлөрдөгү шарттардын жоктугу, берилген социалдык жөлөкпулдун өлчөмүнүн аздыгы, майыптуулукту белгилөө жол-жобосунун татаалдыгы ж.б. зор көйгөй бойдон калууда.

Айыл жериндеги тургундардын аялуу абалы Кыргыз Республикасында түзүлгөн жердин жакырданышынын, жайыттардын такырданышынын, суу ресурстарынын жок болуп кетишинин деңгээли менен шартталган. Бул жаратылыш ресурстарынын жагымсыз абалы жөнүндө далилдейт, бул аларды натыйжалуу эмес жана сарамжалсыз пайдалануунун белгиси болуп саналат.

28 Кыргыз Республикасында Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүүдөгү прогресс жөнүндө экинчи отчёт. - Бишкек, 2009-ж.

29 Кыргыз Республикасы: кедейликтин жана теңсиздиктин профили жана динамикасы. - 2009-ж., Бишкек, 2011-ж., кедейликти кыскартуу жана экономика ны башкаруу бөлүмү. Европа жана Борбордук Азия региону. Дүйнөлүк банк.

Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү айыл жеринде, анын ичинде өлкөнүн бийик тоолуу жана алыскы аймактарында кедейликтин өсүшүнө түздөн-түз коркунуч болушу мүмкүн.

2.2. Азык-түлүк коопсуздугу

Азык-түлүк коопсуздугунун жоктугу өнөкөт табиятка, өзгөчө айыл жеринде ээ болот жана үч негизги маселе чечилмейинче узак мөөнөттүү келечекте анын жакшырышын күтүүгө болбойт.

Ресурстарга жеткиликтүүлүк

Кыргыз Республикасында анча чоң эмес жер участкаларына ээ болгон фермерлердин кыйла көп саны бар. Азык-түлүк коопсуздугунун статусу төмөн болгон үй чарбаларынын арасында азык-түлүктүн болушу жана аны керектөөнүн саны жердин өлчөмүнө жана ошол үй чарбалары өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн пайдаланып жаткан айыл чарбасына жумшалган каражатка тикелей байланыштуу. Анча чоң эмес жер участкалары бар фермерлер көпчүлүктү түзөт, мындай кыйынчылык дале сакталып турат. Көп фермерлер өтө кымбат болгондуктан үрөнгө, жер семирткичтерге жана айыл чарба шаймандарына жеткиликтүү болбой жатат[30]. Дыйканчылыктын калыптанып калган структурасы айыл чарба өндүрүшүнүн чыгымдарын азайтууга мүмкүнчүлүк бербейт.

Азык-түлүккө жеткиликтүүлүк

Үй чарбаларынын тамак-аш азыктарына чыгымдарынын үлүшү жөнгө салынбаган жана аз акы төлөнгөн эмгектик иш, жерге ээ болуунун чектелгендиги жана таза диетикалык практикалар жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги менен бирге өзгөчөлүү структуралык көйгөй болуп саналат, алар үй чарбаларынын арасында азык-түлүк коопсуздугунун жок болушуна жана өлкөдөгү терс таасирлерге алдырып коюшуна түздөн-түз көмөк көрсөтөт.

6-кыстырма. Дурус тажрыйбанын мисалдары. “Иш үчүн тамак-аш” программасы

Бул программа аярлуу үй чарбаларына убактылуу иш менен камсыз кылууну сунуш кылат, ал инфраструктураны калыбына келтирүүнү жана реабилитациялоону, ошондой эле бөөдө кырсыктарды болтурбоону, курчап турган чөйрөнү коргоону жана тынчтык орнотууну аткарылган иштер үчүн компенсация катары байытылган азыктардан турган рациондорго алмашууну камтыйт. Байытылган азыктардан турган рациондорду алгандан тышкары катышуучулар жана алардын үй-бүлөлөрү жакшыртылган жана кыйла туруктуу инфраструктурадан пайда алышат, ал азык-түлүк коопсуздугу жагындагы кырдаалды туруктуу жакшыртууну камсыз кылат жана катышуучуларга башка булактардан алган акчаларын сактап калууга мүмкүнчүлүк берет.

Жалпы чыгымдардан азык-түлүккө чыгымдардын үлүшүнүн тенденциясы сатып алынып жаткан азык-түлүккө өтө көз карандылыкты, тийиштүү түрдө, дүйнөлүк финансылык кризисти кошуп алганда рыноктук өзгөрүүлөргө көз карандылыкты көрсөтөт. 2012-жылы азык-түлүк коопсуздугунун статусу төмөн үй чарбалары тамак-аш сатып алууга бюджеттин 61%ын сарптаган жана азык-түлүккө баалардын жогорулугу ошол үй чарбалары тарабынан алар туш болгон башкы көйгөй (79%) экендигин белгилешкен. Келечекте бул көйгөйлөр сакталып турат.

Азык-түлүк коопсуздугунун маселелерин чечүүнүн натыйжалуу эмес институттук механизмдери

Азыркы учурда азык-түлүк коопсуздугу жагындагы кырдаалга натыйжа мониторинг жөнгө салынган эмес. “КР азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө” Мыйзамдын жана “Нан бышыруучу унду байытуу жөнүндө” Мыйзамдын жоболору бюджетти даярдоодо жетиштүү эске алынбайт, бул унду фортификациялоону жана мамлекеттик материалдык резервден сатып алууларды финансылоо маселелерине алып келет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку консультациялык органы болуп саналган азык-түлүк коопсуздугу боюнча Кеңеш бул багытта туруктуу иш алып барбайт.

Тамак-аш азыктарынын коопсуздугуна жана алардын техникалык талаптарга ылайык келишин контролдоо да төмөн бойдон калууда, бул өлкөнүн калкынын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирет. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштарын кеңейтүү айыл чарбасынын ар кандай импорттук продукцияларын жана аны кайра иштетүү азыктарын ташып келүүнү көбөйтүүнү шарттады. Муну менен бирге гендик-модификацияланган жана контрофакттык товарлардын үлүшү өсүп жатат, алардын бир бөлүгү адамдардын ден соолугуна түздөн-түз зыян келтирип же тийиштүү маркировкадагы сапат-

30 Азык-түлүк коопсуздугуна ООНдун ДАП жүргүзгөн баа берүүнүн респонденттеринин отуз пайыз айыл чарба материалдарынын наркынын өтө жогору болушун алар үчүн эң башкы кыйынчылыктар деп атаган. Сентябрь, 2012-ж.

тарга ээ эмес. Кыргыз Республикасында ушул кезге чейин улуттук жана эл аралык стандарттар боюнча аккредитацияланган ветеринардык-санитардык, тамак-аш жана диагностикалык лабораториялар жок. Ошондуктан, өлкөдө тамак-аш азыктарын ГМОго, радиациялык фонго, антибиотиктердин калдыктарына ж.б. изилдөө жүргүзүлбөйт.

Дүйнөдө мындан ары да азык-түлүк маселеси курчуй турган болсо өлкөнүн ичинде азык-түлүк менен өзүн-өзү толук камсыз кылбоо жана аны импорттоо үчүн мүмкүн болуучу тоскоолдуктар Кыргызстандын азык-түлүк рыногунда реалдуу коркунуч түзүшү мүмкүн. Бул, эреже катары, керектөө бааларынын контролсуз өсүшү жана кедей калктын азык-түлүк коопсуздугунун базалык азыктарына (нанга, унга, сүткө, этке, шекерге, жашылча жана мөмө-жемиштерге) жеткиликтүүлүгүн начарлатуу менен коштолот.

Азык-түлүк жана тамак-аш коопсуздугун жөнгө салуунун азыркы институттук механизми талаптагыдай көңүл бурууга ээ болбой жатат. Мектепте тамактандыруунун мамлекеттик программасы аялуу үй-бүлөлөргө дурус таасир тийгизди (7-кыстырманы караңыз), анткени мектептерде сабак убактысында балдарды тамак-аш менен камсыз кылды. Бирок башка жагынан ал жакшыртууну жана жеткире иштеп чыгууну талап кылат, анткени так максаттарга, стратегияга жана башкаруу принциптерине ээ.

7-кыстырма. Мектепке тамактандыруунун дурус тажрыйбасынын мисалдары

2006-жылдан баштап Өкмөт бюджеттен орточо 10 млн. долларлык башталгыч мектептерде бир балага күнүнө 7-10 сом өлчөмүндө тамактандыруу боюнча программаны колдоп жатат. Программа балдарга сүт же чай, таттуу нан жана конфеттерди же башка таттуу даамдарды берет. Программа өркүндөтүүнү талап кыла тургандыгына карабастан азыктык баалуулук жакшыртылууга тийиш, бул өз балдарын топуктуу жана ар түрдүү тамак менен камсыз кыла албаган аялуу үй чарбаларына дурус таасир тийгизет. Мындай үй-бүлөлөрдүн кээ бирилери өз балдарын зарыл сандагы тамак-аш менен камсыз болсун үчүн мектепке жиберишет, анткени алар үйдөн аны ала алышпайт. Мектепке тамактандыруу программасын саясый деңгээлде оптималдаштыруу боюнча иш жүргүзүү жана пилоттук мектептерде мамлекет бөлгөн бюджетти жакшыраак пайдалануу аркылуу кыйла топуктуу тамак берүү зарыл.

3. Негизги таалимдерди алуу

Кыргыз Республикасы кедейликти кыскартууда кыйла ийгиликтерге ээ болду жана 2008-жылга карата белгиленген максаттарга жетишти. Бирок андан кийин кедейликти кыскартууда андан аркы прогресс өтө эле жай баракат болуп калды. Кайсы бир даражада өтө кедейлик боюнча максаттуу индикаторлорго жетишүү кедейликтин башка аспекттеринен көңүлдү алагды кылды. Жалпы кедейликти кыскартуу, алардын көп кырдуулугунун, тое тамак жебөө көйгөйлөрүнүн маселелерине адекваттуу өлчөмдө көңүл бурулган эмес. Ошондуктан бул каралып жаткан процесстерди талдоодон келип чыккан алгачкы таалим.

Соңку беш жылдыкта өлкөдө туруктуу экономикалык өсүштүн негиздерин түптөөгө жөндөмсүздүк жетишилген дурус тенденцияларды бүлдүрө тургандыгы айдан-ачык болуп калды. Ал аз келгенсип, экономикалык чөйрө кедейлерге кайра багытталган эмес, бул экинчи таалим болуп калды. Кедейлер көп топтолгон тармактар (алардын арасында – айыл чарбасы, социалдык чөйрө, соода тармактары) талаптагыдай өнүкпөй калды. Айыл чарбасын финансылоо эски схема боюнча, негизинен ресурстары өтө эле кем болгон бюджет аркылуу жүргүзүлүп жатты. Банк сектору кредит берүүнүн натыйжалуу схемасын түзө алган жок, ал эми микрофинансылоо ресурстары өтө кымбат болду. Социалдык сектор, биринчи кезекте саламаттыкты сактоо, андан кийин билим берүү рынок экономикасынын көз карашынан алганда өтө эле аз реформаланган жана эмгек акыны өстүрүүнүн рыноктук өбөлгөлөрү түзүлгөн жок, ал эми бюджет бюджеттегилердин кирешесин экономиканын башка чөйрөсүндөгүлөрдүн кирешелери менен теңештирүүнү камсыз кыла албады. Узак мөөнөт бою динамикалуу өскөндүгүнө карабастан соода кантсе да тышкы оорчулуктарга туш болду жана анын андан ары өнүгүшүнүн келечектери белгиленген жок. Кыргызстандын экономикасы анын структураларынын натыйжасыздыгынан улам акылга сыярлык экономикалык структуралык саясатка муктаж.

Экономикага климаттын өзгөрүшүнүн таасирин эске алган саясаттын механизмдери али иштелип чыкпагандыктан улам оорлогон көйгөйлөрү кийинки таалим болуп калды. Мурдагы отчётто эле бул феномендин күтүлгөн терс таасирлери, биринчи

кезекте айыл чарбасына таасири көрсөтүлгөн. Өкмөт туруктуу өнүктүрүү принциптерин киргизген стратегиялык документтерди иштеп чыгууну баштаса да[31] экономиканы климаттын өзгөрүшүнө жатыктыруунун ачык-айкын механизмдерин түзүү дале болсо күн тартибинде жана ал документтердин иш-чараларынын пландарында турат.

Тое тамак жебегендик тенденциясын толук эсепке албоодон улам келип чыккан таалим алар менен ажыралгыс болуп байланышкан. Азык-түлүк коопсуздугунун маселелерине өтө эле аз көңүл бурулган. Тое тамак жебегендердин чоңдугуна жана санынын динамикасына туура баа бере турган улуттук методология түзүлгөн эмес. Азык-түлүк коопсуздугу жагындагы саясат азырынча фактыларды тастыктоо гана мүнөзүндө турат.

Ушул өңүттөн натыйжалуу социалдык саясаттын жоктугу дагы бир таалим болуп калды. Өтө кедейлик жана жалпы кедейлик маселелерин чечүү үчүн ар кандай жолдор пайдаланылууга тийиш. Эгерде жалпы кедейликтин маселелерин чечүү туруктуу экономикалык өсүштө турса, анда ал үчүн социалдык жактан коргоо жолдору зарыл. Социалдык камсыз кылууга багытталган бюджеттин ресурстары али жарытылуу эмес, ал эми анын даректүүлүгүнүн принциптери өркүндөтүүнү талап кылат, анткени чындап муктаж болгондор, өзгөчө балдар жана майыптар тийиштүү колдоого ээ болбой жатышат.

Бардык таалимдер максаттарга жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер сакталып гана калбастан, ошондой эле күч алып бараткандыгы жөнүндө айтып турат.

4. Максаттарга жетишүү үчүн саясатты өркүндөтүү боюнча рекомендациялар

Кедейлик тенденциясынын жана тое тамак жебөө маселесинин кырдаалдарын талдоо бул багыт боюнча тилекке каршы 2015-жылга чейин чечүү мүмкүн болбогон көйгөйлөр кыйла топтолгондугун көрсөттү.

Ошондой болсо да 2015-жылга чейинки орто мөөнөттүү мезгил ичиндеги бир катар иш-чаралар бул максаттар боюнча кырдаалды жакшыртууга мүмкүндүк берет, бул кийин узак мөөнөттүү дурус тенденцияларды түптөйт.

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

Кедейликти кыскартуу чөйрөсүндө:

Экономикалык өсүшкө көмөк көрсөтүү саясаты

Өкмөткө социалдык жактан коргоону жакшыртуу, иш менен камсыз кылууга, финансыларга, маалыматтарга ж.б. жеткиликтүүлүктү жакшыртуу аркылуу кирешелерди көбөйтүүдө калктын аялуу топторунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү боюнча чаралардын комплекси аркылуу жалпы кедейликти кыскартуу маселелеринин артыкчылыктарын күчөтүү сунуш кылынат. 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында белгиленген макроэкономикалык параметрлер жана кедейликти кыскартуу боюнча пландаштырылган максаттуу багыттарды бекем тутуу зарыл, ага ылайык жалпы кедейлик деңгээлин 2017-жылга карата 37%дан 25%га чейин төмөндөтүү күтүлүп жатат.

Кедейликке экономикалык өсүштүн жана адамдык капиталдын өсүшүнүн тийгизген таасирин көңүлгө алуу зарыл. Эксперттердин эсептери көрсөтүп тургандай кедейлик деңгээли иш жүзүндө ИДПнын өзгөрүшүн, анын ичинде өсүшүн чагылдырып турат. Андан да экономиканын өсүшү жана билим берүүгө чыгымдар канчалык жогору болсо, кедейлик деңгээли ошончолук төмөн болот[32]. Ушуга байланыштуу ар жылдык экономикалык өсүштүн орточо темпин жылына кеминде 7% камсыз кылуу боюнча белгиленген милдеттерге жетишүү кедейлик деңгээлин төмөндөтүүгө көмөк көрсөтө алат.

Өкмөт кедейликти кыскартуу маселелеринде баалардын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча милдеттер өтө маанилүү болуп санала тургандыгын көңүлгө алсын, анткени кедейликтин чегине жакын турган калктын жыштыгынын жогорулугу баалардын жана УСКнын эсептери боюнча өсүшкө сезимталдыкты

31 2013-2017-жылдардын мезгилине туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 30.04.13-жылы жакты рылган 2013-2017-жылдардын мезгилинде туруктуу өнүктүрүү өтүү боюнча Программаны караңыз.

32 Р. Могилевский. Азияда МӨМгө жетишүүгө багытталган өнүгүү стратегиясына баа берүү. Кыргыз Республикасында МӨМгө жетишүү стратагиясын макроэкономикалык талдоо. Бишкек. 2011-ж.

шарттайт, инфляция жогорулаган учурда кедейлик деңгээлинин көбөйүшүнүн ыктымалдыгы күчөйт, ал бакубаттыктын жогорулашын коштобойт.

Мамлекеттик жөнгө салуу саясатынын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана бизнес субъекттерине дем берүү системасын иштеп чыксын жана киргизсин, алар экономиканы өнүктүрүүгө, инвестицияларды тартууга жана жумушчу орундарды түзүүгө багытталган.

Экономикалык өсүштүн негизги булактарынын бири болуп өнүктүрүлүшү кедейлик динамикасына олуттуу таасир тийгизе турган чакан жана орто бизнес санала тургандыгын көңүлгө алуу менен бизнес чөйрөсүн жакшыртууга көмөк көрсөтө турган экономикалык саясат маанилүү багыт болуп калат. Чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча Стратегияны/Программаны иштеп чыгуу зарыл, ага ишин жаңы баштаган ишкерлерди, ошондой эле финансылык ресурстарга, маалыматтарга, окууга жетүүдө аялдар менен жаштарды колдоо боюнча атайын чараларды кошуу максатка ылайыктуу болот.

Сабатсыз чоң калкты, өзгөчө айылдык аялдар жана мектептерге барбаган жаштарды окутуу программаларын ишке киргизүү зарыл. Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү зарыл.

Социалдык камсыз кылуу саясатын өркүндөтүү

Социалдык жардамдын даректүүлүгүн жакшыртуу, балдарлуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпулду ар жылдык жогорулатуу, социалдык паспорттоштуруу механизмдерин өркүндөтүү боюнча ишти улантуу зарыл.

Донорлордун катышуусу менен ДМЧАларды колдоо боюнча чараларды, анын ичинде майыптардын укуктары боюнча ООНдун Конвенциясын ратификациялоого даярдоо чараларын жүзөгө ашыруу, минималдуу социалдык стандарттарды киргизүү аркылуу ДМЧАларга берилген кызматтардын спектрин кеңейтүү жана сапатын жогорулатуу; социалдык жөлөкпулдун деңгээлин жогорулатуу; социалдык жардамдын альтернаттык түрлөрүнүн спектрин кеңейтүү улантылсын.

ДМЧАларды социалдаштыруу жана коомго интеграциялоо боюнча ишти, анын ичинде ден соолук инфраструктураларына; билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө (окутуунун дистанциялык программаларына, бардык деңгээлдерде окутуунун инклюзивдик формаларына, кесиптик окутууга жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү) жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу; иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү жана дем берүү (социалдык өнөктөштүк жана социалдык заказдардын механизмдерин пайдалануу); ДМЧАларды коомго социалдык-маданий интеграциялоо (улуттук телеканалдарда сурдо которууларды киргизүү, маалыматтык кампанияларды өткөрүү, ДМЧА суроолору боюнча роликтерди даярдоо жана жайгаштыруу; ДМЧАлардын укуктарын жана таламдарын коргоо жана консультацияларды берүү боюнча локалдык борборлорду жана программаларды кеңейтүү) боюнча иш улантылсын.

Калктын кедейлигин жана өтө кедейлигин кыскартуу боюнча жергиликтүү бийлик органдарынын жана өнөктөрдүн жоопкерчилик механизмдери киргизилсин.

Калктын тое тамак жебегендигин кыскартуу жана азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу жагында

Мамлекеттик материалдык резервдерде каатчылык кырдаалында аз камсыз болгон үй чарбаларын колдоо жана өлкөдө тамак-аш азыктарына баа кескин өскөн учурда азык-түлүк менен камсыз кылуу боюнча интервенцияларды жүргүзүү үчүн азык-түлүктүн ченемдик запастары түзүлсүн.

Мектепте тамактандыруунун колдо бар программасын колдоону улантууга жана кеңейтүүгө жана башталгыч мектептер арасында тамак берүү мамлекеттик программасынын сапатын, натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу максатында аны андан ары оптималдаштырууга көңүл буруу зарыл.

Тамактын сапаты үчүн контролдук-көзөмөлдүк функцияларды күчөтүү менен мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо улантылсын.

Азык-түлүк коопсуздугун жана тамак-ашты жөнгө салуу боюнча колдо бар институттук механизмдерди, азыркы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылып, ал эми азык-түлүк коопсуздук маселелери негизги министрликтер менен ведомстволордун ишмердигине кошулууга тийиш. Ушунун алкагында тое тамак жебеген калктын санына баа берүүнүн улуттук методологиясын иштеп чыгуу зарыл, ал саясат чараларын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп калат.

Азык-түлүк коопсуздугу жагында мамлекеттин талдоо потенциалын чыңдоодо, атап айтканда, кырдаалды талап жана убагында жооп кылууну андан ары колдоо зарыл.

Айыл калкынын жашаган жерлеринин алыстыгын жана чаржайыттыгын эске алуу менен жергиликтүү өнөктөр менен тыгыз кызматташтыкты улантуу зарыл, алар кийлигишүүлөрдү пландаштыруунун баштапкы этабына барандуу салым кошуп жана кырдаалга мониторинг жүргүзүү үчүн, ошондой эле жооп кылуу чараларын кабыл алуу үчүн алыскы жамааттардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кыла алат. Алсак, азык-түлүк

коопсуздугун камсыз кылуу жагындагы кырдаал айылдын транспорттук инфраструктурасын өнүктүрүү, маалыматтарды чогултуу системасын жана улуттук жана жергиликтүү бийликтер үчүн маалыматтарды чогултуу жана сактоо үчүн мобилдик жабдууларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртуу сыяктуу башка күч-аракеттер менен удаалаш чечилүүгө тийиш.

Ошондой эле калктын тамак-аш азыктары менен өзүн-өзү камсыз кылуу деңгээлин жогорулатуу жана азык-түлүктөрдү импорттоого көз карандылыкты азайтуу үчүн агроөнөржай секторун өнүктүрүүнү башкаруу системасын реформалоо зарыл.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында ***2017-жылга*** карата кедейликти 25%дык деңгээлге чейин кыскартуу болжолдонууда. ***Ошондуктан бул индикаторду 2015-жылдан кийинки мезгилде прогресске көз салуу үчүн калтыруу максатка ылайыктуу***.

ТӨУС жүзөгө ашыруу боюнча Өкмөттүн Программасынан жарандардын ар бир категорияларынын турмушунун сапатын өзгөртүү натыйжаларын өлчөө үчүн атайын индикаторлордун топтому сунуш кылынышы мүмкүн, мисалы:

- тое тамак жебеген калктын салыштырма салмагы[33], %
- мектепке чейинки билим берүүгө камтуу, %,
- 7-14 жаштагы курактагы окуучулардын жалпы көлөмүнөн мектепке барбаган өспүрүмдөрдүн салыштырма салмагы, %
- ичилүүчү таза сууга жеткиликтүү калктын пайызы, %
- жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээли, %
- мүмкүнчүлүктөрү чектелген жана улгайган (жалгыз бой) кароосуз калган адамдарды социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камтуу, %.

Экологиялык-экономикалык индикаторлор боюнча сунуштар:

- органикалык технологияларды кеңейтүү аркылуу айыл чарбасы;
- төмөнкү көмүртектүү тармак катары энергетиканы салттуу эмес булактардын эсебинен энергия өндүрүшүн кеңейтүү;
- ресурстарды үнөмдөөчү технологиялар аркылуу кайра иштетүү тармагы;
- энергоэффективдүү курулуш;
- курчап турган чөйрөгө жана калктын ден соолугуна таасир тийгизүүнү минималдаштыруу шартында кен казып алуу тармагын өнүктүрүү;
- курчап турган чөйрөнү булгоону минималдаштыруу менен туризмди өнүктүрүү.

Кыязы Кыргыз Республикасы үчүн мамлекеттик башкаруунун сапатын чагылдырган өлкөлүк индикаторлорду сунуш кылуу максатка ылайыктуу болот, анткени Улуттук стратегиясында жана Өкмөттүн Программасында бул артыкчылыктар тепчиме болуп саналат. Мамлекеттик башкаруу системасынын негизги компоненттерин чагылдырган узак мөөнөттүү төмөнкүдөй индикаторлорду түзүүнү сунуш кылууга болот:

(i) башкаруунун мамлекеттик институттарынын натыйжалуулугунун деңгээли;

(ii) мыйзамдар;

(iii) кадрдык потенциал;

(iv) маалыматтардын жеткиликтүүлүгү жана ачыктыгы.

Жогоруда аталган чаралар 2015-жылдан кийин да актуалдуулугун жоготпойт, бирок ошол саясаттардын акценттери өзгөрүшү мүмкүн. Экономикалык саясаттын башкы багыты айыл чарбасын климаттын өзгөрүшүнө жатыктыруу боюнча узак мөөнөттүү программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу болуп калат. Бул программа айыл чарбасында өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн жана мал багуунун жаңы технологияларын киргизүүгө багытталууга жана климаттын өзгөрүшүн эске алган жаңы механизмдерди (мисалы, тобокелдиктерди камсыздандыруу) түзүүгө багытталган чаралар менен коштолууга тийиш. Жаңы технологиялар ж.б. жагында фермерлерге дем берүү, маалымдар кылуу программалары катары мамлекеттик колдоонун так жана таасын механизмдери түзүлүүгө тийиш.

33 Узак мезгил бою керектөө минималдуу физиологиялык ченемден төмөн.

2-БӨЛҮК.
ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ ЖАНА ОРТО БИЛИМ АЛУУНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ

2-бөлүк. Жалпы негизги жана орто билим алууну камсыз кылуу

МИЛДЕТ

бардык балдар жана кыздар үчүн негизги жалпы орто мектептик билим алуу мүмкүнчүлүгүн сактап калуу

16-сүрөт. МӨМ-2 максаттуу индикаторлорунун жетишкендиктери



Булак: КР УСК

1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

Соңку он жылдын ичинде Кыргыз Республикасында билим берүү системасы олуттуу өзгөрүүлөрдү баштан кечирди. Билим берүүнү күтүү жана финансылоо жагындагы кээ бир дурус кайра түзүүлөр менен катар[34] анын сапатынын көрсөткүчтөрү олуттуу начарлады.

Азыркы учурда билим берүү чөйрөсүн, анын ичинде анын мазмундук жана финансылык жагын жөнгө салган негизги колдонуудагы документтер болуп: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, билим берүү жөнүндө Мыйзам, мугалимдин статусу жөнүндө Мыйзам, Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси, 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясы, 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттенүү Планы, 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы саналат.

Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүү, мектепке чейинки, базалык орто билим жана кесиптик билимдин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана сапатын жогорулатуу зарылчылыгы 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясынын негизги артыкчылыктары болуп саналат, анда учурдагы кырдаал талдоого алынып, көйгөйлөр ачык айтылып жана сектордук саясаттын артыкчылыктуу багыттарына байланышкан 2020-жылга карата билим берүү системасынын келечектери алдыга коюлган.

34 Билим берүү мекемелеринин көп түрдүүлүгү жана билим берүү программаларынын варианттары көбөйдү, билим берүүнүн мамлекеттик эмес сектору өнүгүүдө жана финансылоо булактарынын диверсифакциясы жүрүп жатат.

8-кыстырма. МӨМгө жетишүүгө экономикалык кризистин тийгизген таасири

Экономикалык кризис жок эле дегенде орто билим берүүнүн төмөнкүдөй терс таасирлерин сөзсүз камтыйт:

- Камтуу. Кризистин учурунда үй-бүлөлөрдүн кирешелеринин азайышы жана андан улам келип чыккан кедейлик балдардын окуу процессинен чыгып калышына алып келет. Кенже мектеп курагындагы балдар ата-энелеринде аларды кийим-кече жана мектеп шаймандары менен камсыз кылууга мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, ал эми жогорку курактагылар – эмгектене баштагандан улам мектептерге барышпайт. Андан тышкары, балдардын окуу процессинен чыгып калышына кризис учурунда калктын эмгектик миграциясынын өсүшү, ошондой эле билим берүү секторунун коммерцияланышынын таасири тийип жатат.
- Билим алуунун сапаты. Экономикалык кризисти коштогон мамлекеттик чыгымдардын, анын ичинде билим берүүгө кыскарышы билим берүү чөйрөсүнүн сапатынын, мугалимдердин кадрдык курамынын жана окуу процесстерин маалыматтык жактан камсыз кылуунун начарлашына алып келет, бул өз кезегинде билим берүүнүн сапатын начарлатат.

2011-2012-окуу жылында Кыргызстанда 1 млн. 15 миң окуучуну камтыган күндүзгү 2204 жалпы билим берүү уюмдары иштеген, ал эми 2000-2001-окуу жылында 1 млн. 120 миң окуучуну камтыган күндүзгү 2005 жалпы билим берүү уюмдары бар болчу.

1.1. 15-24 жаш курагындагы калктын сабаттуулугунун деңгээли

2000-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилде 15 жаштан 24 жашка чейинки курактагы калктын сабаттуулук деңгээлинин өтө жогорку көрсөткүчү (90% ашык) сакталып калган. Бишкек шаарында сабаттуулуктун деңгээли 99,95%, Нарын облусунда – 99,46%ды түзөт. Ош облусунда 11 жылдын ичинде (17-сүрөттү караңыз) 15 жаштан 24 жашка чейинки курактагы эркек калктын сабаттуулугу 0,34%га азайгандыгы катталган.

Жалпысынан алганда кырдаал туруктуу, бирок бир аз, мезгил-мезгили менен гендердик жана аймактык өңүттөн алганда туруктуу дисбаланс бар.

1.2. Тийиштүү курактагы балдарды негизги билим берүү менен камтуу (1-9-класс)

Жалпысынан талдоого алынган 7 мезгилде 7 жаштан 15 жашка чейинки курактагы балдарды негизги орто билим берүүгө камтуу 97,1%га жетүү

17-сүрөт. 15-24 жаш курагындагы жаштардын сабаттуулугунун деңгээли,%



Булак: КР УСК, МӨМдүн маалыматтар базасы

18-сүрөт. Облустун жана гендердик өңүттөн алганда 15-24 жаш курагындагы жаштардын сабаттуулугунун деңгээли, %



Булак: КР УСК, МӨМдүн маалыматтар базасы

менен 1,6%га өстү[35]. Муну менен бирге айыл жеринде камтуунун бир учурда төмөндөшү менен шаарларда ал 100,5%дык деңгээлге жетүү менен 12,8%га өстү. Кыргыз Республикасында ички миграция негизинен шаарларга багытталган, мунун кесепетинен шаарлардын мектептеринде тийиштүү курактагы балдардын статистикалык санынан көп балдар окуп жатышат. Бул көрүнүш миграциялык процесстер күчөгөн мезгилден тартып 2000-жылдары байкалган, анткени мигранттардын балдары ата-энелери менен бирге көчүп келишет. Тышкы миграция да айыл жеринде балдардын камтылбай калышына формалдуу салымын кошот, бирок алар кабыл алган өлкөлөрдүн – Россия менен Казакстандын мектептеринде окуйт деген ыктымалдык бар. Андан тышкары, элет жерде жашаган жана өз балдарына жогорку билим берүүнү пландаштырган калктын камсыз болгон катмарынын арасында балдарын айылдык мектептерден шаарларга которуу тенденциясы бекем орноп калган. Бардык жогоруда айтылган учурларда балдар ата-энелери туруктуу катталган жердин эсебинде турат, бул формалдуу статистикалык көрсөткүчтөрдү бурмалайт.

Облустук өңүттөн алганда балдарды камтуунун кыскарышы эмгек мигранттары чыккан облустарда, ал эми анын өсүшү мигранттарды кабыл алган Ош, Бишкек шаарларында жана Чүй облусунда байкалган. Мисалга алсак, кыздарды негизги орто билим берүүгө камтуу 2005-жылы максимумга – 98,6%га жеткен, Жалал-Абад облусунда 2011-жылы 94,3%га чейин төмөндөгөн.

Ош облусунда 2010-жылга карата балдарды камтуу 2005-жылга салыштырганда 5%га өскөн, андан кийин 2011-жылы 2000-жылдагы деңгээлге жетпестен төмөн түшүп кеткен. Ош облусунда кыздарды камтуу жагында башка көрүнүш байкалган. 2000-жылдан 2011-жылга чейин камтуу 96,4%дан 89,1%га чейин туруктуу төмөндөгөндүгү байкалган. Мындай болгон учурда соңку мезгилде өлкөнүн түштүк облустарында өсүп кеткен эрте турмушка чыгуу

19-сүрөт. Жашаган жери жана гендердик өңүттөн алганда 7-15 жаш курагындагы балдарды негизги билим берүү менен камтуу, %



Булак: Кыргызстандын балдары. Статистикалык жыйнак. – ЮНИСЕФ, 2012-ж.

20-сүрөт. Облустук жана гендердик өңүттөн алганда 7-15 жаш курагындагы балдарды негизги орто билим берүүгө камтуу, %



Булак: Кыргызстандын балдары. Статистикалык жыйнак. – ЮНИСЕФ, 2012-ж.

практикасы кыздары үчүн ата-энелерге, өзгөчө 2010-жылдагы улуттар аралык жаңжалдан жапа чеккен айыл жеринде кошумча кабатырлануунуу пайда кылды жана шашылыш түрдө билим алууну токтотууга же убактылуу токтотуп турууга алып келди.

2011-жылы Талас жана Нарын облустарында да 2000-жылга караганда кыздарды билим алууга камтуу кыйла түшүп кеткен. Камтуунун азайып кетишинин себептери бардык жерде болжол менен бирдей[36], бирок ал облустарда алыс жайгашкан мектептерге балдарды ташуу үчүн атайын транспорттун жоктугу кошумча себеп болуп саналат.

35 Отчётто КР УСК маалыматтары пайдаланылган, бирок ар башка булактардан алынган камтуу жөнүндө маалыматтардын ортосунда олуттуу айырмачылыктар бар экендигин эске сала кетүү керек. Атап айтканда Улуттук статкомдун маалыматтары боюнча 2009-жылы башталгыч жана негизги мектептерге кирбеген балдардын саны 29 миң баланы түзгөн, ошол эле учурда ЮНЕСКОнун статистика институтунун маалыматтары боюнча – 66,4 миң болгон. Кыргыз стан боюнча "Мектептерге барбаган балдар" изилдөөсү, ЮНИСЕФ, 2012-ж.

36 Үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалы: кедейлик, эмгектик миграция, жазгы-күзгү талаа иштери жана балдардын көп ооруп калышы. Окутуунун сапаты жагындагы маселелер: окуу кызыктуу эмес, мугалимдердин квалификациясы төмөн, мектептердин шарттары начар (мектеп жана шаймандар эскирген, жаман жылытылат ж.б.). мектеп чөйрөсү жана анын айланасы: окуучулардын, мугалимдердин өз ара мамилелери начар, мектеп алыс жайгашкан.

1.3. Башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүчү уюмдарда окутууга камтуу

Мектеп окуучуларын окууга камтуу окутуу класстары боюнча айырмаланат. Эң жогорку камтуу кенже мектептерде 1-4-класстарда байкалган. Бул көрсөткүч 2000-жылдан баштап жөн гана өспөстөн, ошондой эле 100%дан ашып кетти, бул мектепте окуй баштаган балдардын ар башка курактары менен байланышкан. Салт боюнча биринчи класска балдар 6 жаштан 8 жашка чейин барышат, бул статистикалык көрсөткүчкө таасир тийгизет. Ошол эле учурда негизги орто мектептерге (5-9-класстар) камтуу төмөндөп жатат. Негизинен бул кедейликке, ата-энелердин жоопкерсиздигине жана акча табуу үчүн балдардын эрте иштей башташына байланыштуу. Балдардын мектепте окутуу системасынан чыгып калышы кыздарга караганда 2 эседен ашык болот. Талаптагыдай билим албагандан кийин алар жумушсуздардын катарын толукташат. Алардын арасында селсаяктар жана укук бузуучулар көп. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматтары боюнча 2010-жылы кылмыш жасаган адамдардын ичинен 7,9%ы жашы жете электер. Кылмыш жасоодо бети ачылган адамдардын ичинен 77,8%ын эч жерде окубагандар жана иштебегендер түзөт[37].

21-сүрөт. Башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүчү уюмдарда окутууга камтуунун коэффициенти, тийиштүү курактагы топторго карата % менен



Булак: Кыргызстандын балдары. Статистикалык жыйнак. – ЮНИСЕФ, 2012-ж.

Салт боюнча негизги орто мектептерди аяктагандан кийин окуусун уланткан балдардын саны кескин төмөндөйт. Бүтүрүүчүлөрдүн бир бөлүгү билимин баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана орто техникалык билим берүү уюмдарында улантышат. Өлкөнүн түштүгүнүн айыл жерлеринин кыздарынын бир бөлүгү эрте турмушка чыккандыктан билим алууну эч улантышпайт. Ошону менен бирге изилденген мезгилде жалпы орто мектептерде – 10-11-класстарда окууга камтылган мектеп окуучуларынын саны 5%га өскөндүгү аныкталган. Бул ата-энелери тарабынан жогорку билим алууга багытталган балдар, муну менен бирге кыздар балдарга караганда ар дайым болжол менен 7%га көп.

9-кыстырма. Билим берүү секторунда топтолгон көйгөйлөр

2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясы

2011-жылдагы маалыматтар боюнча:

- 102,4 миң окуучу орундук 420 мектепти куруу талап кылынат[38];
- 351 мектеп чатырын, электр менен жабдуу системасын, суу менен жабдуу, жылуулук менен жабдуу системаларын, эскилиги жеткен отказан жана жылытуу жабдуулары тез арада баштан-аяк оңдоону талап кылат (22- жана 23-сүрөттөрдө курулган жылдары жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылынгандыгы боюнча мектептердин бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн);
- иштеп жана курулуп жаткан мектептердин окуу эмеректерине болгон жалпы муктаждыктары: мектеп парталарынын 46 миң комплекти, 7 миң китеп текчеси, 6 миң окутуучу столу, 17 миң окутуучу отургучу, 6 миң класстык тактасы.

Мектептердин жана ДООлордун имараттарынын жана аймактарынын коопсуздугуна баа берүүнүн натыйжалары боюнча отчёт[39]

2012-жылдагы маалыматтар боюнча:

- баа берүүлөрдүн натыйжалары боюнча 2012-жылы жүргүзүлгөн 5583 курулуштун ичинен 3028 мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары, бул 89%ды түзөт, сейсмикалык туруктуулук ченемдерине жооп бербейт жана реконструкциялоону жана комплекстүү капиталдык ремонтту же бузуп салып жаңысын курууну талап кылат. (Соңку мезгилдин ичинде көпчүлүк мектептердин имараттары бөөдө кырсыктардан жапа чеккен. “Климаттын өзгөрүшүнүн билим берүүгө тийгизген таасири” деген 9-кыстырманы караңыз).

37 2012-2020-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнүн өнүктүрүү стратегиясы.

38 Демографиялык божомолго негизденүү жана класстардын максималдуу толукталышы - 30 окуучудан ашпашы боюнча талаптарды сактоо зарылчылыгын эске алуу менен.

39 ЮНИСЕФ, 16.04.2013-жылга жарыяланбаган отчет.

Кыргыз Республикасында мектептердин аман калуу стратегиясы жөнүндө отчёт: мектептердин деңгээлинде мугалимдердин жетишсиздигин талдоо[40]

2010-жылдын маалыматтары боюнча:

Расмий маалыматтар боюнча педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги 4,2%ды түзөт[41], бирок, изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги кыйла көп жана ал бардык мектептерге тиешелүү, анткени аларда төмөнкүдөй көрүнүштөр бар:

- педагогикалык билими жок адамдар мугалим болуп иштешет;
- мугалимдер билими жок сабактарды беришет;
- сырттан окуган студенттер жана ЖОЖдордун күндүзгү бөлүмдөрүнүн студенттери мугалим болуп иштешет;
- бир эле мугалим бир нече мектептерде иштешет;
- мугалимдер бир эле мектепте бир нече орунда иштешет;
- мугалимдердин жетишсиздигинен улам чет тилдер боюнча сабактарды өтүү үчүн класстар топторго бөлүнбөйт.

- педагогикалык адистикти бүтүрүүчүлөрдүн бештен бир бөлүгү гана кийин мугалим болуп калышат, ал эми мектепке иштегени келгендердин 20%ы алгачкы жылы эле өз жумуш орундарын таштап кетишет[42];
- 60% мектеп педагогдору – пенсия жана пенсия алдындагы курактагылар[43], ал эми региондордо мугалимдердин 100%ы пенсионерлерден турган мектептер бар[44];
- окуу куралдары менен камсыз болуу талап кылынган сандын 72%ын түзөт, муну менен бирге жаңы окуу китептеринин бир бөлүгү татаалдыгынан жана усулдук материалдардын жоктугунан улам мугалимдер тарабынан керектелбей калат, ал эми окуу китептеринин чыгарылышынын начар сапаты (кагазы начар, мукабасы сапатсыз) алардын бат эскирип жана окуу процессинен чыгып калышына алып келет.
- окуу чөйрөсүн финансылоонун жетишсиздиги аларды ата-энелердин эсебинен финансылык колдоо зарылчылыгына алып келет (2011-жылы ата-энелер мектептердин чыгымдарынын 8%дан ашыгын финансылаган);
- 7-15 жаш курагындагы балдардын мектептерге баруу маселесин толук чечүүгө мүмкүн болбой жатат, ал эми алардын мектептерге барбай жатышынын негизги себептери болуп төмөнкүлөр саналат[45]:
  - үй-бүлөлөрдүн материалдык кыйынчылыктары;
  - балдарды мектептерде окутуу наркынын кымбатташы;
  - чоң калктын белгилүү бөлүгүндө билим алуунун баркынын кетиши;
  - социалдык жетимдиктин өсүшү;
  - өспүрүмдөрдүн бир бөлүгүнүн окугусу келбегендиги;
  - жатак-мектептердин жабылышы;
  - алыскы жерлердеги балдардын мектепке ташып келинбегендиги.

22-сүрөт. Курулган мезгили боюнча мектептердин имараттары, мектептердин жалпы санынан % менен



Булак: Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. Статистикалык жыйнак. Бишкек, 2012-ж.

40 ЮНИСЕФдин отчету, 2009-ж.

41 3,3 миң мугалим.

42 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясы.

43 КР Билим берүү жана илим министри К.Садыковдун билим берүү мекемелеринин 2019-2011-окуу жылына даярдыгы жөнүндө маалыматы. http://www.open.kg/ru/theme/analit/?theme_id=163&id=640

44 Бийик тоолуу мектептерде пенсиялык курак 45 жаштан башталат.

45 Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. Статистикалык жыйнак. 2012-ж.

23-сүрөт. Мектептердин коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз болушу, мектептердин жалпы санынан % менен



Булак: Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. Статистикалык жыйнак. Бишкек, 2012-ж.

10-кыстырма. Климаттын өзгөрүшүнүн билим берүүгө тийгизген таасири

Жалпы негизги орто билим берүүнү камсыз кылууга бөөдө кырсыктын түздөн-түз терс таасири мектептин инфраструктурасынын кыйрашынан жана билим берүү процессинин шарттарынын начарлашынан көрүнөт.

Жыл сайын бөөдө кырсыктардан мамлекеттик имараттар кыйрайт. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматтарына ылайык, 2011-жылдын 8 айынын ичинде гана өлкөнүн аймагында табигый мүнөздөгү 143 бөөдө кырсык болгон, анын кесепетинен 70 билим берүү уюмдары жапа чеккен. Ал эми 2011-жылы июлдагы жер титиреенүн кесепетинен өлкөнүн түштүгүндө 64 мектеп жабыркап, анын ичинен 14 мектеп толугу менен кыйрап калган, ушундан улам окуучулар 2011-жылдын октябрынын акырына чейин чатырларда окуганга аргасыз болушкан. Бөөдө кырсыктын кесепетинен мектептердин кыйрашы айрым мезгилге окууну токтотууга же аны ылайыкташпаган жайларда жүргүзүүгө аргасыз кылат, кандай болгон күндө да билим берүүнүн сапаты начарлайт жана окууга болгон көңүлдү айнытат.

Глобалдык климаттык өзгөрүүлөр кедейликтин өсүшүнөн улам жалпы негизги орто билим берүүнү камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүнө түздөн-түз терс таасир тийгизет.

Алсак, кээ бир адистердин пикири боюнча Кыргызстанда климат жакынкы 50 жылда температуранын Цельсия боюнча 4-6 градуска жогорулагандыгына байланыштуу өзгөрүшү мүмкүн. Температура мындай өзгөргөндө 50 жылдан кийин Кыргызстанда суу ресурстарынын агымы дээрлик эки эсе азаят[46]. Өз кезегинде негизги жаратылыш ресурстарына (жерге жана сууга) жеткиликтүүлүктүн кыскарышы коомдо мурдатан орун алып келген бардык терс тенденцияларды күчөтүп жана жаңыларын: ички жана тышкы эмгектик миграциянын өсүшүн, кылмыштуулуктун өсүшүн, калктын маргиналдашуусун ж.б. жаратышы мүмкүн. Бул процесстер эртелеп эле эмгектенүүгө киришип калган балдардын санынын өсүшүнө алып келет, баалуулук катары билим берүү ата-энелер үчүн да, балдар үчүн да экинчи планга сүрүлүп калат. Балдарды негизги билим берүүгө камтуунун төмөндөшү анын тикелей натыйжасы болуп саналат[47].

Орто билим берүүгө чыгымдар

2000-2011-жылдардын мезгилинде мамлекеттик бюджеттен билим берүүгө чыгымдардын үлүшү 18,6%дан[48] 25,6%га[49] чейин өзгөрүп турган. Дүйнөлүк экономикалык кризис жана 2010-жылдагы Кыргыз Республикасындагы саясий окуялар билим берүү секторун финансылоого реалдуу чыгымдардын төмөндөшүнө алып келген. Алсак, 2007-жылкы бааларда билим берүүгө 2010-жылдагы мамлекеттик чыгымдар мурдагы үч жылдагыдан аз болгон жана 2011-жылы гана 2010-жылга салыштырмалуу 25%га өскөн.

Өлкөдө билим берүүгө бөлүнгөн каражаттардын бардык чыгымынын 50%дан ашыгы орто билим берүүгө кетет. 2011-жылы мугалимдердин эмгек акысын жогорулатуудан улам орто билим берүүгө чыгымдардын эң жогорку көрсөткүчү байкалган, ал 2011-жылга чейин экономика боюнча орточо алгандан 2 эсе төмөн болгон[50], бул 2010-жылдын акырында мугалимдердин иш таштоого чейин жеткен бир катар кызуу чыгууларына алып келген.

46 "Климаттын өзгөрүшүнүн гидроэнергетикалык секторго тийгизген таасири" тегерек столунун материалдары боюнча: Кыргызстандын жатыктыруу стратегиясы", 2012-жылдын 23-марты. greenenergy.kg

47 Кыргыз Республикасы: Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүүдөгү прогресс жөнүндө экинчи отчёт. Экинчи (толукталып жана кайра иштелип чыккан) басылышы. – Б.: 2010-ж.

48 2010-ж.

49 2007-ж.

50 2010-ж. – өлкөнүн экономика боюнча орточо номиналдуу эмгек акылардын деңгээлинен 46%

3-таблица. 2010-жылга облустардын өнүтүндө БФМСга ылайык мектептик билим берүүнү жана керектөөлөрдү бюджеттик финансылоонун катышы

Облустар	БФМС жабдылышы,%
Бишкек ш.	118
Ош ш.	95
Чүй	94
Нарын	87
Ысык-Көл	86
Талас	85
Баткен	78
Ош	75
Жалал-Абад	73

Булак: "КР мектептерин жан башына финансылоо механизмдерине өткөрүү боюнча рекомендациялар" деген тегерек столдун материалдарынан, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2011-жылы 19-апрель.

2000-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилде 2000-жылдардагы бааларда орто мектептин бир окуучусуна эсептегенде мамлекеттик чыгымдар 3,7 эсе көбөйгөн. Билим берүү секторуна мамлекеттик бюджеттин кыйла каражаттары жумшалып жана дале улантылып, ал эми алардын кыйла бөлүгү мектептик билим берүүгө кетип жаткандыгына карабастан дал ошол жерде бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдалануу байланышкан терс көрүнүштөр орун алууда. Статистикага ылайык Кыргызстанда билим берүүгө чыгымдардын абсолюттуу көбөйүшү мурдагыдай эле мектеп китепканаларын, окуу жана компьютердик жабдууларды жаңылоого, билим берүү технологияларын, инфраструктураны өнүктүрүүгө чыгымдардын көбөйүшүнө алып келбейт, анткени ал максаттарга чыгымдар бар болгону – 14%ды түзөт, калган 86%ы эмгек акыга, Социалдык фондго, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, тамак-ашка ж.б. чегерүүлөргө кетет.

Өлкөдө татаал жагдайларды түзөтүүгө багытталган бир катар жигердүү аракеттер көрүлүп жатат. Алсак, 2013-жылдын акырына карата жан башына финансылоо[51] принцибинин негизинде мектептерди жаңы үлгүгө өткөрүү аяктоого тийиш, ал 2007-жылы Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы мектептердин базасында эксперименттин жүрүшүндө сыналып көргөн жана ага жыл сайын башка облустар менен райондордун мектептери кошулуп жатат.

24-сүрөт. Жалпы билим берүүчү мектептин 1 окуучусуна мамлекеттик бюджеттин ар жылдык чыгымы



Булак: Кыргызстандын балдары. Статистикалык жыйнак. – ЮНИСЕФ, 2012-ж., жеке эсептөөлөр

25-сүрөт. PISA сабаттуулукту эл аралык изилдөөнүн натыйжасы, 2009-ж.



Булак: Кыргыз Республикасында социалдык секторго мамлекеттик чыгымдарды талдоо, 2007-2010-жж. ЮНИСЕФ, 2011-ж.

51 КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 27-сентябрындагы №694 токтомуна ылайык.

Отчётту даярдоо учуруна карата[52], 717 мектеп, б.а. өлкөнүн ар бир үчүнчү мектеби жан башына финансылоого өттү, анын маңызы шаардын жана айылдын өнүтүнөн алганда район боюнча, окутуу даражасы боюнча бир окуучуга мамлекеттик финансылоонун бирдиктүү көрсөткүчүндө турат, бул үчүн Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын бюджеттик финансылоонун минималдуу стандарттары[53] (БФМС) иштелип чыккан. Андан тышкары, бул үлгү мектептерге администрациялык жана финансылык автономияны берет жана мектептик билим берүү системасында акы төлөнүүчү жана акысыз кызмат көрсөтүүлөрдү системага салууга мүмкүнчүлүк берет.

2010-жылы жан башына финансылоого өтүүнүн максатка ылайыктуулугун ырастоо үчүн облустардын өнүтүндө БФМСнын негизинде талап кылынган мектептик билим берүүнү колдонуудагы финансылоо көлөмдөрүн салыштыруу жүргүзүлгөн. Мунун жыйынтыгы жакшы болгон жок – Бишкек шаарынан тышкары, өлкөнүн бардык облустары жеткире финансыланган эмес (3-таблица).

1.4. Билим берүүгө мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугу

2006-жана 2009-жылдары Кыргыз Республикасы 15 жаштагы окуучулардын функциялык сабаттуулугун эл аралык салыштырма изилдөөгө - PISA катышты, ал дүйнөдөгү билим берүүнүн сапатынын сапатына кадыр-барктуу изилдөө болуп саналат жана ар бир үч жылы экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү Уюму тарабынан өткөрүлөт.

2006-жылы Кыргызстандын мектеп окуучулары жеңүүчү өлкөнүн орточо баллынын 56%ын түзгөн орточо баллы менен 75 ичинен 57-орунду, ал эми 2009-жылы 65 ичинен 65-орунду ээлеген. Кыргызстандын мектеп окуучуларынын 80%дан ашыгы китеп окуу боюнча, ошондой эле математикалык жана табигый илимдер жагындагы сабаттуулук боюнча минималдуу эл аралык стандартка жеткен жок, бул билим берүү секторундагы көйгөйлөр жөнүндө олуттуу сигнал болуп саналат.

Эгерде PISA изилдөөсүндө алынган тесттик бааларды мамлекеттик бюджеттен мектептик билим берүүнү

4-таблица. 2012-жылдагы ЖРТнын жыйынтыгы

	Орточо балл[55]
Кыргыз Республикасы	109.4
Кыргыз тилинде окугандар	99.6
Орус тилинде окугандар	127.7
Өзбек тилинде окугандар	105.3
Кыздар	112.1
Уландар	106

Булак: Жалпы республикалык тестирлөөнүн натыйжалары жана 2012-жылы Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна гранттык жана контракттык орундарга кирүү.- Б.: 2012-ж.

финансылоонун орун алган деңгээлине койсок, анда негизги орто билим берүүнүн сапаты менен финансылоонун ортосундагы түздөн-түз өз ара байланыш айдан ачык болот (25-сүрөттү караңыз). Финансылоонун деңгээли канчалык жогору болсо, билим берүүнүн сапаты да ошончо жогору болот. Орто билим берүүнүн облустук деңгээлиндеги сапаттык айырмачылыктар жөнүндө ушундай эле тыянак 2007-жана 2009-жылдары Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 4- жана 8-класстын окуучуларынын билим жетишкендиктерине Улуттук баа берүүдө (НООДУ)[54] алынган болучу.

Жалпы орто билим берүүнүн сапатына баа берүү үчүн жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) натыйжаларын да кээ бир болжолдуулук менен колдонууга болот. Жалпы республикалык тестирлөө Кыргызстанда 2002-жылдан бери өткөрүлүп келе жатат. ЖРТга жогорку кесиптик билим алуу үчүн өлкөнүн ЖОЖдоруна кирүүнү каалаган мектеп бүтүрүүчүлөрү

52 2013-жылдын башы.

53 КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 14-апрелиндеги №146 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мекемелерин бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарт тары жөнүндө”, 2011-жылдын 20-ноябрындагы №563 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдик принцибине которуу жөнүндө” токтомдору. Ушул усулдун тиркемеси менен жалпы билим берүүчү мектептерди бюджеттик финансылоонун стандарттарына карата масштабдардын түзөтүүчү коэффициенттери бекитилген, анын максималдуу мааниси 50 чейинки окуучулары бар мектептер үчүн 2,0, 250 адамга чейинки окуучулары бар мектептер үчүн минималдуу -1,1.

54 2007-жылы тесттерге 202 мектеп, 6965 окуучу, 2009-ж. – 204 мектеп, 7214 окуучу катышкан. Баа берүү үчүн 3 предметтик жак: математика, сабаттуу окуу жана табигый илимдер (химия, физика, биология, физикалык география).

катыша алат. Башкача айтканда бул мектептин мыкты бүтүрүүчүлөрү деген маани берет.

ЖРТга катышкан мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн эң аз үлүшү түштүк облустарга туура келет – 40%га жакын. Эң көп үлүшү Бишкек шаарына туура келет, ал 100%дан жогору.

Ар кандай негиздер боюнча эсептелген ЖРТнын баллдарынын орточо маанисин талдоо окутуу тилине жана гендерге жараша натыйжалардын өтө бирдей эмес экендигин көрсөттү.

ЖРТ боюнча баллдардын орточо маанилерин талдоо динамикасында 2002-жылдан 2011-жылга чейинки 10 жылдык мезгилде көбүнүн сапатын бирдей эле жогорку деңгээлде сактап туруу үчүн мамлекет төлөгөн баа жогорулап жаткандыгын көрсөттү.

Ушул факт соңку жылдардын ичинде өсүп жаткан мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугу жогорулабай жатат деп айтууга мүмкүнчүлүк берет. Бул финансылоонун тартыштыгынын топтолушунан улам болуп жатат деп болжолдоого алып келет, б.а. билим берүүнүн материалдык-техникалык базасынын эскириши финансылоону өстүрүүдөн тез жүрүп жатат[56], анткени советтик мезгилден калган билим берүү чөйрөсүнүн потенциалы соолуду.

1.5. Билим берүүнү реформалоо, 2009-2012-жж.

1. PISA изилдөөсүнүн натыйжасында аныкталган кыргызстандык мектеп окуучуларынын функциялык

26-сүрөт. 2000-жылдагы бааларда ЖРТ боюнча бир баллдын бюджеттик наркы



Булак: Автордун өз эсептери

сабаттуулугунун төмөнкү деңгээли Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигин билим берүү чөйрөсүн реформалоону тездетүүгө түрттү, анын негизги чараларынын ичинде төмөнкүлөр бар:

- балдардын мектепке чейинки уюмдарына барбаган балдар үчүн мектеп алдында даярдоо программасын киргизүү, ал орто билим алуунун сапатына таасир тийгизет;
- 2009-жылы Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн Алкактык Улуттук стандарттарын бекитүү, ал билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн стратегиялык маниге ээ, анткени мектептик билим берүү системасына мамиле кылуунун компетенттүүлүгүн бекемдеген жана аны "натыйжага" иштөө режимине которуунун жаңы тибинин стандарты болуп саналат;
- 2011-жылы билим берүү системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө системасын реформалоо;
- 2012-жылдан баштап билим берүү системасында үнөмдөлгөн каражаттарды кийин реинвестициялоо менен базистик окуу планынын сааттарын этап боюнча кыскартууну киргизүү;

11-кыстырма. Билим берүү системасындагы дурус тажрыйбалар

Билим берүүнү реформалоо бир катар ийгиликтүү тажрыйбаларды айкындады, алар орто билим берүү системасын өркүндөтүүнүн бир же бир нече багыттарына дурус таасир тийгизет, атап айтканда:

- жалпы орто билим берүүнүн Алкактык Улуттук стандарттарын киргизүү компетенттүү мамиленин негизинде билим берүүнүн жаңы мазмунун калыптандырууга көмөк көрсөттү, ошондой эле предметтик стандарттарды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналды. Жаңы стандарттар боюнча мектептерде окутуу 1-класстын окуучулары үчүн 2011-2012-окуу жылында башталды.
- Чүй облусунун Ысык-Ата районунун мектептеринде өткөрүлгөн БФМС негизинде жан башына финансылоо моделин киргизүү боюнча ийгиликтүү эксперимент өлкөнүн бардык облустарына жан башына финансылоо моделин жайылтуу процессин баштоого мүмкүндүк берди.
- орто билим берүүнү бюджеттик финансылоонун минималдуу стандарттарын киргизүү бир окуучуга мамлекеттик чыгымдарды теңештире баштоого негиз салды.

55 Максималдуу балл – 250.

56 Же эң оптимисттүү болгондо – билим берүү чөйрөсүнүн эскириши мамлекеттик чыгымдардын өсүшү менен компенсацияланат, ал эми мамлекеттик чыгым дардын натыйжалуулугу билим берүүнүн орун алган сапатын төмөндөтпөдө турат.

- республиканын бүткүл аймагындагы мектептерде камкорчулар кеңештерин түзүү;
- 2009-жылы БФМС негизинде жан башына финансылоо моделин иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча Чүй облусунун Ысык-Ата районунун мектептеринде өткөрүлгөн сынамык эксперимент Чүй, Ысык-Көл жана Баткен облустарына жайылтылган;
- 2011-жылы Ош, Жалал-Абад, Нарын, Талас облустарынын, Бишкек жана Ош шаарларынын жалпы билим берүү уюмдарын бюджеттик жан башына финансылоо принцибине өткөрүү графигин бекитүү[57];
- облустардын өңүтүндө бир окуучуга эсептегенде чыгымдарды теңештирүү процессинин башталышы;
- жалпы билим берүүчү мектептер тармагын оптималдаштыра баштоо;
- Кадрлардын тартыштыгын кыскартуу: эгерде 2011-2012-окуу жылында бүтүндөй Кыргызстан боюнча педагогикалык кадрларга болгон керектөө 3300 адамды түзсө, 2012-2013-окуу жылында эмгек акыны түзүү системасында реформа жүргүзүүдөн кийин керектөө 1439 адамга чейин кыскарган;
- 2011-2012-окуу жылында ишке кабыл алынган жаш адистердин саны 4823 адамды түздү;
- 2011-жылдан баштап билим берүүнү финансылоо системасына кеңири сектордук колдоо программасын (SWAp) киргизүү боюнча "Кыргыз Республикасында билим берүү секторун колдоо" Европа комиссиясынын эки жылдык долбоорун жүзөгө ашыра баштоо, бул билим берүүнү мамлекеттик башкарууга мамиле кылууну түп-тамырынан бери өзгөртөт;
- 2011-жылдан баштап ЮНИСЕФдин колдоосу менен республиканын масштабында бардык билим берүү деңгээлиндеги окуу жайлары боюнча кийин маалыматтарды чогултуу жана талдоо үчүн "Кыргыз Республикасынын окуу жайларынын маалыматтык дайындар банкынын" тийиштүү программалык платформасын түзүү жана калыптандыруу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Интернет-сайтынын негизинде Билим берүү порталын түзүү.

2. Максаттарга жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

1. Билим берүүнү мамлекеттик финансылоонун бир аз өскөндүгүнө карабастан окуп жаткан бир адамга чыгымдар ушул кезге чейин заманбап билим берүү чөйрөсүн түзүү үчүн жетишсиз бойдон калууда.
2. Мамлекеттик бюджет тартыш болгон шартта секторду кем финансылоо тобокели бар же жаман дегенде - бюджеттин тартыштыгын жабуу булактарын мектептик билим берүү системасынан издөө керек болот.
3. Мугалимдердин эмгек акысынын кыскарышына алып келген жан башына финансылоо моделине өтүүдө жол берилген одоно каталыктар.
4. Жалпы билим берүү уюмдарынын ишин өркүндөтүүгө кызыкдар ар кандай коомдук топторду билим берүүнү финансылоого тартуу механизмдеринин жоктугу.
5. ЖӨБО тарабынан мектептер тармактарын оптималдаштырууга кызыгуу жок, анткени алар муниципалдык менчикте тургандыгына карабастан аларды күтүү негизинен республикалык бюджеттин жана Финансы министрлигинин милдеттенмеси болуп саналат.
6. Билим берүү процессинин натыйжаларына мониторинг жүргүзүүгө жана контролдоого негизделген билим берүү секторунда башкаруу системасынын жоктугу.

57 КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдик принцибине которуу жөнүндө" токтомдоруна ылайык.

3. Негизги алынган таалимдер

2000-жылдан берки мезгилде билим берүү жагында коюлган максаттарга толугу менен жетишилген жок, бул андан аркы рекомендацияларды тизмектөө үчүн аларга жетишүү жана таалим алуу боюнча иштин натыйжаларын кыйла кылдат иликтөө зарылчылыгын шарттаган.

Эксперименттин алкагында жан башына финансылоо моделине өткөн мектептер кыйла натыйжалуу иштей тургандыгын көрсөттү, бирок борбордун мектептерин өткөрүүдө мугалимдердин эмгек акыларынын кыскарышына алып келген жол берилген одоно каталыктар жана анын кесепети катары Бишкек шаарынын мугалимдеринин бир бөлүгүнүн жан башына финансылоого карата терс мамилени пайда кылган Бишкек шаарындагы кырдаал олуттуу таалим болуп калды.

7 жаштан 15 жашка чейинки курактагы балдарды негизги орто билим берүүгө камтуу бүтүндөй өлкө боюнча 97,1%дык деңгээлге жеткен, бирок көрсөткүчтүн жалпы өсүшүнүн аркасында ар башка багыттагы процесс жашырынып турат. Камтуунун гендердик-региондук кыскарышына таасир тийгизүүнүн реалдуу механизмдеринин жоктугу олуттуу таалим болуп калды. Алсак, 2011-жылы Ош облусунда кыздарды камтуу 2000-жылдан берки мезгилдеги эң төмөнкү маниге чейин түшкөн жана 89,1%ды түзгөн.

Эсепке алуунун, ошондой эле мектепти таштап же ага эч качан барбаган балдар жөнүндө маалыматтарды системалуу чогултуунун бирдиктүү методологиясынын жоктугу дагы бир таалим болуп калды. Бул КР УСК, БжИМ жана КЭУ билдирген андай балдардын, өзгөчө аз камсыз болгон жана жайсыз үй-бүлөдөн чыккан балдардын, майып-балдардын, ошондой эле эмгек мигранттарынын балдарынын санына баа берүүдө карама-каршылыктардын өсүшүнө алып келди.

2000-2011-жылдардагы орто билим берүүгө мамлекеттик чыгымдардын өсүшү билим берүүнүн сапатынын өсүшүнө алып келген жок, ал билим берүү чөйрөсүнө олуттуу көз каранды жана ага бул мезгилдин ичинде мамлекеттик чыгымдардын бүткүл көлөмүнүн 14%дан ашыгы чыгымдалган. Өсүп жаткан мамлекеттик чыгымдарды оптималдуу эмес жана баланстуу эмес пайдалануага байланыштуу билим берүү чөйрөсүнүн эскириши дагы бир олуттуу таалим болуп калды.

Орто билим берүүнү финансылоого көңүл топтоо мындай таалим берди, атап айтканда: орто билим берүү уюмдарын финансылоодогу региондук айырмачылыктар географиялык жайгашуусуна жана окутуу тилине жараша билим берүүнүн натыйжасында ачык көрүнүп калды.

Негизги орто билим берүү системасынын иштешинин жалпы фонунда, ошондой эле орун алган тобокелдиктерде билим берүү уюмдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баа берүү системасынын жоктугу олуттуу таалим болуп саналат, ал пайда болгон көйгөйлөргө тез арада жооп кылууну кыйындатат.

Орто мөөнөттүү келечекте 2015-жылга чейин

2009-2012-жылдары билим берүү секторунда жүргүзүлгөн реформалар улантылды. Муну менен бирге реформалардын, өзгөчө өлкөнүн бардык мектептерине жан башына финансылоо моделин киргизүүдө маңызын бурмалоого алып келген каталыктарга жол бербөө максатында процессти кылдат контролдоо керек.

Соңку жылдары калыптанып калган (2011-жылы 7,1%) жана билим берүү секторун финансылоого багытталган ИДПдан чыгымдардын үлүшүн кыскартпоо керек. Зарыл болсо билим берүү секторуна жумшалган мамлекеттик чыгымдарды артыкчылыгы азыраак программалардан кыйла артыкчылыктууларга кайра бөлүштүрүү керек.

Мамлекеттик жеке өнөктөштүктүн алкагында бүтүндөй билим берүү системасын башкаруунун мамлекеттик туткасын колдон чыгарбай билим берүүдө мамлекеттик эмес секторду өнүктүрүү керек.

Жеке мектептерде окуп жаткан мектеп окуучуларына мамлекеттик бюджеттен жан башына финансылоону жайылтуу менен орто билим берүүнү мамлекеттик эмес финансылоону өстүрүүгө түрткү болуу керек.

Мектептердин директорлорун, мугалимдерди жана педагогикалык адистиктеги студенттерди окутуу аркылуу мектептерди башкаруунун заманбап ыкмаларын жайылтуу боюнча кампанияны уюштуруу керек.

Өлкөнүн ар бир мектебинде билим берүү процесси жөнүндө кыйла кеңири маалымат алуу көз карашынан, ошондой эле билим берүүнү башкаруу системасынын өкүлдөрүнүн гана эмес, жарандык коомдун бардык кызыкдар өкүлдөрүн ал маалыматтарга жеткиликтүүлүк көз карашынан билим берүү чөйрөсүнүн маалыматтык ачыктыгын жогорулатуу керек.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Орто билим берүүнүн сапатынын түшүшү бул маселени кошумча түрдө күн тартибине киргизүү зарылчылыгы жөнүндө айтып турат, муну менен бирге билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү системасын түзүү жана институтташтыруу зарыл.

Билим берүү жагында орун алган региондук, шаардык/айылдык жана социалдык айырмачылыктар МӨМдүн максаттарын жана милдеттерин локализациялоо зарылчылыгын шарттайт, бул үчүн:

- жергиликтүү деңгээлде билим берүүнү инвестициялоо үчүн маалыматтык камсыз кылууга мүмкүнчүлүк бере турган локализациялык милдеттерди түзүү жана локализациялык индикаторлорду иштеп чыгуу жана региондор менен калктын топторунун ортосундагы айырмачылыктарды кыйла натыйжалуу чечүүгө жардамдашуу керек;
- билим берүүнүн сапатындагы (регион, шаар/айыл, орус/кыргыз/өзбек тилдеринде окутууда) ажырымга алып келген түпкү себептерди системалуу жоюу боюнча стратегияны иштеп чыгуу керек;
- мектепке барбаган балдар жагындагы көйгөйлөрдү чечүү боюнча саясатты жана тийиштүү аракеттенүүнүн планын иштеп чыгуу зарыл.

3-БӨЛҮК.
ЭРКЕКТЕР МЕНЕН АЯЛДАРДЫН ТЕҢДИГИН КУБАТТОО ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ

3-бөлүк. Эркектер менен аялдардын теңдигин кубаттоо жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

МИЛДЕТ

иш менен камсыз кылууну башкаруу жагында жыныстардын ортосундагы теңсиздикти жоюу

27-сүрөт. МӨМ-3 максаттуу индикаторлоруна жетишүү



Булак: КР УСК

1. Учурдагы кырдаал жана тенденция

Аялдар менен эркектердин укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги Кыргыз Республикасынын эл аралык жана улуттук милдеттенмелери менен бекемделген. Кыргызстан көз карандысыздык жылдары ичинде бир катар эл аралык конвенцияларга, анын ичинде аялдарга карата кодулоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенцияга кошулган, ал эми гендердик теңчилик КР Конституциясында каралган адамдын укуктары менен эркиндиктеринин ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Гендердик саясаттын негизги укуктук механизмдери болуп 2008-жылдын 4-августундагы №184 "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктарды жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуунун мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" КР Мыйзамы жана 2003-жылдын 25-мартындагы №62 "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы сыяктуу ченемдик укуктук актылар саналат.

2012-жылы биринчи жолу 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча узак мөөнөттүү Улуттук стратегия иштелип чыккан жана кабыл алынган, бул соңку жылдардагы саясий жана экономикалык кризистер менен шартталган социалдык теңсиздиктин тереңдешинин шартында гендердик саясат механизмдерин күчөтүү зарылчылыгы менен аныкталган. МӨМ-3 көрсөткүчтөрүнүн динамикасы гендердик мамилелер жагындагы терс тенденциялардын далили болуп саналат.

ЖОЖдордун студенттеринин арасында аялдардын санынын (54%) өсүшү сакталып турганда экономикалык активдүү калктын арасында аялдардын үлүшү тынымсыз кыскарып жатат. 2008-жылга салыштырганда 2011-жылы бул көрсөткүч 1,2%га (тийиштүү түрдө 43% жана 41,8%) кыскарган. Бюджеттик тармактарда, атап айтканда, билим берүү жана саламаттыкты сактоодо эмгек акынын жогорулатылгандыгынан улам аялдардын орточо эмгек акысы эркектердин эмгек акысына жакындагандыгы айкын көрүнүп турса да туруктуу дурус өзгөрүүлөр жөнүндө айта албайсың. Аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата көрсөткүчүнүн туруксуздугу эмгек рыногунда тармактык жана вертикалдык гендердик сегрегациянын

терендегендиги менен шартталган[58]. Чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде саясий катышуу чөйрөсүндө аялдарды колдоо боюнча атайын чаралардын киргизилгендигине карабастан аялдардын үлүшү төмөн бойдон калууда. Парламенттик шайлоолордо квота киргизүүнүн натыйжасында 2008-жылы жетишилген Жогорку Кеңеште аялдардын өкүлчүлүгүнүн 30%дык деңгээли 20,8%га чейин төмөндөгөн. Индикаторлор боюнча кыйла кеңири талдоо төмөндө келтирилген.

1.1. ЖОЖдордун студенттеринин арасындагы аялдардын үлүшү

ЖОЖдордун студенттеринин арасындагы аялдардын үлүшү 54%ды түзөт. Студенттерди чыгаруу учуруна карата аялдар менен эркектердин ортосундагы ажырым көбөйүп гана бара жатат (тийиштүү түрдө 59,4% жана 40,6%)[59]. Региондордун өңүтүндө аялдардын кыйла басымдуулук кылышы (60%дан ашык) Нарын облусунда байкалган. Ошол эле учурда Чүй облусунда студенттердин арасында аялдардын үлүшү болгону 37,3%ды түзөт[60]. Мындай региондук айырмачылыктардын ыктымалдуу себеби ЖОЖдор сунуш кылган окутуунун багыттарындагы өзгөчөлүктөрдө турат. Мисалы, облустагы бирден-бир Нарын мамлекеттик университети негизинен педагогикалык багыттагы гуманитардык адистиктерге окутууну сунуш кылат, аларды аялдар көбүрөөк тандап алышат. Бүтүндөй өлкө боюнча алар билим берүү багыты боюнча окуган ЖОЖдордун студенттеринин 84%ын[61] түзөт. Нарын облусунда аялдар менен эркектердин эмгек акыларынын ортосундагы ажырым өлкөнүн башка региондоруна салыштырганда минималдуу (4%)[62] экендиги белгилей кетчү нерсе. Мындай жагдай региондо "аялдардын" эмгектик жылчыгы эң оболу жогорку билим талап кылынган мамлекеттик кызмат жана башка бюджеттик структуралар менен байланышкандыгы менен түшүндүрүлөт. Чүй облусуна келсек, анда бул жерде жогорку билим берүү уюмдары, атап айтканда, Чүй университети уку-кка, информатикага, экономикага, башкача айтканда, ЖОЖдун студенттеринин арасында эркектердин үлүшү аялдардын үлүшүнөн ашкан же болжол менен бирдей болгон адистиктерге окутууга багытталган.

ЖОЖдорго кирген адамдардын санынын жалпы кыскаруусу орун алган: 2007/2008-академиялык жылдары анда 250 460 адам болсо 2011/2012-окуу жылында 239 208 адам кирген[63]. ЖОЖдордун студенттеринин санынын кыскарышына окуунун контракттык наркынын жогорулашы да таасир тийгизе алат[64]. Чынында эле контракттык негизде окуган студенттердин саны 2007/2008-жылдарга салыштырганда 2011/2012-жылдары 6,7%га азайган[65]. ЖОЖдордун студент кыздарынын санынын төмөндөө темпи эркек студенттерге караганда жогору экендигинин фактысын көңүлгө алуу менен (28-сүрөттү караңыз) окууга контракттын суммасынын жогорулашы кыйла даражада аялдарга терс таасирин тийгизди. Үй-бүлөнүн ресурстары чектелүү болгон шартта алар эң оболу эркек балдарды окутууга акча жумшашат.

ЖОЖдордун студенттеринин санынын төмөндөө фонунда (28-сүрөттү караңыз) баштапкы жана орто кесиптик окутуу уюмдарына кирип жаткан мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн саны 30%дан ашыкка көбөйгөн[66].

28-сүрөт. Жынысы боюнча ЖОЖдордо окугандардын саны жана баштапкы жана орто кесиптик мекемелеринде окуган студенттердин саны (адам)



Булак: КР УСК

58 Гендердик сегрегация – аялдар менен эркектердин "табигый" ролдорунун идеологиясынан келип чыккан жыныстык белгиси боюнча эмгекти бөлүштүрүү механизмин ачып берүү үчүн пайдаланылган түшүнүк. Эмгек рынокунда гендердик сегрегациянын бир нече өлчөмдөрү бар.

1. Эмгектин тармактары боюнча (тармактык /горизонталдык сегрегация) жана ээлген кызмат орундары боюнча (вертикалдык сегрегация) аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүндөгү дисбаланс;

2. Экономиканын ар кандай секторлорунда / эмгек рынокунда ресурстарды бөлүштүрүүдөгү теңсиздиктер, мисалы, үй чарбасында акы төлөнүүчү, акы төлөнбөгөн эмгек;

3. Кесиптерди классификациялоодогу теңсиздик: мисалы ишмердик жактарында салт боюнча "эркектердин" кесиби "аялдардын" кесибине салыштыр ганда кыйла ачык-айкын сыпатталат, алар көп кесиптерди ("камкордук көрү" ж.б.) камтыган кеңир категорияларды бириктирет.

59 КР УСК, "Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери" жыйнагы,. 2012-ж., 28, 79-б.

60 Ошол эле жерде 31-б.

61 Ошол эле жерде 82-б.

62 Ошол эле жерде120-б.

63 Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. Статистикалык жыйнак. Улуттук статистикалык комитет, 2012, 137-б.

64 2008-жылдын 17-октябрындагы Салык кодексине ылайык бюджеттик мекемелердин кирешелерине салыктар 20%га көтөрүлгөн, бул контракттын наркы нын жогорулашына таасир тийгизди. Мындан ары аны алып салууга карабастан контракттын наркы азайбай жатат.

65 Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. Статистикалык жыйнак. Улуттук статистикалык комитет, 2012-ж., 154-б.

66 Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим. Статистикалык жыйнак. Улуттук статистикалык комитет, 2012-ж., 115-135-беттер.

12-кыстырма. Кыргызстандагы Girls' Day

2012-жылы Кыргызстанда Girls' Day жаш аялдардын ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган күн өткөрүлгөн, анын жүрүшүндө алар негизинен эркектер басымдуулук кылган техникалык адистиктерди өздөштүрүүдө өз күчтөрүн сынап көрүшкөн. Бул долбоор кыздарды кесиптик жактан багыттоо үчүн 10 жылдан ашык мезгилден бери Европанын көп өлкөлөрүндө ийгиликтүү жүзөгө ашырылып келе жатат.

Бир күндүн ичинде жогорку класстардын 2000ден ашык кыздары Бишкек жана Ош шаарларынын 138 ишканасында техникалык жана жумушчу кесиптер боюнча эмгектик практикадан өтүштү. Бул күнү практиканттарды кабыл алган ишканалар менен уюмдардын арасында эмерек чыгаруу боюнча фирмалар, автосалондор, авторемонттоо устаканалары, набайканалар, телерадиокомпаниялар болду.

Бул иш-чара мамлекеттик жана коомдук уюмдар, атап айтканда, Билим берүү жана илим министрлиги, Социалдык өнүгүү министрлиги, кесиптик-техникалык билим берүү Агенттиги, Соода-өнөр жай палатасы, Эл аралык ишкер кеңештин демилгеси менен Германиянын экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү Федералдык министрлигинин (BMZ) каражаттарына Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (эл аралык кызматташтык боюнча Германия коому) тарабынан уюштурулган. Долбоор жөнүндө кыйла кеңири маалыматты http://edu.gov.kg/ru/presscentr/novosti/109-girls-day-kyrgyzstan.html сайтынан табууга болот.

Кесиптик-техникалык билим берүү Агенттиги башка мамлекеттик органдар, ошондой эле эл аралык жана коомдук уюмдар менен бирге жаштар арасында ар жылдык кесиптик багыт берүү иш-чарасын өткөрүп келе жатат. Мисалы, 2012-жылы кыздар арасында жумушчу техникалык кесиптерди пропагандалоо максатында атайын акция (12-кыстырманы караңыз) өткөрүлгөн[67]. Бирок, көрүлүп жаткан чараларга карабастан студенттердин бул категориясынын арасында аялдардын үлүшү төмөндөп жатат (29-сүрөттү караңыз).

Баштапкы жана орто кесиптик билим берүү деңгээлинде окуп жаткан эркектердин үлүшүнүн көбөйүшү эмгек рыногунда суроо-талап жогору болгондуктан улам биздин регион үчүн салт боюнча "аялдардыкы" деп эсептелген кесиптерди - тигүүчү, ашпозчу, чач тарач, официант ж.б. кесиптердин жигердүү өздөштүрүлүшү менен шартталат. Ошол эле учурда салт боюнча "эркектердики" деп эсептелген электриктин, ширетүүчүнүн, сантехниктин ж.б. кесиптер боюнча сунуштардын спектри кеңейди[68].

Жалпылай турган болсок, гендердик аспекттин көз карашынан кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү тенденциялар бирдей эмес экендигин айтууга болот. Бир жагынан аялдар жогорку жана орто кесиптик билим алуу жагында лидерлик позициясын сактап келе жатат. Экинчи жагынан кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде студенттердин арасында аялдардын үлүшү төмөндөп бара жатат. Баштапкы жана орто кесиптик билим берүү деңгээлинде аял студенттердин санынын азайышы өзгөчө кооптонууну пайда кылат, бул аялдардын жогорку эмгек акы төлөнө турган орундарга ээ болушун чектейт.

29-сүрөт. Баштапкы жана орто кесиптик мекемелеринде окуган студенттердин арасындагы аялдардын үлүшү



Булак: КР УСК

1.2. Экономикалык жактан жигердүү калкта аялдардын үлүшү

Азыркы учурда иштеп жаткан аялдардын басымдуу көпчүлүгүнүн жогорку же атайын орто кесиптик билими бар[69]. Аялдардын билим деңгээлинин төмөндөшү экономикалык жактан жигердүү калктын арасында аялдардын үлүшүнүн төмөндөшүнүн терс тенденциясын гана чыңдайт. Бул көрсөткүч 2011-жылдагы маалыматтар боюнча 41,8%ды түзөт, бул 2008-жылга салыштырганда 1,2%га аз. Жалпысынан аялдар эмгек рыногунун бардык негизги индикаторлору – экономикалык жигердүүлүк, иш менен камсыз болуу жана жумушсуздук деңгээли боюнча эркектерге салыштырганда начар көрсөткүчкө ээ. (5-таблицаны караңыз).

67 Ошондой эле "Аялдардын кесиптик-техникалык билим алууга жана андан пайда алууга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү" долбоорунун матери алдарын караңыз. АБР АПТО пилоттук долбоор, 2013-ж.

68 Ошол эле жерде.

69 КР УСК, аталган жыйнак, 92-б.

5-таблица. Экономикалык жигердүүлүк, иш менен камсыз болуу жана жумушсуздук деңгээли (% менен)

Жыл-дар	Экономикалык жигердүүлүктүн деңгээли		Иш менен камсыз болуу деңгээли		Жумушсуздук деңгээли	
	аялдар	эркектер	аялдар	эркектер	аялдар	эркектер
2008	54.8	76.5	49.7	70.9	9.4	7.3
2009	53.1	76.3	47.9	70.7	9.8	7.4
2010	52.3	76.6	47.1	70.7	9.9	7.7
2011	52.8	77.5	47.6	71.6	9.9	7.6

Булак: КР УСК

Ошондой эле аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн толук өлчөмүндө жүзөгө ашырышына алардын социалдык багыттагы, демек, аз эмгек акы төлөнүүчү иштерге топтолгондугу тоскоол болуп жатат (30-сүрөттү караңыз).

30-сүрөт. Экономикалык иштердин түрлөрү боюнча калктын иш менен камсыз болгон жалпы санында аялдардын үлүшү

Булак: КР УСК

Иштеп жаткан чакан, орто жана ири ишканалардын кызматкерлеринин жана жетекчилеринин арасында аялдардын саны өсүп жатканды-гын белгилей кетүү керек (6-таблицаны караңыздар).

6-таблица. Иштеп жаткан чакан, орто жана ири ишканалардын кызматкерлеринин жана жетекчилеринин арасында аялдардын саны (миң киши)

Жыл-дар	Жетекчилер				Кызматкерлер			
	Чакан		Орто		Чакан		Орто	
	Аялдар	Эркектер	Аялдар	Эркектер	Аялдар	Эркектер	Аялдар	Эркектер
2008	4	12.7	0.9	2.4	6.1	46.7	12.7	31.2
2009	4.6	14	0.9	2.4	6.4	45.4	12.4	28.7
2010	4.7	13.4	1	2.5	17.1	33	12.4	26.1
2011	5.3	14.2	1	2.5	15.6	30.3	12.7	27.3

Бирок бул көрсөткүчтөргө баа берүү менен жеке иш берүүчүлөр аялдарды жан дили менен ишке алышарын белгилей кетүү керек, анткени аялдарда эркектерге караганда көндүмдүктөрдөн улам алдыга койгон максаты төмөн болот, эмгек акынын өлчөмүнө, мансап жагынан өсүүгө анча талап койбойт. Гендердик социалдаштыруу "аялдардын" мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аялдар менен кыздарга кесиптик тапшырманы орнотууну камсыз кылат[70]. Ошону менен бирге эксперттердин берген баасы контракттардын мазмуну, аларды түзүү жол-жоболору, жеке иш берүүчүлөрдө иштин шарттары кодулоочу мүнөздө экендигин көрсөтүп турат. Контракттарда декреттик өргүүгө жана тийиштүү төлөмдөргө тыюу салуу каралган, эмгек мыйзамдарына ылайык келбеген жумуш күнүнүн ченемдери көрсөтүлгөн учурлар жолугат. Болгондо да кодулоочу режимдер ишканалардын менчигинин түрүнө жана жетекчинин жынысына карабастан сакталышы мүмкүн. Жеке сектордо иштеген эркектер аялдар сыяктуу эле адилетсиз жана коопсуз эмес эмгектик маселелерге көп туш келишет. Бирок аялдардын чабалдыгынын өзгөчөлүгү бул жерде бир жагынан салт боюнча аялдык роль, атап айтканда, эне болуу четке кагылгандыгы менен байланышкан. Экинчи жагынан аялдар биринчи кезекте жумуш ордунда сексуалдык асылууга жана гендердик зомбулуктун башка формаларына туш болушат[71].

Эмгек рыногунда аялдар менен эркектердин гендердик шартталган өзгөчөлүктөрдү чагылдырган таасын мисалга жумушсуздук көрсөткүчү кирет. Аялдар 30 жаштан 49 жашка чейинки курактык топто расмий катталган жумушсуздардын арасында басымдуулук кылат[72]. Башка курактык топтордо экономикалык жигердүү аялдар, эреже катары, бала төрөө, балдарды, неберелерди багуу жана үй чарбачылыгын жүргүзүү менен байланышкан аларга мүнөздүү функцияларды аткаруу менен чектелген.

Аялдарга бала төрөө, тарбиялоо үчүн жоопкерчиликти жүктөө аялдарга бала тарбиялоону иштөө жана кесиптик өсүш менен айкалыштырууга мүмкүнчүлүк берген чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү менен коштолбойт. 2007-жылдан 2012-жылга чейинки мезгилде мектепке чейинки билим берүүгө тартылган балдардын үлүшү 2 эседен ашыкка өскөнү менен мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдардын саны төмөн бойдон калган – мектепке чейинки жаштагы балдардын жалпы санынын болгону 15,3%ын түзөт[73]. Изилдөөлөр балдардын мектепке чейинки билим берүүгө тартылышы иш менен камсыз болуу жана жумушсуздук менен түздөн-түз байланыштуулугун көрсөтөт: иш менен камсыз кылуунун деңгээли канчалык жогору болсо, мектепке чейинки уюмдарга балдарды тартуу ошончо жогору болот; иш издөө мөөнөтү канчалык узак болсо, балдар бакчаларынын кызматтарынан ошончо аз пайдаланат[74].

Жалпысынан үйдөгү эмгек негизинен "аялдардыкы" бойдон калуу менен коомдо көрүнбөйт, анткени ал рыноктук алмашууга багытталган өндүрүштө гана таанылат[75]. Камсыздандыруу стажына[76] пенсияларды чегерүүдө бала 3 жашка[77] чыкканга чейин аны багуу боюнча жалпы мезгилдин 6 жылы гана эсептеле тургандыгын белгилей кетүү керек. Ошентип, пенсияларды түзүү ченеми 3 жана андан ашык баласы бар ата-эне мыйзам менен белгиленген 6 жылдык убакыттан ашык декреттик өргүүдө боло албай тургандыгы эске алынбайт. Жалпысынан аялдардын пенсиясынын орточо өлчөмү 3368 сомду түзөт, бул эркектердин орточо пенсиясынан 10%га аз[78].

Айыл жеринде аялдар тамак бышырууга, кир жууганга, тазалаганга шаар жеринде жашаган аялдарга салыштырганда көп убакыт кетиришет. Ошол эле учурда айылда жашаган эркектер шаардагы эркектерге караганда балдарды багууга азыраак ыктайт[79]. Муну менен бирге айыл жеринде балдарды мектепке чейинки уюмдарга камтуу өлкө боюнча орточо көрсөткүчтөн 3 эседен ашыкка төмөн[80]. Ошентип, аялдарда, өлчөм айыл жеринде эмгек рыногунда мүмкүнчүлүктөрү гана аз болбостон, өзүнүн адамдык капиталын инвестициялоо үчүн бош убактысы да аз, ал стратегиялык терс кесепеттерге алып келет[81].

---

70 Бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө КР Мыйзамын жүзөгө ашырууга мониторингдин натыйжалары. Аялдардын экономикалык укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү. Ишкер аялдардын ассоциациялары. 2013-ж.

71 "Аялдар менен эркектердин теңчилигин кубаттоо жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү" 3-максаттар боюнча эксперттик семинар дын материалдары, Май 2013.

72 УСК, аталган жыйнак, 106-б.

73 http://edu.gov.kg/ru/presscentr/novosti/605-ministerstvom-obrazovanija-i-nauki-kyrgyzskoj-respubliki-byla-vvedena-240chasovaja-podgotovitelnaja-programma-dlja-detej-neohvachennyh-doshkolnym-obrazovaniem.html

74 Селиверстова И. Балдарды мектепке чейинки билим берүүгө камтуу: деңгээли, региондор аралык дифференциация жана анын себептери // Билим берүү маселелери 2008, № 3 http://ecsocman.hse.ru/vo/msg/339217.html

75 Бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө КР Мыйзамын жүзөгө ашырууга мониторингдин натыйжалары. Аялдардын экономикалык укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү. Ишкер аялдардын ассоциациялары. 2013-ж.

76 Камсыздандыруу стажы пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча белгиленген пенсиянын камсыздандыруу бөлүгүн белгилөө үчүн эсептелет.

77 Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө КР Мыйзамы (2010) http://www.sf.kg/socfond/index.php/ru/2010-10-13-09-25-04/47-2011-01-10-03-49-18

78 УСК, аталган жыйнак, 121-б.

79 Ошол эле жерде 126, 128-б.

80 Кыргыз Республикасында балдарды кыска мөөнөткө күтүү менен мектепке чейинки билим берүү уюмдарын түзүү боюнча рекомендациялар. ЮНИСЕФ, 2010 http://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru/Pre-school_Education_Ru.pdf

81 Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Пактты жүзөгө ашырууга мониторинг (ООН, 1996). Инновациялык чечим, 2013-ж.

Кризистин кесепеттери, кирешелердин кыскарышы, турмуштук мааниси бар ресурстарга (сууга, тамак-ашка) жеткиликтүүлүктүн чектелүү экендиги аялдардын үй түйшүгүн гана көбөйтөт, бул бир жагынан эмгекти гендердик тең эмес бөлүштүрүүгө жана өлкөнүн ИДПсына аялдардын салымынын эсепке алынбай калышына, экинчи жагынан аялдардын чабалдыгын көбөйтүүгө алып келет.

1.3. Аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата катышы

Жалпысынан аялдардын экономикалык жигердүүлүгүнүн төмөндөшү, эмгектин аз акы төлөнгөн чөйрөсүнө аялдардын топтолушу аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата катышынын көрсөткүчүндөгү айырмачылыкты шарттайт. Аялдардын үлүшү менен ошол кесип боюнча ар айлык эмгек акынын ортосундагы эки жактуу көз карандылык бар, башкача айтканда, ошол кесиптик топтогу аялдардын үлүшү канчалык жогору болсо эмгек акынын орточо деңгээли ошончо төмөн болот[82].

2011-жылы аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата катышынын көрсөткүчү 78,4%ды түздү. Кыргызстан 2000-жылы Миң жылдык Декларациясына кол коюлган учурдан тартып баштапкы көрсөткүч кармалып турган эмес – ажырым эркектердин пайдасына карай көбөйгөн. Кырдаалдын андан ары тереңдешине 2011-жылы бюджеттик тармактарда, атап айтканда, салт боюнча аялдар көп иштеген саламаттыкты сактоо менен билим берүүдө эмгек акынын жогорулашы тоскоолдук кылган. Бирок, бул фактыны негизги тренд катары карабоо керек, бул бир жолку кыска мөөнөттүү көрүнүш.

Экономикалык ишмердиктин айрым түрлөрүнүн деңгээлинде жана структурасында көрүнүш орточо статистикалык көрсөткүчтөн олуттуу айырмаланып турган-дыгына көңүл буруу керек. Мисалы, Эмгек, жаштар жана иш менен камсыз кылуу министрлигинде аялдар менен эркектердин орточо эмгек акыларын катыш талдоонун натыйжасында 2009-жылдан 2011-жылга чейин ажырым эркектердин пайдасына 60%дан ашык болгон (5-диаграмманы караңыз). Ведомстволук деңгээлде көрсөткүчтүн мындай динамикасы саясий жана жогорку деңгээлдеги кызмат орундарында аялдардын өкүлчүлүк деңгээлинин төмөндүгү менен шартталган[83].

Андан тышкары, “аялдар” менен “эркектердин” орточо кирешелерин[84] эсептөө методологиясы эмгек акынын төмөндүгүнөн улам салт боюнча “аялдардын” секторунда кызматкерлер бир жарым/эки ставкага иштөөгө аргасыз болгондугун эске албайт, эксперттердин берген баасы боюнча эмгек рыногундагы аялдарды эксплуатациялоону жана кодулоону маскировкалайт[85]. Жалпысынан алганда экономиканын социалдык багыттагы секторлорунда эмгек акы саясаты аялдардын эмгегинин “арзандыгы” жана “аялдардын иштери” жөнүндө көндүмдүктөрдү пайда кылат жана бекемдейт, бул өз кезегинде ошол секторлордо иштин сапатынын критерийлери катары кызматкердин кесипкөйлүгү эмес, анын жекелик мүнөздөрү жана кызматтык милдеттердин эмоционалдык аспекттери карала тургандыгын айтуу маанилүү, бул колдо бар көндүмдүктөрдү ого бетер кыйындатат[86].

31-сүрөт. Эркектердин кирешесине карата аялдардын кирешелеринин орточо маанисинин катышынын динамикасы - кейс МТЗМ 2009-2011-жылдар



Булак: Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Пактты жүзөгө ашырууга мониторинг (ООН, 1996). Инновациялык чечим, 2013-ж.

82 Ошол эле жерде.

83 Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Пактты жүзөгө ашырууга мониторинг (ООН, 1996). Инновациялык чечим, 2013-ж.

84 КР УСКнын эксперттеринин маалыматтары боюнча аялдар менен эркектердин орточо эмгек акысы уюмдун эмгек акы Фондун ал жерде иштеп жаткан аялдар менен эркектердин санына бөлүү жолу менен эсептелет.

85 http://unfpa.by/fi ledownload.php?fi le=876

86 Ярская В., Ярская-Смирнова Е. “Не мужское это дело...” социалдык сектордо иш менен камсыз кылууга гендердик талдоо // социологиялык изилдөөлөр 2002, № 6 http://ecsocman.hse.ru/data/518/007/1220/006.IARSKAIA.pdf

1.4. Жогорку Кеңештеги депутаттардын арасында аялдардын үлүшү

Өлкөдө вертикалдык сегрегация маселесин жоюу үчүн аялдардын саясий катышуусун колдоонун атайын чаралар саясаты жүргүзүлгөн. Кыйла маанилүү чаралардын бирине парламенттик шайлоолордун деңгээлинде партиялык тизмеде аялдардын орундарын квоталоо 2007-жылы кабыл алынган. Кабыл алынган чечимдин натыйжасында Жогорку Кеңештеги төртүнчү чакырылыштын курамында аялдардын өкүлчүлүгү 31,1%га чейин өскөн, бул МӨМдүн экинчи улуттук отчётунда (2010-ж.) белгиленген. Бирок жетишилген натыйжаны сактап калууга мүмкүн болгон жок – 2011-жылы Жогорку Кеңештин депутаттарынын курамында аялдардын өкүлчүлүгү 20,8%ке чейин төмөндөгөн. Кабыл алынган квоталоо системасы аялдарга шайлоодон кийин "аялдар" мандатын (партиялык тизмедеги ар бир төртүнчү орун) сактап калуу механизмин караган эмес: депутат аял чыгып калган учурда мандат тизме боюнча кийинки талапкерге, эреже катары, эркектерге өтүп кеткен.

2010-жылы Кыргызстан парламенттик башкаруу системасына өткөндөн кийин партиялардын арасында депутаттык орун үчүн атаандашуу өскөн. "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык талапкерлердин ортосунда партиялык тизме боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнүн натыйжасында шайланган депутат мөөнөтүнөн мурда чыгып калган учурда анын мандаты Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча саясий партиянын чечиминин негизинде ошол эле тизмедеги талапкерге өткөрүп берилет[87]. Мындай өзгөрүүлөр парламенттик партиялардын мандаттан баш тартууга мажбурлоо максатында "өзүнүн" депутат аялдарына кысым көрсөтүүнүн кошумча куралы болуп калды.

32-сүрөт. КР облустары боюнча депутат-аялдардын саны, орун алган кырдаал жана гендердик квоталоодогу гипотетикалык кырдаал



Булак: 2012-жылы ноябрда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерине шайлоо учурунда аялдардын саясий укуктарынын бузулушун иликтөө. Р. И. Жеенбаеванын бет ачары. "Аялдарга жардамдашуу Борбору" КБ, 2013-жылдын марты

Жергиликтүү деңгээлде депутат аялдардын тынымсыз өсүшүнө жооп катары 2011-жылы жергиликтүү шайлоолор системасына да сунуш кылынбаган топтор үчүн квота киргизилген. Бирок жергиликтүү деңгээлдеги соңку шайлоолордун натыйжалары көрсөткөндөй, 2012-жылы бул жерде квоталоонун талап кылынган принциптери сакталган эмес (32-сүрөттү караңыз).

Муну менен бирге жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алуу системасынан аялдарды сүрүп чыгаруу алардын суу жана жер сыяктуу жаратылыш ресурстарына жеткиликтүүлүгүн чектейт, ал натыйжа чыккандай кылып чечим кабыл алган адамдардын зор таасири менен шартталган. Азыркы, анын ичинде климаттын өзгөрүшү менен байланышкан чакырыктардын шартында бул тобокелдиктерди адилетисиз бөлүштүрүүгө жана калктын кыйла аялуу катмарларына, анын ичинде аялдарга түшкөн жүктүн көбөйүшүнө алып келет[88]. Жалпысынан алганда башка бирдей шарттарда мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кадрларды конкурстук тандоодо каралган ченемдерге карабастан сунуш кылынбаган жыныска артыкчылык берилет, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарында иштеген аялдардын арасында аялдардын өкүлчүлүгүнүн жалпы деңгээли төмөндөйт (7-таблицаны караңыз).

87 2011-жылдын 25-ноябрындагы №221 КР Мыйзамы.

88 Гендер жана климат. ПРООН/ООН Аялдар, 2013-ж.

7-таблица. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарындагы аялдардын өкүлчүлүгү

Жылдар	МБОдо иштегендердин саны, бардыгы % менен		Саясий жана атайын кызмат орундары, бардыгы % менен		ЖӨБО кызматкерлеринин саны, бардыгы % менен		Саясий жана муниципалдык кызмат орундары, бардыгы % менен	
	аялдар	эркектер	аялдар	эркектер	аялдар	эркектер	аялдар	эркектер
2008	45.4	54.9	26.1	73.9	37.5	62.5	6.2	93.8
2009	44.4	55	27	73	36.5	63.5	3.9	96
2010	39.1	60.9	27.4	72.6	36.1	63.9	4	96
2011	39.9	60.9	25.2	74.8	35.8	64.2	4.9	95.1
2012	39.8	60.2	25.5	74.5	35.1	64.9	4.2	95.8

Булак: КР УСК

Өлкөдө жүргүзүлгөн мамлекеттик органдардын гендердик режимин изилдөөнүн жүрүшүндө жазылбай калган кыйла "бийликтик" көрсөтмө бар экендиги белгиленген – мамлекеттик кызматта ар кандай кызматкер өздөрүнүн гендердик айырмачылыктарын "жууп" салууга мүмкүн болушунча аракет кылууга тийиш, анткени кызмат үй-бүлөлүк ролдор менен айкалышпайт. Ар бир ведомствонун жетекчилери мамлекеттик кызматкерлердин ишинин "өзгөчө" режимин кубаттабайт. Адатта: бул жерде аял, эркек деген жок, жалаң финансисттер / статисттер / агроадистер ж.б. деген сөздөр жетекчиликтин жалпы сүйлөгөн сөздөрүндө жолугат. Үй-бүлөдө энелик ролду мамлекеттик кызмат менен айкалыштырууда кызматкер-энелерди мамлекеттик колдоо инфраструктураларынын жоктугу (үй-бүлөлүк эс алуу үчүн кепилденген жолдомолор, ведомстволук балдар бакчаларында балдар үчүн орундар ж.б.) менен кыйындайт[89]. Ошентип, аялдарды колдоонун бир катар атайын чараларын кабыл алууга карабастан чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде гендердик айырмачылыктар сакталып гана калбастан, ошондой эле аялдарды мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдар системасынан сүрүп чыгуунун айынан дисбаланс көбөйөт, бул социалдык адилеттик жана теңдик максаттарында башкаруу үчүн системанын потенциалын олуттуу түшүрөт.

2. Максаттарга жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Жалпысынан алганда гендердик көрсөткүчтөрдүн терс тенденциясы 2015-жылга карата МӨМ-3 жетишүү арсар деп айтууга мүмкүндүк берет. 2010-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү Стратегиясында Кыргызстан тарабынан гендердик теңчилик жана адам укуктары боюнча эл аралык жана улуттук милдеттенмелер кабыл алынгандыгына карабастан кабыл алынган саясаттарды пландаштыруунун, жүзөгө ашыруунун жана мониторинг жүргүзүүнүн милдеттүү элементтери болуп саналбай тургандыгы белгиленген. Гендердик саясатты жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баа берүүнүн натыйжалуу механизмдеринин, мыйзамдардын аткарылышын контролдоонун жоктугу гендердик теңчиликти алга илгерилетүү ченемдери, атап айтканда, квоталоо жана аялдардын саясий катышуусун колдоо ченемдери мыйзам чыгаруучу органдардын өздөрү тарабынан сакталбай калган учурга алып келет.

Өлкөнү өнүктүрүүнүн улуттук стратегиялары жана программалары гендердик бюджеттөөнү карабайт. Андан да атайын гендердик программалар финансы жагынан камсыз кылынбайт. 2012-жылы биринчи жолу (2012-2014-жылдарга гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук план (АУП)) гендердик саясатты жүзөгө ашыруунун наркы эсептелген, бирок аракеттенүүнүн гендердик пландарын түзүү этаптарына карабастан артыкчылыктуу багыттар кыскартылган жана эң кечиктирилгис чаралар тандалган, бюджет-

89 Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Пактты жүзөгө ашырууга мониторинг (ООН, 1996). Инновациялык чечим, 2013-ж.

те гендердик ажырым, бүгүнкү күндө 452 млн. сомду же ИДПнын бардык зарыл бюджетинин дээрлик 90%ын түзөт[90].

Муну менен бирге гендердик саясат боюнча ыйгарым укуктуу органдын абалы өтө туруктуу эмес. Гендердик саясат боюнча институттук механизмдердин чабалдыгы кодулоого каршы зарыл чараларды, анын ичинде ишке "бирдей кабыл алуу" саясатын, эмгектик жана үй-бүлөлүк милдеттердин балансын жана мамлекеттик, ошондой эле жеке жана бейформал эмгек секторлорунда сексуалдык асылууларды болтурбоону алга илгерилетүүнү олуттуу чектейт.

Гендердик саясат боюнча ыйгарым укуктуу органдын абалынын туруктуу эместигинин маселеси соңку жылдардагы саясий туруксуздукка байланыштуу өзгөчө курчуп кетти: бийлик алмашкан сайын ар бир жолу гендердик саясатты жүзөгө ашырууга жоопкерчиликтүү структура канчалык керек экендиги жөнүндө талаш-тартыш кайра башталат. Аялдар менен эркектердин бирдей укуктары жана бирдей мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө мыйзамга ылайык гендердик маселе боюнча ыйгарым укуктуу орган мамлекеттик башкаруу системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

Кризистик көрүнүштөр менен тереңдеген гендердик саясат жагындагы укуктук жана социалдык ченемдердин деформациясы жарандардын жалпы, ошондой эле жеке жашоо турмушуна түздөн-түз таасир тийгизет. Ачык мейкиндикте ал чечимдерди кабыл алуу процессине аялдар менен эркектердин жеткиликтүүлүгүнүн бирдей эместигин шарттайт. Жеке жана кесиптик иште бул гендердик сегрегацияны, теңсиздикти, анын ичинде гендердик зомбулукту, үй-бүлөдөгү зомбулукту күчөтүүгө алып келет[91].

Алсак, үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чегип кризистик борборлорго жана башка социалдык-психологиялык жардам көрсөткөн адистештирилген мекемелерге кайрылгандардын саны көбөйүп жатат[92]. Көп учурда үй-бүлөлүк зомбулуктун ар кандай формаларынан аялдар жапа чегет. Жыл сайын ондогон адамдар үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепетинен киши өлтүрүүнүн курмандыктары болуп калат. Үй-бүлөдө балдарга зомбулук, анын ичинде сексуалдык зомбулук көрсөтүүнүн саны да өсүп жатат. Аялдардын ар кандай топторунун абалын изилдөө зомбулук көп учурда кайчылаш мүнөздө боло тургандыгын көрсөтөт: аялдардын этностук жана аймактык таандыктыгына, курагы, ден соолугунун абалы, сексуалдык багыты жана гендердик бирдейлигине жараша чабалдыгы[93]. Муну менен бирге кризистик борборлордун кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүк, өзгөчө айылдык аялдар үчүн өтө чектелүү.

Маселе зомбулуктун алдын алуу жана жапа чеккендерди коргоо жагына мамлекеттик инвестиция жумшалбагандык менен курчуйт. Изилдөө үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепетинен киши өлтүрүлгөн бир учурга түздөн-түз чыгымдар гана 1,5 миллион сомдон ашат[94]. Саясатчылар мамлекет жапа чеккендердин медициналык жана социалдык мекемелерге, укук коргоо органдарына жана соттук инстанцияларга кайрылуусу менен байланышкан зомбулуктун оор кесепеттеринен зор чыгымдарга туш болуп жаткандыгынын фактысын эсепке алышпайт.

Ушул фонддун жаш келиндердин чет өлкөлөргө чыгууга болгон укуктарын чектөө боюнча парламенттин депутаттарынын соңку демилгелери өтө кооптуу сигнал катары көрүнөт, бул үчүн мигрант-аялдарга зомбулук көрсөтүү учурлары себеп болгон. Бул демилгенин мүнөзү алар зомбулук фактыларынын өзүнөн улам эмес, аялдардын турмуштук стратегиясына тиешелүү чечимдерди өз алдынча кабыл алууга аялдардын жөндөмдүүлүктөрүнө жана укуктарына тиешелүү жаман ойлор жана жалган көз карашка негизделгендигин көрсөтүп турат. Ушундай демилгелерди алга илгерилетүүгө патриархалдык идеологияны пропагандалаган диний уюмдардын жана мекемелердин мамлекеттик деңгээлде таасирин күчөтүүгө көмөк көрсөтөт.

Аялдардын укуктарын бузуу, андан тышкары, аялдар кыймылдарынын уюмдарынын жигердүүлүгү төмөндөп жаткандыгы менен шартталган, бул жаштардын теңчилик дөөлөттөрүнө кызыгуу деңгээлинин төмөндүгү менен байланышкан, бул өз кезегинде жаштар арасында диний маанайдын жана жаштардын эмгектик миграциясынын масштабынын өсүшү менен байланышкан.

---

90 Gender Challanges of Aid Effectiveness. Инновациялык чечим. Бишкек. 2013-ж.

91 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүүнүн Улуттук старатегиясы.

92 КР УСК, "Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери" жыйнагы, 2012-ж.

93 Кененирээк караңыз: улгайган адамдарга карата зомбулук: Кыргызстанда улгайган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктарды изилдөө натыйжаларына кыскача баяндама. 2012-ж.. http://www.helpageeeca.org/where-we-work/kyrgyzstan/; Report on Kyrgyzstan: 8th Round of the Universal Periodic Review – May 2010. http://www.labrys.kg/index.php?cat=23; Кыргызстандагы инклюзивдик билим берүү: майыптыгы бар балдарды билим берүү процессине тартуу үчүн өнүктүрүү маселелери жана келечектери. С. Дыйканбаева, "Майып-балдардын ата-энелеринин Ассоциациясы" КБ, Адам укуктарынын ар жылдыгы, 2013-ж.; "ВИЧке чалдыккан аялдардын аялуулугуна жана гендердик негиздеги зомбулуктун курмандыктарына баа берүү боюнча изилдөөлөр" отчёт. ПРООН, Кыргызстан 2012-ж.

94 "Үй-бүлөдөгү зомбулук канча турат?" долбоорунун материалдары. Бишкек, 2012-ж.

3. Негизги алынган таалимдер

Жогоруда баяндалгандарга негизденүү менен 2015-жылдан кийинки күн тартибин түзүүдө төмөнкү таалимдерге көңүл буруу зарыл:

Мамлекет тарабынан өнүгүүнүн гендердик максаттарын берүүнүн жоктугу алардын маргиналдашуу тобокелдигин көбөйтөт, ал глобалдык деңгээлде орун алат. Алсак, гендердик теңчиликти донордук колдоо, эреже катары, билим берүү жана саламаттыкты сактоо секторлору менен чектелген. Экономиканы жана өндүрүштү өнүктүрүү үчүн тышкы жардам иш жүзүндө гендердик өлчөөлөргө ээ эмес[95]. Ал эми улуттук деңгээлде Кыргызстандын тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, гендердик демилгелер стратегиялык негиздерге ээ болбосо да, дале болсо, кыйла фрагментүү мүнөзгө ээ, бул конкреттүү адамдар үчүн гендердик өнүктүрүү максаттары баалуулукту билдирбеген кырдаалга алып келет.

Адекваттуу бюджет жана аны пайдалануунун ачыктыгын камсыз кылуу болбосо өнүгүүнүн гендердик максаттарына жетишүүнүн натыйжалуу саясаты мүмкүн эмес. Жогоруда белгиленип кеткендей, 2012-2014-жылдарга ИДПны жүзөгө ашырууга бюджеттин 90%ы зарыл каражаттар менен камсыз болгон эмес. Бирок, процессти өлкөнүн ички булактарынан гана финансылоо мүмкүн эместиги айдан ачык. Дүйнөлүк банктын эксперттери жүргүзгөн тышкы ресурстарды эсептөө кирешеси төмөн өлкөдө МӨМдүн контекстинде теңчиликти алга илгерилетүү максатында интервенцияларды финансылоо үчүн жылына 13 млрд. АКШ доллары талап кылына тургандыгын көрсөтүп турат[96]. Чындыгында донордук агенттик тарабынан бул чөйрөгө канча каражат жумшала тургандыгы ачык бойдон калууда.

Гендердик зомбулук, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук алдыга коюлган максаттарга жетишүүнү кыйла кыйындатат. "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы (2003-ж.) практикалык жүзөгө ашыруу механизмдери менен бекемделген эмес, бул муктаж болгондордун сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн өтө чектейт. Ушундай шартта гендердик негиздеги зомбулук практикасы барган сайын адаттагы, көнүмүш мүнөзгө өтүп, эң оболу аялдардын чабалдыгын күчөтөт.

Жарандык коомдун уюмдарынын, атап айтканда, аялдар уюмдарынын чабалдыгы аларга өнүгүүнүн гендердик максаттарына жетишүүгө багытталган саясатты колдой албай жатат. Коомдук уюмдар гендердик теңчиликти алга илгерилетүүгө өтө кызыкдар күч болуп саналат. Бирок, мамлекеттик, ошондой эле эл аралык институттар жана агенттиктер тарабынан аларды колдоосуз алардын ички потенциалы толук өлчөмүндө жүзөгө ашырылбай калат.

Ошентип, максаттарга жетишүүгө тоскоолдук кылган кыйынчылыктар жана таалим алуу аларды чечүү үчүн чаралардын комплексин кабыл алууну талап кылган системалык, символикалык жана жүрүм-турум мүнөзүндөгү маселелер менен байланышкан.

4. Максаттарга жетишүү максатында саясатты өркүндөтүү боюнча рекомендациялар

Андан аркы аракеттер жана рекомендациялар

Аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде гендердик теңдештикке жетишүү 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиянын жана 2012-2014-жылдарга аракеттенүүнүн Улуттук планынын артыкчылыктуу багыттары болуп саналат. 2012-жылы кабыл алынган ООНдун 1325, 1820-Резолюциялары боюнча аракеттенүү Пландарын кабыл алуу аялдардын экономикалык жана саясий укуктарын алга илгерилетүү боюнча максаттарды камтыйт. МӨМ-3 прогрессин камсыз кылуу боюнча андан аркы аракеттер кабыл алынган стратегиялык документтерге ылайык жана мамлекеттик бюджеттен тийиштүү каражаттарды бөлүүнүн негизинде жүзөгө ашырылууга тийиш. Алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн эң оболу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, гендердик теңчилик боюнча ыйгарым укуктуу органды чыңдоо – анын статусун жана потенциалын жогорулатуу жана аялдар менен эркектер үчүн бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө мыйзамдын талаптарын мамлекеттик органдардын сакташына парламенттик контролду жана прокурордук көзөмөлдү камсыз кылуу зарыл болуп саналат.

Максатка багытталган изилдөөлөрдүн[97] натыйжаларына

95 Gender Challenges of Aid Effectiveness. Инновациялык чечим. Бишкек. 2013-ж.

96 Gender equality now. Accelerating the Achievements of the MDG. http://unifem.org/attachments/products/GenderEqualityNow.pdf

97 Мисалы, бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө Мыйзамды жүзөгө ашырууга мониторингдин жана экономикалык, социалдык жана мада ний укуктар жөнүндө пактты мониторингдин натыйжалары боюнча жогоруда аталган отчетторду караңыз.

негизденүү менен гендердик көрсөткүчтөрдү жакшыртуунун актуалдуу чараларына төмөнкүлөрдү түздөн-түз кошууга болот:

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

- саясаттарды жана гендердик теңчиликти жүзөгө ашыруунун практикалык механизмдерин күчөтүүгө багытталган мыйзамдарды өркүндөтүү;
- гендердик теңчилик, анын ичинде гендердик теңчилик, анын ичинде гендердик зомбулуктан коргоо жөнүндө мыйзамдардын ченемдерин сактоого парламенттик контроль жана прокурордук көзөмөлдү чыңдоо;
- билим берүү уюмдарынын функциялык тизмесине жана мандатына мектеп окуучулары менен студенттердин алардын жынысы үчүн салттуу болбогон кесиптерди өздөштүрүшүнө түрткү берүү максатында кесиптерди аныктоо маселелерин кошуу;
- мектептик жана кесиптик билим берүү деңгээлдеринде гендердик-сезимтал кесиптик багыт берүү кампанияларын жүргүзүү;
- жумуш ордунда кодулоого каршы саясатты, анын ичинде эмгек процессинин бардык этаптарында үй-бүлөлүк абал боюнча кодулоону жана жумуш ордунда асылууну жокко чыгарган ченемдер системасын колдоо, ошондой эле жумуш ордунда гендердик сезимталдык режимдерди, анын ичинде иш менен камсыз кылуунун ийкемдүү формаларын жана балдарды багууга эркектерди тартуунун механизмдерин алга илгерилеткен механизмдерди сынамыктоо;
- экономиканын ар кайсы (мамлекеттик, жеке, бейформал) секторлорунда гендердик факторлорду жана кодулабоо принциптерин эске алуу менен эмгектик укуктарды жүзөгө ашыруу моделдерин сынамыктоо;
- эмгектик мамилелердин бардык жактарында аялдар менен эркектердин эмгек акысынын деңгээлдеринин ортосундагы ажырымды кыскартуу жагына болгон дурус өзгөрүүлөрдү бекемдөө.

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

- көп түрдүүлүк, ачыктык жана отчёттуулук принциптерин эске алуу менен адамдык өнүктүрүүнүн индикаторлорунун негизинде жакшылап эсептелген жана бюджет менен камсыз кылынган мамлекеттик программаларды жүзөгө ашыруу аркылуу аялдар менен эркектер үчүн кесиптик билим алууга жана татыктуу иш табууга болгон укукту кепилдөөнү камсыз кылуу;
- статистикалык маалыматтарды өркүндөтүүнүн, анын ичинде үй чарбачылыгын жүргүзүүнүн алкагында үй-бүлө мүчөлөрүнүн акы төлөнбөгөн эмгегинин аспекттерин жана билим берүү траекторияларын жана гендердик өзгөчөлүктү эске алуу менен калктын экономикалык жигердүүлүгүнүн божомолдорунун негизинде эмгек рыногун өнүктүрүүнүн гендердик факторлорун талдоо системасын институтташтыруу;
- аялдардын өзүнө баа берүүсүн жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу максатында аялдар үчүн салттуу эмес эмгек чөйрөсүндө ар кандай кесиптерди өздөштүрүүгө басым жасоо менен кызматкер аялдардын ийгиликтүү мисалдарын пропагандалоо, ошондой эле өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө аялдардын салымын ЖМК аркылуу алга илгерилетүү жана көрсөтүү;
- башкаруу жана бийликтин шайлануучу жана аткаруу органдарынын деңгээлинде квоталоо механизмдерин кеңейтүү жана чыңдоо жана чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлинде гендердик өкүлчүлүккө системалуу мониторинг жүргүзүү жана статистиканы өркүндөтүү;
- ар кандай секторлордо – мамлекеттик, коомдук жана жеке секторлордо жетекчилер менен кызматкерлердин гендердик компетенциясын жогорулатуу системасын институтташтыруу, ошондой эле уюштуруу, ошондой эле ишмердик деңгээлдеринде гендердик теңчилик саясатын алга илгерилеткендиги үчүн иш берүүчүлөрдү сыйлоо;
- гендердик теңсиздикти жана зомбулукту, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо боюнча кампанияны өнүктүрүү жана фундаментализмге (неолибералдык, диний ж.б. формадагы) каршы туруу боюнча масштабдуу программаларды иштеп чыгуу;
- аялдардын саясий лидерлигин, өзгөчө жаштар жана айылдык аялдар арасында колдоонун механизмдерин кеңейтүү жана институтташтыруу жана жарандык коомдун уюмдарын чыңдоо.

4-БӨЛҮК.
БАЛДАРДЫН ӨЛҮМҮН КЫСКАРТУУ

4-бөлүк.
Балдардын өлүмүн кыскартуу

Милдет

1990-2015-жылдардын ичинде 5 жашка чейинки курактагы балдар арасында өлүмгө учуроону үчтөн экиге төмөндөтүү

33-сүрөт. МӨМ-4 боюнча максаттуу индикаторлорго жетишүү



Булак: КР УСК

1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

1.1. МӨМдүн негизги индикаторлорунун динамикасы

Соңку жылдары 5 жашка чейинки балдардын өлүмү (балдардын өлүмү) туруктуу төмөндөө тенденциясына ээ, ал 2012-жылы 1990-жылдагы 43,1 базалык көрсөткүчкө караганда 23,4 промиллге азайган.

13-кыстырма. 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун "Ден соолук" Улуттук программасы

"Манас" жана "Манас Таалими" Улуттук программасынын жетишкендиктерине негизденүү менен 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун "Ден соолук" Улуттук программасын кабыл алган. "Ден соолук" Программасы калкты алардын социалдык статусуна, гендердик айырмачылыктарына жана камсыздандыруу статусуна карабастан сапаттуу медициналык-санитардык жана алдын-алуу кызмат көрсөтүүлөрү менен универсалдуу (жалпы) камтууну камсыз кылууга багытталган. "Ден соолук" Программасы "Манас Таалими" программасындагы төрт артыкчылыктуу багытты: эненин жана баланын ден соолугун коргоону; жүрөк-кан тамыр ооруларынын жана алардын өтүшүп кетишин алдын-алууну; кургак учукка контролдук кылууну жана ВИЧ-инфекциянын таркашын чектөөнү көздөйт. Программанын багыттарынан көрүнүп тургандай, ал кыйла өлчөмдө МӨМ 3-5 жетишүү маселелерине байланышкан.

"Ден соолук" Программасында саламаттыкты сактоо системасын чыңдоо узак жылдар бою ден соолук көрсөткүчүн жакшыртууга жетишүү үчүн зарыл болгон негизги медициналык кызмат көрсөтүүлөр менен калкты камтууга тоскоолдук болгон бөгөттөрдү аныктоо жана жоюу жолу менен пландаштырылган.

"Ден соолук" Программасынын айырмалоочу белгиси бардык программалык иштер калктын ден соолугунун көрсөткүчтөрүн жакшыртууда макулдашылган күтүлгөн натыйжалар, ошондой эле негизги медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү (жеке жана коомдук саламаттыкты сактоо) жакшыртуу менен аныкталат жана адамдардын ден соолугунун артыкчылык сапаттары жана алардын медициналык кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөлөрү катары көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Республикада 2012-жыл ичинде наристелердин (1 жашка чейин) өлүмүнүн көрсөткүчү (2011-жылдагы тирүү төрөлгөн 1000 балага 21,1) 5,2 пайызга төмөндөө менен 20,0 промиллди түздү[98].

14-кыстырма. МӨМ-4 индикаторлорун аныктоонун методологиясы

Балдардын жана наристелердин өлүмү боюнча расмий статистиканы эл аралык статистика менен салыштыруу максатында жана МӨМ-4 жетишүүнү эсептөө боюнча ДСУнун базалык көрсөткүч катары кабыл алган тирүү төрөлүү жана өлүү төрөлүү критерийлерине өтүүгө байланыштуу 2004-жыл үчүн балдардын жана наристелердин өлүмүнүн коэффициенти алынган.

34-сүрөт. Балдардын өлүмү (тирүү төрөлгөн 1000 балага)



Булак: КР УСК, Көп индикатордуу кластердик изилдөө (КИКИ) – 2006-ж., ЮНИСЕФ. Медико-демографиялык изилдөө (МДИ, 1997-ж.), МДИнин алдын-ала отчёту, (MEASURE DHS, ICFInternational, Calverton, Maryland, UnitedStates; UNFPA) 2012-ж.

35-сүрөт. Наристелердин өлүмү (тирүү төрөлгөн 1000 балага)



Булак: КР УСК, Көп индикатордуу кластердик изилдөө (КИКИ) – 2006-ж., ЮНИСЕФ. Медико-демографиялык изилдөө (МДИ, 1997-ж.), МДИнин алдын-ала отчёту, (MEASURE DHS, ICFInternational, Calverton, Maryland, UnitedStates; UNFPA) 2012-ж.

98 Улуттук статистикалык комитет

2004-жылы ДСУ рекомендация кылган тирүү төрөлүү жана өлүү төрөлүү критерийлерине өтүү менен республикада неонаталдык өлүмдөрдү каттоонун көбөйгөндүгүнө байланыштуу наристелердин өлүмүнүн болжолдонгон өсүшү белгиленген (2004-ж. – тирүү төрөлгөн 1000 балага 25,7; 2007-ж. – 30,6, Улуттук статкомитет, Саламаттыкты сактоо министрлиги - 32,6)[99]. Бирок, балдардын өлүмүнүн расмий маалыматтары кээ бир өлүмгө учуроо фактылары катталбай, жашырылып же туура эмес квалификацияланып калгандыктан төмөндөтүлгөн бойдон калууда[100].

Расмий мамлекеттик статистиканын көрсөткүчтөрү менен соңку жылдары эл аралык уюмдардын (ЮНИСЕФ, ЮСАИД) колдоосу менен жүргүзүлгөн тандап изилдөөнүн маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктардын кыскарышы тирүү төрөлгөн жана өлүү төрөлгөндөрдү каттоонун жакшыргандыгын көрсөтөт[101].

Клиникалык практикага далилдик негиздерге ээ болгон программаларды (перинаталдык көз болуунун негиздери, бала чактагы ооруларды интеграциялык жүргүзүү, тамактануу статусун жакшыртуу, анын ичинде үйдөгү тамакты минералдардын жана "Гүлазык" витамини менен байытуу ж.б.) киргизүү, ошондой эле «Манас Таалими» жана «Ден Соолук», программалары камтыган саламаттыкты сактоонун бардык секторлорун колдоо балдардын жана наристелердин өлүмүн туруктуу азайтууга көмөк көрсөтүүчү негизги фактор болуп калган.

1997-жылы МДИ алган изилдөөлөрдүн 2006-жылы КИКИнин натыйжалары менен салыштырмалуу натыйжалары, ошондой эле 2012-жылдагы МДИнин алдын-ала маалыматтары наристелердин өлүмүнүн көрсөткүчү 66,0дөн 27,0гө чейин, 5 жашка чейинки балдардын өлүмү – 72,3төн 31,0гө чейин төмөндөгөндүгүн далилдеп турат.

8-таблица.

Коэффициент	1997 МДИ	2006 КИКИ	2012 МДИ
Наристелердин өлүмү	66.0	38.0	27.0
Балдардын өлүмү	72.3	44.0	31.0

Эркек балдар арасында наристелердин жана балдардын өлүмүнүн коэффициенти кыздарга караганда 19%га жогору. Алсак, 2012-жылы кыздар арасында наристелердин өлүмү 17,9 промиллди, эркек балдар арасында – 21,9 промиллди түзгөн, балдардын өлүмүнүн коэффициенти кыздар арасында 20,8 промиллди, балдар арасында 25,9 промиллди түздү (КР УСК).

1.2. Өлүмгө учуроонун негизги себептери

Наристелердин өлүмүнүн негизги себептери[102] болуп перинаталдык мезгилде пайда болгон абал – 63,5%, дем алуу органдарынын оорусу – 13,7%, тубаса аномалия – 13,6 %, инфекциялык жана мите оорулары – 4,6% саналат.

36-сүрөт. 2012-жылы наристелердин өлүмүнүн себептеринин стратегиясы



Булак: КР УСК

99 2008-2017-жылдары Кыргыз Республикасында перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча Программа, КР СМ, 2008-ж.

100 Кыргызстанда жана Чүй облусунда аялдардын жана жаңы төрөлгөн балдардын ден соолугу. Зульфикар А. Бутта. ЮНИСЕФ. 2009-ж.

101 Кыргызстанда жана Чүй облусунда аялдардын жана жаңы төрөлгөн балдардын ден соолугу. Баа берүү жана негиздүү кийлигишүү. Зульфикар А. Бутта. ЮНИСЕФ., 2009-ж.

102 Улуттук статистикалык комитет.

Перинаталдык мезгилде балдардын өлүмүнүн жогорку көрсөткүчтөрү көрсөтүлүп жаткан медициналык кызматтардын сапаты менен гана эмес, ошондой эле өлкөнүн социалдык-экономикалык абалына байланышкан. Бул жөнүндө алыскы айылдарда, өзгөчө ҮДТ/ФАПтардын, ооруканалардын ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүгүнүн чектелүү экендиги, балдар бөлүмдөрүндө, анын ичинде реанимациялык бөлүмдөрдө сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү үчүн зарыл жабдуулардын минималдуу тизмесинин кемчилдиги далилдеп турат, андан тышкары айылдык жолдордун көпчүлүгү шагыл төгүлгөн, бузулган, бул энелердин дарылоо уюмдарынан тез арада жетишин кыйындатат.

Ичилүүчү таза суу менен өтө начар камсыз болгон региондордо балдардын инфекциялык жана мите ооруларынан өлүмгө учурашы – Баткен (2010-жылы – 7,9% жана 2011-жылы – 10,7%) жана Ош (2010-жылы – 8,9% жана 2011-жылы – 7,9%) облустарында белгиленген. Ош шаарында балдардын өлүмүнүн көбөйүшү шаардык ооруканаларга алыскы региондордон оорусу өтүшүп кеткендердин келишине, ошондой эле шаарга көчүп келген маргиналдашкан калктын көп санынын жашоо шарттарынын начарлыгы менен байланышкан.

Балдардын 80%га жакыны ооруканага жаткырылгандан кийин алгачкы 24 сааттын ичинде же жоюуга болбой турган себептерден улам – инфекциялык катуу оорулардан (ОРИ жана ОИКИ)[103] үйүндө каза болот.

Наристелердин өлүмүнүн курактык структурасында үчтөн экиден ашыгы неонаталдык мезгилде (0-27 күн) өлгөн балдарга туура келет, алардын ичинен өлүмдүн 80%ы баштапкы неонаталдык мезгилге (0-6) туура келет[104].

Бул кырдаалды өзгөртүү үчүн Саламаттыкты сактоо министрлиги (КР СМ) 2008-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча Программаны кабыл алган. Бул программа перинаталдык жардамды региондоштуруу системасын киргизүүгө негизделген. Азыркы учурга карата: а) далилдик натыйжалуулук менен артыкчылыктуу интервенцияларды кошуу менен клиникалык протоколдор кайра каралган жана бекитилген; б) республиканын мурда камтылбаган облустарында натыйжалуу перинаталдык технологияларды этап боюнча кеңейтүү жүргүзүлүп жатат; в) медициналык жардам көрсөтүүнүн ар бир деңгээли үчүн перинаталдык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакеттери иштелип чыккан[105]. Боюнда бар аялдарга жана жаңы төрөлгөн балдарга жардам көрсөтүүдө региондоштуруу принциптерин киргизүү балдардын неонаталдык өлүмүн азайтуунун эсебинен наристелердин өлүмгө учурашын жакшыртууга таасир тийгизди[106].

Макулдашуу боюнча балдардын төрөлүү фактыларын 2010-жыл ичинде Баткен облусунда жана 2011-жылы – Ош жана Жалал-Абад облустарында ЗАГСтарда каттоону изилдөө төрөлгөн балдарды каттоонун жогорку деңгээли белгиленгендигин айкындаган, ал облустар боюнча 99,0%дан 90,8%га чейин[107] өзгөрүп турган, бул дурус тренд болуп саналат.

Жаңы төрөлгөндөрдү каттоону киргизүүнүн аркасында өлүмгө учроо учурларын каттоо системасы жакшырды.

2010- жана 2012-жылдары балдардын жана наристелердин өлүмүнүн салыштырмалуу көрсөткүчү Ош шаарынан тышкары, бардык региондордо өлүмдүн кыскаргандыгын көрсөткөн. Балдардын өлүмүнүн кыйла азайышы Баткен, Талас, Ош облустарында жана Бишкек шаарында белгиленген, бул программаларды, анын ичинде перинаталдык жардам программасын ийгиликтүү киргизүү, ал эми Баткен облусунда стационардын деңгээлинде ИВБДВ программасын киргизүү менен түшүндүрүлөт. Ош шаарында өлүмдүн көбөйгөндүгү белгиленген, бул оорусу өтүшүп келген балдардын алыскы региондордон көбөйгөндүгү, ошондой эле начар шартта жашаган калктын зор миграциясы менен байланышкан[108].

---

103 Балдардын өлүмүнүн социалдык-медициналык себептери. ЮНИСЕФ, 2011-ж.

104 2008-2017-жылдары Кыргыз Республикасында перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча Программа.

105 Кыргыз Республикасындагы энелердин өлүмү: тенденцияларга баяндама.Алдын ала версия. 2012-ж. Дүйнөлүк Банк.

106 Отчет. Бишкек шаарында жана Кыргызстандын түштүк регионунда балдарга стационардык жардамга баа берүү. ЮНИСЕФ. 2013-ж.

107 Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарынын программалык региондорунда төрөттү каттоонун толуктугу боюнча изилдөө. Социалдык теңчилик боюнча ЮНИСЕФ/ДИФИД программасын жүзөгө ашырууга тышкы мониторинг жүргүзүү жөнүндө отчёт, ЮНИСЕФ, 2012-ж.

108 Кыргызстанда жана Чүй облусунда аялдардын жана жаңы төрөлгөн балдардын ден соолугу. Баа берүү жана негиздүү кийлигишүү. Зульфикар А. Бутта, Я.П. Хан; Энелердин жана балдардын ден соолугу бөлүмү, Ага Хан Университети (Пакистан), КР СМ жана КР ЮНИСЕФ менен бирдикте, 2009-ж.

37-сүрөт. Региондор боюнча балдардын өлүмү (тирүү төрөлгөн 1000 балага)



Булак: КР УСК

38-сүрөт. Региондор боюнча наристелер өлүмү (тирүү төрөлгөн 1000 балага)



Булак: КР УСК

2010-жылы Борбордук Азиянын бир катар өлкөлөрүндө шал оорусунун учурлары белгиленген. Буга жооп иретинде Кыргызстанда эмдөө боюнча регионду 2 этаптуу кампания уюштурулган, ушунун аркасында Кыргызстанда шал оорусунун учурлары болгон эмес. Кыргызстан шал оорусунан эркин өлкөнүн статусуна ээ[109] - 18 жылдан бери республикада бул оору катталган эмес.

Соңку беш жылдын ичинде республикада кептөөр оорусу катталган эмес.

2012-жылы алдын-алуу эмдөөлөрдүн бардык түрлөрү менен улуттук деңгээлде камтуу 95,6%ды түзгөн, муну менен бирге кызамыкка каршы эмдөө менен балдардын 97,6 %ы камтылган[110].

Саламаттыкты сактоо системасын мамлекеттик финансылоонун көбөйүшүнүн натыйжасында төрөткө көмөктөшүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн, 5 жашка чейинки балдарга жана улгайган жарандарга медициналык кызмат көрсөтүү үчүн чогуу төлөө алып салынган, дарылоо мекемелерин дары-дармектер менен жабдуу жакшырды, дары каражаттары үчүн жеңиичинен акча төлөө кыскарган.

ЮНИСЕФ менен ДБнын[111] баасы боюнча Кыргыз Республикасында беш жашка чейинки балдардын арасындагы 1547 өлүм учурунун 21,8%ында тамактануу статусунун бузулгандыгы, балдардын өлүмүнүн 50%ында балдардын боюнун өсүшүнүн жайбаракаттыгы же оор даражасы белгиленген. Тамактануу статусунун бузулгандыгынын кесепетинен өлүмгө учуроодон финансылык чыгымдар 4,5 миллион АКШ долларын түздү. Мындай чыгымдардын кыйла бөлүгүн тамактануунун бузулуу масштабын кыскартуу программасын инвестициялоо жолу менен жоюуга болот.

Балдар арасында аз кандуулук кеңири таркаган. Аз кандуулук жашоосунун алгачкы 5 жашында балдардын 26,1%ында белгиленген, бирок аз кандуулуктун таркашынын эң жогорку көрсөткүчү өтө чабал куракта – жашоосунун алгачкы эки жылында (39,3 %) белгиленген[112]. Муну менен бирге балдардын аз кандуулугу көбүрөөк - 28,4% катталган, ал кыздарда - 23,6% болгон. Айыл жериндеги балдардын үчтөн бири аз кандуулуктан жапа чегет[113].

Балдар арасында аз кандуулуктун таркашын азайтуу максатында 2009-жылы КР СМ 6-24 айлык балдардын үй тамактарын "Гүлазык" витаминдик-минералдык кошулмалар менен байытуу боюнча программаны киргизе баштаган. Бул программанын башкы артыкчылыгы микронутриенттик мамиледе турат.

Комплекстүү программанын таасирине баа берүүдө ал киргизилгенден бир аз өткөндөн кийин аз кандуулуктун таркашынын 26% пунктка кыскаргандыгы белгиленген. Азыркы учурда бул программа улуттук деңгээлде киргизилип жатат жана республика боюнча 6-14 айлык курактагы 180 000 ашык бала "Гүлазык" витаминдик-минералдык кошулмаларын алып жатат.

"Ден соолук маселелери боюнча жамааттардын аракеттери" (ДМЖА) программасы КР СМ тарабынан жамааттарды узак мөөнөткө мобилизациялоонун жана ден соолукту чыңдоонун негизги механизми катары таанылган. ДМЖА ден соолук жагындагы өздөрүнүн биринчи даражадагы маселелерин чечүү үчүн жергиликтүү жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет жана бүткүл өлкө боюнча Айылдык ден соолук комитеттерин (АДК) түзүүгө көмөк көрсөтөт. Бул процессте саламаттыкты сактоо министрлиги, БМСЖ уюмдары жана ден соолукту чыңдоо кызматтары негизги өнөктөр болуп саналат. Соңку мезгилде өлкө боюнча иштеп жаткан АДКлардын саны 1200 ашты[114]. АДК аркылуу калкты боюнда бар аялдардын, эрте жаштагы (ИГВ, ГВ жана кошумча тоюнтуу, балдардын үйдөгү тамагын микронутриенттик тамак-аш кошулмалары менен байытуу) жана ооруларынын коркунучтуу белгилери бар балдардын тамактануусунун маселелери боюнча окутуу улантылып жатат. АДК айылдардын көпчүлүк калкына маалыматтарды жеткирүүнүн маанилүү булагы болуп калды. Алсак, Талас облусунда боюнда болгон жана эмчек эмизген кезде тамактануунун рациону жөнүндө маалымат булактары жөнүндө энелерди сурамжылоодо боюнда бар аялдардын 80%ы жана жаш энелердин 60%ы негизги маалыматты алар АДКлардан ала тургандыктарын айтышкан[115].

---

109 ДСУнун Европа бюросунун 21.06.2002-жылдагы сертификаты.

110 РИБдин маалыматтары 2012-ж.

111 Дүйнөлүк банк/ЮНИСЕФ Кырдаалды талдоо. Кыргызстанда тамактанууну жакшыртуу программасын кеңейтүү жолу менен экономикалык натыйжаларды жакшыртуу, 2011-ж.

112 6-59 айлык курактагы балдардын жана алардын энелеринин тамактануу статусун Улуттук изилдөө. Кыргызстан, ЮНИСЕФ 2009-ж.

113 6-59 айлык курактагы балдардын жана алардын энелеринин тамактануу статусун Улуттук изилдөө. ЮНИСЕФ 2009-ж.

114 2012-2016-жылдарга "Ден соолук" Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун Улуттук программасы.

115 Отчет. Кыргыз Республикасынын "Манас Таалими" Улуттук программасын жүзөгө ашырууга баа берүү. Апрель 2011-ж., 39-б.

15-кыстырма. Дурус тажрыйбанын мисалы: Баткен облусунда “Кедей жана алыскы райондордо социалдык тең укуктуулукка көмөк көрсөтүү” сынамык долбоору

ЮНИСЕФдин Баткен облусунда “Кедей жана алыскы райондордо социалдык тең укуктуулукка көмөк көрсөтүү” сынамык долбоору 2011-жылы эрте жаштагы балдарга көз болуу жана багуу жагында дурус натыйжаларды көрсөттү.

Долбоор үч компоненттен турат: а) адилеттүү, сапаттуу системалар жана балдарга мамиле кылуу системасы; б) социалдык сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү; в) өспүрүмдөр менен жаштардын жарандык катышуусу жана баланын укуктары боюнча өнөктөштүк.

Долбоорду ишке киргизүүнүн натыйжасында медициналык сапаттуу кызмат көрсөтүүгө аялуу аялдар менен балдардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу боюнча мамилелер иштелип чыккан, аялдардын 92%ы тез арада ооруканага жаткыруу зарыл болгон балдардын ооруларынын эки жана андан ашык симптомдору жөнүндө кабардар болушту. Аялдардын 58%ы бойго бүтүүнүн кыйындашынын үч жана андан ашык белгилери жөнүндө билишет. Долбоорду ишке киргизүү процессинде өзгөчө муктаж болгон 121 бала табылган. Алардын ар бири үчүн билим берүү программаларына жана багуу боюнча программаларга интеграциялоонун негизинде социалдашуу процессин колдоого багытталган өнүгүүнүн жеке пландары иштелип чыккан.

Теңчилик принциптери боюнча өтө кедей жана үй-жайсыз калган балдарды бардык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылууга багытталган кеңири сектордук мамиле Кыргызстандын Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүүдөгү прогрессин тездете алат.

Булак: Социалдык тең укуктарга көңүл топтоо. Стратегиялык документ, Кыргызстан 2012-ж. ЮНИСЕФ.

Кыргызстан биринчилерден болуп 2011-жылы[116] аялдар менен балдардын ден соолугун коргоонун Глобалдык стратегиясынын негизги принциптерин аткаруу боюнча милдеттенмелерди кабыл алган.

Вашингтондо 2012-жылы июнда болгон балдардын өмүрүн коргоо боюнча эл аралык “Балдардын аман калышы үчүн аракеттенүүгө чакырык” Кыргызстан 2035-жылга карата балдардын өлүмүн кыйла кыскартуу милдеттенмесине кол коюу менен бул көрсөткүчтү тирүү төрөлгөн 1000 балага 20 өлүмгө чейин кыскартуу менен дүйнөнүн 80 өлкөсүнө кошулган.

16-кыстырма. Балдардын өлүмүн кыскартууда 2012-жылы глобалдык эсептөөлөрдүн негизинде Кыргызстан МӨМ-4 жетишүү жолунда турган аз сандагы өлкөлөрдүн тобуна киргендиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыйла зор жетишкендиги болуп калды

Глобалдык эсеп курамына ЮНИСЕФ, ДСУ, Дүйнөлүк банк жана ООНдун калк Фонду кирген ведомстволор аралык топ (UN-IGME) тарабынан жүргүзүлгөн. Бул топ 2004-жылы балдардын өлүмү боюнча маалыматтарды алмашуу, ООН системасынын алкагында баа берүүлөрдү макулдашуу, балдардын өлүмүнө баа берүү боюнча ыкмаларды өркүндөтүү үчүн, Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүүдө прогресс жөнүндө отчётту даярдоо жана балдардын өлүмүнө үз убагында жана талаптагыдай баа берүү үчүн өлкөнүн потенциалын күчөтүү үчүн түзүлгөн.

Булак: Countdownto 2015. Maternal, Newborn & Child Survival.Building a Future for Women and Children. The 2012 Report., UNICEF, Statistics &Monitoring Section/Division of Policy and Strategy. Preparedon 21/02/2013.

Ошентип, соңку жылдары балдардын жана наристелердин өлүмүнүн коэффициентинин төмөндөө тенденциясы белгиленген, бирок, 2015-жылга карата динамиканы эске алганда максаттуу жана болжолдуу көрсөткүчтөрдүн ортосундагы ажырым кыйла жогору бойдон калууда. Бүгүнкү күндө балдардын өлүмүнүн көрсөткүчүнүн төмөндөшүнүн андан аркы тенденциясын сактап калуу керек, бул тандалган багытта көп күч-аракеттерди жана жигердүү аракеттерди талап кылат.

116 http://www.who.int/publications/list/pmnch_strategy_2010/ru/index.html

Кайра багыттоо системасы

Баштапкы, экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги уюмдардын функцияларын ажыратуу системасынын, ошондой эле оорулуу балдарды багыттоо жана кайра багыттоо системаларынын өркүндөтүлбөгөндүгү бир катар учурларда кайталоолорго, материалдык жана финансылык ресурстарды сарамжалсыз пайдалануурга алып келди, бул оптималдаштырууну талап кылат. Амбулатордук кардарлар үчүн тар адистерге жеткиликтүүлүк маселеси толук чечилген эмес. Кечиктирилгис медициналык жардам сапаттык жактан өнүккөн эмес. Үчүнчү деңгээлдеги көп уюмдар жогору технологиялык медициналык кызмат көрсөткөн уюмдардын деңгээлине чейин өнүккөн эмес.

Ошондой эле жеке медициналык уюмдардын жөнгө салуу механизмдери менен байланышкан кемчиликтер алардын контролсуз иштешине алып келди.

Клиникалык практика

Клиникалык практиканы өзгөртүү жана далилдик практика мамлекеттик, ошондой эле жеке сектордогу медициналык жардамдын бардык деңгээлинде ченем болуп калган шартты камсыз кылуу өтө татаал процесс болуп саналат.

Медициналык кадрлардын тартыштыгы менен катар балдарда кыйла кеңири таркаган ооруларды кароо боюнча саламаттыкты сактоонун биринчи, ошондой эле экинчи звенодогу врачтардын квалификациясынын төмөндүгү да белгиленген. Алсак, стационардык жардам көрсөтүүгө баа берүү балдарды негизсиз ооруканага жаткыруу учурларын көрсөттү: ооруканага жаткырылган балдардын ичинен 25-30%ы гана ага муктаж болгон. Бардык учурларда дарылоодо дары-дармектерди артыкбаш дайындоо, өзгөчө паренталдык дайындоо учурлары белгиленген, алардын ичинен 80%ы кан тамырга куюуга дайындалган[117].

Оорулардын коркунучтуу белгилери боюнча энелердин маалымдарлыгынын төмөндүгү энелердин 70%ынын медициналык жардам үчүн кеч кайрылгандыгына алып келген, бул стационарга жаткырылгандан кийин жана үйүндө алгачкы 24 саатта балдардын өлүмгө учурашына алып келген.

Медициналык документациялардын жана ата-энелерди сурамжылоонун натыйжаларын талдоо балдар стационарга жаткырылгандан кийин жана үйүндө алгачкы 24 саатта балдардын өлүмгө учурашы жеңе алгыс себептерден – инфекциялык катуу оорулардан (ОРИ жана ОИКИ) үйүндө каза болот.

Соңку жылдары энелердин медициналык кызматкерлерге ишенбестиги белгиленген, ушул себептен улам энелердин 12%ы элдик эмчилерге кайрылышкан[118].

Тез жардамга жеткиликтүүлүктүн төмөнкү деңгээли кечиктирилгис жардамдын өз убагында жана сапаттуу көрсөтүлүшүнүн төмөндөшүнө алып келет. Балдары чарчап калган айыл жеринде жашаган энелердин 77%ы гана кечиктирилгис медициналык жардамдын кызмат көрсөтүүсүнө жеткиликтүү болгон[119]. Балдарга саламаттыкты сактоонун стационардык, ошондой эле амбулаториялык деңгээлде кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү боюнча медициналык кызматкерлердин квалификациялык жөндөмдүүлүгү жетишсиз. Медициналык тез жардамдын бригадалар менен толукталышы жана автотранспорт менен жабдылышы менен байланышкан көйгөйлөр бар[120].

Стационардын эскирген инфраструктурасы балдарга сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүгө (суу, жылуулук, канализация, жабдуу ж.б) ылайык келбейт. Лабораториялык кызмат олуттуу жаңылоого муктаж.

Жамааттардын деңгээлиндеги иш

Калктын, анын ичинде балдардын ден соолугун чыңдоо жана сактоо боюнча программалар Саламаттыкты сактоо министрлигинин коомдук саламаттыкты сактоо кызматтары аркылуу жүргүзүлөт. Калкты далилдик негиздери бар программаларга (ИББДВ, ИБДОР, ЭПБ) окутуу боюнча коомдук саламаттыкты сактоо кызматтарынын иши күчөтүлгөндүгүнө

117 5 жашка чейинки балдарды жана боюнда бар аялдарды ооруканага жаткыруунун негиздүүлүгүн кырдаалдык талдоо. Саламаттыкты сактоо саясатын талдоо борбору. Бишкек 2009-ж.; Отчет. Кыргызстандын түндүк региондорунун пилоттук райондорунда балдарга стационардык жардамдашууга баа берүү. Марзия Лаззерини. ДСУ. Август. 2012-ж.;

Отчет. Бишкек шаарында жана Кыргызстандын Түштүк региондорунда балдарга стационардык жардам берүүнүн абалына баа берүү. ЮНИСЕФ. 2013-ж., 6-б.

118 Балдардын өлүмүнүн социалдык-медициналык себептери. ЮНИСЕФ, 2011-ж.

119 Балдардын өлүмүнүн социалдык-медициналык себептери. ЮНИСЕФ 2009-ж.

120 Баткен облусунда шашылыш медициналык жардам көрсөтүүгө талдоо жасоо жана баа берүү. ЮНИСЕФ. 2013-ж.

карабастан бүгүнкү күндө төмөнкүлөргө байланышкан бир катар бөгөттөр бар:

а) ден соолуктун социалдык детерминатын эске алуу менен сергек жашоо ыңгайын өнүктүрүү жана жугуштуу эмес оорулардын алдын-алуу маселесинде секторлор аралык мамиленин жоктугу;

б) өз ден соолугун сактоого жана чыңдоого калктын тартылышынын жетиштүү эместиги, ошондой эле коммуникациялык стратегиянын чабалдыгы;

в) коомдук саламаттыкты сактоо кызматтарынын ишинин заманбап талаптарга жатыктырылбаган механизмдери.

Кадрлар

Кыргыз Республикасынын айыл жериндеги жана алыскы райондордогу саламаттыкты сактоонун кадрлык ресурстарынын жетишсиздиги улам тереңдеп бара жатат. Маселе даярдалган кадрлардын абсолюттуу санында эмес, айылдык региондор үчүн зарыл адистердин (мисалы, үй-бүлөлүк медицина жагындагы врачтардын) санында, буга жаш адистерди тартуу үчүн социалдык жана экономикалык шарттардын жоктугу, ЖӨБ жана ҮМА органдарынын өкүлдөрүнүн жер-жерлерде кадрлар менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө начар тартылышы алып келет. Бүгүнкү күнгө карата эки негизги шартты адистердин иш ордун тандап алышы аныктайт – бул турак жайдын (социалдык пакет, социалдык инфраструктуранын өнүгүү даражасы) жана эмгек акынын өлчөмү.

Азыркы учурда врачтарды тандоо принциптери “Алыскы райондордун, майда шаарлардын жана айыл жеринин саламаттыкты сактоо уюмдарында иштеген врачтарга кошумча дем берүү боюнча программага” ылайык өзгөртүлгөн[121]. Программага ылайык врачтардын депозиттик эсебине КР Саламаттыкты сактоо министрлиги саламаттыкты сактоо уюмунан тийиштүү жазуу жүзүндөгү билдирме алынгандан кийин 3 жыл бою квартал сайын 38692 сомдон которуп турууга тийиш.

Финансылоо

Жетиштүү финансылоо калкты саламаттыкты сактоонун экономикалык жактан натыйжалуу кызмат көрсөтүү менен максималдуу камтуу үчүн аныктоочу шарт болуп саналат. Саламаттыкты сактоо системасын мамлекеттик финансылоонун көбөйүшүнүн натыйжасында төрөткө көмөктөшүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн, 5 жашка чейинки балдарга жана улгайган жарандарга медициналык кызмат көрсөтүү үчүн чогуу төлөө алып салынган, дарылоо мекемелерин дары-дармектер менен жабдуу жакшырды, дары каражаттары үчүн жең ичинен акча төлөө кыскарган.

Ошондой болсо да мамлекеттик финансылоонун көбөйүшүн донордук каражаттар менен айкалыштыруу кызмат көрсөтүү жана клиникалык практиканын натыйжалуу эмес структурасы сакталган шартта ооруканаларга жаткырылгандардын өсүп жаткан санына, калктын жеңилдиктерге укуктары бар тобунун өсүшүнө чыгымдарды жабуу үчүн жетиштүү болбой калды. Мунун натыйжасында ар кандай баа берүүлөр боюнча чыгымдардын жалпы көлөмүнүн 27-39%ын түзгөн финансылоодо келип чыккан ажырым расмий эмес төлөмдөрдүн эсебинен толтурулат.

Сапатка багытталган кызмат көрсөтүүлөргө дифференцирленген акы төлөө механизми, ошондой эле инфраструктураларды жакшыртуу үчүн капиталдык инвестицияларды финансылоонун туруктуу саясаты жок[122].

2008-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча Программаны жүзөгө ашырууну финансылык колдоо жетишсиз.

Балдарды тарбиялоого аталардын катышуусу

Айыл жеринде, өзгөчө өлкөнүн түштүк облустарында балдардын аталары балдардын эртелеп өнүгүшүнө түндүк облустардагы аталарга караганда кыйла аз катышат (тийиштүү түрдө 32,7%га караганда 70%). Балдары шаарларда жашаган аталарда бала тарбиялоого тартылуу айыл жериндеги аталарга караганда көбүрөөк (65,8 %га караганда 43,8 %), муну менен бирге балдар үй-бүлөлөрдүн аталары орто катмардагы аталарга караганда көбүрөөк тартылат, андан кийин кедей жана өтө кедей үй-бүлөлөрдүн аталары кетет (тийиштүү түрдө 75,3%га караганда 34,9 %). Баткен, Ысык-Көл жана Нарын облустарында балдар жашы 19га толо элек башка баланын кароосунда же жалгыз өзү калтырылат (тийиштүү түрдө 20,5; 19,2 жана 14,8 %)[123].

121 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-августундагы №570 ““Алыскы райондордо, майда шаарларда жана айыл жеринде саламаттыкты сактоо уюмдарында иштеген врачтарга кошумча дем берүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому.

122 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосун реформалоонун Улуттук программасы.

123 Кыргыз Республикасындагы балдардын абалы. ЮНИСЕФ. 2011-ж.

Эмдөө

Өз убагында эмдөө балдардын башкарылуучу инфекциялык оорулары боюнча маанилүү алдын-алуу чарасы болуп саналат. Өлкө боюнча эмдөөнүн деңгээли жогору бойдон калып жаткандыгына карабастан, соңку жылдары эмдөөдөн баш тартуу байкалууда. Баш тартуунун негизги себептери: өсүп жаткан ички миграция[124] жана диний ынанымдар[125].

Дары менен камсыз кылуу

Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө балдардын укуктары жөнүндө калктын маалымдарлыгынын төмөндүгү белгиленген: үй чарбаларынын башчыларынын 26,9%ы гана алардын балдары 16 жашка чейин амбулаториялык дарылоодо дары-дармектерди жеңилдетилген баалар боюнча алууга укуктуу экендигин билишкен[126].

Кыргызстанда базарларда жасалма дары-дармектерди жүгүртүүнүн өтө коркунучтуулугу бар. Мындай кооптонуулар дарыларды жөнгө салуу системасынын начарлагандыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн саясаты менен Кыргызстанда бизнес чөйрөсүн жакшыртуу боюнча Мамлекеттик дары-дармек саясатынын ортосундагы милдеттенмелердин ортосундагы өкмөттүн баланстуу эмес саясатынын кесепетине улам орун алган. Өлкөдө фармацевтикалык ишмердик коммерциялык иштин башка түрлөрүнөн өзгөчө айырмаланбайт жана атайын кесиптик текшерүүлөрдү жүргүзүүнү талап кылган саламаттыкты сактоо системасынын бир бөлүгү катары анын атайын жобосу айтылган эмес.

Ошону менен бирге калктын алыскы айылдык региондордо сапаттуу дары каражаттарына жеткиликтүүлүгү дале болсо чектелген: дарыканалар же дарыкана пункттары жок калктуу конуштар бар. Азыркы учурда жаңы Дары-дармек саясаты иштелип чыгууда, ал ушул маселени чечүүгө чакырылган.

Маалыматтык система

Саламаттыкты сактоонун Бирдиктүү маалыматтык системасын түзүү боюнча иш аяктай элек, ушуга байланыштуу практикалык саламаттыкты сактоодо бирдейлештирилген, стандартташтырылган медициналык маалыматтык система жок; медициналык билим берүү системасына заманбап маалыматтык технологиялар начар киргизилген.

Климаттын таасири

Климаттын өзгөрүшү кургакчылыкка, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн азайышына, тамак-аш азыктарынын сапатынын начарлашына жана азык-түлүктүн жетишсиздигине алып келет. Тамак-аш азыктарын өндүрүү, сактоо жана сатып өткөрүү, тамактан жана суу менен берилүүчү инфекциялардан ууланууунун алдын алуу маселелери курчуп, жергиликтүү жамааттардын жана үй-бүлөлөрдүн деңгээлинде ресурстарды кайра бөлүштүрүүнүн социалдык механизмдерин ишке киргизүү активдешет жана мунун бардыгы балдарда тамактануунун бузулушуна жана инфекциялык оорулардын өсүшүнө алып келүү менен эрте курактагы балдардын ден соолугунун абалына таасир тийгизет[127].

3. Негизги алынган таалимдер

Балдардын ден соолугун коргоо жагында жүргүзүлгөн иш-чаралар соңку жылдары балдарга жеткиликтүү жана сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү системаларын оптималдаштыруу үчүн бир катар таалим алууга мүмкүндүк берди.

- Балдарга медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чараларга карабастан баштапкы, экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги саламаттыкты сактоо уюмдарынын өз ара аракеттенүү системасын өркүндөтүү талап кылынат. Көп учурда саламаттыкты сактоонун ар кандай деңгээлдеринде балдарга көрсөтүлгөн медициналык жардам кайталанат. Үчүнчү деңгээлдеги уюмдарга балдарга жогору квалификациялуу жардам көрсөткөн уюмдар катары өнүгүшүн колдоо зарыл. Балдарга кечиктирилгис медициналык жардам сапаттык өнүгүүгө ээ болгон жок.
- Балдардын ден соолугун сактоого байланышкан көйгөйлөрдүн көпчүлүгү комплекстүү, кеңири сектордук мамилени талап кылат. Кыргыз Республикасында

124 Отчет. Кыргыз Республикасынын “Манас Таалими” Улуттук программасын жүзөгө ашырууга баа берүү. Апрель 2011-ж., 34-б.

125 Эмдөө боюнча форматтык изилдөө. M-Vector, ЮНИСЕФ, 04.03.2013-ж.

126 Отчет. Кыргыз Республикасынын “Манас Таалими” Улуттук программасын жүзөгө ашырууга баа берүү. Апрель 2011-ж., 32-б.

127 “Гендер, курчап турган чөйрө жана климаттын өзгөрүшү” баяндамасы. ПРООН, ООНдун аялдары, ЭД «БИОМ», Кыргызстан 2013-ж.

коомдук саламаттыкты сактоону жөнгө салган колдо бар ченемдик укуктук база баштапкы деңгээлдерде жана ооруканаларда жекече кызмат көрсөтүүлөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жетиштүү даражада өнүктүрүүгө көмөк көрсөтпөйт, бул балдарды коргоо жагында кээ бир артыкчылыктуу иш-чаралардын натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келет. Экинчи жагынан, балдардын инфекциялык оорулар, аз кандуулуктун алдын-алуу маселелеринде тармактар аралык кызматташтыктын, ошондой эле санитардык-гигиеналык дурус кырдаалды (таза суу, жергиликтүү инфраструктура, ж.б.) колдоонун даражасы жетиштүү эмес экендиги байкалган. Башка министрликтер менен ведомстволорду, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарын колдоо зарыл. Жамааттарды балдардын ден соолугун коргоо программасына тартуу аялуу топтордун балдарына саламаттыкты сактоо системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет.

- Кадрлардын жетишсиздиги жана кетип жатышы менен байланышкан маселелер өзгөчө алыскы айылдык райондордогу калктын аялуу топтору үчүн жеткиликтүү медициналык жардам алууга таасир тийгизет. Медициналык персоналдын чоң шаарларга өзгөчө көп топтолгондугу байкалат, ошол эле учурда райондордо жана алыскы айылдарда кадрлардын, биринчи кезекте неонатологдордун, реаниматологдордун, педиатрлардын жана үй-бүлөлүк врачтардын жетишсиздиги байкалат. Маселе медициналык кызматкерлердин жетишсиздигинде гана эмес, ошондой эле аларды бөлүштүрүүдө турат. Жергиликтүү бийлик органдарын (ЖМА жана ЖӨБ) жаш адистердин региондордо иштеши үчүн шарт түзүүгө тартуу үчүн көрүлгөн атайын чаралар жетиштүү болбой калды. Медициналык кызматкерлерди жер-жерлерде, өзгөчө алыскы райондордо кармап калуу үчүн эмгек акыны жогорулатуу эң маанилүү факт болуп калат.
- Жетиштүү финансылоо балдарды экономикалык жактан натыйжалуу саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү менен максималдуу камтууну камсыз кылуу өтө маанилүү болуп саналат. Мамлекеттик чыгымдардын жалпы көлөмүндө саламаттыкты сактоого чыгымдардын ар жылдык ырааттуу – 10%дан 13%га чейин өсүшү саламаттыкты сактоону реформалоо программасынын маанилүү жетишкендиги болуп калды. Финансылоону көбөйтүүнүн натыйжасында төрөткө көмөктөшүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн, 5 жашка чейинки балдарга жана улгайган жарандарга медициналык кызмат көрсөтүү үчүн чогуу төлөө алып салынган, дарылоо мекемелерин дары-дармектер менен жабдуу жакшырды, дары каражаттары үчүн жең ичинен акча төлөө кыскарган.

4. Максаттарга жетишүү максатында саясатты өркүндөтүү боюнча рекомендациялар

Балдардын ден соолугун жакшыртуу жагындагы иш-чаралар “Ден соолук” программасынын алкагында жүзөгө ашырылат, ал 2012-жылдан 2016-жылга чейинки мезгилге эсептелген. Ушул жагынан алганда көпчүлүк иш-чаралар 2015-жылдан кийин да актуалдуу бойдон кала берет.

Багыттоо жана кайра багыттоо системасын өркүндөтүү

Саламаттыкты сактоонун бардык звенолорунда балдарды үзгүлтүксүз медициналык сапаттуу жардам менен камсыз кылуу үчүн баштапкы звенодогу уюмдар менен стационарлардын ортосундагы жолун жолдоочулукту жакшыртуу боюнча чаралар зарыл. Стационардык дарылоонун бир деңгээлинен экинчисине багыттоо жана кайра багыттоонун так критерийлерин жана балдарды андан ары байкоо жүргүзүү үчүн баштапкы звенодогу уюмдарга кайра багыттоонун механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. Балдарга кызмат көрсөтүп жаткан дарылоо-алдын-алуу уюмдарынын материалдык-техникалык базасын андан ары чыңдоо, ошондой эле көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртуу зарыл.

Балдарга көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртуу

Оорукчан балдарды багууга жана ден соолугуна байкоо жүргүзүүнү камсыз кылуу жолу менен баштапкы звенодогу деңгээлде медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу зарыл, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- баланын өнүгүү картасын пайдалануу менен бардык

балдарга алардын өнүгүшүнө баа берүүнү, Улуттук календарга ылайык эмдөөнү, тамак-аш азыктарын машакаттуу микронутриенттик байытууну (аз кандуулуктун жана микронутриенттик кемчилдик менен айкалышкан башка оорулардын алдын алуу үчүн), аз кандуулукту аныктоо жана дарылоону, маанилүү алдын-алуу чараларынын маселелери боюнча ата-энелерге консультация берүүнү камтыган сунуш кылынган алдын алуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн стандарттуу пакетин берүүнү камсыз кылуу;

- балдардын оорусунда сапаттуу медициналык жардам берүү (пневмонияда, оралдык регидратацияда антибиотиктерди жана ич өтүүдө цинк дайындоо), абалына баа берүү, стационардык дарылоого негиздүү жана өз убагында жөнөтүү;
- баштапкы звенодогу уюмдарда балдарга жакшы мамиле кылуу демилгесин жайылтуу.

Балдар үчүн стандарттуу алдын алуу кызматтарын көрсөтүүдө ФАПтар менен ҮДТлардын медициналык айымдарынын жана акушерлеринин ролун жогорулатуу, ошондой эле далилдик базага ээ болгон программаларды/клиникалык протоколдорду/стандарттарды киргизүү жолу менен балдардын абалына баа берүү жана кечиктирилгис жардам көрсөтүү боюнча МТЖнын фельдшерлеринин, врачтарынын билимин жана практикалык жөндөмдүүлүктөрүн жакшыртуу зарыл. Балдарга кечиктирилгис жардам көрсөтүү үчүн МТЖнын бригадаларынын машиналарын зарыл жабдуулар жана дары каражаттары менен жабдылышын камсыз кылуу.

Үй-бүлөлүк врачтардын тартыштыгын жана ҮДТ/ФАПтардын, өзгөчө айыл жерлеринде фельдшерлер/медициналык айымдар менен жетиштүү камсыз болгондугун эске алуу менен врачтардын айрым функцияларын далилдик негиздери бар программаларды (мисалы, ИВБДВ, ИБДОР ж.б. программалар) киргизүү аркылуу орто медициналык персоналга өткөрүп берүү механизмдерин кароо жана алардын функциялык милдеттерин тактоо зарыл.

Балдарга медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн медициналык уюмдардын инфраструктураларын жакшыртуу жана жабдуу жана маалыматтык технологияларды (кардардын электрондук картасы, телемедицина, ж.б.) киргизүүнү өркүндөтүүнү улантуу зарыл.

Соңку жылдары тубаса аномалиялардан балдардын өлүмүнүн көбөйүшүн эске алуу менен тубаса кемтиктерге көзөмөлдүк системасын түзүү, тубаса аномалиялар боюнча жаңы төрөлгөндөрдүн скрининг программасын өркүндөтүү, ошондой эле республикада мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга медициналык-реабилитациялык жардам көрсөтүү системасын жакшыртуу зарыл.

Балдардын жана наристелердин өлүмүнүн себептеринин структурасында перинаталдык себептер негизги орунду ээлейт, ошондуктан 2008-2017-жылдарга КРда перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча программаны андан ары жүзөгө ашырууну ар тараптуу колдоону, анын ичинде финансылык колдоону күчөтүү зарыл.

Балдардын жана наристелердин өлүмүнүн учурларын изилдөөнүн жаңы методологияларын – медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу үчүн себептерди аныктоо жана тийиштүү чараларды кабыл алуу үчүн “балдардын өлүмүн купуя териштирүүнү” киргизүүнү баштоо зарыл.

Балдардын ден соолугун коргоо маселеси боюнча калктын маалымдарлыгын жакшыртуу

Калк үчүн негизги кызмат көрсөтүүлөр балдардын ден соолугун коргоо маселеси боюнча коомчулукту маалымдар кылууга багытталууга тийиш:

- жарандык коомду (НКО, АДК) жана жамааттардын жигердүү өкүлдөрүн тамактанууну, өнүгүүгө баа берүүнү тамак-аш азыктарын машакаттуу микронутриенттик байытуу (“Гүлазык” МНП) аз кандуулукту аныктоо жана дарылоону, балдарды багуу жана коркунучтуу оорулардын белгилери боюнча ата-энелерге консультация берүүнү камтыган 5 жашка чейинки балдар үчүн сунуш кылынган алдын алуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн стандарттуу пакети жөнүндө калктын маалымдарлыгын жакшыртууга тартуу зарылчылыгы;
- балдардын ден соолугуна жана өнүгүшүнө тиешелүү иш-чараларды өткөрүүдө маалыматтык колдоону жана социалдык мобилизацияны камсыз кылууну жакшыртуу зарыл;
- балдардын ден соолугун коргоо боюнча маселелерди алга илгерилетүүдө секторлор аралык өз ара аракеттенүүнү күчөтүү зарыл.

Саламаттыкты сактоо системасында ресурстарды түзүү

Саламаттыкты сактоону өнүктүрүүнүн келечектери медициналык жана фармацевтикалык кадрларды даярдоонун сапатына жараша болот. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун мамлекеттик жана жеке

секторлорунун эмгек рыногунун негизги талаптары бүтүндөй коомдун керектөөлөрүнө жооп бере турган деңгээлдеги жана сапаттагы атаандашууга жөндөмдүү адистерди даярдоо болуп саналат.

Кадрларды жер-жерлерде кармап калуу жана аларды андан ары өнүктүрүү механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. Шаар жана айыл жеринде, өзгөчө алыскы жана барууга кыйын болгон райондордо медициналык кадрлар менен камсыз кылуудагы теңсиздиктерди кыскартуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу зарыл.

Саламаттыкты сактоо системасын финансылоону жөнгө салуу

Саламаттыкты сактоо системасын финансылоо жагында күч-аракеттер финансылоонун негизги үч функциясын (каражаттарды чогултуу, топтоо жана сатып алуулар) чыңдоого, саламаттыкты сактоо системасын мамлекеттик жана жеке финансылоонун ортосундагы алгылыктуу балансты аныктоого, балдарга кызмат көрсөтүп жаткан саламаттыкты сактоо уюмдарынын инфраструктурасын жакшыртуу үчүн капиталдык инвестицияларды көбөйтүүгө топтолууга тийиш. Сектордун бардык структураларынын функцияларын жана жоопкерчилик даражасын так бөлүштүрүү керек. Көрсөтүлгөн медициналык кызматтардын сапаттык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен дарылоо-алдын алуу уюмдарынын ишине акы төлөө ыкмалары өркүндөтүлүүгө тийиш.

Балдарды үзгүлтүксүз иммунопрофилактика менен камсыз кылуу

Тышкы финансылоого көз каранды болбогон үзгүлтүксүз иммунопрофилактикалык ишти камсыз кылуу боюнча мамлекеттик туруктуу колдоону кароо зарыл.

Дары-дармек менен камсыз кылуу системасын өркүндөтүү

Дары каражаттарынын сапаты жана коопсуздугу менен байланышкан маселелерди, ошондой эле дары каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу жана адекваттуу дары-дармек менеджментин камсыз кылуу маселелерин чечүү зарыл. Дары каражаттарынын жүгүртүлүшүн мамлекеттик жөнгө салуу системасын өркүндөтүү керек, ал төмөнкүлөрдө талап кылат:

а) мамлекеттик дары-дармек саясатын түзүүдө жана мониторинг жүргүзүүдө натыйжалуу мыйзамдарга жетишүү, коомдук экспертизаны өткөрүүнү (катышууну) камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү;

б) жүзөгө ашыруу планын жана баа берүү индикаторлорун камтыган Кыргыз Республикасынын жаңы Улуттук дары-дармек саясатын иштеп чыгуу;

в) дары-дармек менен камсыз кылуу жана медициналык технологиялар Департаментинин маалыматтык системасын өнүктүрүү жана дары каражаттарынын сапаты жана коопсуздугу жөнүндө калктын маалыматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Маалыматтык технологияларды жакшыртуу

Маалыматтардын бүтүндүгүн, медициналык-статистикалык маалыматтардын аныктыгын камсыз кылуу жана саламаттыкты сактоонун Бирдиктүү маалыматтык системасын түзүү максатында бардык программаларды интеграциялоону жана бир платформага которууну улантуу зарыл.

Далилдик негизи бар балдардын ден соолугун коргоо боюнча программаларды киргизүүнүн натыйжалуулугу медициналык кызматкерлердин программага берилгендигине, ошондой эле ички, ошондой эле тышкы мониторингди туруктуу жүргүзүүгө жараша болот. Эненин жана баланын ден соолугун коргоо жагында программаларды киргизүү боюнча ишти күчөтүү максатында ЭБКУБдун базасында программаларга баа берүү жана мониторинг жүргүзүү Борбору түзүлгөн. Эненин жана баланын ден соолугун коргоо боюнча киргизилип жаткан программаларга мониторинг жүргүзүү боюнча медициналык кадрларды даярдоо жана балдарга медициналык жардам көрсөтүү деңгээлин эске алуу менен программаларга мониторинг жүргүзүү аспаптарын иштеп чыгуу зарыл.

Жалпысынан Кыргызстан МӨМгө жетишүү жолунда турат. 2015-жылга карата балдардын өлүмүн азайтуу боюнча максаттарга жетишүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири болуп теңчилик принциптерине багытталган стратегиялардын жардамы менен кыйла аялуу балдарды зарыл медициналык кызмат көрсөтүүлөр менен камтуу саналат[128]. Саламаттыкты сактоонун киргизилген системасы менен балдардын ден соолугунун абалын жакшыртуу боюнча иш-чаралардын комплекси өзүнүн натыйжалуулугун көрсөттү жана 2015-жылдан кийин да андан ары киргизүүнү талап кылат.

128 ЮНИСЕФ. Балдардын таламындагы прогресс: социалдык тең укуктуулук менен МӨМгө жетишүү. №9, сентябрь 2010-ж.

5-БӨЛҮК.
ЭНЕЛИКТИ КОРГООНУ ЖАКШЫРТУУ

5-бөлүк.
Энеликти коргоону жакшыртуу

1-МИЛДЕТ

1990–2015-жылдары энелердин өлүмүнүн коэффициентин төрттөн бирге кыскартуу

ИНДИКАТОРЛОР:

энелердин өлүмүнүн коэффициенти (тирүү төрөлгөн 100 000ге)
квалификациялуу персоналдын катышуусундагы төрөттөрдүн үлүшү
каны аз боюнда бар аялдардын үлүшү

39-сүрөт. 1-милдет МӨМ-5тин максаттуу индикаторлоруна жетишүү



Булак: КР УСК

2-МИЛДЕТ

2015-жылга карата репродукциялуу ден соолукту коргоо жагындагы кызмат көрсөтүүлөргө жалпы жеткиликтүүлүк

ИНДИКАТОРЛОР:

контрацептика каражаттарын пайдаланган аялдардын үлүшү

40-сүрөт. 2-милдет боюнча МӨМ-5тин максаттуу индикаторлоруна жетишүү



1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

1.1. МӨМ-5 боюнча милдеттер чөйрөсүн кеңейтүү

Кыргыз Республикасы үчүн бардык МӨМдөргө көз салуу үчүн максаттар, негизги милдеттер жана көрсөткүчтөр 2003-жылы биринчи жолу эл аралык аныктамалардын негизинде түзүлгөн[129]. МӨМ-5тин өзгөчөлүктөрү болуп төмөнкүлөр саналат: (i) 2003-жылы "Каны аз боюнда бар аялдардын үлүшү" кошумча индикаторун (1994-жылы калк жана өнүктүрүү боюнча Эл аралык конференцияда кабыл алынган "2015-жылга карата репродукциялуу ден соолукту жалпы коргоону камсыз кылуу боюнча аракеттенык программасынын" 20 жылдык максаттарына ылайык) кошуунун эсебинен 1-милдеттин максаттуу индикаторлорун кеңейтүү; (ii) 2012-жылы "Контрацептика каражаттарын пайдаланган репродукциялык курактагы аялдардын үлүшү" максаттуу индикаторлорунун бири катары "2015-жылга карата репродукциялык ден соолукту коргоо жагындагы кызмат көрсөтүүлөргө жалпы жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу" 2-милдетин кабыл алуу (40-сүрөттү караңыз), мында базалык катары 2011-жылдын көрсөткүчү алынган. Бул "2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун "Ден соолук" Улуттук жаңы программасын бекитүүгө байланыштуу болгон, анда максаттарга жетишүү үчүн ачык-айкын максаттары менен аталган милдет "Эненин жана наристенин ден соолугу" бөлүмү боюнча программанын негизги күтүлгөн натыйжалары катары жазылган. Ошентип, МӨМ-5 бирден-бир максат болуп саналат, анын Кыргыз Республикасындагы баяндалышы баштапкыга караганда кеңейтилген.

Азыркы учурда МӨМ-5 жагында жагымсыз кырдаал түзүлдү. Жүргүзүлгөн баа берүү Кыргыз Республикасында башка көп өлкөлөр сыяктуу эле 2015-жылга карата энелердин өлүмүн төмөндөтүү боюнча максаттарга жетишилиши күмөн экендигин көрсөтүп турат[130]. Энелердин жана балдардын өлүмүнүн себептеринин көп бөлүгүнүн жалпы жактары нечен курдай белгиленген. Эгерде соңку он жылдын ичинде Кыргыз Республикасында 5 жашка чейинки курактагы балдар арасында өлүмдүн кыскарышы жагында белгилүү прогресс байкалса, энелердин өлүмү туруксуз бойдон калып жана иш жүзүндө эч кандай дурус жылыш жок. Алсак, соңку маалыматтарга ылайык Кыргыз Республикасында Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн арасында энелердин өлүмүнүн эң жогорку деңгээли белгиленген, ал эми 1990-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилде энелердин өлүмүнүн коэффициентинин төмөндөшүнүн орточо жылдык темпи 0,2%ды түздү (глобалдык деңгээлде 3,1%)[131].

1.2. Энеликти коргоо боюнча негизги иш-чаралар

Бул кырдаал өлкөдө энелердин ден соолугун коргоо маселесине өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына карабастан дале улантылып жатат, бул мамлекеттик саясатты өркүндөтүүдө да, ошондой эле саламаттыкты сактоо боюнча бардык негизги Улуттук стратегияларды жана программаларды жүзөгө ашырууда да чагылдырылган.

Саламаттыкты сактоо сектору өз программаларында МӨМгө карата прогресске жетишүү максатын алдыга коюп келе жатат. Саламаттыкты сактоо системасын реформалоо боюнча "Манас" биринчи программасынын алкагында (1996–2005-жж.) ири структуралык кайра түзүүлөрдөн[132], кызмат көрсөтүү форматын өзгөртүүдөн, атап айтканда "Үй-бүлөлүк медицина"[133] принциптерин киргизүүдөн тышкары, практиканын мазмунун кайра кароого өзгөчө көңүл бурулган. Бул далилдик медицинанын негизинде клиникалык протоколдорду иштеп чыгуу, медициналык персоналды кеңири окутуу жана кайра окутуу. Медициналык-санитардык жардам берүүнүн кепилденген көлөмү боюнча Мамлекеттик Кепилдиктер Программасы (МКП) жана амбулаториялык деңгээлде дарыкана тармактары аркылуу дары каражаттарын жеңилдетип камсыз кылуу боюнча ММК Кошумча Программасы (ММК КП) киргизилген, бул жерде келечектеги энелер үчүн жеңилдиктер каралган.

2000-2004-жылдары республикада эл аралык донор уюмдардын (ЮНФПА, ЮНИСЕФ, ЮСАИД, SDC, АБР, GIZ жана Немец өнүктүрүү банкы) колдоосу менен ДСУнун стратегияларына негизделген эненин жана баланын ден соолугун коргоо боюнча бир катар программаларды киргизүү башталган. Бул "Перинаталдык жардамдын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү", "Боюнда бар аялдардын темирдин жетишсиздигинин алдын алуу", "Энеликти жана балалыкты коргоо", "Коопсуз энелик" жана башка программалар, бул жерде бойдон коопсуз алдыруу, кечиктирилгис акушердик жардам, социалдык патронаж, зарыл жабдуулар менен жабдуу жана инфраструктураны жакшыртуу, ж.б.

---

129 Миң жылдык Декларациясынын өнүгүү максаттарын жүзөгө ашыруу жөнүндө биринчи отчёту, Бишкек, 2003-ж.

130 Trends in Maternal Mortality: 1990 to 2008. Estimates developed by WHO, UNICEF, UNFPA and The World Bank. World Health Organization 2010; http://www.countdown2015mnch.org/reports-and-articles/2012-report

131 Trends in Maternal Mortality: 1990 to 2010. Estimates developed by WHO, UNICEF, UNFPA and The World Bank. World Health Organization 2012.

132 «Манас» реформалоо Программасына (1996 – 2005-жж.) баа берүү. Медициналык кызмат көрсөтүү системасын реструкташтыруу. №45 саясатын изилдөө документи.

133 «Манас» реформалоо Программасына (1996 – 2005-жж.) баа берүү. Медициналык кызмат көрсөтүү системасын реструкташтыруу. №45 саясатын изилдөө документи.

сыяктуу программалар. Бирок, тандап сапаттуу изилдөөнүн натыйжасы ошол мезгилде мындай кийлигишүү менен камтуу калктын 20-30%ан ашкан[134].

«Манас таалими» (2006-2011-жж.) жана «Ден соолук» (2012-2016-жж.) Улуттук программаларынын алкагында жана аларды жүзөгө ашырууда кеңири сектордук мамиле (SWAp) пайдаланылган, эненин жана баланын ден соолугун коргоо артыкчылыктуу программа катары бөлүп көрсөтүлгөн. 2006-2011-жылдары боюнда бар кезде, төрөгөндө жана төрөттөн кийин аялдарга көз болуу боюнча мурда киргизилип сыналган натыйжалуу кийлигишүүнү кеңейтүүгө мүмкүн болду[135]. 2006-жылдан баштап МКП боюнча 5 жашка чейинки курактагы балдарга жана боюнда болгон жана төрөгөн мезгилде аялдарга медициналык кызмат көрсөтүүнүн акысыз түрлөрү кеңейтилген. ММК КПга боюнда бар аялдарга дайындалган микроэлементтери (фолий кислотасы жана темир) бар кошумчалар кирген. Үй-бүлөнү пландаштыруу жагында орун алган керектөөлөрдү канааттандыруунун маанилүү экендигин көңүлгө алуу менен баа берүүлөр боюнча ал энелердин өлүмүнүн учурларын үчтен бирден ашык болтурбай калууга мүмкүндүк берген[136], 2010-жылы ММК КПга контрацептик каражаттары кошулган. Бул чара өлкөнүн региондорун контрацептик каражаттар менен камсыз кылууну жакшыртууга жана үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча программаны андан ары илгерилетүүгө көмөк көрсөттү. Боюнда бар, төрөгөн аялдарга квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында "Натыйжалуу перинаталдык көз болуу" окутуучу тренинги ж.б. өткөрүлгөн. "Кыргызстанда контрацепция жана бойдон алдыруу жагында саясатка, программаларга жана кызмат көрсөтүүлөргө стратегиялык баа берүү" (КР СМ, ДСУ, ЮНФПА) жүргүзүлгөн, ДСУ жана КР СМ менен бирдикте айылдык райондордо медициналык бойдон алдырууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн акушеркаларды окутуу боюнча долбоор даярдалган. БМСЖ (ФАП, ҮДТ, ҮМБ) деңгээлинде берилген перинаталдык жардам боюнча медициналык кызмат көрсөтүү пакети жана ДСУнун рекомендацияларына негизделген стационардык деңгээл үчүн кызмат көрсөтүү пакеттери иштелип чыккан. Дүйнөлүк Банктын "Натыйжаларга негизделген финансылоо (ННФ)" долбоорунун алкагында медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу жана МӨМ-4 менен МӨМ-5ке жетишүүгө көмөк көрсөтүү үчүн механизмдер иштелип чыгууда. Бул процесске саламаттыкты сактоо уюмдарынын жетекчилери да жигердүү тартылган, төрөткө көмөктөшүү маселесин жакшы түшүнүү далилдик натыйжалуулук менен технологияларды практикага киргизүүнү тездетти. Алсак, ар кандай донордук уюмдардын колдоосу, ошондой эле бюджеттик каражаттар менен инфраструктура, төрөт бөлүмдөрүн дары-дармек менен камсыз кылуу кыйла жакшыртылды. Бирок, бул программалар мурдагыдай эле негизинен сынамык облустардын деңгээлинде жүзөгө ашырылууда, ошондуктан финансы каражаттарынын жетишсиздигинен аларды андан ары институтташтыруу кыйла татаал маселе болуп саналат. Жыл сайын Саламаттыкты сактоо министрлиги жана өнөктөр картирлөө жүргүзүп, перинаталдык программаларды киргизүү жактары (төрөткө чейин көз болуу, ЭПБ, ВИЧ/СПИДдин энеден балага өтүшүнүн алдын алуу, жаңы төрөлгөндөрдү реанимациялоо, эмчек эмизүү менен багуу ж.б.) белгиленген. 2012-жылдын акырына карата расмий маалыматтарга ылайык бул программалар менен төрөткө көмөктөшүү мекемелерин камтуу 62%га чейин көбөйдү.

Аялдардын жана балдардын ден соолугун коргоонун глобалдуу стратегиясы[137], ошондой эле жаңы кабыл алынган 2013-2017-жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегия[138] саясатын андан ары күчөтүүнүн, саламаттыкты сактоону финансылоого, кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга, саламаттыкты сактоо системасын күчөтүүгө жана калктын өз ден соолугуна болгон мамилесин өзгөртүүгө карата инновациялык жана натыйжалуу мамилени иштеп чыгуунун өтө зарылдыгын көрсөтүп турат. Дал ушул милдеттерди чечүүгө 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун "Ден соолук" Улуттук программасы арналган, ал жерде пландаштырылган иш-чаралар саламаттыкты сактоо системасындагы бөгөттөрдү жоюуга жана негизги кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде энелердин ден соолугун коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр менен калкты кеңири камтууну камсыз кылууга багытталган.

Өлкөдө репродукциялык ден соолук боюнча Улуттук стратегия (2006- 2015-жж.) иштелип чыккан. Ушул Стратегиянын алкагында репродукциялык ден соолук боюнча облустук Координациялык Кеңештер түзүлгөн. Биринчи этаптын (2006-2010-жж.) артыкчылыктарын жүзөгө ашырууну максаттуу финансылоонун кемчилдигинен улам ал жарым-жартылай аткарылган: эки жаңы ченемдик укуктук документ кабыл алынган[139], сексуалдык- репродукциялык ден соолук, ВИЧ/СПИД жана ЖЖБИ жагында маалымдарлыкты жогорулатуу боюнча иш-чаралар

134 2006 – 2010-жылдары «Манас таалими» саламаттыкты сактоону реформалоонун Улуттук программасы.

135 Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосун реформалоонун «Манас таалими» Улуттук программасын жүзөгө ашырууга баа берүү, КР СМ, Апрель 2011-ж.

136 http://www.who.int/topics/millennium_development_goals/maternal_health/ru/

137 МӨМгө арналган ООНдун саммитинде 2010-жылы сентябрда өлкөлөр, анын ичинде КР тарабынан жүзөгө ашырууга кабыл алынган.

138 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы №11 Жарлыгы.

139 "Жарандык репродукциялык укуктар жана аларды жүзөгө ашыруунун кепилдиктери жөнүндө" КР Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.04.2008-жылдагы №185 токтому менен бекитилген жана "Нан бышырылуучу унду байытуу жөнүндө" КР Мыйзамы, 2009-жылы январда бекитилген.

жүргүзүлгөн, контрацептик каражаттар ж.б. берилген. “Жарандык репродукциялык укуктар жана аларды жүзөгө ашыруунун кепилдиктери жөнүндө” КР Мыйзамын иштеп чыгууда жарандардын сексуалдык жана репродукциялык укуктар жагында эл аралык стандарттарды шайкеш келтирүү, ошондой эле репродукциялык ден соолукту коргоого жарандардын, мамлекеттин, уюмдардын таламдаш жоопкерчиликтүү мамилесин күчөтүү негизги максат болуп саналган. Азыркы учурда Стратегияны (2011-2015-жж.) жүзөгө ашыруунун экинчи этабынын иш-чараларынын пландары жана финансылоо булактары такталууда.

2006-жылдан 2010-жылга чейин Кыргыз Республикасы КМШ өлкөлөрүнүн арасында биринчилерден болуп ДСУнун “Сандардын артында эмнелер турат?” демилгесин киргизе баштаган, ал жерде энелердин өлүмүнүн жана аны шарттаган факторлордун чыныгы себептерин кыйла толук талдоо жана түшүнүү үчүн маалымат чогултуунун сапаттуу ыкмаларын пайдалануага басым жасалган. Улуттук деңгээлде “Энелердин өлүмүнүн учурларынын купуя аудитин” жана “Акушердиктеги катаал учурларды купуя талдоону” сынамык негизде киргизүү боюнда болгон жана төрөт учурунда көрсөтүлгөн жардамдын сапатын жакшыртууга көмөк көрсөтөт.

Андан тышкары, эл аралык донор уюмдардын (ЮНФПА, ЮНИСЕФ, ЮСАИД, SDC, АБР, GIZ, Немец өнүктүрүү банкы) колдоосу менен Кыргыз Республикасында перинаталдык жардамды жакшыртуу боюнча Программанын (2008-2017-жж.) алкагында төрөткө чейинки сапаттуу көз болууну камсыз кылуу, боюнда бар аялдарды жана алардын үй-бүлөлөрүн төрөткө даярдоо үчүн БМСЖ уюмдарында “Энелер мектептерин” түзүү (2012-жылдан баштап), натыйжалуу перинаталдык жардам берүү, ооруканалардын ичиндеги инфекциялардын алдын-алуу жана медициналык процедуралардын коопсуздугу сыяктуу интервенциялар (же иш-чаралар) киргизилет.

Программаларды жана иш-чараларды жүзөгө ашыруунун жүрүшүнө саламаттыкты сактоо системасында орун алган финансылык каражаттардын кемчилиги кыйла чектөөчү таасир тийгизүүдө. Көрүлүп жаткан чараларга карабастан энелердин ден соолугун жакшыртуу Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасынын негизги милдеттеринин бири бойдон калууда[140].

1.3. Энелердин өлүмүнүн көрсөткүчтөрүнө баа берүүдөгү ажырымдар жана ал ажырымдардын себептери

МӨМ-5 боюнча расмий статистикалык маалыматтар боюнча бүгүнкү күндө дээрлик бардык индикаторлор боюнча көрсөткүчтөрдүн жакшырышы байкалбайт. Бирок, энелердин өлүмүнүн коэффициентинин динамикасына баа берүүдө эски негизде (РММБ, УСК) жана баа берүүчүлүк изилдөөнүн[141] алкагында өлкөдө чогулган маалыматтардын бир нече булактары бар (9-таблицаны караңыз).

КР УСК менен КР СМ РММБ берген расмий статистикалык маалыматтардын ортосундагы орун алган ажырымдар төмөнкү себептер менен байланышкан:

- боюнда бар, төрөттөн өлгөн аялдардын жана алардын туугандарынын ЗАГС органдарында өз убагында каттатпагандыгы;
- медициналык кызматкерлер тарабынан “Өлгөндүгү жөнүндө медициналык күбөлүктөрдү” сапатсыз толтуруу (өлгөн, өзгөчө башка себептерден өлгөн аялдардын боюнда болгондугу жөнүндө жазуулардын жоктугу);
- өлгөн адамдын ким экендигин ырастаган

9-таблица. Кыргыз Республикасында энелердин өлүмү (тирүү төрөлгөн 100 000 адамга)

Булактар	1990	1995	2000	2005	2006	2009	2010	2011	2012
	63	67.4	46.5	61	53	75.3	50.6	47.5	50.3
УСК	62.9	44.3	45.5	60.1	55.5	63.5	51.3	54.8	
ЕРБ ДСУ[1]	62.9	67.3	46.5	61	55.5	82.8	50.6	-	
ДСУ, ЮНИСЕФ жана ЮНФПА изилдөөлөрү			110						
ДСУ, ЮНИСЕФ, ЮНФПА жана ДБ изилдөөлөрү, 2010[2]	73	98	82	77			71		
МИКС					104				

Булак: [1] – “Бардыгы үчүн ден соолук” Европалык маалыматтар базасы, Январь 2012-ж. [2] – маалыматтар статистикалык моделдөөнүн жардамы менен алынган.

140 Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосун реформалоонун «Манас таалими» Улуттук программасын жүзөгө ашырууга баа берүү, апрель 2011-ж.

141 Кыргыз Республикасындагы энелердин өлүмү: тенденциялардын баяндамасы, 2012-ж., www.hpac.kg Изилдөө Кыргыз Республикасында кедейликке баа берүү боюнча иштин алкагында Дүйнөлүк банктын финансылык колдоосу менен саламаттыкты сактоо саясатын талдоо Борбору тарабынан жүргүзүлгөн.

документтердин жоктугу, бул учурда ЗАГС өлүү учурларын каттабайт;

- КР УСКнын статистикасында пенитенциардык системада энелер өлгөн учурлар да эске алынат, ошол эле учурда РММБнын маалыматтары жарандык сектордогу гана кырдаалды чагылдырат;
- КР УСКнын маалыматтары отчёттук жылдагы өлгөн датасына жараша ЗАГС органдарында катталган өлүм учурларын чагылдырат, ал эми РММБнын маалыматтары отчёттук жылда болгон энелердин өлүм учурларын чагылдырат[142].

Баа берүү изилдөөлөрүнүн маалыматтарындагы айырмачылыктар энелердин өлүмү боюнча (MICS – «мээрмандык мамиле)[143] маалыматтарды чогултуунун ар кандай ыкмаларын пайдалануу менен шартталган. ДСУ, ЮНИСЕФ, ЮНФПА жана ДБ изилдөөлөрү ар кандай булактардан (мамлекеттик статистика, эл каттоо маалыматтары, баа берүү изилдөөсүнүн натыйжалары) алынган маалыматтарды пайдалануу менен статистикалык моделдөө ыкмасы. 6-таблицанын маалыматтарынан көрүнүп тургандай, аталган баа берүү изилдөөсүнүн алкагында алынган Кыргыз Республикасында энелердин өлүмүнүн коэффициенти өлкө боюнча расмий статистиканын маалыматтарынан кыйла жогору.

КР УСКнын маалыматтары боюнча 1990-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилде өлкөдө энелердин өлүмүнүн коэффициенти төмөндөөгө карай так билдирилген жана туруктуу тенденциясы жок болгондуктан кыйла өзгөрүп турган (41-сүрөттү караңыз), жана 2011-жылы тирүү төрөлгөн 100 миң адамга 54,8 түзду (2015-жылга карата белгиленген максат тирүү төрөлгөн 100 миң адамга 15,7). 2009-жылы энелердин өлүмүнүн кыйла жогорулашын (63,5) адистер энелердин өлүмүнүн учурларын каттоону жакшыртуу боюнча КР СМ көрүп жаткан чаралар менен байланыштырууда (МКБ 10го ылайык "энелердин өлүмү" аныктамасын бекитүү; энелердин өлүмүнүн учурларын каттоо жөнүндө маалыматтарды берүүнүн тартибин жана мөөнөтүн өзгертүү)[144].

1.4. Энелердин өлүмүнүн көрсөткүчтөрүндөгү региондук айырмачылыктар

Энелердин өлүмүнүн деңгээли өлкөнүн бардык региондорунда туруктуу эмес жана жылдар боюнча кыйла өзгөрүп турат. РММБнын маалыматтары боюнча 90-жылдардын ортосунда Ысык-Көл (188,5), Нарын (134,3), Жалал-Абад (88,8) облустарында жана Бишкек (103,7) жана Ош (98,4) шаарларында өтө коопту болгон. Кийинки жылдары айрым региондор боюнча кырдаал бир аз жакшырган, бирок, социалдык-экономикалык жактан алганда кыйла кедей региондордо: Нарын (өзгөчө 2002-жылдан 2005-жылга чейинки мезгилде туруксуз болгон, 2012-жылы жакшыруу белгиленген - 70,3) жана Ысык-Көл (жогору сандар 2005-жылдан ушул мезгилге чейин сакталып турат, 2012-жылы – 88,3 болгон) облустарында өзгөчө туруксуз бойдон калып жатат. Талас облусунда кыйла натыйжаларга жетишилген (41-сүрөттү караңыз), ал жерде 2012-жылдагы маалыматтар боюнча энелердин өлүмүнүн бир дагы учуру катталган эмес (2010-жылы – 87, 2011-ж. – 40,9 жана 2012-жылы – 0).

41-сүрөт. Региондор боюнча энелердин өлүмү (тирүү төрөлгөн 100 000 адамга), 2012-ж.



Булак: РММБ

142 Саламаттыкты сактоо министрлигинин "Энелер өлгөн учурларынын тийиштүү инстанцияда каттоонун толуктугу, өз убагында билдирүү жана энелердин өлүмүнүн көрсөткүчтөрүнүн аныктыгы жөнүндө" буйругуна ылайык энелердин өлүмүнүн учурлары жөнүндө маалыматтар КР СМ жана ЭБКУБ АБСка теле фон аркылуу 1 сутканын ичинде, энелердин өлүмүнүн учурлары жөнүндө шашылыш билдирүү 3 суткада жана документация ЭБКУБ АБСка 10 сутканын ичинде берилет. Бирок, 2011-жылдагы энелердин өлүмүнүн 70 учурунун ичинен 23 учурда (32,9%) маалымат 7 суткадан 1 айга чейин кечигүү менен берилген.

143 Көп көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөө, 2006-ж. Кыргыз Республикасындагы балдардын жана аялдардын абалына мониторинг жүргүзүү. КР УСК жана ЮНИСЕФ.

144 КР СМнын 24.06.2011-жылдагы №330 "Энелер өлгөн учурларынын тийиштүү инстанцияда каттоонун толуктугу, өз убагында билдирүү жана энелердин өлүмүнүн көрсөткүчтөрүнүн аныктыгы жөнүндө" буйругу.

КР УСКнын маалыматтары боюнча 2000-жылга чейин шаар калкынын арасында энелердин өлүмүнүн учурлары басымдуулук кылгандыгы көңүл бурдурат (бул айыл жеринде энелердин өлүмүнүн учурлары катталбай калгандыгы менен байланыштуу болсо керек). 2000-жылдан баштап бул катыш өзгөргөн: шаар калкынын арасында энелердин өлүмүнүн учурларынын көрсөткүчү 2000-жылдагы 60,3төн 2010-жылдагы 32,1ге чейин төмөндөгөндүгү жана айыл калкынын арасында анын 2010-жылдагы 39,4төн 2010-жылдагы 63,3кө чейин кыйла жогорулагандыгы белгиленген. Айыл калкынын арасында энелердин өлүмүнүн коэффициенти бүтүндөй Кыргыз Республикасы боюнча шаар жериндеги тургундардын арасында ушундай эле көрсөткүчтөрдөн 2010-жылы 1,9 эсе (тийиштүү түрдө 61,3 жана 32,1) жана 2011-жыл 1,3 эсе (тийиштүү түрдө 59,6 жана 45,0) ашып кеткен.

1.5. Энелердин өлүмүнүн себептери

Энелердин өлүмүнүн түзүмүнө келсек, 2003-жылга чейин эң негизги себепке талгак, андан кийин септикалык өтүшүү жана кансыроо кирет. 2004-жылдан баштап энелердин өлүмүнүн биринчи себеби кансыроо (2012-жылы -31,1%), андан кийин кан басымдын жогорулашы (17,6%) жана сепсис (13,5%) болгон б.а. бул боюнда болуу, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгилде аялды талаптагыдай кароо жана көз болууга жараша болот. Ошондой эле экстрагениталдык патологиянын өскөндүгү (2012-ж. -23% белгиленген, башка себептерге 14,9% туура келет (ТЭЛА, анестезиологиялык өтүшүү).

Акушердик жардамдын сапаты төрөткө көмөктөшүү жана эне менен наристенин аман калуу процессине түздөн-түз таасир тийгизет. Кош бойлуу кезде өз убагында жана сапаттуу чара көрбөй коюу боюнда бар аялдын өмүрүнө коркунуч келтириши мүмкүн. Өтүшүүгө өз убагында диагноз коюу жана операциялык кийлигишүүдө өлүмгө учуроону болтурбай калууга болот. Ушуга байланыштуу кечиктирилгис акушердик жардамдын сапатына медициналык адистердин даярдыгынын сапаты, саламаттыкты сактоо уюмдарынын жабдылышы жана кечиктирилгис акушердик жардам берүүгө (КАЖ) даярдыгы зор таасир тийгизет. Сапаттуу КАЖ көрсөтүү үчүн (мисалы, кансыроодо) төрөт бөлүмдөрү, өзгөчө райондук деңгээлде негизинен талаптагыдай жабдылбайт (жабдуулар, дары каражаттары, квалификациялуу персонал ж.б.). Бардык төрөт мекемелеринин 43%ында натыйжалуу перинаталдык технологиялар али киргизилген эмес[145]. Алсак, 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча энелердин өлүмүнүн 29,8%ы (22 аял) шаардык жана райондук ооруканалардын деңгээлинде, 28,3%ы - (21 аял) – облустук мекемелерде, 8,1% (6 аял) Бишкек жана Ош шаарларынын төрөт үйлөрүндө, 12,2% (9 аял) – республикалык мекемелерде жана 3,2%ы (2 аял) үйдө жана жолдо болгон[146]. Преэклампсия/эклампсия учурларына келсек, соңку он жылдын ичинде өлүм учурлары азайды: алсак, 2000-жылы кан басымдын жогорулашынын салыштырма салмагы 38%ды, ал эми 2011-жылы – 22,2%ды түзгөн. Бул кан басымдын жогорулашын диагноздоонун жакшырышына, ошондой эле натыйжалуу кийлигишүү чараларын кеңейтүүгө байланыштуу. Септикалык өтүшүүнүн көбөйүшүнө саламаттыкты сактоо уюмдарында инфекциялык контролдун төмөндүгү таасир тийгизет.

2000-жылдан кийин "башка" себептердин пайызы өскөн – 1999-жылы 18,8% жана 2010-жылы 28,8% (тромбоэмболия, аллергиялык оор реакциялар ж.б.) болгон. Ошондой эле акушердик себептерге кыйыр байланыштуу болгон энелердин өлүмүнүн учурларынын пайызынын өскөндүгү белгиленген (экстрагениталдык патологиялар – жүрөк-кан тамыр оорулары, оор гепатит, пневмония/плеврит ж.б.). Алсак, оперативдүү маалыматтар боюнча 2012-жыл үчүн экстрагениталдык оорулар өлүмгө алып келген себептердин ичинен экинчи орунга чыгып, 23%ды (17 учур)[147], (2003-жылы 10,7%), бул аялдардын ден соолугунун жалпы абалынын начарлагандыгы жөнүндө далилдеп турат. Жалпысынан алганда даяр эмес мезгилде бойго бүтүү ден соолук маселелери боюнча, анын ичинде үй-бүлөнү пландоо маселеси боюнча маалымдарлыктын деңгээлинин жетишсиздиги менен шартталган. Эксперттер аялдардын социалдык-экономикалык статусунун кыйла төмөндөгөндүгүнөн жана эмгектик миграциядан улам кургак учуктан өлгөн учурлары көбөйгөндүгүн белгилешкен.

Ар кандай жагдайлар жана факторлор учурдагы жагымсыз тенденцияларды колдоо менен энелердин өлүмүнүн учурларынын пайда болуу тобокелдигин көбөйтөт. Ушундай факторлордун арасында: (i) 2000-жылдан баштап өлкөдө балдардын төрөлүшү өскөн, бул 1980-90-жылдары туулган жаш келиндердин санынын өсүшү менен шартталган, алар азыркы учурга карата репродукциялык куракка жетишкен; (ii) фертилдүүлүк коэффициентинин өсүшү 2006-жылдагы 2,7ден 2011-жылдагы 3,1 чейин болгон. Алсак, 2010-жылы баланын эң көп төрөлүшү Нарын жана Талас облустарында белгиленген (төрөт курагындагы 1 аялга орточо 3,9 бала)[148]. Иш жүзүндөгү маалыматтар төрттөн ашык баласы бар аялдар энелердин өлүмүнүн жогорулатылган

145 КР СМ АБС маалыматтары.

146 "2012-жыл үчүн республиканын саламаттыкты сактоо ишинин негизги жыйынтыгы жана 2013-жылга милдеттер жөнүндө" маалым кат.

147 "2012-жыл үчүн республиканын саламаттыкты сактоо ишинин негизги жыйынтыгы жана 2013-жылга милдеттер жөнүндө" маалым кат.

148 Кыргыз Республикасынын демографиялык ар жылдык, УСК. 2011-ж.

тобокелине туш келе тургандыгын далилдеп турат[149]; (ii) саламаттыкты сактоо системасында бөгөттөр бар (төрөт үйлөрүнүн жана бөлүмдөрдүн инфраструктурасынын начарлыгы – жайлардын, жабдуулардын жана аны техникалык жактан тейлөөнүн, транспорт каражаттарынын жетишсиздиги, квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги ж.б.); (iv) социалдык-экономикалык детерминанттар (миграция, жашоо деңгээлинин төмөндүгү, жумушсуздук, толук тамактанбоо, социалдык жеңилдиктердин жетишсиздиги, ден соолук маселелери боюнча калктын маалымдарлыгынын төмөндүгү, маданий өзгөчөлүктөрдүн таасиринин күчөшү, эрте жана аргасыздан никеге туруунун өсүшү)[150, 151, 152].

1.6. МӨМ-5тин башка көрсөткүчтөрүнүн динамикасы

Кыргыз Республикасында энелердин ден соолугун коргоо боюнча саламаттыкты сактоо системасынын кызмат көрсөтүүлөрү менен камтуу салт боюнча жогору болуп саналат. ***Квалификациялуу персоналдын катышуусу менен төрөттөрдүн үлүшү*** орточо 98,3-98,5%ды түзөт. Бирок энелердин өлүмү боюнча жагымсыз кырдаалдын фонунда камтуу жагындагы жогорку көрсөткүчтөр көрсөтүлүп жаткан кызматтардын толуктугу жана сапаты жагында көйгөйлөр бар экендигин таасын көрсөтүп турат. Келечектеги эненин ден соолугунун, ошондой эле баланын ден соолугунун көз карашынан алганда натыйжалуу перинаталдык көз болуу түйүлдүктүн саламаттыкта өсүшүн, анын натыйжасы катары – аялдар үчүн боюнда болуунун жакшы жыйынтыгын шарттаган эң маанилүү аспект болуп саналат. Ушуга байланыштуу перинаталдык мезгил бою көрсөтүлгөн кызматтардын, анын ичинде антенаталдык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакеттерин берүүнүн сапатын жакшыртуу өтө зарылчылык болуп саналат. Боюнда бар аялдарды 12 жумага чейинки мөөнөттө эртелеп каттоого алуу боюнча көрсөткүчкө баяндама бүткүл өлкө боюнча 1992-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилде соңку эки жылдын ичинде ал өтө төмөндөгөндүгүн көрсөттү (1992-жылдан 2001-жылга чейинки мезгилде - 71-74,6%, 2010-ж. - 65,1%, 2011-ж. - 52,1%). Бул кыйла даражада Бишкек шаарынын, Чүй, Талас жана Жалал-Абад облустарынын, аз даражада – Нарын облусунун көрсөткүчтөрүнүн эсебинен болгон. 2012-жылдын маалыматтары кырдаалдын жакшыргандыгын көрсөтүп турат – 76,7%.

Каны аз боюнда бар аялдардын үлүшүнө келсек, анда анын деңгээли мезгил-мезгили менен кошумча көтөрүлүп кетиши менен жогору бойдон калууда. КР УСКнын маалыматтары боюнча 2011-жылдын көрсөткүчүндө ал кайра жогорулап жана 64%ды түзгөн, бул 1990-жылдагы көрсөткүчтөн 2,5 эсе жогору. Бул индикатор тышкы факторлор менен тыгыз байланышкан. Экономиканын канааттандырарлыксыз абалы, жумуш орундарынын жоктугу, анын натыйжасы катары ички жана тышкы миграциянын жогорку деңгээли коомдун турмушунун бардык жактарына жана энелердин ден соолугуна терс таасирин күчөтүп жатат. 2005- жана 2010-жылдардагы саясый окуялар абалды бузууга кошумча фактор болду, ал негизги көрсөткүчтөрдүн начарлашына алып келген (кедейликтин, миграциянын деңгээли өскөн). Алсак, натыйжалар 2011-жылы кедейлик деңгээли мурдагы жылга салыштырганда көбөйүп жана 36,8%ды түзгөндүгүн көрсөттү. Ошондой эле КР УСКнын маалыматтары боюнча 1990-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилде калктын тамак-ашынын сапаты төмөндөгөн: этти жана эт азыктарын керектөө 2 эседен ашыкка, сүт жана сүт азыктарын керектөө дээрлик 3 эсе кыскарган, мөмө-жемиштерди керектөө кыйла кыскарган – 20%, ал эми балык жана балык азыктарын керектөө 1990-жылдагы деңгээлдин 25%ына жакын болгон. Медициналык кызматкерлердин пикирлеринин баяндамасы аз кандуулук өскөндө боюнда бар аялдардын бир бөлүгү темири бар дары-дармектерди сатып алуу жана толук курсунан өтүү (кымбаттыгынан, медициналык камсыздандыруусу жоктугунан жана ММК КП жеткиликтүү эместиктен улам) жагында чектелүү экендигин көрсөтүп турат[153].

Контрацептик каражаттарын пайдаланган репродукциялык курактагы аялдардын үлүшүнүн тынымсыз төмөндөшү – 2005-жылдагы 38,2ден 2012-жылдагы 28,6га чейин төмөндөшү байкалган (40-сүрөттү караңыз). Кыргыз Республикасында контрацептик каражаттар менен камтуу негизинен эл аралык уюмдардын эсебинен камсыз кылынат. Соңку жылдары контрацептик каражаттарын берүү негизинен ЮНФПА тарабынан жана жарым-жартылай Глобалдык фонд тарабынан аткарылат. Бул маселенин маанилүү экендигин эске алуу менен (бойдон алдыруунун жана каалабаган бойго бүтүүдө алардын өтүшүп кетишинин алдын алуу) жана өлкөдө колдо бар ресурстардын чектелүү экендигине карабастан азыркы учурда контрацептик каражаттарын гуманитардык берүүдөн мамлекеттик камсыз кылууга акырындык менен өтүүнүн рекомендациялары жана механизмдери иштелип чыгууда. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан калктын аз камсыз болгон жана аялуу катмарына кирген аялдарды жок дегенде 20%га жабдуу пландаштырылып жатат.

---

149 http://www.who.int/mediacentre/factsheets/fs351/ru/

150 Кыргыз Республикасында энелердин өлүмү: тенденцияларга баяндама, 2012, www.hpac.kg Изилдөө Кыргыз Республикасында кедейликке баа берүү боюн ча иштин алкагында Дүйнөлүк Банктын финансылык колдоосу менен саламаттыкты сактоо саясатын талдоо Борбору тарабынан жүргүзүлгөн.

151 МӨМ-5ке жетишүү прогрессин тездетүү боюнча аракеттенүү планы, 2013-ж. Документ Кыргыз Республикасындагы ООН системасынын колдоосу аркылуу даярдалган.

152 http://www.unfpa.org/webdav/site/global/shared/factsheets/srh/RU-SRH%20fact%20sheet-Poormother.pdf

153 Кыргыз Республикасында энелердин өлүмү: тенденцияларга баяндама, 2012, www.hpac.kg Изилдөө Кыргыз Республикасында кедейликке баа берүү боюн ча иштин алкагында Дүйнөлүк Банктын финансылык колдоосу менен саламаттыкты сактоо саясатын талдоо Борбору тарабынан жүргүзүлгөн.

17-кыстырма. Дурус практиканын мисалдары: МӨМдү (MAF) Тездетүү боюнча Структураны аткаруу

2011-жылдын биринчи жарымында ООНдун Өнүктүрүү Тобунун МӨМ боюнча Атайын Жумушчу Тобунун (UNDG MDG) эл аралык планда, анын ичинде Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттарында таанылган өнүгүү максаттарына жетүүгө умтулган өлкөлөрдү кыйла макулдашылган, натыйжалуу жана таасирдүү колдоо көрсөтүүгө чакырылган МӨМдү (MAF) Тездетүү боюнча Структураны иштеп чыгышты жана сунуш кылышты. Бул Структура кечигип жаткан МӨМдүн максаттуу көрсөткүчтөрүндөгү прогресс жолундагы көйгөйлүү участкаларды табууга жана тизмектөөгө, ошондой эле ал көйгөйлүү участкалар үчүн "тездетүү" боюнча чечимдерге багытталган.

2012-жылы июлда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана UNCT бул инструментти колдонгон өлкөлөрдүн катарына кошулуу чечимин кабыл алды. "Энеликти коргоону жакшыртуу" МӨМ-5 МӨМдү Тездетүү боюнча Структурага таасир тийгизүүнүн негизги объекти болуп калды, андагы кырдаал ушул МӨМгө жетишүү көз карашынан алганда өтө курч болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү МӨМ-5ке жетишүүгө байланышкан маселелерди чечүүнү өтө жактай тургандыгын билдирди. MAF социалдык жана медициналык коргоо кызматтарынан толук өлчөмүндө пайдалануу мүмкүнчүлүгү жок аял калкынын өтө аялуу катмарынын таламдарын коргоого, ошондой эле ошол социалдык топтун сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү алууга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө чакырылгандыгын баса белгилей кетүү керек. Муну менен бирге мамлекеттик органдар гана эмес, ошондой эле жарандык сектор, жергиликтүү бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, анан дагы жеке сектордун өкүлдөрү демилгелерди жүзөгө ашыруунун алкагында иштелип чыккан иш-чараларды аткаруучулар болуп калууга тийиш. Мындай демилге Кыргызстандын ар бир жараны үчүн маанилүү болуп калуусу керек.

Бул демилгени жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасына төмөнкүдөй артыкчылыктарды алууга мүмкүндүк берди:

- энеликти коргоо жагында учурдагы кырдаалга катуу методологиялык негизде терең талдоо жасоо;
- МӨМ-5 маселесин таламдаш тараптардын, анын ичинде аралаш мамлекеттик секторду (Билим берүү жана илим министрлиги, Экономика министрлиги, Социалдык өнүгүү министрлиги, Эмгек, жаштар жана миграция министрлиги ж.б.) , эл аралык уюмдарды жана жарандык коомдун уюмдарынын кеңири чөйрөсүн тартуу менен улуттук деңгээлге көтөрүү;
- энеликти коргоо жагында маселелердин комплекстүү мүнөзүн жана МӨМ-5ке жетишүүнү тездетүүдө социалдык-экономикалык жана маданий факторлордун салымынын маанисин таасын баса белгилөө;
- Кыргыз Республикасында МӨМ-5ти тездетүү боюнча аракеттенүү Планын иштеп чыгуу, ага жакынкы мезгилдин ичинде аткарыла турган кыйла артыкчылыктуу иш-чаралар жооптуу аткаруучуларды аныктоо менен киргизилген. Эксперттик консультациялардын натыйжасында Кыргыз Республикасында MAF таасир тийгизишинин артыкчылыктуу багыттарына репродукциялык ден соолукту коргоо, натыйжалуу перинаталдык көз болуу жана кечиктирилгис акушердик жардам киргизилген. Бул багыттардын ар бири МӨМ-5ке жетишүү прогрессин тездетүү көз карашынан алганда аныктоочу болуп саналат;
- сунуш кылынган ар бир багыттын алкагында мамлекеттик бюджеттин жана удаалаш финансылоонун алкагында тышкы жардамдын каражаттарынын эсебинен жабуу пландаштырылган зарыл финансылоонун жана орун алган финансылык ажырымдын көлөмү аныкталат;
- жаңыдан иштелип чыккан МӨМ-5ти тездетүү боюнча аракеттенүү Планын колдонуудагы 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун «Ден соолук» Улуттук программасын жүзөгө ашыруу планына интеграциялоо.

МӨМ-5ке карата прогресстин негизинен болуп, өлкөдө экономикалык, социалдык, саясий туруктуулукка тез арада жетишүү, бардык айкалыш секторлордун мобилизациясы жана өз ара аракеттенүүсү саналат. Мындан тышкары, МӨМ-5 (MAF) тездетүү боюнча демилгени жүзөгө ашыруу алкагында МӨМ-5ке жетишүүгө олуттуу таасирин тийгизген жана тез арада кийлигишүүнү талап кылган багыттар аныкталган. Булар төмөнкү үч багыт: репродукциялык ден соолукту коргоо, натыйжалуу кайра перинаталдык (жандандыруу) камкордук жана кечиктирилгис акушердик жардам. Мында жакшы уюштурулган жана сапаттуу кечиктирилгис акушердик жардамдын өзгөчө мааниси баса белгиленет.

Алынган маалыматтар 2004-жылдан тартып 2011-жылга чейинки мезгил аралыгында эненин ден соолугун коргоо боюнча иш-чарага номиналдык мааниде каржылоо 213,5 млн. сомдон 761,1 млн. сомго чейин өскөндүгүн белгилөөдө. Бирок, саламаттыкты сактоого жалпы мамлекеттик чыгымдардагы аталган көрсөткүчтүн салыштырмалуу салмагына баа бере турган болсок, абал анчалык деле маанай көтөргүдөй эмес. Алсак, 2004-жылы эненин ден соолугун сактоого чыгымдардын үлүшү 9,9%ды түзгөн болсо, 2011-жылы бул көрсөткүч 7,6%га чейин төмөндөгөн. Ушундай абалдан улам, эненин ден соолугун сактоо боюнча иш-чараларды каржылоонун жетишсиз деңгээли орун алгандыгы боюнча тыянак чыгаруурга болот, бул өз кезегинде сунушталган медициналык кызматтардын сапатына таасирин тийгизет[154].

Жетишсиз каржылоо төмөнкү көйгөйлөргө алып келет: БМСЖ деңгээлинде (ФАП жана ҮДТларда койкалар менен камсыз кылуудагы зарыл болгон шарттардын жоктугу), ошондой эле төрөткө жардамдашуу уюмдарынын деңгээлинде инфраструктуралардын начарлыгы; ысык жана муздак суу, электр жана жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыз кылуудагы, канализация системасындагы кыйынчылыктар, бул коопсуздукка ("таза төрөт") жана ички оорукана инфекцияларынын алдын-алууга коркунучту жаратат; лабораториялык-диагностикалык жана дарылоо жабдууларынын жетишсиздиги, тетиктерди алып келүү жана өндоо маселелерин кошо алганда, медициналык жабдууларды ар жыл сайын техникалык тейлөө маселелеринин чечилбегендиги. Калктуу конуштардын ортосундагы транспорттук каттамдын начардыгынан жана санитардык автотранспорттун, айрым учурда КММнын жетишсиздигинен улам, өзгөчө алыс жайгашкан калктуу конуштардан кош бойлуулардын ооруканага кеч келгендиги катталууда,. Өз учурунда медициналык жардам берилбегендик энелердин өлүмүнүн, анын ичинде үйүндө же ооруканага келе жатканда каза болуусунун олуттуу себептеринин бири (2011-ж. - 7 аял, 2012-ж. – 2 аял).

Өлкөнүн төрөткө жардамдашуу кызматтары тармагында натыйжалуу перинаталдык кызмат көрсөтүүнү (ЭПК) ишке киргизүү жокко эсе, ата-энелерди жана төрөт үйлөрүнүн, бөлүмдөрдүн медициналык персоналдарын (анестезиолог, неонатологдорду, акушер-гинекологдорду жана акушерлерди), ошондой эле ҮДТ/ФАПтарда ЭПБгы окутуу боюнча муктаждыктар орун алган. Дипломго чейинки билим берүү системасында ЭПБны институтташтыруу жок.

Ички уюштуруунун начар менеджменти: дарылоо-диагностикалык, транспорттук-консультациялык жардамдарды кеч көрсөтүү; зарыл болгон материалдарды, дары-дармектерди, медициналык багыттагы буюмдарды, кан жана аны алмаштырган материалдарды сатып алуудагы жана пландаштыруудагы жетишсиздиктер; сапатсыз жана туруктуу эмес ички аудит (ИКС, СНПК, инфекциялык контроль, көмөктөшүү кызматтарынын жумуш абалына мониторинг ж.б.). БМСЖ, стационар жана ЖӨБ иштеринде жолун-жолдоочулуктун төмөндүгү.

Начар камсыз болуу жана БМСЖда квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги, айрыкча айыл аймактарында, мотивациянын (түрткү берүүнүн) өнүкпөгөн системасы төрөткө чейинки жардамдын начар сапатын шарттап келет (өз учурунда антенаталдык каттоого албоо; лабораториялык диагностиканын төмөн деңгээли/сапаты жана кош бойлуулуктун жүрүшүндөгү татаалдашуу учурлары; антенаталдык кызматтардын толук топтому менен камтуунун начардыгы, өзгөчө мигранттарды жана айылдык аялдардын ж.б.. негизинен Бишкек, Ош шаарларында жана облус борборлорунда топтолгон төрөткө жардамдашуу мекемелеринде адистер (анестезиологдор, неонатологдор, акушер-гинекологдор) менен камсыз болуунун теңдешсиздиги белгиленүүдө.

Айыл калкын жана ички жана тышкы мигранттарды, ошондой эле документтери жок аялдарды кошо алганда формалдуу эмес секторду ММК менен толук эмес камтуу учурлары орун алган. Туруктуу жер которуу, паспортторунун жана каттоосунун жоктугу калкты каттоонун жана кийин ооруканага жатуусунун өркүндөтүлбөгөн механизмине алып келүүдө. Татыктуу эмгек акы издөө менен аялдар коңшу мамлекеттерге чыгып кетүүдө, кош бойлуулук учурунда медициналык байкоодо турууга мүмкүнчүлүгү болбогондугунан төрөй турган маалында үйүнө кайтышууда. Ушундай эле абалга ички миграциянын өсүшү да кирүүдө, кош бойлуулук

154 МӨМ- 5ке жетишүү процессин тездетүү боюнча аракеттенүү планы. Документ Кыргыз Республикасындагы ООН системасынын колдоосу аркылуу даярдал ган, 2013-ж.

учурунда жашаган жерин туруктуу негизде алмаштырып, медициналык кызматкерлердин байкоосунан чыгып кетүү менен төрөткө катаалдаган учурда келип түшүшөт. Эркектер акча табуу үчүн иш издеп чыгып кеткен жана түйшүктүн бардыгы аялдарга жүктөлгөн айыл жерлеринде да абал татаал. Кош бойлуу аялдарга үй-бүлөдө жана ишинде артылган оор жумуш ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө. Экономикалык катаал абал жана жумушун жоготуп коюу коркунучунан улам аялдар төрөт жана бала багуу боюнча өргүүнү колдонушпайт. Бул да болсо аялдын жана баланын ден соолугуна терс таасирин тийгизет. Абал келечек энелер үчүн социалдык жеңилдиктердин чектелгендиги жана мамлекет тарабынан берилүүчү бир жолку жөлөкпулду алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө аялдардын маалыматынын жоктугу менен татаалдашууда. Ошондой эле калктын кош бойлуу аялдар жана төрөгөндөр үчүн Мамлекеттик Кепилдик Программасы жана амбулаториялык деңгээлде дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча ММК Кошумча Пакети (контрацептик каражаттары, темир камтыган дары-дармектер, лабораториялык-диагностикалык кызматтар ж.б.) аркылуу жеңилдик берилген кызматтар тууралуу маалыматынын жоктугу белгиленүүдө.

Репродукциялык ден соолук кош бойлуулукту пландаштыруунун жана коопсуз төрөөнүн маанилүү шарттарынан болуп саналат, анткени ал коопсуз сексуалдык жашоо мүмкүнчүлүгүн, бала төрөө мүмкүнчүлүгүн жана үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча акылга сыярлык чечимди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн түшүндүрөт. Үй-бүлөнү пландаштырууну жана коопсуз контрацепцияны кошо алганда, калктын, өзгөчө өспүрүмдөр менен жаштардын репродукциялык жана сексуалдык ден соолук тууралуу маалыматынын жетишсиздиги көйгөй болуп саналат. Маалыматтын жогору болуусу күтүлбөгөн кош бойлуулуктун, кооптуу бойдон алдыруунун азаюсуна түрткү бермек. Үй-бүлөнү пландаштыруу жагында (бойго бүтүүнү каалабагандар же андан четтегендер, ошол эле учурда контрацепциянын бир да ыкмасын колдонбогон расмий никеде тургандар же 15 жаштан 49 жашка чейинки туруктуу өнөгү болгон аялдардын үлүшү катары аныкталгандар) канааттандырылбай калган муктаждыктар боюнча индикаторлорду байкоого алуунун жетишсиздиги медициналык кызматкерлер тарабынан кооптонууну төмөндөтүп, кызмат көрсөтүүлөрдү адекваттуу пландаштыруу мүмкүнчүлүгүн чектейт (маалымдоо, консультация берүү, контрацептик каражаттар менен камсыз кылуу). Камкор жаштар тармагы өнүкпөгөн бойдон калууда, бул алардын репродукциялык жана сексуалдык ден соолук жагында консультациялык жана медициналык жардамга жеткиликтүүлүгүн чектеп келет. БМСЖ медициналык персоналы үчүн үй-бүлөнү пландаштыруу жана контрацептик каражаттар боюнча клиникалык протоколдорду чектеп киргизүү учурлары бар.

Республикада жашы жете электердин арасында эне болуу тенденциясынын туруктуу өсүп бара жаткандыгынын фактысын өзүнчө көйгөй катары кароо керек. Эрте эне болуу тарыхый, диний, этностук, социалдык жана адептик негизге ээ болгон социалдык феноменди түшүндүрөт. Көп учурларда ал эрте никеге туруу (куда түшүү, ала качуу, көп нике, диний нике) көрүнүшү менен шартталган; репродукциялык ден соолук тууралуу билимдин жоктугунан жыныстык катнашка эрте тартылуу; ата-энеси менен чатакташуу, социалдык жактан начар үй-бүлө; жашы жете электерге карата жыныстык кылмыш. Алсак, 2010-жылы 15-19 жаштагы аялдар арасында төрөт деңгээли боюнча Кыргызстан Евразия аймагындагы 35 мамлекеттин ичинен бешинчи орунду ээлеген; 15-19 жаштагылар топтомунда бойдон алдыруу деңгээли боюнча болжол менен тизменин орто жеринде турат. 2011-жылы 15-17 жаштагы кыздар арасында 1 214 төрөт катталган (төрөттүн жалпы санынын 1,2%) жана 18-19 жаштагыларда 10 543 (төрөттүн жалпы санынын 8,5%). Жашы жете электер арасындагы төрөт жана бойдон алдыруу боюнча расмий маалымат толук эмес, жеке медициналык клиникаларда жана кабинеттерден маалыматтарды алууну жакшыртуу муктаждыгы бар[155].

Репродукциялык ден соолук боюнча Улуттук стратегияны (2006-2015-жж.) каржылоодогу орун алган анык эместиктер өспүрүмдөрдүн репродукциялык ден соолугу, репродукциялык системанын дарты зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүү багыттары боюнча экинчи баскычтын иш-чараларын ишке киргизүүнү баштоого мүмкүнчүлүк бербей келет.

Мындан тышкары, МӨМгө жетишүүгө глобалдык климаттык өзгөрүүлөр алгылыксыз таасирин тийгизүүдө. Өлкөдө климаттын глобалдык өзгөрүүсүнө байланыштуу негизги көйгөйлөр пайда боло баштады: суу менен камсыз болуунун жетишсиздигинин жана чөлгө айланган жерлердин өсүшү, экстремалдык метеорологиялык көрүнүштөрдүн санынын өсүшү, экосистеманын локалдык бузулушу, электроэнергияны туруктуу өндүрүүнүн төмөндөшү жана электроэнергияны сунуштоонун начарлоосу жана адаттагыдай эле эне ден соолугуна келтирилген коркунуч.

155 Кыргыз Республикасында эрте эне болууга талдоо. «Жарандар коррупцияга каршы» УБ, Бишкек, 2013-ж.

3. Алынган негизги таалимдер

Эненин ден соолугу жагында Кыргыз Республикасында ушул күнгө чейин жүзөгө ашырылган программалар жана иш-чаралар бир катар маанилүү таалимдерди[156] алууга мүмкүнчүлүк берген.

Алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн төмөнкүлөрдү камсыз кылуу зарыл:

- калктын максаттуу тобун, атап айтсак, кош бойлуу аялдарды жана энелерди, далилдик натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөр менен камтуу. Жетишилген прогресске карабастан, маанилүү кызматтар менен камтуу иш-чараны каржылоодогу чектөөлөрдөн, ишкердиктин натыйжалары боюнча отчёттуулуктун жетишсиздигинен жана медициналык кызматкерлер жана саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилиги тарабынан клиникалык практиканы өркүндөтүүгө көңүл буруунун жетишсиздигинен улам жетишсиз бойдон калууда;
- медициналык жардам көрсөтүүнүн заманбап ыкмаларын пайдалануу менен иш алып баруу үчүн кадрларды даярдоо деңгээлин жогорулатуу жана кадр маселесине көңүл буруу. Жалпы окутуудан тышкары, практикадагы бардык өзгөрүүлөрдү билүү үчүн жумушчу орундарында окутуу сапатын жакшыртуу талап кылынат. Бул кошумча насаатчылыкты жана кураторлукту, саламаттыкты сактоо уюмдарынын деңгээлинде сапат индикаторлоруна мониторингди жана медициналык аудитти камтыйт. Сапатты жакшыртуу боюнча иш-чаралар машыктыруучуларды окутуу жана бүтүндөй өлкө ичинде мекемелерге баруу боюнча кошумча ресурстарды талап кылат;
- саламаттыкты сактоо уюмдарынын инфраструктураларын андан ары жакшыртуу. Саламаттыкты сактоо уюмдарынын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча инвестициялар талап кылынат. Үчүнчүлүк деңгээлде жана облустук төрөткө жардамдашуу мекемелеринин начар жабдылгандыгына байланыштуу, Перинаталдык программанын маанилүү жагдайы болуп саналган региондоштуруу принциптери жана кайра багыттоо системалары өнүгө албай келет;
- оорукана ичиндеги инфекцияларды алдын алуу жана ага каршы күрөшүүгө карата системалык мамиле кылууну иштеп чыгуу. Кош бойлуулар, төрөгөндөрдү жана төрөлгөн ымыркайлардын инфекцияларын алдын алуу өзгөчө көңүлдү талап кылат. Төрөткө жардамдашуу уюмдарында инфекциялык контролдуктун абалын жакшыртуу боюнча иш-чаралар топтомун жүргүзүү зарыл;
- саламаттыкты сактоо программаларынын алкагында калкка кеңири маалымат берүү боюнча натыйжалуу стратегиянын орун алышы (МПК, ММК КП), бул кепилдик берилген кызматтарга жеткиликтүүлүктү жакшыртууга түрткү берген фактор болуп саналат (мисалы, ККга, темир камтылган дарыларга, фолий кислотасына ж.б.). Мындан тышкары, репродукциялык жана сексуалдык ден соолук жана коопсуз энелик маселелери боюнча калктын маалымдуулугун жана билимге жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу аркылуу үй-бүлөнүн саламаттыгы үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу зарыл;
- натыйжалуу мониторинг жана чечим кабыл алуу процесси үчүн максаттуу көрсөткүчтөр боюнча маалымат топтоо сапатын жакшыртуу. Акыркы жылдары энелердин өлүмүнүн учурларын каттоону жакшыртуу боюнча чаралар көрүлгөн. Бирок, максаттуу кийлигишүүлөр талап кылынган жактар да бар (мисалы, бойдон алдыруу, жашы жете электер арасындагы эне болуу ж.б. боюнча маалыматтарды топтоо).

156 2012-2016-жылдарга КР саламаттыкты сактоо системасын реформалоонун “Ден соолук” Улуттук программасы.

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

МӨМдү (MAF) Тездетүү боюнча Структуранын алкагында Кыргыз Республикасында МӨМ-5ти тездетүү боюнча 2015-жылга чейин Аракеттенүү Планы иштелип чыккан. МӨМ-5 жагындагы көйгөйлөрдүн комплекстик мүнөзүн, саламаттыкты сактоо системасынын ичиндеги тоскоолдуктардын орун алышын жана тышкы факторлордун (социалдык, экономикалык, маданий ж.б.) олуттуу таасирин эске алуу менен Планга медициналык мүнөздөгү жана секторлор аралык өз ара аракеттенүүнү жана саламаттыкты сактоо системасынан сырткары турган маселелерди камтыган иш-чаралар киргизилген. Артыкчылык берүүнүн натыйжасында стратегиялык интервенциялардын үч багыты бөлүнгөн, алар жеке кызматтар деңгээлинде сыяктуу эле популяциялык деңгээлде да жүзөгө ашырылмакчы:

- Репродукциялык ден соолукту коргоо
- Натыйжалуу перинаталдык камкордук:
  - Антенаталдык көз болуу
  - Төрөт жана андан кийинки көз болуу
- Кечиктирилгис акушердик жардам.

Калктын деңгээлинде маанилүү иш-чаралар жаштардын репродукциялык жана сексуалдык ден-соолук маселелери боюнча маалымдуулугун жана билимин жакшыртууга, аз кандуулуктун алдын-алуу, эненин тамактануусун, кепилдик берилген кызматтарды алуусу үчүн алардын саламаттыкты сактоо мекемелерине өз учурунда кайрылуусу үчүн кош бойлуулук учурундагы кооптуу көрүнүштөрдү кошо алганда, үй-бүлөнү пландаштыруу жана энелердин коопсуздугунун маселелери боюнча аялдардын жүрүм-турум моделдерин өзгөртүүгө багытталат.

Жеке деңгээлде кийлигишүүдө сунушталган кызматтардын түрлөрү, өлчөмдөрү жана сапаты, кайра багыттоо системасы, аялдардын социалдык аялуу топторун кошо алганда, калктын ар кайсыл максаттуу топторунун керектөөлөрү эске алынат.

Аталган Планды жүзөгө ашыруу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык, академиялык уюмдардын жана жарандык коом уюмдарынын катышуусунда секторлор аралык тыгыз катышуунун негизинде жүзөгө ашырылат. Секторлор аралык иш-чараларды камтыган Пландын бир бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө сунуштоо болжолдонууда.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

2013-жылдын май айында ***2015-жылдан кийинки мезгилге*** өнүгүү тармагында күн тартибин иштеп чыгуу маселеси боюнча жогорку деңгээлдеги көрүнүктүү ишмерлер Тобунун тарыхый доклады[157] ООНдун Башкы катчысына сунушталган, анда жаңы максаттар жана 2015-жылдан кийинки мезгилге өнүгүү жагындагы милдеттердин өзгөрүүсү боюнча сунуштар камтылган. Эненин ден соолугун коргоо, тиешелүү кызматтарга жеткиликтүүлүктү кошо алганда, олуттуу айырмачылыктар сакталып турган тармак боюнча калууда. Көп учурларда энелердин өлүмүн болтурбоого боло тургандыгына карабастан кош бойлуулук тобокелдиктин бирден-бир фактысы бойдон калууда, өзгөчө начар камсыз болгон жана айыл жеринде жашаган аялдар арасында. Эненин ден соолугун коргоо боюнча кызматтар менен камтуунун натыйжалуулугуна жана аны кеңири таркатууга, кошумча ресурстарды тартууга күч жумшоого саясый деңгээлде жетиштүү көңүл буруу баса белгиленүүдө. 2015-жылдан кийинки мезгилде эненин ден соолугун коргоо боюнча иштер “Дени сак жашоого кепилдик” деп аталган 4-тапшырманын алкагында улантылмакчы.

Анда эненин өлүмүн төмөндөтүү боюнча талкуулар актуалдуу маселе болгон, 2015-жылдан кийинки мезгилде өнүгүү тармагында аракеттер программасы боюнча консультацияларды өткөрүү үчүн Кыргызстан тандалып алынган мамлекеттердин бири экендигин белгилей кетмекчибиз.

157 http://www.un.org/sg/management/pdf/HLP_P2015_Report.pdf

6-БӨЛҮК.
ВИЧ/СПИД, БЕЗГЕК ЖАНА БАШКА ООРУЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ

6-бөлүк.
Вич/спид, безгек жана башка ооруларга каршы күрөшүү

МИЛДЕТТЕР

ВИЧ/СПИДдин таркалышын токтотуу жана ооруга чалдыгууну кыскартуу тенденциясынын башталышын улантуу;
безгектин жана башка негизги оорулардын таркалышын токтотуу жана ооруга чалдыгууну кыскартуу тенденциясынын башталышын улантуу.

42-сүрөт. Максатка жетишүү индикаторлорунун динамикасы



Булак: КР УСК

1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

1.1. МӨМ-6 боюнча саламаттыкты сактоодогу программанын негизги иш-чаралары

Кыргыз Республикасы МӨМ-6 алкагында көзөмөлгө алынып турган ВИЧ/СПИД, баңгилик, кургак учук жана башка оорулар менен күрөшүүгө багытталган иш-чараларды улантууда. 2009-жылдан тартып 2013-жылга чейинки мезгил аралыгында ар кайсы индикаторлор боюнча тенденциялар бир тараптуу болбогондугун белгилей кетүү керек, алсак, эгерде, бруцеллез жана безгек боюнча абал аталган мезгилде кыйла дурус болгон болсо, ошол эле учурда ВИЧ/СПИД, баңгилик жана кургак учук боюнча олуттуу прогресс байкалган эмес. ВИЧ-инфекциянын жаңы учурларынын өсүшү улануууда, кургак учук менен оорунун туруктуу формасы, баңгизатын ийне сайып колдонуучулардын өсүшү кооптонууну жаратууда.

Бул программанын артыкчылыктуу багыттарынан болуп, кургак учукту жана ВИЧ/СПИДди контролдоо аныкталган, бул оорулар боюнча кызматтарды көрсөтүүнүн жалпы системасына кызматтарды интеграциялоо жана саламаттыкты сактоонун

биринчилик баскычын чыңдоо үчүн чаралар кабыл алынмакчы. 2013-жылдан тартып "ВИЧ/СПИД" жана "Кургак учук-4" Мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу башталган, алар ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү, коомчулукту мобилизациялоону, медициналык кызматтарды көрсөтүүдө жаңы технологияларды киргизүүнү, кызматтарды сунуштоо системасын реформалоону ж.б. күчөтүү боюнча иш-чараларды камтыйт.

1.2. ВИЧ/СПИД

1.2.1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

ДСУ/ЮНЭЙДС баа берүүсү боюнча, Кыргыз Республикасы өсүш арымы эң жогору болгон 7 өлкөнүн катарына кирет. ВИЧ-инфекциянын кайрадан аныкталган учурларынын санынын өсүшү 2012-жылы максималдуу маанисине жетүү менен 2011-жылдан башталган (43-сүрөттү караңыз).

Бүтүндөй алганда, белгиленген мөөнөт ичинде ВИЧ-инфекциясын аныктоо 22,8 эсеге: 2011-жылдагы 202 учурдан, 2012-жылдагы 4611 учурга чейин жогорулаган. Өзгөчө тез өсүү 2006-2007-жылдары белгиленген, ал учурда ВИЧ-инфекциянын кайрадан аныкталган учурларынын саны дээрлик эки эсеге өскөн.

ВИЧ-инфекциянын 4611 расмий учурунан 2013-жылдын 1-январына карата кумулятивдик катталганы, КР жарандары – 4413 адам, чет өлкөлүк жарандар – 198 адам, СПИД менен ооруганы– 532 адам. Ушул жылдар аралыгында ВИЧ-инфекциясына чалдыккандарынан каза болгону 706, анын ичинде СПИДден – 247 адам. 2012-жылы Кыргыз Республикасында ВИЧ-инфекцияга чалдыккандардын саны 100 миң калкка 12,5 түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча ВИЧке чалдыккан адамдарды баалоо саны өлкөдө 12 400 адамды түзөт (ДСУнун «СПЕКТРУМ» программасы), бул расмий сандардан 3 эсе жогору[158].

Кумулятивдик маалыматтар боюнча ВИЧ-инфекциянын негизги берилүү жолдорунан болуп, 2013-жылдын 1-январына карата төмөнкүлөр саналат: парентералдык, анын ичинде оорукана ичиндеги инфекция – 66,99%, жыныстык жол – 29,75%, вертикалдуу (энеден балага) – 2,94%, аныкталбаган жол – 0,34%. ВИЧ-инфекциянын олуттуу саны 20-39 жаш топтомунда катталган (68,55%). Жынысы боюнча бөлүштүрсөк: эркектер – 70,49% (3111 адам), аялдар - 29,5% (1302 адам).

Өлкөдө ВИЧ-инфекция эпидемиясы концентрацияланган баскычта калууда. Эпидемиянын негизин, адаттагыдай эле, берүүнүн парентералдык жолу негиздейт, баңгини ийне аркылуу жол менен колдонуу артыкчылыктуу. Алсак, баңгини ийне сайып колдонуучулар (БИК) өлкөдө ВИЧ-инфекцияга чалдыгуу учурлары катталгандардын жалпы санынын 59,8 % (4413 ичинен 2638), анын ичинде пенитенциардык системада. 2010-жылы өткөрүлгөн Дозордук эпидемиологиялык көзөмөлдүн (ДЭК) маалыматы боюнча, БИК ичинде ВИЧ-

43-сүрөт. ВИЧ-инфекциянын кайрадан аныкталган учурларынын саны



Булак: СПИД РБ

158 ВИЧ-инфекцига карата глобалдык чараларды жүзөгө ашыруудагы жетишилген прогресстер боюнча Өлкөлүк отчет. Кыргыз Республикасы, 2012-ж.

инфекциянын таркалуусу 2007-жылдагыга караганда 2 эсеге өскөн (тиешелүүлүгүнө жараша 7,7 %дан 14,6 % чейин), ал эми өлкөнүн айрым аймактарында 30 % жогоруну түзгөн (Ош шаары). Абакта жаткандардын арасында ВИЧ-инфекциянын таркалуусу 2007-жылдагы 3,3%дан 2010-жылдагы 13,7%га чейин өскөн, бул категорияда ВИЧ-инфекцияны аныктоонун жакшырышы менен түшүндүрүлөт. БИКти ВИЧ-инфицияланууга тесттер өткөрүүнүн өлчөмү жыл сайын жогорулоо тенденциясына ыктагандыгын белгилей кетмекчибиз. Алсак, тесттен өткөрүлгөн БИК саны 2010-жылы 2237 адамды, 2011-жылы – 1886 адамды, 2012-жылы – 2488 адамды түзгөн. Ушул эле тенденция 2013-жылы да сакталган (2012-жылдын 6 айы жана 2013-жыл ичинде тесттен тиешелүүлүгүнө жараша 881 жана 1156 адам өткөрүлгөн).

ВИЧ-инфекциянын РС жана МСМ сыяктуу тобокелдүү башка топтордун ичинде таркалышы, ДЭК маалыматы боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 3,5% жана 1,1% түзгөн. Жаңыртылган сандар ДЭК тарабынан 2013-жылы өткөрүлгөн изилдөөдөн кийин белгилүү болот.

Акыркы жылдары Кыргызстанда ВИЧ-инфекция боюнча эпидемиологиялык абалда алардын өлкө боюнча таркалуусу, ошондой эле кайрадан аныктоо түзүмүндө да бир катар сапаттуу өзгөрүүлөр жүргөн. Алсак, 2006-жылга чейин ВИЧ-инфекциянын таркалышы жана жаңы учурларды аныктоо боюнча Ош шаары алдыда турган болсо, 2007-жылдан тартып жаңы учурлардын санынын басымдуу өсүшү Ош, Чүй облустарында жана Бишкек шаарында белгиленген (44-сүрөттү караңыз).

2001-жылдан тартып 2012-жылга чейин аялдар арасында ВИЧ-инфекцияга чалдыккандардын саны кескин өсүп келет (9,5%дан 29,5% чейин), мында негизинен жыныстык жол аркылуу берилүүлөр артыкчылык кылат. Ошол эле учурда көпчүлүк аялдар тобокелдик топторуна кирбейт, ал эми аялдардын ВИЧ-инфекцияга чалдыгуусунун негизги факторлорунан болуп, анын канааттандырарлыксыз социалдык-экономикалык абалы, материалдык көз карандылыгы, эрте жана аргасыз никеге туруусу, теңсиздик жана үй-бүлөдөгү зомбулук саналат[159].

Балдар арасында ВИЧ-инфекциясы өсүп бара жаткандыгы белгиленүүдө. Алсак, 2013-жылдын 1-январына карата 0 жаштан 14 жашка чейинки балдар арасында кумулятивдик каттоодо 464 ВИЧ-инфекцияга чалдыккандар турат[160], бул ВИЧ-инфекцияга чалдыккандардын жалпы санынын 10,51%ын түзөт. Алардын ичинен парентералдуу жол менен чалдыккандар 317 бала, вертикалдуу жол менен - 130 бала. Каза болгону 35, анын ичинде СПИДден -12. Балдар арасында 2012-жылы ВИЧ-инфекцияга чалдыккандардын тез өсүшү 2004-жылдын 1-январынан тартып 2009-жылдын 1-январына чейинки мезгил аралыгында төрөлгөн жана Ош, Жалал-Абад облустарынын[161] райондорунда ооруканага жаткырылган 14 жашка чейинки балдарды кароодо аныкталгандык менен шартталган. Бардыгы

44-сүрөт. Региондор боюнча ВИЧ-инфекциянын кайрадан аныкталуусунун саны, 2012-жыл



Булагы: СПИД РБ

159 Аялдардын ВИЧ/СПИДке жабырлануусуна көмөк көрсөткөн гендердик жана сексуалдык-жүрүм факторлоруна изилдөөлөр. 2003-ж., ООНдун Аялдар Өнүгүү фонду.

160 Республиканын саламаттыкты сактоо уюмдарынын 2012-жылдагы ишинин негизги жыйынтыктары жана 2013-жылга милдеттери тууралуу маалымкаты.

161 КР СМ 2012-ж.25.10 №517- буйругуна ылайык.

болуп 147 189 бала текшерүүгө алынган (98,2%), 147 ВИЧ аныкталган, анын ичинен 23 балада берилүүнүн вертикалдуу жолу менен, 107 – парентералдык жол жана 17 – такталбаган. 2012-жылдын маалыматы боюнча, жалпысынан ВИЧ-инфекциянын вертикалдуу жана оорукана ичиндеги берилүү тиешелүүлүгүнө жараша 5,1% жана 15,3% түзгөн. ВИЧ-инфекцияга чалдыккан балдар жашаган үй-бүлөлөр олуттуу кыйынчылыктарга (үй-бүлө жана коом тарабынан колдоонун жоктугу, социалдык жеңилдиктерге толук жетишпегендик ж.б.) кабылып жаткандыгын белгилей кетүү зарыл..

Катталган ВИЧ-инфекциянын жаңы учурларынын түзүмүндө ВИЧ позитивдүү аялдардын жана балдардын санынын өсүүсү эпидемиянын БИК чөйрөсүнөн жалпы популяцияга өтүп жаткандыгын тастыктап турат.

Донордун канын жана анын компоненттерин куюу аркылуу ВИЧтин оорукана ичиндеги берүү тобокелдиги сакталып келет. Алсак, донорлордун түзүмүндө 26,7% акы албаган донорлор болуп саналат, калган 70%ы тууган-туушкан донорлор, булар кан аркылуу ар кандай инфекциянын берилүүсүнө таасирин тийгизүү көз карашынан алганда өтө коркунучтуу категория болуп саналат. 2010-жылы донордук кандын жалпы санынын 12,1% инфекциянын оңтойлуу маркери чыккандыктан брак катары эсептелинип, жокко чыгарылган. Брак катары эсептелүү түзүмүндө алдыңкы орунду вирустук гепатиттер ээлеп келет: ВГВ – 4,6%, ВГС – 2,6%. ВИЧ-инфекция боюнча донордук кандын жалпы санынын 0,5%, сифилис боюнча – 1,3% жокко чыгарылган[162].

Ошентип, өлкөдө ВИЧ-инфекциянын кайрадан аныкталган учурларын каттоого алуунун өсүп жаткандыгы белгиленүүдө. ВИЧ/СПИДдин таркалуусунун улануусу шартында жана ооруга чалдыгуунун кыскаруу тенденциясынын жоктугунан максаттуу көрсөткүчтөргө жетишүү мүмкүнчүлүгү алгылыксыз болууда.

Кыргыз Республикасы өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерден улам (Миң жылдык Өнүктүрүү максаттары, 2000-ж.; ВИЧ/СПИД менен күрөшүү ишин жактоо жөнүндө Декларация, 2001-ж.; Саясий декларация, 2006-ж.), ВИЧ-инфекцияны жоюу боюнча кадамдарга барууда. Кыргыз Республикасында 2012-2016-жылдарга ВИЧ-инфекция эпидемиясын турукташтыруу боюнча жаңы мамлекеттик программа бекитилген[163]. Жаңы Программада алдын алуу, диагностика, дарылоо жана камкордук көрүү программасын жүзөгө ашыруу, калктын аярлуу топторунун кызматтарга жетишүүсүн керектүү, доо келтирүүнү кыскартуу боюнча программаларында гендердик аспекттерди күчөтүү менен катар, олуттуу көңүл саламаттыкты сактоо системасын күчөтүүгө, ошондой эле Мамлекеттик программаны координациялоого, башкарууга, мониторингине жана баа берүүсүнө бурулат.

ВИЧ/СПИД эпидемиясынын алдын алуу боюнча мурунку Мамлекеттик программаларды ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасында жаңы ыкмалар киргизилген, алар WHO/UNAIDS сунуштарына негизденген, ВИЧ-инфекцияга чалдыгуунун олуттуу тобокелдүү болгон калктын тобунун жана ВИЧке чалдыгуунун алдын алуу программаларына, диагностикага, камкордукка жана колдоого карата универсалдуу жеткиликтүүлүктүн жолунда олуттуу прогресс аткарылган. Өлкөдө мамлекеттик, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын ортосунда туруктуу өнөктөштүк байланыштар калыптанган. Көптөгөн иш-чаралар эл аралык донорлордун (GFATM, DfID, KFW, WB, USAID, WHO, UNDP, UNICEF, UNFPA, Фонд “Сорос-Кыргызстан», AFEW[164]) каржылык жана техникалык колдоосу алдында жүзөгө ашырылган. Эл аралык агенттиктер менен уюмдардын жардамы ВИЧ-инфекция боюнча программаларды каржылоонун жалпы санынын 90% ашыкты түзгөн. ВИЧ/СПИД, кургак учук жана безгек менен күрөшүү боюнча Глобалдык фонд мындан ары каражат бөлүүнү жогорулатуу тенденциясы менен негизги донор болуп саналат. ВИЧ-инфекция боюнча программаны мамлекеттик каржылоо акыркы жылдары бул тармактын иш-чараларына сарпталган каржы каражаттарынын жалпы суммасынан 9% түзүү менен Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы “СПИД” жана “Кан” кызмат борборлорунун иш алып баруусунун чыгымдарын жабат.

БИК ичинде ВИЧ-инфекциянын таркалышынын алдын алуу стратегиясы катары Кыргызстанда зыянды төмөндөтүү программасы жүзөгө ашырылат (шприц/ийне алмашуу, метадон менен алмаштыруу терапиясы), сунуш кылынган кызматтардын топтому кыйла кеңейтилген, баңгини ашык кабыл алганда медициналык жардам көрсөтүүнү кошо алганда, ошондой эле кызматтарды камтуунун географиясы кеңейтилген. Программалар жарандык сыяктуу эле, пенитенциардык

162 ВИЧ-инфекцияга карата глобалдык чараларды жүзөгө ашыруудагы жетишилген прогресстер боюнча Өлкөлүк отчет. Кыргыз Республикасы, 2012-ж.

163 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-декабрындагы №867 токтому менен бекитилген.

164 ВИЧ-инфекцияга карата глобалдык чараларды жүзөгө ашыруудагы жетишилген прогресстер боюнча Өлкөлүк отчет. Кыргыз Республикасы, 2012-ж.

18-кыстырма. Шилекей боюнча ВИЧ-инфекцияга экспресс тестирлөөнү киргизе баштоо[166].

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги ПРООНдун жана башка эл аралык уюмдардын техникалык жана каржылык колдоосу алдында жаңы – шилекей боюнча ВИЧ-инфекцияга экспресс тестирлөө программасын жүзөгө ашырууга киришкен. Аталган программа алдыңкы жана мыкты дүйнөлүк тажрыйбага негизденген жана анын максатынан болуп калктын аялуу катмарларынын ВИЧке тестирлөөгө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Аталган программаны киргизүү үчүн өлкөнүн түндүк жана түштүк аймактарында иштеген 12 НПО кызматкерлеринен тандоо, баалоо жана окутуу жүзөгө ашырылган. Программаны киргизүүнүн алгачкы үч айы ичинде тестирлөөдөн үч аялуу топтун – БИК, РС жана МСМ - 1335 өкүлү өткөн.

Шилекей боюнча ВИЧ-инфекцияга экспресс-тестирлөөнүн андан аркы ийгиликтүү ишке кириши ВИЧ/СПИД менен күрөшүү тармагында иш алып барган бардык кызыкдар болгон өнөктөштөрдүн биргелешип тыгыз иш алып баруусуна көз каранды. Учурда, программанын натыйжалуулугун жакшыртуу үстүндө иштер улануда, КРСМ жана СПИД РБ үчүн уюмдардын НПО сыяктуу эле мамлекеттик мекемелердин ичинде шилекей боюнча ВИЧ-инфекцияга экспресс-тестирлөө кызматтарын көрсөткөн уюмдардын санын жогорулатуу боюнча сунуштар иштелип чыгууда.

сектордо иш алып барат. 2012-жылы шприц алмашуу (ШАП) боюнча 48 пункт иштеп турган, анын ичинен 20 ШАП ҮДБларда, 9 ШАП – НПОлордо жана 19 ШАП түзөтүү жайларында. МАТ кызматтары өлкө боюнча 20 пунктта сунушталган, анын ичинен 17 – жарандык сектордо жана 3 пункт – түзөтүүчү жайларда. 2011-жылдын башталышына карата метадон менен алмаштыруу терапиясы программасында (МАТ) 1013 БИК катышат, анын ичинде 119 – ЖАМКта. МАТ катышуучуларында позитивдүү социалдык өзгөрүүлөр байкалган, 2010-жыл үчүн: 41,3% - ишке орношкон, 10,7% - документтерин калыбына келтирген, 12,5% үй-бүлө курган же үй-бүлөсүнө кайткан[165].

ВИЧ-инфекциянын энеден балага вертикалдуу берилүүсүн өз учурунда алдын алуу үчүн каттоодо турган бардык кош бойлуу аялдарга маалыматтык макулдугун алуудан кийин ВИЧке милдеттүү тестирлөө жүргүзүлөт. ВИЧ-инфекция аныкталган учурда кош бойлуулар жана төрөлгөн ымыркай химиялык алдын алуунун толук курсун алышат. Бул багытта UNICEF колдоосу алдында СПИД РБ бир катар иштерди жүргүзүп келет: саламаттык сактоо мекемелеринин жана ППМР боюнча жамааттардын жигерин күчөтүү, окуу куралдарын, окуу программаларын иштеп чыгуу жана кайрадан карап чыгуу, МБМдерди көбөйтүү жана башкалар. 2012-жылдын маалыматы боюнча ВИЧ-инфекциясына чалдыккан кош бойлуу аялдардын саны 128 адамды түзгөн, мында химиялык алдын алууну антиретровирустук препараттар менен химиялык алдын алуу курсун 92,2% аял алган (2012-жылы төрөгөн 90 аялдын 83).

ГФСТМ колдоосу алдында бардык муктаж болгон ВИЧке чалдыккандар антивирустук терапиядан өткөрүлгөн, анын ичинде пенитенциардык системада. Кыргызстанда 24 антиретровирустук препарат катталган (АРВ), алар WHO же жөнгө салуу органдары тарабынан бекитилгендей каттоодон өткөн. 2013-жылдын 1-январына карата АРВ-терапияны 691 ЛЖВ алып келет, чоң кишилер – 457 (эркектер – 248; аялдар – 209); балдар - 234 (эркек бала – 155; кыз – 79).

1.2.2. Максатка жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Өткөөл учурдун социалдык-экономикалык көйгөйлөрү, ошондой эле баңгилерди ийне сайып колдонуудан ВИЧ-инфекциянын берилүүсү менен байланыштуу болгон эпидемиянын өзгөчөлүгү аны жоюудагы кыйынчылыктарды жаратууда.

ВИЧ-инфекциянын өсүшүнүн жана таркашынын негизги себептеринен болуп аялуу топторду алдын алуу иш-чаралар менен камтуунун чектелүүсү саналат. Тобокелдиктин жогорку деңгээлине дуушар болгон калктын категориясынын (БИК, СР, МСМ, калктын мобилдүү/миграцияга дуушар топтору) муктаждыктары толук деңгээлде эске алынган эмес жана канааттандырарлыксыз. Калктын ВИЧ-инфекцияны алгачкы жолу алдын-алуу боюнча чаралар жөнүндө маалыматынын төмөндүгү да олуттуу маанике ээ.

ВИЧ боюнча кызматтарды көрсөтүү фрагменттүү бойдон калууда, саламаттыкты сактоо системасынын ар кайсыл кызматтарынын жана деңгээлдеринин ортосундагы жетишсиз өз ара аракеттенүүсү орун алууда. Акыркы жылдары биздин өлкөнүн саламаттыкты сактоо системасы үчүн өзгөчө актуалдуулукту ВИЧ-инфекциянын берилүүсүнүн парентериалдык жолу ээлөөдө, бул медициналык процедуралар

165 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасында ВИЧ-инфекция эпидемиясын турукташтыруу боюнча Мамлекеттик программа.

166 2012-жыл үчүн СПИД, кургак учук жана безгек менен күрөшүү боюнча Глобалдык фонддун гранттарын жүзөгө ашыруу жөнүндө жылдык отчет .

коопсуздук чараларын сактабагандык менен байланыштуу көйгөйлөрдү далилдеп турат. Ош облусунун саламаттыкты сактоо мекемелеринде ВИЧ-инфекциянын пайда болуусу бул багытта ишти мындан күчөтүү зарылчылыгын көрсөттү. Айрым медициналык адистер кан менен иш алып барууда коопсуздук чаралары боюнча билиминин жана тажрыйбасынын жетишсиздиги ВИЧтин оорукана ичинде таркалышы сыяктуу эле, медицина кызматкерлеринин өздөрүнүн жабырлануусуна өбөлгө түзүүдө. Ошондой эле, саламаттыкты сактоо уюмдарын тиешелүү жабдуулар, ошондой эле медициналык адистерин жеке коргонуучу каражаттар менен камсыз кылуу маселеси сакталып келүүдө. Медицина процедураларын контролдоо процесси госпиталдык деңгээлде начар бойдон калууда.

Саламаттыкты сактоо мекемелеринде тестке чейинки консультациялар жана тесттен өткөрүү (ДКТ) системасы ишке киргизилген эмес. 2012-жылдын баа берүүсү, катнаш болгондон кийинки процедурадан өткөн кардарларды каттоонун, ошондой эле көрсөткүчтөр боюнча стационардагы оорулууларды текшерүүдөгү ДКТ боюнча документация жүргүзүүнүн толуктугун жана сапатынын жетишсиздигин чагылдырган.

ВИЧтин энеден балага өтүүсүнүн алдын-алуу боюнча да көйгөйлөр орун алган, орточо алганда 5-7%ы ооруканага ВИЧке текшерилбестен келип түшөт, ал эми алдын алууну кош бойлуулуктун 14-жумасынан тартып баштоо керек. Бул тапшырманы жүзөгө ашыруу кош бойлууларды эрте камтуусуз мүмкүн эмес.

ВИЧке чалдыккандардын вируска каршы терапияга оңтойлошуу деңгээли төмөн бойдон калууда, бул саламаттыкты сактоо системасынын ичиндеги, саламаттыкты сактоо системасы менен өкмөттүк эмес СПИД-сервис уюмдары менен өз ара байланыштын начарлыгы менен шартталган. Социалдык колдоону күчөтүү жана аны медициналык тейлөөгө шайкеш келтирүү зарыл. ВИЧке чалдыккандарды диспансердик байкоого алуунун сапатын жакшыртуу, антиретровирустук терапияны өз учурунда дайындоо, ВИЧ-инфекциялангандардын дарылануурга ыкташуусун иштеп чыгуу үчүн саламаттыкты сактоо мекемелеринин кызматкерлерин туруктуу негизде окутуп туруу жана ВИЧке чалдыккандар үчүн тренингдерди өткөрүү зарыл.

Өлкөдө ВИЧ-инфекция менен байланышкан программаларды жүзөгө ашыруу үчүн оңтойлуу шарттар түзүлгөн. Бирок, стигма жана кодулоонун алдын алуу программалардын, дарылануурга жана билимге жеткиликтүүлүктүн, социалдык жардам жана маалымат алуунун жолундагы маанилүү тоскоолдуктардан болуп саналат. Адам укугун, анын ичинде ВИЧке чалдыккандардын тобокелдиктин кыйла жогору деңгээлине оңтойлуу болгон топтордун укугун коргоо көңүл бурууну талап кылган өлкөдөгү маанилүү көйгөйлөрдөн болуп калууда.

Эл аралык уюмдар тарабынан ВИЧ/СПИД жагындагы программаларды каржылоонун төмөндөп жаткан тенденциясы маанилүү жагдай болуп саналууда. Мурда башталган иш-чараларды институтташтыруу зарылчылыгы жана ВИЧ-инфекциянын алдын алуунун туруктуу комплекстик системасын түзүү каржылоонун адекваттуу деңгээлин талап кылат. Саламаттыкты сактоо секторун каржылоо ыкмасынын өзгөрүүсү ВИЧ менен байланыштуу программаларга тийген эмес. ВИЧ-инфекция боюнча иш-чараларга акча каражаттарын бөлүп берүү башка секторлордо жеткиликсиз жүзөгө ашырылууда.

ВИЧ/СПИД боюнча Улуттук программаны жүзөгө ашыруурга мониторинг жана баа берүү системасы мындан аркы ишке киргизүүнү жана натыйжалуулукту жогорулатууну талап кылат.

1.2.3. Алынган негизги таалимдер

ВИЧ-инфекциянын таркалуусуна каршы күрөшүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу тажрыйбасынан улам төмөнкү таалимдер алынган:

Калктын максаттуу топторун алдын алуу иш-чаралар менен камтуунун чектелген өлчөмү ВИЧ-инфекциянын уланып бара жаткан өсүшүн жана таркалуусунун жогорулоосун колдоого алган фактор болуп саналат;

ВИЧ-инфекциянын оорукана ичинде берилүүсүнүн актуалдуулугунун өсүшү, бул медициналык процедуралардын коопсуздугун камсыз кылууда орун алган көйгөйлөр менен байланыштуу;

Жетишсиз каржылоо, өткөрүлүп жаткан иш-чаралардын географиялык камтуусунун чектелүүсү жана алардын начар натыйжалуулугу, кызматтарды көрсөтүү боюнча адекваттуу болбогон жигер, мониторинг жана баа берүүнүн өркүндөбөгөндүгү – ушунун бары эпидемиянын турукталуусуна тоскоолдук кылат;

Жалпы коомчулук жана өзгөчө медицина кызматкерлери тарабынан аярлуу адамдарга жана ВИЧ-инфекция менен жашагандарга карата орун алган стигма жана кодулоо, консультация алууга, дарылануурга жана камкордук алууга өз учурунда кайрылууга карата тоскоолдук болуп саналат.

1.3. Баңгилик

Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

2009-жылдан тартып 2012-жылга чейин Кыргыз Республикасында баңги абалы өлкөнүн аймагын Евросоюз өлкөлөрүнөн жана Россиядан баңги трафиги катары пайдалануу боюнча эл аралык баңги жамааттарынын активдешүүсү менен мүнөздөлгөн. Баңги трафиги сатуу рыногун түптөөгө жана өлкөдө баңги заттарын жүгүртүүгө, Кыргыз Республикасында баңгиликтин таркалышынын артышына жана баңгиге муктаж болгондордун санынын өсүшүнө өбөлгө түзөт[167].

Эгерде 2012-жылга чейин баңгиге муктаж болгондордун санынын өсүүсү белгиленген болсо (орточо алганда жылына 5,2%), 2012-жылдан кийин бул көрсөткүч абсолюттук сандарда 7,5% төмөндөгөн. Баңгиге жана психактивдүү баңгилик заттарга көз карандылык диагнозу менен каттоодо тургандардын 80% ашыгы Бишкек, Ош шаарларында жана Чүй облусунда жашайт. 100 миң кишиге алганда баңгиликтин таркалышы боюнча алдыңкы орунда Токмок, Ош жана Бишкек шаарлары турат (тиешелүүлүгүнө жараша орточо республикалык мааниден 3,3; 3 жана 2,8 эсеге жогору).

Түрлөрү боюнча республикада баңги заттарын пайдалануу опиаттар/опиоиддор тобуна туура келет (Бишкек шаары, Чүй жана Ош облаустары). Бирок, борбордон канчалык алыс болсо, өндүрүлгөн каннабисти пайдалануу артыкчылык кылат (Нарын, Талас, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Баткен облустары). Опиаттарды пайдалануучулардын катталган абсолюттук саны 21% өскөн, негизинен героиндин эсебинен (46,4% жогорулаган). Баңги каттоосунда тургандардын 90%ы эркектер. Катталгандардын жаш курактарына талдоо 18 жашка чыга электер аз каттала баштагандыгын көрсөтүүдө (абсолюттук мааниде 65% кыскарган) жана катталгандардын жалпы санынан 0,2%ын түзөт.

Баңгини мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү боюнча учурдагы Мамлекеттик саясат баңгини жүгүртүү тармагы боюнча мыйзам жана укуктук-ченемдик базаны, баңги жана психотроптук каражаттарды мамлекеттик контролдоону камтыйт. 2010-жылы Кыргыз Республикасында баңгиликке каршы саясат Концепциясы жана анын 2015-жылга чейинки жүзөгө ашыруу планы иштелип чыккан. Бул программалык документти жүзөгө ашыруу төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш: а) өлкөдөгү баңги абалына натыйжалуу мамлекеттик жана социалдык контролдукту жүргүзүү, б) калктын баңгиге муктаждык деңгээлин жана аны менен байланыштуу кылмыштуулукту төмөндөтүү, в) мамлекеттик башкаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук уюмдардын баңгиликке каршы иштерин мобилизациялоону жана координациялоону камсыз кылуу, г) баңгиликтин таркалышынын жана баңгинин мыйзамсыз жүгүртүлүшүнүн алдын алууга негизделген ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү.

Өспүрүмдөр жана жаштар арасында баңгини пайдалануунун алдыналуу боюнча иш-чаралар Билим берүү министрлигинин жана Саламаттыкты сактоо министрлигинин активдүү катышуусунда жүзөгө ашырылууда. Баңгини колдонуунун жана баңгинин мыйзамсыз жүгүртүлүшүнүн алдын алуу боюнча Улуттук программа кабыл алынгандыгына карабастан, баңгиликтин өспүрүмдөр жана жаштар арасында андан ары таркалуусунун алдын алуу үчүн баңги пайдалануунуу алдын алуу боюнча жалпы Мамлекеттик стратегия иштелип чыккан эмес.

Эл аралык уюмдардын финансы-техникалык колдоосу алдында зыянды төмөндөтүү боюнча программалар киргизилүүдө. Зыянды төмөндөтүү стратегиясы – баңгилик жана баңгини мыйзамсыз жүгүртүүнүн алдын алуу боюнча жана баңгини ийне сайып колдонуучулардын (БИК) ичинде ВИЧ/СПИДди алдын алуу тармагында мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты болуп саналат. БИК жана ЛЖВС үчүн кызматтарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, мамлекеттин баңгиликке каршы саясатты мындан ары улантуу, баңгилик жана баңгини мыйзамсыз жүгүртүү менен күрөшүүнү күчөтүү максатында терапияны алмаштыруучулар, шприцтерди алмашуу программасы кеңейтилүүдө. Саламаттыкты сактоо системасы тарабынан баңгини көп кабыл алган, баңгини пайдалануудан кийинки учурдагы медициналык жардам көрсөтүү программасы иштелип чыгууда (консультация берүү, диагностика жана дарылоо).

167 Кыргыз Республикасындагы банги абал боюнча. 2012-ж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңгини контролдоо боюнча мамлекеттик кызмат.

19-кыстырма. Баңги колдонуучулар арасында ооруга чалдыккан жана каза болууга байланыштуу фактылар

Баңгини ийне сайып колдонуу көп учурда ВИЧ-инфекция менен ассоциацияланат: ДЭК маалыматы боюнча калктын бул тобунда ВИЧ-инфекциянын таркагандыгы 2010-жылы 14,6%[168] түзгөн, колдонуу тажрыйбасы канчалык көп болсо ВИЧ-инфекциянын жана С гепатитинин таркалышы да ошончолук жогору.

Баңги колдонуучулар ичинде каза болуу жалпы популяцияга караганда 1,3 эсеге жогору. Гендердик аспектте баңги колдонгон аялдар ичинде каза болуу жалпы популяциядагы аялдардыкынан жогору, бул топтун тобокелдүү жүрүм-туруму менен байланыштуу.

Кыргыз Республикасында баңги колдонуучуларды алдын-алуу жана колдоо боюнча иш-чаралар өкмөттүк эмес уюмдар менен мамлекеттик мекемелердин биргелешкен иши аркылуу жүзөгө ашырылат. 2009-2011-жылдар аралыгында жогоруда белгиленген чараларды жүзөгө ашыруу боюнча техникалык жана каржылык колдоону эл аралык уюмдар жүзөгө ашырууну улантып келген, бирок негизги стратегиялык донор болуп СПИД, кургак учук жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Глобалдык фонд саналат.

1.3.1 Максатка жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Легалдуу эмес баңги рыногу, Кыргыз Республикасында баңги колдонуунун таркалышынын жана баңги колдонууга муктаждыктын өсүшүнүн маанилүү себебинен болуусун улантууда. Бардык мамлекеттик структураларды активдүү тартуу, бардык зарыл болгон иш-чараларды жетиштүү деңгээлде мамлекеттик каржылоо менен Баңгиликти алгачкы алдын алуу боюнча өлкөдө стратегия жок.

Жаштар жана өспүрүмдөр – улуттун жана мамлекеттин келечеги - таасирге тез тартылат жана баңгилик жана баңгини колдонууга абдан аялуу болуп саналат. Жаштардын иш менен камсыз болуусуна олуттуу көңүл бурбай коюу, ишке орноштуруу жана социалдык келечектер өлкөдө баңги колдонуу көйгөйүн ого бетер кыйындатып жибериши мүмкүн.

Баңгини колдонуунун экинчи жана үчүнчүлүк алдын алууга мамлекеттик каржылоонун жоктугу олуттуу көйгөй болуп санала тургандыгын жана токтотууга мүмкүн болбой турган ВИЧ-инфекция, гепатит С, кургак учук, ЖЖБИ жана башка оорулардын өөрчүшүнө алып келиши мүмкүн.

1.3.2 Негизги алынган таалимдер

Баңги колдонуунун алдын алуунун көптөгөн натыйжалуу программалары боюнча мыйзам базасынын жоктугу өлкөдө көп учурда көптөгөн натыйжалуу программалардын ишке ашпай калуусуна алып келет.

Бул программаларды саясий деңгээлде начар колдоо орун алган, азыркыга чейин көптөгөн программалар ишке ашпай калуу коркунучу алдында турат, себеби эл аралык программалар соңуна чыкты, ал эми бул программаларды мамлекеттик каржылоо орун алган эмес.

1.4. Кургак учук

1.4.1. Учурдагы кырдаал жана тенденция

Кургак учук көйгөйү (ТБ) биздин мамлекеттин артыкчылыктуу медициналык-социалдык көйгөйлөрүнүн катарында кала берүүдө. Өлкөдө кургак учук оорусуна чалдыгууну жана андан өлүмгө учуроону азайтууга багытталган иш-чараларды жүргүзүү боюнча мамлекеттин саясий колдоосу бар, “Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, мыйзам алдындагы актылар кабыл алынган, ДСУнун “Кургак учукту токтотуу” стратегиясынын принциптерине негизделген Кургак учук менен күрөшүүнүн улуттук программасы жүзөгө ашырылып жатат.

2002-жылдан тартып Кыргыз Республикасында кургак учук боюнча негизги эпидемиологиялык көрсөткүчтөрдүн төмөндөөсү байкалган. 2001-2011-жылдары ооруга чалдыгуунун көрсөткүчтөрү болжолдуу алганда 40%га төмөндөдү (100 миң адамга 168тен 102ге чейин, ЖАМКны кошо алганда, же жыл сайын каттоого алынуучу алгачкы аныкталган оорулууларда 8266дан 5535ке чейин), ал эми ТБдан өлүмгө учуроо – 66%га (100 миң адамга 27ден 9,2ге чейин, ЖАМКны кошо алганда, же ТБдан өлгөн учурлардын 1329нан 501ге чейин). Бул фактылар Кыргыз Республикасындагы Кургак учук менен күрөшүүнүн улуттук программасынын тийиштүү ийгиликтерин чагылдырып берет (45-сүрөттү караңыз). Бирок, жалпы алганда Кыргызстанда кургак учук боюнча учурдагы эпидемиологиялык көрсөткүчтөр дале болсо начар бойдон кала берүүдө.

168 ДЭК 2006-2010-жж СПИД. РБ.

45-сүрөт. Кыргыз Республикасында 2001-2012-жылдары кургак учук ооруусуна чалдыгуу динамикасы



Булак: РММБ жана ФУБ

2012-жылы өлкөдө 5674 алгачкы аныкталган кургак учук оорусуна чалдыккандар катталган, 2011-жылы 5243 учур катталган (КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК системасында тийиштүү түрдө 177 жана 292 учур). 2012-жылы республикада ооруга чалдыгуу, 2011-жылга салыштырмалуу 100 миң адамга 95,1ден 101,2ге чейин көбөйгөн. Мурунку жылдардагыдай эле ооруга чалдыгуунун жогорку деңгээли Бишкек шаарында жана Чүй облусунда сакталып, 100 миң адамга 118,9ду жана 144,0дү түзөт. Пенитенциардык системада ТБга чалдыгуунун мааниси өтө олуттуу – 2012-жылы 100 миң адамга 2293,0 же 177. Улуу курактагы эркектер арасында ооруга чалдыгуу аялдарга караганда жогору жана биринчи топтогулардын тобокелдүү жүрүш-туруштары менен шартталган (тийиштүү түрдө, 100 миң адамга 169 жана 106).

2012-жылы республикада балдар арасында кургак учук оорусуна чалдыгуу деңгээли 100 миң адамга 37,2ни түздү, 2011-жылы 30,1 болгон. Мурунку жылдардагыдай эле ооруга чалдыгуунун жогорку көрсөткүчтөрү Бишкек шаарында жана Чүй облусунда сакталууда (тийиштүү түрдө, 100 миң адамга 76,5 жана 47,0). 2012-жылы республикада өспүрүмдөр арасында кургак учук оорусуна чалдыгуу деңгээли, 2011-жылга салыштырмалуу Чүй (100 миң адамга 113,4төн 176,4кө чейин) жана Баткен (100 миң адамга 65,7ден 107,6га чейин) облустарындагы бул көрсөткүчтүн олуттуу өсүшүнүн эсебинен 100 миң адамга 9,9дан 93,1ге чейин көбөйдү.

Кыргызстанда өпкөдөн сырткары ТБнын (ӨСКК) мааниси алгачкы аныкталган оорулуулар арасында 30%ды түзөт. Бул өпкө кургак учугуна диагноз коюунун жана аныктоонун сапатынын төмөндүгүнө байланыштуу болушу мүмкүн, же өлкөдө m.bovis тин таркалышын чагылдырып, бул өз кезегинде, үй жаныбарларынын кургак учук оорусуна чалдыгуусунун жогорку деңгээлинин натыйжасы болушу мүмкүн.

Кургак учуктан каза болуунун көрсөткүчтөрү азырынча туруктуу төмөндөөнү көрсөтүп жатат (47-сүрөт), өлүмгө учуроонун түзүмүндө негизги үлүш мурдагыдай эле кургак учуктун өнөкөт формалары менен ооругандарга (~80%) туура келет. 2012-жылы кургак учуктан каза болуу республика боюнча 100 миң адамга 8,6%ды түздү. Республикалык көрсөткүчтүн олуттуу жогорулашы Чүй жана Нарын облустарында чагылдырылган (тийиштүү түрдө, 100 миң адамга 13,6 жана 12,0). ТБдан каза болуунун өзгөчө жогорку өсүшү пенитенциардык системада белгиленген – 100 миң адамга 247,5тен 401,6га чейин.

46-сүрөт. Балдар жана өспүрүмдөр арасындагы ооруга чалдыгуу. 2002-2012-жылдар (100 миң адамга)



Булак: РММБ жана ФУБ

47-сүрөт. Кыргыз Республикасында 2001-2012-жылдары кургак учук оорусунан каза болуу динамикасы



Булак: РММБ жана ФУБ

Саламаттык сактоо системасын реформалоонун азыркы “Ден соолук” программасы саламаттык сактоонун баштапкы звеносунун деңгээлинде кургак учукка каршы жардамды интеграциялоону күчөтүүгө жана ушул категориядагы бейтаптар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга багытталган. 2012-2016-жылдарга карата артыкчылыктуу багыттар катары аныкталган: саламаттык сактоо уюмдарында жана кургак учукка каршы стационарларда ТБны инфекциялык жактан контролдоо чараларын киргизүү, ТБ, анын ичинде КДТ-ТБ лабораториялык диагноз коюу жана аныктоо сапатын жакшыртуу, ТБны дарылоонун амбулатордук моделин киргизүү. Жалпысынан алганда, бардык күч-аракет, кургак учукка каршы колдонулуп жаткан жардамдардын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталат. Ошондой эле кургак учукка каршы стационарларды реструктуралаштыруу пландаштырылып жатат, бул финансы каражаттарын сарамжалдуу пайдаланганга жана аларды мисалга алсак, КДТ-ТБны дарылоо үчүн дары-дармектер менен камсыздаганга кайра жибергенге мүмкүндүк берет.

20-кыстырма. Кургак учук менен ооругандарга медициналык жардамды жакшыртуу жана медициналык кызмат көрсөтүүнү стандартташтыруу

Кургак учукка каршы жардамды уюштуруунун азыркы системасынын натыйжалуулугунун төмөндүгүнүн бир себеби болуп, ченемдердин жана стандарттардын эскириши саналат. 2012-жылы Саламаттык сактоо министрлиги ДСУнун рекомендацияларына жана эл аралык изилдөөлөрдүн натыйжаларына негизделген кургак учук боюнча 4 жаңы клиникалык көрсөтмөнү бекитти: саламаттык сактоонун биринчи звеносунун деңгээлинде кургак учукка каршы жардамды уюштуруу боюнча; балдардын кургак учугу; кургак учукту инфекциялык контролдоо; дарыга туруктуу кургак учуктун менеджменти.

Жаңы рекомендациялар жалпы популяция жана тобокелдүү топтор арасында кургак учукту скринингдөөнүн колдонуудагы ыкмаларын карап чыгууну, амбулаториялык шарттарда кургак учукту дарылоонун артыкчылыгын, кургак учукту инфекциялык контролдоо чараларын милдеттүү түрдө киргизүүнү, балдардын кургак учугун диагноздоонун жана дарылоонун стандарттарын жана башка көптөгөн нерселерди киргизет. Бул стандарттарды бардык жерде киргизүү, аларды так аткаруу өлкөдө кургак учукту аныктоого, диагноз коюуга жана дарылоо натыйжаларына оң таасирин тийгизет деп күтүлүүдө.

Булак: КР Саламаттык сактоо министрлиги. 2013-жыл.

2011-жылдан тартып Кыргызстанда GeneXpert MTB/RIF, кургак учукту экспресс-диагностикалоо жана риафампицинге[169] туруктуулукту аныктоо сыяктуу жаңы технологияларды киргизүү башталган. Бул жабдуу кургак учукту аныктоого жана анын дарылоого мүмкүн болушунча тез арада баштоого багытталган. 2013-жылга чейин Бишкек шаарында, Чүй жана Ош облустарында 8 машина орнотулган. Азыркы учурда, машиналар сынамык программалардын жана долбоорлордун алкагында иштеп турганда, бул жабдууларды натыйжалуу жерлерге жайгаштыруу стратегиясын талкуулоо жана иштеп чыгуу жүрүүдө. 2013-жылы өлкөдөгү кургак учукту лабораториялык диагностикалоонун сапатына оң таасирин тийгизе турган, модулдук типтеги Улуттук референс-лаборатория ишке киргизилди.

Кыргызстан кургак учуктун мультирезистенттик формасынын (МЛУ-ТБ) жогорку оорчулугундагы өлкөлөрдүн катарына кирет. ДСУнун Глобалдык отчетунун дайындары боюнча ТБ боюнча 2012-жылга карата Кыргызстанда МЛУ-ТБнын таралышы ТБнын жаңы учурларынын арасында (мурда дарыланбаган) 22%ды, мурда дарылангандар арасында 52%ды түзөт. 2005-2011-жылдары МЛУ-ТБнын такталган учурларынын саны 3569 оорулууну түзгөн (кумуляциялык сан), алардын ичинен 2638 (73,9%) дарыланган жана Глобалдык фонддун каражатынын эсебинен дарыланып жатышат. 2012-жылы Кыргызстанда МЛУ-ТБнын 904 учуру айкындалган жана катталган.

Мультирезистенттик кургак учук (МЛУ-ТБ) – кургак учуктан талаптагыдай дарыланбагандыктын жана медициналык мекемелерде, өзгөчө кургак учукка каршы стационарларда[170] инфекциялык жактан контролдоо (ИК) чараларынын начарлыгынын натыйжасы. Кургак учукту инфекциялык жактан контролдоо боюнча жаңы клиникалык көрсөтмө саламаттык сактоо уюмдарынын шартында кургак учуктун жугуп калуу тобокелдигин төмөндөтүү үчүн натыйжалуу төмөнкү чыгымдык рекомендацияларды камтыйт[171].

21-кыстырма. Саламаттык сактоонун алгачкы звеносун уюштуруу үчүн инфекциялык жактан контролдоо чаралары

USAIDдин “Сапаттуу саламаттык сактоо” долбоорунун ишинин алкагында Чүй, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын бир катар райондорунда, аба, тамчы жолу менен берилүүчү ооруларды, анын ичинде кургак учуктун жугуп калышын жана таралышын төмөндөтүү боюнча ДСУ тарабынан сунушталган чаралар киргизилет.

Инфекциялык жактан контролдоо боюнча чараларга:

- инфекциялык жактан контролдоо планын иштеп чыгуу;
- жөтөлүп ооруган бейтаптардын агымын сорттоо жана бөлүштүрүү, башка көрүнүү үчүн келгендерге жугуп калуу ыктымалдыгынын алдын-алуу үчүн мындай бейтаптарды тез арада кароодон өткөрүү жана текшерүү системасын киргизүү;
- жөтөлүп ооруп калган учурдагы жүрүш-туруш эрежелери боюнча маалымат берүү (жөтөлүп жана үчкүрүп ооруп калган учурларда оозду жана мурунду тумчулоо);
- табигый аба айлануусу, ультра күлгүн шамдарын, медицина кызматкерлеринин жеке коргоо каражаттарын (респиратор) натыйжалуу колдонуу кирет.

Бул чаралар, бир жагынан, дарылоо мекемесинин ичинде кургак учуктун жугуп калуу ыктымалдыгын төмөндөтсө, экинчи жагынан – кургак учуктун айкындалышына карата медициналык персоналдын сактануусун жакшыртат.

Булак: КР Саламаттык сактоо министрлиги. 2013-жыл.

169 Рифампицин – антибактериалдык препарат, КУ менен ооругандарга олуттуу таасирин тийгизет

170 WHO. Global TB report 2012.

171 Кургак учукту инфекциялык жактан контролдоо боюнча клиникалык көрсөтмө. КР Саламаттык сактоо министрлиги. 2013-жыл.

22-кыстырма. Пенитенциардык системада МЛУ-ТБ менен ассоциацияланган негизги көйгөйлөр

Түрмө системасындагы кургак учук – бул өлкөдөгү жалпы кырдаалды ырбаткан олуттуу көйгөй. Кыргызстандын 2003-жылы ДСУнун "Түрмөдө саламаттыкты сактоо" долбооруна кошулушу түрмө кызматынын жана жарандык саламаттык сактоонун бардык тараптан кызмат-ташуусунун башталышына негиз коюшу керек болчу. Бирок, донордук каражаттардын көп түшкөндүгүнө карабастан, аны өркүндөтүү иштери фрагменттик мүнөздө жүрүп жана пенитенциардык саламаттык сактоодогу жалпы кырдаалда бөтөнчө өзгөрүүлөр болгон жок.

Түрмөдөгү адамдардын ооруга чалдыгуу түзүмүндө мурдагыдай эле кургак учук басымдуулук кылат. Кызыл чырым Эл аралык комитети (КЧЭК) жана Чек арасыз врачтар – Швейцария (MSF-S) сыяктуу эл аралык уюмдардын колдоосу астында кургак учукка диагноз коюуну жана дарылоону жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

Булак: Кыргыз Республикасында түрмөдөгү саламаттык сактоонун абалын талдоо. 2012-жыл.

Азыркы учурда кургак учукту дарылоо үчүн дары-дармектин 98%ы Глобалдык фонддун каражаттарынын эсебинен камсыздалат: өлкөгө кургак учуктун сезимтал формасын дарылоо үчүн пайдаланылуучу дарылар көпчүлүк учурда кармалуусуз жана үзгүлтүксүз түрдө жетишерлик көлөмдө келип турат. Кургак учукка каршы дары-дармектерди бөлүштүрүү, ташуу жана сактоо боюнча логистикалык тизмекти жөнгө салууга өзгөчө көңүл бурула баштады. ГФСТМдин каражаттарына облустардагы кургак учукка каршы күрөшүү борборлорунун кампалары оңдоп-түзөлдү, Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан дары-дармек менеджменти боюнча операциялык процедуралардын стандарттары бекитилген.

Ошол эле учурда, МЛУ-ТБ менен ооругандарды дарылоо үчүн дары-дармектер менен камсыз кылуу жагы көйгөйлүү бойдон кала берүүдө. Экинчи катардагы кургак учукка каршы дары-дармектердин жетишсиздигинен улам, МЛУ-ТБнын бардык аныкталган оорулуулары ошол замат дарылоого алынбай калышы мүмкүн. МЛУ-ТБ менеджменти боюнча жаңы клиникалык көрсөтмөнү иштеп чыгуу, экинчи катардагы бардык дары-дармектерди каттоого алуу, ТБнын бардык учурларын электрондук каттоого алууну киргизүү МЛУ-ТБнын бардык аныкталган бейтаптарын сапаттуу дарылоого жана анын өз убагында башталышына оң таасирин тийгизет деп күтүлүүдө.

ВИЧ менен ТБнын айкалышуусу, бул маселе боюнча эски дайындардын жана изилдөөлөрдүн жоктугунан улам Кыргызстанда алигиче толук кандуу окуп-үйрөнүлө элек. 2011-жылы ВИЧ/ТБ (кумуляциялык сан) боюнча 2011-жылдагы ВИЧ/ТБнын 152 учурун кошо алганда 672 учур аныкталган. Ушул мезгилде ВИЧ/ТБдан 257 оорулуу каза болгон (кумуляциялык сан). ТБ жана ВИЧ кызматтарынын координациясынын жана өз ара иштешүүсү начарлыгы ТБ оорулууларынын арасында ВИЧ-инфекциянын таралышынын чыныгы себебин байкап чыгууга мүмкүндүк бербейт[172]. Кургак учукка каршы күрөшүүнүн учурдагы программасынын эң маанилүү компонентинин бири башка секторлорду жана жарандык коомчулукту кыйла жигердүү тартуу болуп саналат. ДСУ жана USAIDдин техникалык колдоосу астында Адвокация, коммуникация жана социалдык мобилизация (АКСМ) стратегиясы жана иш-чаралар планы иштелип чыккан. Бул стратегияны ишке ашыруу ТБны контролдоо боюнча иш-чаралардын түрдүү түзүмүнө тартылууну жакшыртууга, кургак учукка каршы программалардын кургак учукка каршы артыкчылыктуу иш-чараларды жогорку саясий деңгээлге чыгарууга мүмкүндүк берет.

1.4.2. Максатка жетүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Кургак учукка каршы жардамды уюштуруу боюнча негизги иш-чаралар кыйла деңгээлде тышкы жардамдардан, негизинен ГФСТМдин гранттарына көз каранды: биринчи жана экинчи иреттеги кургак учукка каршы дары-дармектерди алуу, жабдууларды, чыгымдалуучу материалдарды жана реагенттерди сатып алуу, окутуу, мониторинг жана контролдоо. Ошол эле учурда Мамлекеттик бюджет кургак учукка каршы жардамды, көбүнесе кургак учукка каршы стационарлар тарамы жагында каржылоого алат. Ушулардын бардыгы өлкөдө сынамык долбоорлор жана программалар аяктагандан кийин ТБны контролго алууга жетишүү жагын өтө оорлотот. Кургак учук менен күрөшүүнүн натыйжалуу чараларынын пайдасы үчүн мамлекеттик каржылоонун артыкчылыгына түп-тамырынан бери өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

Калктын социалдык-экономикалык жашоо деңгээлинин төмөндүгү, кедейлик, ички жана тышкы активдүү миграция, медициналык кызмат көрсөтүүнүн, айрыкча тобокелдүү топтордун

172 ДСУнун 2012-жылдагы дайындары: www.who.int/tb/data

өкүлдөрүнүн арасында (камалгандар, мурда камалгандар, БИКлар, мигранттар жана башкалар) чектелүүлүгү, стигма жана кодулоо кургак учук оорусуна чалдыгууга жагымсыз таасирин тийгизүүнү улантууда. Бул факторлорду Бишкек шаарындагы, Чүй облусундагы жана басымдуу санда региондордогу ички мигранттарда жана түзөтүү мекемелеринин концентрациясында ооруга чалдыгуунун жогору болушу тастыктап турат.

Медициналык кызматтардын, пенитенциардык системанын жана жарандык сектордун өз ара аракеттенүүсүнүн начарлыгы камак жайынан бошотулган бейтаптардын арасындагы дарылоонун үзгүлтүккө учурашынын чоң тобокелдигин жаратат жана андан ары да улана берет. Жарандык жашоого кайткандан кийин кургак учук менен ооругандар социалдык жактан колдоого муктаж жана ансыз дарылоону улантуу мүмкүн эмес. Мындай бейтаптарды социалдык жактан колдоого алуу программаларын жүзөгө ашыруу тажрыйбалары дарылоо процессинде дарылоонун жыйынтыгына оң таасирин тийгизди. Бирок бул иш-чаранын мамлекет тарабынан каржыланбагандыгы анын туруктуу негизде аткарылышына жол бербейт.

Дарылоо режиминин бузулушу. дарылоо учурундагы үзгүлтүктөр өлкөдөгү МЛУ-ТБ кырдаалын андан ары кыйындатат жана ШЛУ-ТБ боюнча иш андан дагы жаман. Биринчи звенолук жана кургак учукка каршы стационарларда инфекциялык жактан контролдоо чараларынын сакталбагандыгы МЛУ-ТБнын андан аркы таркалышынын жана ШЛУ-ТБнын өнүгүшүнүн дагы бир себептеринен болуп калышы мүмкүн.

1.4.3. Негизги алынган таалимдер

Акыркы жылдардын аралыгында өлкөдө кургак учукка каршы жардамды уюштуруу боюнча өтө натыйжалуу программалар киргизилип жатат. Өкүнүчтүүсү, бул багыттагы ишмердик сынамык программалардын жана долбоорлордун алкагында аткарылып, ушуга чейин туруктуу жана институттук өнүгүүлөрдү алышкан эмес. Эл аралык уюмдардын мамилесин өзгөртүү зарыл, ал айрым процесстердин алкагы менен чектелбестен, бүтүндөй системаны өзгөртүүгө багытталышы керек.

1.5. Безгек

48-сүрөт. Безгек катталган учурлардын саны



Булак: КР УСК

1.5.1 Учурдагы кырдаал жана тенденция

2002-жылга чейин безгектин айрым учурлары катталган, бирок алардын арасында Кыргызстандын жарандары болгон эмес. 2012-жылы безгектин эпидемиялык чыгуулары Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында (жалпы 2700 учур, же түштүк облустары боюнча 100 миң адамга 80-132 учур) жана 2003-жылы Баткен облусунда (100 миң адамга 87,4 учур) катталган. 2005-жылы безгек боюнча эпидемиологиялык кырдаалдын начарлашы Чүй облусунда, ирригациялык системалардын бузулушунун, Бишкек шаарынын айланасындагы сыз жана саз жерлердеги жаңы курулуштардын пайда болушунан улам Чүй облусунда белгиленген. Безгек 2005-жылдан кийин 15 райондо катталып, дагы 19 райондун жашоочулары анын таралып кетүү коркунучунда турушкан. Безгек чыккан учурлардын саны, ошондой эле 100 миң адамга карата саны 2010-жылга чейин жыл сайын төмөндөп турган. 2011-жылдан тартып өлкөдө безгек боюнча бир да жергиликтүү учур катталган жок, демек, бул коюлган максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн болжолдоого мүмкүндүк берет.

Безгек боюнча эпидемиологиялык кырдаалды эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан безгекке каршы иш-чаралар комплекси бекитилген. 2000-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин безгек менен күрөшүү боюнча максаттуу комплекстүү программасы жүзөгө ашырылган. Бул программанын алкагында жана ДСУ, ГФСТМ, ЮСАИД, МЕРЛИН, ТКӨА жана башка эл аралык уюмдардын техникалык жана финансылык колдоосу астында өлкөдө безгектин алгачкы кысымы токтотулуп калды. Безгек менен күрөшүү боюнча программа көп сектордуу мамиле кылууга негизделген. Стратегиялык планда безгек менен күрөшүү боюнча негизги министрликтердин жана ведомстволордун ишмердиги, ошондой эле жарандык коом менен эл аралык уюмдардын өнөктөштүгүн өнүктүрүү каралган.

2010-жылдан тартып республикада "2012-2015-жылдарга Кыргыз Республикасында безгектин элиминациясынын Программасы" жүзөгө ашырылат. ГФСТМ грантынын алкагындагы финансылык колдоонун астында өлкөдөгү безгекти жеңип чыгуу боюнча иш-чаралардын туруктуулугуна жетишүүгө мүмкүн болгон. Бул мамлекеттик саясатты түзүү, методологиялык иштерди, маалыматтык жана окуу материалдарын иштеп чыгуу, медициналык мекемелерди жабдууну жакшыртуу, ошондой эле калктын көйгөйгө карата билимин жана мамилесин жогорулатуу менен шартталган. Алсак, 2006-2011-жылдары безгектин актуалдуу маселелери боюнча 3355 саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери, алгачкы медициналык-санитардык жардамдын адистери, мите лабораториясынын кызматкерлери окутулуп, алардын 80%дан ашыгы Глобалдык Фонддун долбоорунун алкагындагы окутуудан өтүшкөн. Лабораториянын бардык адистери (810 адам) безгекке диагноз коюу боюнча окуудан өтүшкөн. Лабораториялардын 380и (89,2%) ГФСТМдин колдоосу астында жабдылган. ГФСТМ долбоорунун колдоосу аркасында түзүлгөн мобилдик топтор, адистерге жергиликтүү деңгээлде усулдук жана практикалык жардамдарды көрсөтүшөт.

Алдын алуу иш-чараларынын көлөмдөрүн уюштуруу жана аныктоо үчүн негиз болуп, ДСУнун географиялык маалыматтык системасына ылайык изилдөө жана карта түшүрүү саналат. Облустук түзүмдөр менен түзүлгөн электрондук байланыш тармагы эпидемиологиялык кырдаалга дайыма байкоо салууга жана очокторду жоюу боюнча шашылыш чараларды пландаштырууга мүмкүндүк берет. Коргоо иш-чаралары калкты импрегнирдик чиркейлерге каршы торлор менен камсыз кылууну, имарат-жайларга ички чачыратууларды, анафелогендик көлмөлөрдү иштетүүнү жана чиркейлердин куурчакчалары менен күрөшүүнүн биологиялык методдорун өнүктүрүүнү камтыйт. 2012-жылы безгекти ташуучулар менен күрөшүү боюнча иш-чаралар саламаттык сактоо системасынын 34 аймактык-администрациялык бирдиктеринде, өлкөнүн бардык эндемикалык райондорунда жана облустарында ишке ашырылган. Жалпысынан 20 миң короо тазалоодон өткөрүлүп, 35 миң көшөгө бөлүштүрүлгөн. Кош бойлуу аялдарды жана 5 жашка чейинки балдарды көшөгөлөштүрүү тийиштүү түрдө 81,6%ды жана 58,9%ды түзгөн.

Безгек менен күрөшүү боюнча программалардын туруктуулугун камсыз кылуудагы маанилүү элемент болуп, коомдун деңгээлинде алдын алуу иш-чараларды өткөрүүгө коомчулукту тартуу саналат (23-кыстырманы караңыз).

2014-жылга карата Кыргызстан безгектен эркин эл аралык тастыктамасынан өтүүгө даярдануда.

23-кыстырма. “Кыргыз Республикасында безгекти элминациясы боюнча ишке калкты тартуу жана өнөктөштүктү өнүктүрүү” стратегиясын киргизүү

Бул стратегия айылдык ден соолук комитеттери ассоциациясы жана Саламаттыкты чыңдоонун республикалык борбору менен биргеликте Баткен, Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарындагы, ошондой эле ПРООН/ГФСТМдын колдоосу астында Бишкек шаарындагы конуштардагы Саламаттыкты чыңдоо кабинеттери аркылуу ишке ашырылат.

Безгектин чыгышы мүмкүн болучу калктуу конуштарда безгекке каршы күрөшүүгө айылдык ден соолук комитеттерин тартуу, безгекке каршы күрөшүү үчүн калктын кеңири катмарын тартуу жагында мамлекеттик мекемелердин жана жарандык коомдун күч-аракетин бириктирүү камсыз кылынды. Жергиликтүү жашоочулардын ичинен үй ичин тазалоо боюнча бригадалар уюштурулган. Биргелешкен күч-аракеттер менен пологизация программасы, айрыкча кош бойлуу аялдар жана 5 жашка чейинки балдар арасында жүзөгө ашырылат. РЦУЗ менен кызматташуудагы саламаттык маселелери боюнча коомчулуктун аракетин илгерилетүү, калкты маалыматтык-билим берүү акцияларын көбөйтүүгө, ошондой эле безгекке каршы күрөшүү көндүмдөрүн жана билимдерин алып, аны коргоо каражаты катары пайдаланган калктын саны тууралуу кайтарым байланышты алууга мүмкүндүк берет.

1.5.2. Максатка жетүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Кыргыз Республикасынын аймагы өзүнүн ландшафттык-климаттык шарттары боюнча безгектик зонаны түзөт, бул ыңгайлуу температуралык шарттардагы анафелогендик аянттардын, күрүч аянттарынын көп болушунан улам түзүлөт. Мындан тышкары, чек аралаш мамлекеттерде мезгил-мезгили менен болуп турган эпидемиялар, калктын миграциясынын жогорку деңгээли безгектин чыгышына ыңгайлуу чектеш мамлекеттердеги (Тажикстан, Өзбекстан) райондордо биргелешкен программаларды үзгүлтүксүз жүзөгө ашырууну талап кылат.

2006-жылдан баштап, Глобалдык Фонддун грантынын келиши менен безгекке каршы күрөшүү боюнча комплекстүү туруктуу системаны түзүү башталып, саламаттык сактоо уюмдарында жана коомчулуктун деңгээлинде алдын алуу жана дарылоо иш-чараларын уюштуруу үчүн ишенимдүү база түптөлгөн. Ошону менен катар, мамлекет ушуга чейин безгекти алдын алуудан өткөрүү жана дарылоо чыгашаларын жабуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес. Инсектициддер, көшөгөлөр дагы Глобалдык Фонддун эсебинен сатылып алынат. Өлкөдө безгектин элиминациясына каршы күрөшүүдөн жана өлкөнү сертификациялоодон - безгектен эркин айдыңга өткөрүү зарыл.

1.5.3. Негизги алынган таалимдер

Алынган таалимдер безгектин таралышы менен натыйжалуу күрөшүүнү камсыз кылуу үчүн төмөндөгүлөр маанилүү шарттар экендигин көрсөтөт:

- ыкчам иштелип чыккан мамлекеттик саясаттын болушу;
- мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан дагы, эл аралык донорлук уюмдардын каражаттарынан дагы пландаштырылган иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн финансылык колдоону камсыз кылуу;
- түрдүү мамлекеттик түзүмдөрдүн, жарандык сектордун жана эл аралык өнөктөш уюмдардын күч-аракеттерин бириктирүү;
- бардык кызыкдар тараптардын ишмердигин талаптагыдай координацияланышын камсыз кылуу.

1.6. Бруцеллез

1.6.1 Учурдагы кырдаал жана тенденция

Өлкөдө 2009-2011-жылдары бруцеллёз оорусуна чалдыгуунун көбөйүү тенденциясы белгиленген, орточо алганда бул мезгилдеги өсүү темпи 20%ды түзгөн. 2012-жылы бруцеллёз оорусуна чалдыгуу 2 эсе төмөндөп, бул максаттуу көрсөткүчтөргө (49-сүрөт) жетишүүдөгү бурулуш болуп калышы мүмкүн. Т.а. 2012-жылы адамдардын бруцеллез оорусуна чалдыгуусунун 2141 учуру (38,8) катталган, 2011-жылдын ушул мезгилинде 4223 учур (76,6) катталган. 14 жашка чейинки балдардын 224 учуру, 2011-жылдын ушул мезгилинде 563 учур катталып, балдар контингентинин ооруга чалдыгуусунун төмөндөшү 2,5 эсени түзөт. 2012-жылы Ош шаарында бруцеллезго чалдыгуу 103 учурду (40,3), 2011-жылы 63 учурду (24,6), өсүш 43 учурду түзгөн.

Үй-бүлөнүн ооруга чалдыгуу учурларынын 2 эсеге төмөндөшү белгиленет. Эгерде 2011-жылы 131 очок (289 адам) болсо, 2012-жылы - 63 үй-бүлөлүк очок 139 ооруга чалдыккан адам санында катталган. Нарын жана Ош облустарында бруцеллез оорусуна чалдыгуунун үй-бүлөлүк очоктору катталган. 2013-жылдын 1-кварталында республика боюнча 282 учур (5,1) катталган, 2012-жылдын ушул мезгилинде 447 учур (8,2) катталган, ошондой эле балдар арасында ооруга чалдыгуунун 2012-жылы 30 учуру болсо, 2013-жылы 21 учур катталып, төмөндөө белгиленген.

49-сүрөт. 2000-2012-жылдардагы бруцеллез оорусуна чалдыгуу, 100 миң адамга ургаалдуу көрсөткүч



2012-жылы 953 640 баш бодо мал текшерилип, алардын 2473үнө (0,3%) бруцеллез диагнозу коюлуп, алар союлган. 34335 майда мал дагы текшерилип, дарт аныкталгандыгынан улам 215и союлган.

24-кыстырма. Кыргыз Республикасында бруцеллезго каршы күрөшүү программасынын ийгиликтери

2009-2013-жылдардын мезгилинде Дүйнөлүк банктын "Айыл чарба инвестициялары жана кызмат көрсөтүүлөрү (ПСИУ)" долбоорунун алкагында "Бруцеллездин алдын-алуу жана күрөшүү программасы" жүзөгө ашырылган. Бул программа бруцеллез көйгөйүн чечүүгө комплекстүү мамиле кылган жана майда малды вакцинациялоону, бруцеллездун алдын алуу боюнча маалыматтык-билим берүү кампаниясын, жалпыга маалымдоо каражаттарында, басма сөзгө жарыялоо аркылуу калкты агартууну, бруцеллез маселесин чечүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын активдүү тартууну өзүнө камтыган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри

2009-жылы Нарын облусунда башталган майда малды вакцинациялоо иш-чаралары, акырындап 2010-жылы Чүй жана Ысык-Көл облустарын камтыган, ал эми 2011-жылдан тартып республиканын бардык региондору REV-1 штаммында конъюнктивдик методдор менен майда малды вакцинациялоого тартылган. "2004-2010-жылдарга карата Кыргыз Республикасында калктын саламаттыгын чыңдоо" улуттук программасынын алкагында жалпыга маалымдоо каражаттарын тартуу жана билим берүү адабиятын таркатуу аркылуу бруцеллездун алдын алуу жаатында жүрүш-турушту өзгөртүүгө жана билимди жогорулатууга багытталган маалыматтык-билим берүү кампаниясы өткөрүлгөн.

Көрүнүктүү орунду бруцеллезго диагноз койгон бактериология лабораторияларынын жогорку потенциалы ээлерин белгилей кетүү зарыл. Карантиндик жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялардын республикалык борборунун бактериология лабораториясында эл аралык стандарттарга жооп берген бруцеллезге серологиялык диагноз коюу киргизилип, бул диагноз коюунун натыйжалуу методдоруна карай жол ачты.

1.6.2. Максатка жетүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Бардык жетишкендиктердин туруктуулугу үчүн өлкөдө бруцеллезге көзөмөлдү жана контролду андан ары жөнгө салуу зарыл экендигин белгилей кетүү зарыл. Бруцеллездун таркашынын себептери дагы эле изилдене элек, эскертүүнүн тиешелүү чараларынын жок болушу, абдан кыска мөөнөттө өлкөдөгү бруцеллез кырдаалын курчутуп жибериши мүмкүн.

Ыландаган малдарды милдеттүү түрдө союуну жана компенсациялоо чараларын регламенттештирген мыйзамдык жана ченемдик укуктук базанын кемчилдиги, ыландаган жаныбарларды өз убагында аныктоону жана союуну кыйла

оорлотот. Бул жаныбарлар дагы, адамдар дагы арасында бруцеллез оорусуна чалдыгуунун өсүшүн шарттап, кайра жугуп калууларга алып келет.

Жаныбарлардын акыбалына контролдун жана көзөмөлдүн, зооантропозон боюнча алдын алуу программаларынын жетишсиз санда финансыланышы, айыл жерлериндеги ветеринарлардын жетишсиздиги орун алган. Айыл жерлериндеги кедейликтин жогорку чеги, көбүнесе, эркин акча каражаттарынын жоктугу, бруцеллездун алдын алуу үчүн коргонуунун жеке каражаттарын сатып алууга мүмкүндүк бербейт.

1.6.3. Негизги алынган таалимдер

Бруцеллез оорусуна чалдыгууну жана өлүмдү төмөндөтүү боюнча натыйжалуу программалар бар, алар каржылоонун мамлекеттик системасына интеграцияланышы жана туруктуу негизде жүргүзүлүшү керек.

Бардык иш-чараларды жүзөгө ашыруунун мыйзамдык негизин иштеп чыгуу зарыл.

2. Максатка жетүү үчүн саясатты өркүндөтүү боюнча рекомендациялар

2.1. ВИЧ/СПИД

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

ВИЧ/СПИД боюнча кызмат көрсөтүүнү жалпы медициналык практикага, БМСЖны кошо алганда интеграциялоону улантуу.

“СПИД” Республикалык борборун ВИЧ/СПИДге учурунда диагноз коюу, дарылоо жана көз болуу, ошондой эле башка дарылоо мекемелеринин медициналык персоналдарына техникалык жардам берүү жаатында күчөтүүнү улантуу.

Алгачкы медициналык-санитардык жардам мекемелеринин катышуусун активдештирүү жана аутрич-программаларын өнүктүрүү аркылуу метадон менен алмаштыруу терапиясын кошо алганда зыяндуулукту төмөндөтүү боюнча программалардын кызмат көрсөтүүлөрүн көбөйтүү.

Саламаттык сактоо уюмдарында медициналык процедуралардын коопсуздугун сактоо боюнча чараларды күчөтүү.

Саламаттык сактоо кызматкерлеринин билимдерин жана тажрыйбасын ДСУнун рекомендацияларына ылайык жаңылоону камсыздоо аркылуу ВИЧ/СПИД оорулууларын дарылоо жана багуу, ТБ/ВИЧ, ЭБӨА инфекциялуу бейтаптар менен иш жүргүзүү боюнча даярдоолорду жана кайра даярдоолорду үзгүлтүксүз жүргүзүү.

Жогорку активдүү антиретровирустук терапияга АЖАны жактоо деңгээлин жогорулатуу үчүн социалдык жактан колдоону күчөтүп, аны медициналык тейлөөгө ылайык келтирүү зарыл.

Эпидемиологиялык көзөмөлдүн жана МжБнын дайындарын жана саясатты жана программалык пландаштырууну иштеп чыгууну кошо алганда сапаттуу стратегиялык маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

ВИЧ-инфекциянын таралышына каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын актуалдуулугу 2015-жылдан кийин дагы сакталат. Кыргыз Республикасында ВИЧ-инфекциясы эпидемиясын турукташтыруу боюнча колдонуудагы мамлекеттик программа 2016-жылды кошо алганда иш-чараларды өткөрүүнү караштырат. Бирок кийинки жылдары өлкөдөгү ВИЧ-инфекция боюнча эпидемиологиялык кырдаалда жүзөгө ашырылган иш-чаралардын жана тенденциялардын натыйжаларын терең талдоонун негизинде жаңы программа иштелип чыгат.

2.2. Баңгилик

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

Баңгизаттарын жүгүртүү, баңги жана психикага таасир этүүчү заттарды, алардын прекурсорлорун иштеп чыгуу чөйрөсүндө мыйзам жана ченемдик укуктук базаны кошо алганда Баңгизаттарын мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик саясатты өркүндөтүү.

Баңги заттарын колдонууга каршы натыйжалуу аракеттенүү максатында мамлекеттик башкаруу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук уюмдардын баңгиликке каршы ишмердигин мобилизациялоону жана координациялоону камсыз кылуу.

Өспүрүмдөр жана жаштар арасында баңгиликтин андан ары таркалышынан сактануу үчүн Баңги заттарын колдонууну адеп алдын алуу боюнча жалпы мамлекеттик стратегияны иштеп чыгуу.

Андан ары зыяндуулукту төмөндөтүү боюнча натыйжалуу программаларды киргизүү.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Баңги заттарын колдонуунун учурдагы өсүү тенденциясын жана бул багыттагы Мамлекеттик саясаттын начарлыгын эске алганда, баңги заттарын колдонуу көйгөйү өзүнүн актуалдуулугун 2015-жылдан кийин дагы сактайт. Каршы аракеттенүү чаралары туруктуу мүнөзгө ээ болушу жана жалпы мамлекеттик саясаттын бөлүгү болушу керек.

2.3. Кургак учук

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

Ушул рекомендацияларды жалпы дарылоо тармактарында, атап айтканда БМСЖ, кургак учукка каршы кызматтар жана башкалардын ишмердигинде институтташтыруу аркылуу кургак учукка каршы жардам көрсөтүүнүн эл аралык стандарттарын киргизүүнү күчөтүү.

Кургак учукка каршы күрөшүүнүн улуттук программасын жүзөгө ашыруу функцияларын жана милдеттерин, контролдоону, мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону так бөлүштүрүү аркылуу жүзөгө ашырууну координациялоону жана контролдоону күчөтүү.

Сарпталган чыгымдар көз карашынан жана кургак учуктун туруктуу формасындагы оорукана ичиндеги инфекция көз карашынан алганда натыйжалуу ыкма катарында ТБ оорулууларын амбулаториялык моделде дарылоо артыкчылыгын күчөтүү. Амбулаториялык дарылоо артыкчылыгы мамлекеттин олуттуу финансылык каражаттарын үнөмдөөгө жана аларды лабораториялык диагноз коюу үчүн чыгымдалган материалдарды, кургак учукка каршы дары-дармектерди, т.а. бүгүнкү күндө эл аралык уюмдардын каржылоосунан толук көз каранды багытталгандарды алууга кайра жумшоого мүмкүндүк берет. Инфекциялык жактан контролдоо чараларын киргизүү кургак учукка каршы жардамды уюштуруунун бирден-бир артыкчылыгы болуш керек.

ТБ учурларынын эсебин жана каттоого алуу системасын жакшыртуу жана аны кыйла ачык-айкын жана сапаттуу кылуу. Так жана туура цифраларга кургак учукка каршы жардамды натыйжалуу уюштуруу үчүн дары-дармектерди жана башка зарыл ресурстарды пландаштыруу көз каранды болот. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментин (МСЭКД) дайындарды жана талдоолорду улуттук топтоого тартуу бул кырдаалды жакшыртууда маанилүү роль ойношу мүмкүн.

Кургак учук менен күрөшүүнү уюштурууда сектор аралык өз ара иштешүүнү күчөтүү.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдын кийинки күн тартипте)

2015-жылдан кийин кургак учук артыкчылыгы сакталып кала берет. Бирок кургак учукка каршы күрөшүүнү уюштуруу зарыл жана маанилүү иш-чараларды камсыздоонун мамлекеттик системасына негизделиши керек. Бул милдеттүү түрдө бюджеттен ири каражаттарды бөлүүнү эмес, мамлекеттик каражаттарды сарамжалдуу бөлүштүрүүнү жана пайдалануну билдирет.

2.4. Безгек

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

ГФСТМдин учурдагы грантынын мөөнөтү аяктап калгандыгын эсепке алып, өлкөдө безгекке каршы иш-чараларды андан ары өткөрүү үчүн жеке секторду кошо алганда каржылоонун ички жана тышкы булактарын издөө/тартуу зарылдыгы турат.

Кыргыз Республикасында безгекти толук кандуу элиминациялоону колдоого алуу жана сактоо үчүн коңшу мамлекеттер менен ургаалдуу кызматташууну улантуу.

Кыргыз Республикасынын ландшафттык-климаттык шарттарынын өзгөчөлүктөрүн көңүлгө алуу менен безгек боюнча алдын алуу иш-чараларын өткөрүү зарылдыгы 2015-жылдан кийин дагы сакталат. Бул кийинки жылдарга секторлор аралык өз ара иштешүү, безгектин алдын алуу

маселелери боюнча калкка маалымат берүү, медициналык кызматкерлер арасында безгекке тиешелүү сактануу камсыз кылуу маселелерин камтыган жаңы Улуттук планды иштеп чыгууну талап кылат.

2.5. Бруцеллез

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

- ылаңдаган жаныбар үчүн калкка компенсация бөлүү маселелерин чечүү;
- санитардык союу пункттарын куруу үчүн каражат бөлүү;
- бруцеллез менен ооруган жаныбарларды массалык түрдө союу үчүн мурдагы эт кайра иштетүү ишканаларын ишке киргизүү жана жаңыларын куруу;
- бруцеллез менен ооруган адамдардын жана жаныбарлардын эсебинин тактыгын текшерүү боюнча программа түзүү. Ооруга чалдыгууну окуп-үйрөнүү үчүн сынамык облусту (районду) тандоо. Адистерден: калкты жана жаныбарларды лабораториялык изилдөө үчүн медиктер + ветеринарлардан турган бригада уюштуруу.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартиби)

Натыйжалуу программалык иш-чаралардын туруктуу институттук иштеши.

7-БӨЛҮК.
ЭКОЛОГИЯЛЫК ТУРУКТУУЛУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУ

7-бөлүк.
Экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу

МИЛДЕТТЕР

өлкөдө кабыл алынган стратегияларга жана программаларга туруктуу өнүктүрүү принциптерин киргизүү жана табигый ресурстарды жоготуу процесстерин токтотуу;
таза сууга дайыма жетүү мүмкүнчүлүгү жок адамдардын үлүшүн кыскартуу;
калктын турак жай шарттарын олуттуу жакшыртууну камсыз кылуу.

50-сүрөт. Максатка жетүү индикаторлорунун динамикасы



Булагы: КР УСК

1. Учурдагы кырдаал жана тенденция

Кыргызстандын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшү олуттуу даражада табигый ресурстарды пайдалануу негизделген, ошондуктан туруктуу өнүктүрүү жана табигый байлыктарды сарамжалдуу пайдалануу маанилүү зарылчылык болуп саналат. Коомчулукта, азыркы муун өз керектөөлөрүн канааттандыруу менен келечек муундун табигый негизине зыян келтирбеши керек деген түшүнүк бар. Бирок жеке деңгээлиндеги же айрым субъекттердин деңгээлиндеги чарбалык ишмердикте курчап турган чөйрөнү сактоо көпчүлүк үчүн императивдик жүрүш-туруш болбой калды. Мамлекеттик түзүмдөрдүн деңгээлинде жогорку экологиялык стандарттарды декларациялоо тенденциясы кездешет, ушуну менен катар курчап турган чөйрөнү коргоо маселелерин эсепке албастан туруп, бизнес талаптарын жөнөкөйлөтүү багытында саясий чечим кабыл алуу орун алган.

2012-жылы Кыргызстан экологиялык жетишкендик (EPI) эл аралык индекси боюнча Борбордук Азиянын бардык республикаларын озуп өтүү менен 101-орунду ээлеген. Бирок экологиялык жетишкендик (EPI)[173] индексинин рейтинги деградациялык процесстердин терс потенциалын көрсөтүп, бул акыркы жылдардагы табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жана сактоо чөйрөсүндөгү натыйжалуу ишмердиктин төмөндөгөнүн көрсөтөт.

Өтө катаал экстремалдык жаратылыш шарты жана тоо

173 «2012 - Environmental Performance Index and Pilot Trend Environmental Performance Index», Yale Center for Environmental Law and Policy, 2013

экосистемасынын өтө аялуулугу Кыргызстандын өзгөчөлүгү болуп саналат. Рельефинин өтө чаржайыттыгы басымдуулук кылышы конуштар жана бардык өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшү жайгашкан тоо этектеринде, түздүктө жана өрөөндөрдө жашоонун өзгөчө шарттарын пайда кылат. Биоклиматтык райондоштурууга ылайык 4 млн. адам (79%) жашоо тиричилик үчүн ыңгайлуу зонада (17%) жашайт. 1 млн. адам (19%) 1500 метрден 2200 метрге чейинки салыштырмалуу же компенсациялык ыңгайлуулук деп аталган аймакта жашайт. Калктын калган 2%а 2200 метрден жогору бийиктикте компенсацияланбаган биоклиматтык ыңгайлуулук шартында жашайт. Айрым аймактардагы калктын жана өндүрүштүн көп топтолушу, калктын жана аймактардын табигый кырсыктардан жана кыйроолордон коопсуз болуусун кошо камтыганда экологиялык туруктуулукту камсыздоого зор маани берүү зарылчылыгын алып келет.

25-кыстырма. Атмосфера абасынын булганышы

Жалпы метеофакторлор жана алардын сандык катышы боюнча Чүй өрөөнүнүн аймактары, Бишкек жана Ош шаары атмосферанын булганышынын жогорку климаттык потенциалы (АБКП = 3,4-3,6) жана анын өз алдынча тазалануу жөндөмүнүн төмөндүгү менен мүнөздөлөт. Ушуга байланыштуу булгагыч заттар анча көп эмес чыкса да өзгөчө кыш мезгилинде абанын булганышынын жогорку деңгээлине алып келиши мүмкүн. Атмосфера абасынын сапатынын жол берилген ченеминен ашкан концентрациянын таасирине дуушар болгон шаар калкынын үлүшү 58,7%ды түзөт.

Бишкек шаарында атмосфера абасынын булганышынын жогорку деңгээли КЖЧнын ашып кетиши менен жылдагы күндөрдүн санында көптөгөн байкоого алынган заттар боюнча алганда туруктуу түрдө жогору, мисалы, формальдегид – 299. Булгануунун өтө жогорку деңгээли негизги автомагистралдар өткөн шаардын борбордук бөлүгүндө байкалган.

Атмосфера абасынын булганышынын жогорулашы адамдын ден соолугуна жана экосистеманын туруктуулугуна терс таасир тийгизип, калктын саламаттык сактоодогу кошумча чыгымдарына алып келет.

Кыргыз Республикасынын 2006-2011-жылдарда курчап турган чөйрөнүн абалы жөнүндө улуттук доклады

2005-жылдан баштап бардык улуттук стратегиялык документтер өнүгүүнүн маанилүү артыкчылыгы катарында курчап турган чөйрө маселелерин камтуу менен иштелип чыккан.

Курчап турган чөйрөнү коргоо жана табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жагындагы мамлекеттик саясаттын негиздери, республиканын калкынын саламаттыгына жана социалдык-экономикалык өнүгүшүнө коркунуч келтирген чечүүнү талап кылган экономикалык көйгөйлөр, аларды жумшартуу жана алдын-алуу боюнча принциптер жана чаралар идентификацияланган Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугу концепциясында[174] жазылган. Концепцияда экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун багыттары жана механизмдери кыска, орто жана узак мөөнөттүү мезгилге багытталган. Концепцияда аныкталган милдеттерди чечүү үчүн 2015-жылга чейинки[175] мезгилге Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар комплекси жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу концепциясында экологиялык коопсуздук маселелери дагы өлкөнү өнүктүрүү артыкчылыктарына киргизилген.

2013-2017-жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү Улуттук стратегиясы курчап турган чөйрөнү коргоону камсыз кылууну жана «жашыл» технологияны өнүктүрүүнү бир артыкчылыгы катары карайт. 2017-жылдар[176] мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өтүү боюнча программанын долбоорунда курчап турган чөйрөнү коргоо багыттары экологиялык маселелерди жана климаттын өзгөрүү аспекттерин бардык бөлүмдөрдө «өтмө» мааниде чагылдыруу менен кыйла деталдаштырылган.

Ысык-Көлдүн уникалдуу экосистемасын сактоо боюнча чараларды иштеп чыгуу максатында «Ысык-Көл» экологиялык-экономикалык системасын туруктуу өнүктүрүү концепциясы[177] жана программасы[178] жүзөгө ашырылат. «Ысык-Көл»

174 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 23-ноябрындагы Жарлыгы.

175 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №599 токтому.

176 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 23-апрелиндеги №218 токтому.

177 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 10-февралындагы №98 Жарлыгы.

178 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 8-майындагы №281 токтому.

26-кыстырма. Туруктуу өнүктүрүүнүн гендердик ченеми

Туруктуу өнүктүрүү маселелеринде гендердик ченемди эсепке алуу теңсиздиктин алдын-алуу үчүн өтө маанилүү. Бул ишмердиктердин чечүүчү элементтери: эмгектеги гендердик ченем, табигый ресурстарга жетимдүүлүк, пландаштырууга жана чечим кабыл алууга катышуу. Коомдун алдына климаттык өзгөрүүлөрдүн глобалдык процесстери койгон чакырыктардын контекстинде табигый жана социалдык ресурстарга акыйкаттыкта жете алуунун конструктивдүү механизмдеринин жоктугу, социалдык жаңжалдардын кескин секиригине алып келет. Аны менен катар аялдар салттуу түрдө жаңжалдарды чечүүнүн жана мамилелерди жөнгө салуунун тынч методдоруна артыкчылык беришет, жаңжалдардын алдын-алууда жана калыбына келтирүү иш-чараларында зор демилге көрсөтүшөт, бирок айрыкча ӨК түзүмдөрүндө жана күч түзүмдөрүндө чечим кабыл алууга көп катыша алышпайт. Эгерде 2008-жылы мамлекеттик башкаруу органдарында саясий кызматтарды ээлеген аялдардын үлүшү 26,1%ды түзсө, 2012-жылы ал иштегендердин жалпы санынан 25,5%га чейин кыскарган. Ушундай эле абал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында да байкалат: төмөндөө 2008-жылдагы 6,2%дан 2012-жылдагы 4,2%га чейин болгон.

Климаттык өзгөрүүгө Кыргыз Республикасынын жатыгуусу боюнча стратегиянын долбоорун даярдоо үчүн алдын-ала изилдөө.

экологиялык-экономикалык системасын туруктуу өнүктүрүү концепциясы Ысык-Көл облусун өнүктүрүүнү бүтүндөй курчап турган чөйрөнүн, экономикалык өсүштүн жана калктын жыргалчылыгынын өсүшүнүн жогорку сапаты камсыздалган экосистема катарында карайт.

Токой экосистемасын өнүктүрүү жагындагы мамлекеттик саясаттын негизи 2015-жылга чейинки мезгилге карата токой тармагын өнүктүрүү концепциясында жана 2015-жылга чейинки мезгилге карата улуттук токой программасында аныкталган.

Климаттын глобалдык өзгөрүүсү менен байланышкан жаңы чакырыктарга жана көйгөйлөргө жооп иретинде Климаттык өзгөрүү[179] көйгөйлөрү боюнча координациялык комиссия түзүлүп, өлкөнү климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу боюнча улуттук стратегиянын долбоору иштелип чыккан. Биоартүрдүүлүктү сактоо боюнча конвенциянын милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн КЧКТЧМА тарабынан Биоартүрдүүлүктү сактоо боюнча улуттук стратегиянын жана иш-аракеттер планынын долбоору иштелип жатат.

«Экологиялык эмес» сектордук стратегиялык документтерде туруктуу өнүктүрүү маселелеринин чагылдырылышынын оң тенденциясын белгилей кетүү зарыл. «2012-2017-жылдарга карата Кыргыз Республикасында электр энергетикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү стратегиясы» туруктуу өнүктүрүүгө максаттуу жайгаштырууларды дагы, энергоүнөмдөө жана энергиянын кайра иштелип чыккан булактарын алдыга илгерилетүү саясатын өнүктүрүүгө багытталган атайын милдеттерди дагы камтыйт. Ошол эле учурда курчап турган чөйрөнү коргоого жана туруктуу өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик финансылоо чараларынын жетишсиздиги Кыргызстандын олуттуу көйгөйү бойдон кала берүүдө. ООНдун ЕЭК[180] тарабынан жүргүзүлгөн талдоо мурдагы жылдары иштелип чыккан программалар жана пландар каржылоонун төмөндүгүнүн кесепетинен олуттуу деңгээлде жүзөгө ашырылбагандыгын белгилеген. Алсак, «Кыргыз Республикасынын 2012-жылга карата республикалык бюджети жана анын 2013-2014-жылдарга карата божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2012-жылга карата «Курчап турган чөйрөнү коргоо» багыты боюнча чыгымдар 2011-жылы такталган бюджеттен 9,7%га төмөн каралган жана ИДПнын 0,1%ын же республикалык бюджеттин жалпы чыгымдарынын 0,4%ын түзгөн.

Курчап турган чөйрөнүн абалы тууралуу объективдүү жана такталган талдоо маалыматтарына өкмөттүк органдардын жана кеңири коомчулуктун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында биринчи жолу 2012-жылы эл аралык стандарттарды жана талаптарды эске алуу менен «Кыргыз Республикасынын 2006-2011-жылдарда курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук доклады" иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жактырылган[181].

Жогоруда эскерилгендей, климаттык өзгөрүү маселелерин чечүүнү алдыга илгерилетүү боюнча сектор аралык өз ара иштешүүнүн натыйжалуулугун координациялоону жана жогорулатууну жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан экологиялык маселелерди тейлеген

179 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-ноябрындагы №783 токтому.

180 «Экологиялык ишмердиктин натыйжалуулугун баалоо». Кыргызстан. Экинчи баяндама. ЕЭК ООН, 2009.

181 "2006-2011-жылдарда Кыргыз Республикасынын курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук доклады" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 7-августундагы № 553 токтому менен жактырылган.

Вице-премьер-министрдин төрагалыгы астында Климаттын өзгөрүшүнүн маселелери боюнча координациялык комиссия (КӨМКК) түзүлгөн[182]. Ошону менен бирге, КӨМККтин төрагасы парник газдарынын чыгышын кыскартуу боюнча Улуттук алгылыктуу пландардын долбоорлорун аткаруунун улуттук координатору болуп саналат. Өз кезегинде КӨМККтин төрагасынын орун басары, курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси (КЧКТЧМА) Таза өнүгүү механизмин ыңгайлаштыруу чаралары жана долбоорлору боюнча улуттук координатор болуп саналат. Бул механизмди түзүү улуттук дагы, сектордук дагы деңгээлде климаттык өзгөрүү маселелерин илгерилетүүгө жардам берет. 2013-жылдын 15-февралындагы биринчи отурумунда КӨМКК тарабынан климаттык өзгөрүүгө ыңгайлашуу боюнча тармактык программаларды даярдоо жана 2014-жылдын 1-ноябрына карата төмөндөгүдөй министрликтерге жана ведомстволорго сунуштоо тууралуу чечим кабыл алынган: Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигине, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттикке.

Ушул тапта «2017-жылга чейин климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу боюнча Кыргыз Республикасынын артыкчылыктуу багыттарын» иштеп чыгуу жана бекитүү процесси аяктап жатат. Бул документтин негизги миссиясы экономиканын өтө аялуу секторлорунда ыңгайлашуу чараларын жүзөгө ашыруунун негизинде өлкөнү туруктуу өнүктүрүү максатында климаттык өзгөрүүлөрдүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу жана терс тобокелдиктерди азайтуу үчүн ресурстарды баалоонун жана мобилизациялоонун негизги багыттарын белгилөөдө жатат.

1.1. Токой каптаган жер аянттарынын үлүшү

Токой отургузуу иш-чаралары, ӨКЖА аянттарын көбөйтүү өзгөрүлүүчү климаттын кесепеттерин жумшарткан факторлорду күчөтүүгө шарт түзүп берет. КЧКТЧМАнын дайындары боюнча 2011-жылдын 1-январына карата Кыргызстандын[183] токой каптаган аянты 1116,56 миң гектарды же өлкөнүн жалпы аянтынын 5,61%ын түзөт. Алардын ичинен 846,5 миң га токой жайгаштыруу, 85,6 миң га жерге жайгаштыруу иш-чараларын жүргүзүү учурунда изилденген, 184,5 миң га – изилденген эмес. Администрациялык облустардын ичинен Жалал-Абад кыйла чоң токой каптаган аянтты – 1,9%, Чүй өлкөдөгү эң кичине – 0,22% аянтты ээлейт. КР Улутстаткому тарабынан берилген дайындар КЧКТЧМАнын дайындарынан айырмаланып тургандыгы, токой каптаган аймактарды идентификациялоодо колдонулган методологиядагы жана маалыматты топтоо булактарындагы айырмачылыктар менен байланышарын белгилей кетүү зарыл.

27-кыстырма. Кыргыз Республикасындагы токойлордун сууну жөнгө салуу мааниси

Токойлор жердеги өтө ар түрдүү жана кеңири таркаган экосистемалардын бири жана ашыкча чыгышы глобалдык жылуулукка алып келип жаткан атмосферадагы көмүр кычкыл газын жападан-жалгыз табигый сиңирип алуучу болуп саналат. Кыргыз Республикасында токойлор уникалдуу жана нымдуулуктун аккумулятору сыяктуу зор экологиялык мааниге ээ. Тоо беттерине өсүп чыгуу менен ал сел агымдарынын алдын-алууга көмөк көрсөтүп, тоодо жер көчкүлөрүнүн жана кар көчкүлөрүнүн пайда болушуна тоскоолдук кылат, жыл бою бир калыпта кармап туруу менен дарыялардагы суулардын чыгымдалышын жөнгө салып турат. Ошондуктан Кыргызстан гана эмес, ошондой эле, дыйкончылык сугатка негизделген Борбордук Азиянын башка өлкөлөрү үчүн токойлордун сууларды жөнгө салуу мааниси өтө зор болуп саналат.

2006-2011-жылдарда Кыргыз Республикасынын курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук доклады.

182 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-ноябрындагы № 783 токтому.

183 «Кыргыз Республикасында токойлорду улуттук инвентарлаштыруу» (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-июлундагы №407 токтому).

Кыргыз Республикасынын токойлорунун 90%га жакыны деңиз деңгээлинен 700дөн 2500 метр бийиктикте жайгашып, өзгөчө баалуу катарында Кыргыз Республикасынын Токой кодексине ылайык жаратылышты коргоочу болуп саналат. Негизинен алар 4 түрдө сунушталган: жаңгак-жемиш, ийне жалбырактуу, арча жана жайылмада өскөн бак-бадалдарынан турат. Кыйла антропогендик жүктү жазы жалбырактуу токойлор көтөрөт – негизинен калкы өтө жыш жайгашкан региондордо өскөн жаңгак жемиштүүлөр, мисте жана бадам дарактары. Токой ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, калыбына келтирүү жана коргоо боюнча иштин натыйжалуулугу кедейликтин, өзгөчө айыл жериндеги кедейликтин деңгээлине зор таасир тийгизет. Мындан тышкары, Кыргызстанда токойлордун картаюу тенденциясы бар. Бул өзгөчө табигый жол менен жай жаңыра турган карагай токойлоруна мүнөздүү. Ушуга байланыштуу токойлорду башкаруунун экологиялык жана социалдык аспекттерин киргизген жана өзгөрүлүүчү климаттын кесепеттерин жумшартууну эске алган токой саясатынын стратегиялык документтери иштелип чыккан. Токой чарбасын өнүктүрүү боюнча улуттук документтерге ылайык токой иштеринин жылдык көлөмү мамлекеттик токой фондунун жерлеринде 1000 гектар деп белгиленген. Мисалга алсак, 2012-жылы токой чарбалары тарабынан 1298 га (2011-жылы – 1616 га) аянтка дарак отургузуу жана урук себүү иштери аткарылган. Жашылдандыруу жана жемиш, жаңгак жана тез өсүүчү түрлөрдүн өнөр жайлык плантацияларын түптөө үчүн отургузулуучу материалдарды өстүрүү үчүн 31,7 гектарга мектеп бөлүмдөрү негизделген.

Кошумча түрдө «Кыргызстандын жайылма токойлорун калыбына келтирүү» ПРООН-ДООНдун долбоору, «Кыргыз Республикасында токой ресурстарын биргелешип башкарууну колдоого алуу» ЛСАнын долбоору, жүзөгө ашырылып жатат, ГЭФ менен кызматташуунун алкагында «Климат өзгөрүлгөн шартта Кыргызстандын тоолордогу токойлорун жана жер ресурстарын туруктуу башкаруу» долбоорун жүзөгө ашыруу жана башкалар башталды. Бирок 2011-жылы өлкөлөрдүн өкмөттөрү аткарбай койгондуктарына байланыштуу 2010-жылы жактырылган «Тянь-Шань экосистемасын өнүктүрүү» ДБ жана ГЭФ региондук (Кыргызстан жана Казакстан) долбоору жабылган. Бул долбоордун алкагында Кыргыз Республикасында[184] 13 950 га аянтты токойго айлантуу, ошондой эле 2014-жылга 192 000 тонна CO2 жана 2017-жылга 500 00 тонна CO2 кыскартуу Сертификаттарын сатуу пландаштырылган (Биокарбондук фонд жабылганда). Токойду калыбына келтирүү жана карбондук финансылоону тартуу комбинациясы токой каптаган аймактардын көбөйүшүнүн жана айыл жерлериндеги кедейликтин кыскарышынын катализатору болуп калмак. Бул долбоордун айланасындагы кырдаал, биринчиден, суралган долбоорду баалоону кошо алганда, тышкы каржылоону тартуу боюнча өлкө тарабынан ишке ашырылуучу саясаттагы ырааттуулуктун жетишсиздигин, экинчиден мурда алынган милдеттерди аткарууда саясий «эрктин» жоктугун көрсөтөт.

2015-жылга карата индикаторлордун максаттуу мааниси 6%да болуп, учурдагы 5,61% маанисине өтө жакын, бирок ага жетишүү учурдагы токой каптаган аянттарды колдоого жана отургузулган көчөттөрдүн жашап кетүү деңгээлин жогорулатууга багытталган олуттуу күч-аракеттердин астында гана мүмкүн – дагы көбөйтүү ыктымалдуулугу аз.

1.2. Өлкөнүн жалпы аянтына өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын катышы

Кыргыз Республикасында биологиялык ар түрдүүлүктү сактоодо башкы роль өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарына (ӨКЖА) берилген. Ал республиканын экологиялык, илимий жана эстетикалык өзгөчө мааниге ээ болгон кайталангыс, эталондук же башка баалуу жаратылыш комплекстери жана объекттери бар аймагын билдирет. Аларга карата коргоонун жана пайдалануунун өзгөчө режими белгиленген. КЧКТЧМАнын дайындары боюнча 2013-жылдын август айына карата азыркы учурда Кыргыз Республикасында жалпы аянты 1200872,0 га (өлкөнүн бүткүл аянтынын 6,006%ы)[185] жерде уюштурулган өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тармагы иштейт. КР Улутстаткому тарабынан берилген маалыматтардын КЧКТЧМАнын дайындарынан айырмаланышы, жердин категорияларын жана ӨКЖАны эсепке алуудагы ар түрдүү методологиялар менен байланышта. ӨКЖАнын аянттык критерийлери боюнча Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустары кыйла жагымдуу абалда турат. ӨКЖА максаттуу пайдалануу, табигый ресурстарды жана объекттерди коргоо режимине ылайык бир катар категорияларга бөлүнөт. 2011-жылы Жаратылышты коргоо эл аралык союзу тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык ӨКЖАнын

184 «Тянь-Шань экосистемасын өнүктүрүү» ДБнын долбоорунун документи, КРдагы Дүйнөлүк банктын сайты www.worldbank.org/en/country/kyrgyzrepublic

185 “2006-2011-жылдарда Кыргыз Республикасынын курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук доклад” жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-июлундагы токтомундагы дайындар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-апрелиндеги токтомунун редакциясы).

категорияларын классификациялоону улуттук системага алып келген “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө”[186] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жаңыдан кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык жылдарында ӨКЖАнын аянттары 2,5 эсе көбөйгөн. Төмөнкүлөр түзүлгөн: Кара-Буура (2005-жыл – 59067 га), Сурматаш (2009-жылы - 66194) жана Дашман (2012-жыл – 8189,6 га) мамлекеттик коруктары, “Саркент” мамлекеттик жаратылыш паркы (2009-жылы – 400000 га) жана “Айгүл-Таш тоосу” (2009-жылы – 253,9 га); Беш-Арал – 25270 га (2006-жылы) жана «Салкын-Төр» МЖУП – 20 га мамлекеттик коруктун аймагы кеңейтилген.

1998-жылы октябрда 4314,4 км² аянтында “Ысык-Көл” биосфералык аймагы түзүлүп, ал ЮНЕСКОнун Биосфералык резерваттарынын дүйнөлүк тарамына киргизилген. Колдонуудагы мыйзамга ылайык, ал өзгөчө режимде корголуучу жаратылыш аймактарынын корголуу статусуна теңештирилет, бирок “Ысык-Көл” биосфералык аймагындагы чарбалык ишмердиктин режими ӨКЖАнын талаптарына ылайык келбейт жана тийиштүү түрдө ӨКЖАнын жалпы аянтын эсептөөдө анын бардык аймактары эсепке алынбайт. Ысык-Көлдүн жээк зоналарында жүзөгө ашырылган чарбалык ишмердик режими, курчап турган чөйрөгө жана түздөн-түз биоартүрдүүлүккө зыянын тийгизет. Курчап турган чөйрөнүн абалына мониторинг системасынын начарлап кетиши (мониторинг чекиттеринин саны, ошондой эле контролго алынуучу заттардын спектри жана текшерүүгө алуу жыштыгы) толук кандуу негизде терс кесепеттерди баалоо мүмкүнчүлүгүн бербейт. Ысык-Көл көлүнүн жээк зоналарындагы сууларды мамлекеттик мониторинг жүргүзүү программалары 42ден 11 чекитке чейин кыскарып, текшерүүгө алуу жыштыгы курорттук сезондо гана жүргүзүлөт.

Азыркы учурда Ош облусунда “Алай” жаратылыш паркын (368,4 миң га), Ысык-Көл облусунда “Хан-Тенгри” (187,5 миң га) жаратылыш паркын жана “Авлетим-Ата” МЖП (45,0 миң гектарга жакын) уюштуруу жана Падыша-Ата мамлекеттик коругун кеңейтүү (15,8 миң га) иштери жүргүзүлүүдө.

Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын аянттарынын пайызы жаңыдан түзүлгөн ӨКЖАнын эсебинен көбөйтүлүп жаткандыгына карабастан, 2015-жылга өлкөнүн аянтынын 10%дык катышына - максаттуу индикаторго жетишүү ыктымалдуулугу аз. Бүгүнкү күндө ӨКЖАны натыйжалуу иштетүүнүн көйгөйү болуп, төмөнкү деңгээлдеги камсыз болуу жана начар материалдык-техникалык база эсептелет. Тийиштүү түрдө, өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыты болуп, түзүлгөн ӨКЖАны чыңдоо жана алардын потенциалын жогорулатуу саналат. Бул багыттын алкагында ГЭФ менен биргеликте ПРООНдун “Борбордук Тянь-Шандын корголгон аймактарын натыйжалуу башкаруу системасын жана камтууну жакшыртуу” долбоорун жүзөгө ашыруу башталган, анын натыйжалары жаңы ӨКЖАны түзүүнү (“Хан-Тенгри” МЖП) жана алардын иштешинин натыйжалуулугун баалоонун эл аралык стандарттарын сынамык түрдө киргизүү аркылуу ӨКЖАнын улуттук системасын күчөтүүнү дагы болжолдойт.

1.3. Жоголуп кетүү коркунучунда турган биологиялык организмдердин түрлөрүнүн үлүшү

Кыргызстан флорасынын жана фаунасынын түрдүк ар түрдүүлүгүнүн жогорку концентрациясы менен айырмаланат. Бул дүйнөлүк флоранын түрлөрүнүн 2%ына жана дүйнөлүк фаунанын түрлөрүнүн 3%ына жакыны менен шартталган. Байкоолор көпчүлүк түрлөрдүн тобунун кыйла кооптондурган категорияларына киргизилген түрлөрдүн үлүшүнүн тийиштүү түрдө көбөйгөндүгүн көрсөтөт. Кыргыз Республикасынын Кызыл китебинин экинчи басылышында (2007-жыл) коргоого алынуучу объекттердин тизмеги бир топ көбөйгөн. Коргоого алынуучу өсүмдүктөрдүн жана козу карындардын тизмеси 22 түргө көбөйгөн. Аны менен катар айрым түрлөр, мисалы, Недзвец алмасы (Malus niedzwetzkyana Dieck), Сиверс алмасы (M. sieversii (Ledeb.) M.Roem.), Коржинский алмуруту (Pyrus korshinskyi Litv.), Регель алмуруту (P.regelii Rehd.) жана башкалар бир эле учурда ЖКЭСтин[187] Кызыл тизмесине жана Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине[188] киргизилген, өсүмдүктөрдүн жана козу карындардын 99 түрү, сүт эмүүчүлөрдүн – 26, канаттуулардын – 59, курт-кумурскалардын – 18, амфибиялардын жана рептилийлердин 10 жана балыктардын 7 түрү жазылган. Канаттуулардын жана жаныбарлардын айрым түрлөрү боюнча гана жүргүзүлүүчү кызыл китептегилердин санына гана мониторинг жүргүзүү олуттуу көйгөйдү жаратат (10-таблицаны караңыз).

186 “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2011-жылдын 3-майы №18).

187 The IUCN Red List расмий веб сайт www.iucnredlist.org

188 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 28-апрелиндеги №170 токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 25-июлундагы №471 токтомунун редакциясында.

10-таблица. Аңчылык жайларынын жана ӨКЖА аймагында байыр алган, Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген сүт эмүүчүлөрдүн саны жөнүндө маалыматтар

Жылдар	Тянь-Шань тоо текеси	Марал	Барс	Сүлөөсүн	Аюу	Мадыл	Кундуз	Жейрен	Буркут	Чүткөр	Таш суусар
2006	1277	10	201	823	115	128	10	20	330		3414
2007	386	28	212	942	177	60	10	20	180		3297
2008	1964	20	231	1023	157	61	10	20			3279
2009	2949	94	268	997	290	64	20	20	176	384	3494
2010	3000	448	293	1029	337	69	20	20	131	405	4273
2011	2391	367	286	1007	326	85	20	20	114	385	3994

Булагы: КЧКТЧМА Аңчылык департаменти

Санын эсептөө КЧКТЧМА Аңчылык департаменти тарабынан аңчылык жайларынын жана ӨКЖА аймагында гана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология-кыртыш институтунун эксперттери менен биргеликте жүргүзүлөт.

Көрсөткүчтүн максаттык мааниси белгиленген эмес.

1.4. Көмүр суутектин эки кычкылынын жан башына жана ИДПнын 1 долларына чыгышы

Кыргыз Республикасы эл аралык климаттык документтерге[189] кошулган жана климаттык өзгөрүү маселелери улуттук саясаттын чечүүчү элементи катары каралат. Климаттык өзгөрүү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы боюнча эл аралык милдеттерди аткаруу боюнча координациялык аракеттерди жакшыртуу үчүн Климаттык өзгөрүү көйгөйлөрү боюнча координациялык комиссия түзүлгөн жана "2017-жылга чейин климаттык өзгөрүүгө ыңгайлашуу боюнча Кыргыз Республикасынын артыкчылыктуу багыттары" долбоору иштелип чыккан. Ага кошумча Кыргызстан Климаттык өзгөрүү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясынын 1-тиркемесине кирбеген өлкө болсо дагы парник газдарынын чыгууларын кыскартуу боюнча иш-аракеттерге багытталган эл аралык колдоолорго ылайык "адаттагыдай бизнес катарында" сценарийге ылайык, 2020-жылга карата парник газдарынын чыгууларын 20%га кыскартуу боюнча ыктыярдуу милдеттенмени[190] моюнга алган.

Аны менен катар парник газдарын акыркы инвентаризациялоо 2000-2005-жылдар мезгилине Климаттык өзгөрүү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун[191] Алкактык конвенциясы үчүн Кыргыз Республикасынын климатынын өзгөрүшү жөнүндө экинчи улуттук маалыматты даярдоо алкагында өткөрүлгөн. Акыркы жылдары парник газдарын инвентаризациялоо өткөрүлгөн эмес. Инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча 2000-2005-жылдар мезгили үчүн айрыкча энергетика секторунун эсебинен парник газдарынын чыгууларынын өсүшүнүн анча чоң эмес тенденциясы байкалган. Ошол эле учурда 2005-жылдагы чыгуулардын деңгээли 1990-жылдагы чыгуулардын деңгээлинин 40%ын түзгөн. Чыгуулардын өсүшүндө жана 1 чаршы километрге салыштырма чыгуулар, жан башына салыштырма чыгуулар ИДПнын учурдагы 1 сомуна жана 2000-жылдагы АКШнын туруктуу 1 долларына карай ырааттуу түрдө төмөндөп жатат, бул калктын жана ИДПнын өсүшү менен байланышта. 2005-жылдагы маалыматка ылайык көмүр кычкыл газынын (CO2) жана жалпы парник газдарынын чыгууларынын көлөмү тийиштүү түрдө, 1,58г/адамды жана 2,29 г/адамды түзгөн. 2012-жылы Климаттык өзгөрүү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы үчүн Үчүнчү улуттук маалымат даярдала баштаган, анын алкагында 2006-2010-жылдар

189 "Климаттын өзгөрүшү жөнүндө ООНдун Алкактык Конвенциясына жана алыс аралыкка абанын трансчек аралык булганышы боюнча ООН ЕЭКтин Конвенциясына Кыргыз Республикасынын кошулушу жөнүндө" - 2000-жылдын 14-январындагы №11 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

"Климаттын өзгөрүшү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактын конвенциясына карата Киото Протоколун ратификациялоо жөнүндө" 2003-жылдын 15-январындагы №9 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

190 «Климаттын өзгөрүүсү боюнча Кыргыз Республикасынын позициясы» http://unfccc.int/files/documentation/submissions_from_parties/adp/application/pdf/adp_kyrgyz_republic_workstream_1_russian_20130404.pdf

191 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-майындагы №274 токтому.

мезгилине парник газдарын инвентаризациялоо өткөрүлгөн, бирок 2005-жылдагы дайындар боюнча 2015-жылга карата индикаторлордун максаттуу маниси эки индикатор боюнча тең алда канча ашып өткөн.

1.5. Озонду бузуучу заттарды керектөө (ОБЗ)

Кыргыз Республикасы Озон катмарын коргоо боюнча Вена конвенциясын жана Озон катмарын бузуучу заттар боюнча Монреаль протоколун ратификациялап, ОБЗны өндүрүүнү жана пайдалануу токтотуу боюнча милдеттерди өзүнө алган. Кыргызстан ОБЗны, ОБЗны камтыган жабдууларды жана товарларды өндүргөн эмес жана өндүрбөйт, бирок аларды таза түрдө жана буюмдар түрүндө ташып кирет. ОБЗны, ОБЗны камтыган жабдууларды жана товарларды ташып кирүү лицензияланат, бирок кандайдыр бир бөлүк легалдуу эмес импорттун негизинде келип калышы мүмкүн. 2000-жылы озонду бузуучу заттарды колдонуу 79.35 метр тоннага жакынды түзүп, 2005-жылы (ГХФУну эсепке албаганда) 15,3 тоннага төмөндөгөн. 2008-2010-жылдар мезгилинде озонду бузуучу заттарды пайдалануу токтотуу боюнча мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу (2-фаза) 2011-жылы ОБЗны колдонуунун көлөмүн 3, 56 тоннага чейин (ОБЖды эсепке алганда) же бир адамга карата - 0,65г/адам эсебинде кыскартууга мүмкүндүк берген. Бул көлөм гидрохлорфторуглерод жана бромис метилине туура келет. Кыргыз Республикасынын статусуна ылайык гидрохлорфторуглеродду токтотуу 2030-жылдын 1-январына белгиленген. Бромис метили карантиндик тазалоо үчүн пайдалануунун өзгөчө түрү катарында колдонулат. Ошентип, бул индикатор боюнча прогресс 2015-жылга карата алдын-ала күткөндөн ашып кетти. 2015-жылга карата индикатордун максаттуу маниси – 16г/адам[192]. Индикаторго жетишилди.

1.6. ИДПнын энерго сыйымдуулугу

2007-2010-жылдары ИДПнын энергия сыйымдуулугу 1000 АКШ долларына (сатып алуу

51-сүрөт. ОБЗны эсепке алуу менен озонду бузуучу заттарды керектөө



Булагы: Кыргыз Республикасынын 2006-2011-жылдарда курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук доклад

жөндөмдүүлүгүнүн паритетинде), мунай эквивалентинин 0,51инен 0,38ине чейин 25,5 пайызда кыскарган. Улуттук валютада – 1000 сомго (2005-жылдын баасында), мунай эквивалентинин 0,045инен 0,037ине чейин 17,8 пайызда кыскарган. Бул көрсөткүчтүн пландуу өзгөрүшү өлкөдө энергия керектөөнүн натыйжалуулугунун жогорулагандыгын билдирет. Бирок бул прогресс өлкөдөгү тиешелүү саясаттын максаттуу жүзөгө ашырылышынын натыйжасы болуп эсептелбестен, көпчүлүк учурда туруктуу эмес, бирок аз чыгым жумшалган энергияга ээ сервистик багыт боюнча алганда ИДПнын калыптануу түзүлүшүнүн өзгөрүшү менен байланышкан.

Көрсөткүчтүн максаттык мааниси белгиленген эмес, конкреттүү чараларды акырындап пландуу жүзөгө ашыруу менен өлкөнүн стратегиясында жана саясатында энергия натыйжалуулукту жогорулатуу принциптерин бир топ интенсивдүү киргизүү зарыл.

1.7. Милдет: таза сууга дайыма жетүү мүмкүнчүлүгү жок адамдардын үлүшүн эки эсе кыскартуу

Кыргыз Республикасы – суу ресурстары толук бойдон өз аймагында калыптанган Борбордук Азиядагы жалгыз өлкө, мына ушунда анын гидрологиялык өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы турат. Кыргызстан жер астындагы жана жер үстүндөгү суунун олуттуу ресурстарына ээ, ал запастар – дарыялар, түбөлүк мөңгүлөр жана кар касабалары.

Кыргыз Республикасы өз сууларынын 20-25%ын пайдаланат. Калган агым коңшу мамлекеттерге: Казакстанга, Кытайга, Тажикстанга, Өзбекстанга барып куят. Республикадагы суу ресурстарынын негизги бөлүгү

192 Озон катмарын бузуучу заттар боюнча Монреаль протоколунун 5-беренесинин 1-пункту.

28-кыстырма. Кыргызстандын мөңгүлөрү жана климаттын өзгөрүшү

Кыргызстандын аймагында дарыялардын негизги башаты болуп саналган Борбордук Азиянын бардык мөңгүлөрүнүн 45%га жакыны жайгашкан. Алардын абалына карата божомолдор, климаттын глобалдык өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөчө чочулоо менен айтылууда. Азайып бара жаткан мөңгүлөрдөн башат алган анча чоң эмес дарыяларга климаттын өзгөрүшүнүн тийгизген таасири эмитеден эле байкала баштады. Ошондой эле агымдын сезондук бөлүштүрүлүшү дагы өзгөрүлдү. 2020-2025-жылдарга чейин эриген мөңгүлөрдүн эсебинен үстүнкү агып кетүүлөр күтүлүүдө, андан ары анын 42-20 куб метрге чейин азайышы, т.а. 2000-жылдагы агымдын көлөмүнүн 44төн 88%га чейинки көлөмүн түзүп калары болжолдонууда. Бул процесстин кесепети бир гана Кыргызстан эмес, бүтүндөй Борбордук Азия регионунда суу ресурстары менен жетишсиз санда камсыздалууга, энергетикалык потенциалдын жана жер ресурстарынын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келет.

Климаттык өзгөрүүгө Кыргыз Республикасын ыңгайлаштыруу боюнча стратегиянын долбоорун даярдоо үчүн алдын ала изилдөөлөр

(90%га жакыны) сугат иштерине жана айыл чарбадагы сууну керектөөгө кетет. Аны менен катар 80-85% суу вегетациялык мезгилде колдонулат.

1987-2010-жылдары расмий маалымат боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы суусу 12,9 куб км.дан 8-10 куб км.ге же 40%га төмөндөгөн (52-сүрөт).

2006-2010-жылдардын ичинде суу чыгаруунун кыйла зор көлөмү Чүй облусунда байкалган, ал 2,71 – 3,43 куб. км түзгөн, Ош облусунда - 1,2 – 1,36 куб. км, Таласта - 0,83-1,11 куб. км, Жалал-Абадда - 0,59-1,36 куб. км. Нарын облусунда суу алуу көлөмү төмөн - 0,59-0,69 куб. км, Баткенде - 0,58-0,62 куб. км жана Ысык-Көлдө - 0,51-0,61 куб. км.

Бирок, алынган бардык суу ресурстарынын үчтөн бири расмий түрдө транспорт системасынын өтө эскиргендигинен жана суу ресурстарын пайдалануунун натыйжасынын өтө төмөндүгүнөн улам ташып жеткирүүдө жок болот. 2006-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилде ташып жеткирүүдө суунун расмий коромжусу жылына 1852 млн. куб. метрди же алынган суунун көлөмүнүн 23%ын түзгөн. Коромжунун кыйла жогорку көлөмү Жалал-Абад жана Нарын облустарында байкалган жана айрым жылдары тийиштүүлүгүнө жараша 37 % жана 31,8%ды түзгөн. Республиканын башка облустарында бул көрсөткүч алынган суунун көлөмүнүн 20-30 %ынын өлчөмүндө өзгөрүп турган.

2010-жылы алынган таза суунун кыйла бөлүгү - 93%ы сугат жана айыл чарбасын жабдуу үчүн, 4,6%ы чарбалык-тиричилик муктаждыктары жана болгону 2%ы гана өндүрүштүк муктаждыктарга жумшалган. Керектөөнүн мындай структурасы байкоо жүргүзүлгөн мезгил бою сакталып турган. Сугат үчүн жер үстүндөгү, ошондой эле жер астындагы суулар, ал эми өндүрүш жана чарбалык-тиричиликтик муктаждыктарга негизинен жер астындагы суулар пайдаланылат.

Чарбалык-тиричиликтик муктаждыктарына пайдаланылган суунун көлөмү 2006-жылга салыштырганда 1,6 эсе көбөйгөн. Сууну өтө көп керектөө Чүй (анын ичинде Бишкек шаары) жана Ош облустарында белгиленген. Муну менен бирге сууну тиричиликте керектөө 2000-жылы калктын жан башына 40 куб. метрди түзгөн, бул 2006-жылдагы көрсөткүчтөн 1,6 эсе ашат (11-таблицаны караңыз).

52-сүрөт. Жалпы суу чыгаруунун жана таза сууну пайдалануунун динамикасы, млн. куб. м



Булак : АЧММ СЧМД

11-таблица. Чарбалык-тиричиликтик муктаждыктарына пайдаланылган суунун структурасы, млн. куб. м

	2006	2007	2008	2009	2010
Республика боюнча бардыгы, анын ичинде:	128	159	136.8	180	206
Баткен облусу	0	0	0	0	0
Жалал-Абад облусу	17.4	16.5	15.4	10.6	25.3
Ысык-Көл облусу	7.97	10.4	12.4	11.6	11.5
Нарын облусу	0	0.0	0.4	0	0
Ош облусу	41.4	75.7	41.2	87.9	46.4
Талас облусу	0.98	2	2.5	2.7	2.7
Чүй облусу	24.1	18.4	19.7	18.3	20.6
Бишкек шаары	36.6	35.9	45.3	49.2	58.1
Бир кишиге эсептелгенде, куб. м	25	30	26	35	40

Булак: КР УСК

1.8. Ичилүүчү таза сууга туруктуу жеткиликтүү калктын үлүшү, %

Өлкөнүн калкы ичилүүчү таза суу менен суу менен жабдуунун 1073 борбордоштурулган чарбалык-суу системасынан камсыз кылынат, муну менен бирге 133 системада ичилүүчү суунун булактары болуп жер үстүндөгү суулар кызмат кылат. Скважиналардын, тазалоочу жана зыянсыздандыруучу орнотмолордун жабдууларын колдонуу мөөнөттөрүнүн ашып кетиши, сууну саат менен берүү жана суу өткөрүү түтүктөрүнүн эскириши суунун (20-50%) коромжу болушуна, авариялык кырдаалдын келип чыгышына алып келет жана ичилүүчү суулардын экинчи жолу булганышына көмөк көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын суу менен жабдуу системасынын 85%га жакыны жер алдындагы сууларды пайдаланат, бирок, республиканын аймагы боюнча жер алдындагы суулардын запастарынын тең эмес бөлүштүрүлүшү анын запасы кыйла аз болгон түштүк региондордо колдонууну чектөөнү шарттайт. Муну менен бирге суу скважиналарын жана суу өткөрүү тармактарын эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө үчүн финансылоонун жетишсиздиги жер астындагы суу булактарын пайдалануудан баш тартууга жана анча коопсуз болбогон ачык көлмөлөрдөн (дарыялар, кудуктар) суу алууга алып келет.

Бишкек жана Ош шаарларында соңку 15-20 жылдын ичинде калктын ченемсиз өсүшү ичилүүчү суу менен камсыз кылуу маселесинде кыйынчылыктарды жаратты. Адамдардын жумуш издеп айыл жеринен шаарларга көчүп келишинин натыйжасында шаар четиндеги аймактарда мыйзамсыз жана стандарттуу эмес конуштар пайда болду, кийин алар мыйзамдаштырылган. Ушундай кээ бир райондордо суу менен жабдуу жана тазалоо үчүн инфраструктуралар жок же белгиленген ченемдерге жооп бербейт.

Республиканын (айылдык жана шаардык) калкынын ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүгү 2006-жылдагы 89,8%дан 2011-жылдагы 92,4%га чейин көбөйгөн (9-таблицаны караңыз). Калкты суу өткөрүү системасы менен толук камтуу Бишкек шаарында гана белгиленген. Жогору, 90%дан ашык камтуу – Чүй, Ысык-Көл, Талас жана Жалал-Абад облустарында жана эң аз камтуу – Баткен облусунда, Ош шаарында, Ош жана Нарын облустарында суу өткөрүү түтүктөрү жетишсиз.

Ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги жана анын сапатынын төмөндүгү калк арасында оорулардын көбөйүшүнө алып келүүдө (53-сүрөттү караңыз)[193]. Алсак, жалпы ичеги-карын тобундагы инфекциялар менен ооруп калуунун орто республикалык көрсөткүчү туруктуу түрдө жогору бойдон сакталып, айрым жылдары 332,4 (2001-ж.) 490,2 чейин (2010-ж.) жеткен. Ооруп калуунун эң жогорку көрсөткүчү Баткен 4161 (980,0) жана Жалал-Абад 5400 (552,8) облустарында белгиленген, бул жерде ал бүтүндөй өлкө боюнча көрсөткүчтөн 1,8 эсе ашып кеткен. Баткен облусунда ооруп калуулардын жогорку көрсөткүчү биринчи кезекте калктын ичилүүчү таза сууга жеткиликтүү эместиги менен байланышкан.

193 «2006-2011-жылдар үчүн Кыргыз Республикасынын курчап турган чөйрөнүн абалы жөнүндө Улуттук доклады".

12-таблица. Шаарда жана айыл жеринде ичилүүчү таза сууга туруктуу жеткиликтүү калктын үлүшү

Регион/ жыл	2006 (%)	2007 (%)	2008 (%)	2009 (%)	2010 (%)	2011 (%)
Кыргыз Республикасы	89.8	93.0	90.4	90.4	91.5	92.4
шаар	99.7	99.6	99.4	99.4	99.5	99.7
айыл	82.2	88.1	85.4	85.2	86.8	88.0
Баткен облусу	80.9	80.3	76.7	72.8	72.7	69.7
Жалал-Абад облусу	94.4	94.9	94.4	94,4	95.0	95.4
Ысык-Көл облусу	95.5	95.8	99.3	99.3	98.8	99.0
Нарын облусу	59.9	88.6	92.,0	95.9	90.1	89.2
Ош облусу	75.1	83.0	77.3	77.1	82.3	86.4
Талас облусу	98.4	99.3	95.9	96.1	96.9	96.5
Чүй облусу	99.3	99.6	98.6	98.9	99.0	99.6
Бишкек шаары	100	100	100	100	100	100

Булак: КР УСК

53-сүрөт. Кыргыз Республикасында коопсуз ичилүүчү таза сууга калктын жеткиликтүүлүгүнүн жана ич келте оорусунун корреляциясы



Булак: КР СМ

Колдо бар суу жабдуу системаларынын көпчүлүгү капиталдык оңдоого муктаж, суу түтүктөрүнүн 40%ы пайдалануу мөөнөттөрүнөн ашып кеткен жана бузулган абалда турат, 261 суу түтүк санитардык талаптарга жооп бербейт, 4 миңден ашык суу чыгаруучу кудуктар иштебейт. Кызмат көрсөтүүнүн сапаты начар (мисалы, жакшы иштебейт жана суу жабдуудагы үзгүлтүктөр жана ичилүүчү суунун сапаты начар). Бир катар суу түтүктөрү электр энергиясына карыз болуудан жана техникалык бузуктардан улам иштебейт. Алсак, Талас облусунда 2010-жыл ичинде 68 суу түтүктөрүнүн 19у иштеген эмес.

«Ичилүүчү суу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык жеке турак-жай конуштарын уюштуурууда мамлекет өз мамлекеттик органдарынын атынан 3 жыл ичинде жашап жаткан калкты үзгүлтүксүз суу менен жабдуу үчүн суу түтүктөрүн курууга жана эксплуатациялоого киргизүүгө милдеттүү, иш жүзүндө ал узак мөөнөткө созулууда. Жер реформасына байланыштуу суу булактарын санитардык коргоо зоналарында зарыл чектөөчү чараларды аткарууда көйгөйлөр келип чыгууда. Көпчүлүк учурларда жеке булактар талаптагыдай жабдылган эмес жана корголбойт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары суу жабдуу жана суу бөлүштүрүү системаларын башкаруу мүмкүнчүлүгүн чектөөчү бюджеттин өнөкөт тартыштыгына ээ, мында тарифтерди Кыргызстанда көтөрүү маселеси жогорку сезимталдыктагы социалдык проблема болуп саналат. Шаарларда жана айылдарда суу каналдары, Айылдык ичилүүчү сууну керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелери (АИСККБ) же Айыл өкмөттөрү өзүн-өзү финансылоочу түзүмдөр болуп саналат жана эксплуатациялоого же капиталдык чыгымдарга бюджеттен дээрлик эч нерсе алышпайт.

29-кыстырма. Ичилүүчү суу боюнча эл аралык донорлорду колдоо - «Таза Суу» долбоорлору

Биринчи фаза. «Таза-Суу» долбоорунун Биринчи фазасын ишке ашыруунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын 509 айылдарында суу жабдуу системалары реабилитацияланды. Алардын ичинен 2000-жылдан 2009-жылга чейинки мезгилде Дүйнөлүк Банк (МАР) жана Улуу Британиянын Эл аралык өнүгүү министрлиги (DFID) каржылаган «Айылдык суу жабдуу жана санитария» долбоору менен 207 айылды камтыган 169 чакан долбоорлор ишке ашырылган, алардын ичинен Нарын облусу боюнча (АСЖД-1) - 82, Ысык-Көл облусу боюнча – 71 жана Талас облусу боюнча - 54 айылда ишке ашырылган. Өз кезегинде Азия Өнүктүрүү Банкы (АӨБ) каржылаган «Калктуу конуштардын деңгээлинде инфраструктуралык кызматтарды көрсөтүү» долбоору менен 302 айылды камтыган 118 чакан долбоор ишке ашырылган.

Экинчи фаза. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн суроо-талабы боюнча Дүйнөлүк банк «Айылдык суу жабдуу жана санитария» (АСЖД-2) Экинчи долбоорун ишке ашыруу үчүн 10,0 млн. АКШ доллары каралган. Бирок Биринчи фазанын чакан долбоорлорун сапатсыз ишке ашыруунун кесепетинен Долбоордун Экинчи фазасын ишке ашыруунун алкагында болгону 36 чакан долбоор тандалып алынган, алардын ичинен: Биринчи фазанын 4 проблемалуу чакан долбоору, Биринчи фазанын чакан долбоорунун кемчиликтерин четтетүү боюнча 26 чакан долбоор жана 6 гана чакан долбоор тандалып алынган. 2013-жылдын июнуна карата абал боюнча Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарында 26 айылды камтыган 24 чакан долбоор ишке ашырылууда, алардын ичинен 13 айылдагы 13 чакан долбоор аяктаган. Мындан тышкары, АСЖД-2 алкагында «Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын суу менен жабдууну өнүктүрүү жана суу бөлүштүрүү стратегиясы» долбоору даярдалган жана ведомстволор аралык топтун мүчөлөрүнө кароого жөнөтүлгөн.

Азия өнүктүрүү банкы «Калктуу конуштардын деңгээлинде инфраструктуралык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү- кошумча" Долбоорун ишке ашыруу үчүн 30,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө гранттык каражаттарды бөлгөн. Долбоорду ишке ашыруунун Экинчи фазасынын алкагында Биринчи фазанын 36 проблемалуу чакан долбоорлорунун кемчиликтерин четтетүү боюнча иштер өткөрүлгөн. 15 «Айылдык ичилүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелерине» айылдык суу жабдуу системасын эксплуатациялоо, оңдоо жана техникалык тейлөө комплекттери сатып алынган жана берилген. Долбоордун Экинчи фазасынын алкагында Чүй, Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарынын 34 айылдарында айылдык суу жабдуу системаларын реабилитациялоо боюнча бардыгы болуп жаңы 12 чакан долбоорлор ишке ашырылган. 19 чакан долбоор боюнча долбоордук-сметалык документтер даярдалган. 2012-жылдын 12-июнунан тартып АӨБнын «Калктуу конуштардын деңгээлинде инфраструктуралык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү- кошумча" Долбоору токтотулган.

Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги, www.aris.kg

2011-жылга карата калктын ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүгүнүн 92,4%дык деңгээли 2015-жылдагы 90% максаттуу көрсөткүчтөн жогору. Бирок, өлкөнүн региондору боюнча калктын коопсуз ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүк деңгээлинин төмөндөшүнүн терс тенденциясы байкалууда, алсак – Нарын облусунда 2006-жылдагы 59,9 %дан 2010-жылы 90,1 %га чейин жогору болсо, 2011-жылы 89,2%га чейин төмөндөгөн. Өз кезегинде Баткен облусунда ичилүүчү таза сууга жеткиликтүүлүгү болгон калктын үлүшү стабилдүү кыскаруу тенденциясына ээ, ал 2006-жылы 80,9%дан 2011-жылы[194] 69,7%ды түзгөн. Климаттын глобалдуу өзгөрүшү ичилүүчү сунун запастарынын потенциалдуу кыскарышына, жер үстүндөгү суулардын температурасынын жогорулашына, булгагычтардын концентрациясынын көбөйүшүнө алып келүүдө, бул микроорганизмдердин өсүшүнө өбөлгө болуп жана суу жолу менен жугуу аркылуу берилүүчү жалпы ичеги-карын ооруларынын туруктуу жогору деңгээлде болушун шарттайт.

1.9. Милдет: калктын турак-жай турмуштук шарттарын алгылыктуу жакшыртууну камсыз кылуу

Канализацияга жеткиликтүү калктын үлүшү

Канализацияга жеткиликтүүлүк калктын жашоо турмушунун санитардык-гигиеналык шарттарын гана мүнөздөбөстөн, ошондой эле кыйыр түрүндө турак-жайдын өзүнүн сапатын чагылдырат. Ичилүүчү таза сууга жеткиликтүүлүктөн айырмаланып, калктын канализацияга жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу кыйла татаал милдет болуп саналат. Бул маселедеги ийгиликтер кыйла жупуну: 2006-жылдан тартып 2011-жылга чейинки мезгилде канализацияга жеткиликтүү болгон калктын үлүшү болгону 1,5%ды түзгөн. Муну менен 2011-жылга салыштырмалуу 2010-жылы аныкталган терс тенденция байкалууда, мында калктын канализацияга жалпы жеткиликтүүлүгү 26,4%дан 25,4%га азайган, т.а. бир жылда болгону 1% га азайган (13-таблицаны караңыз.).

194 «МӨМ мониторинг матрицасы», Улуттук статистикалык комитет, www.stat.kg.

13-таблица. Канализацияга жеткиликтүү калктын үлүшү

Регион/ жыл	2006 (%)	2007 (%)	2008 (%)	2009 (%)	2010 (%)	2011 (%)
Кыргыз Республикасы	23.9	24.2	23.5	25.2	26.4	25.4
Баткен облусу	3.1	2,.	3.2	3.3	3.2	3.0
Жалал-Абад облусу	7.1	7.3	6.5	6.2	9.4	8.8
Ысык-Көл облусу	12.9	14.4	10.5	9.7	13.2	15.4
Нарын облусу	4.5	4.7	5.4	5.9	5.3	5.6
Ош облусу	11.7	11.5	10.9	10.8	9.1	8.3
Талас облусу	3.4	3.0	3.8	4.1	3.7	9.0
Чүй облусу	37.9	38.9	37.2	46.3	48.7	41.9
Бишкек ш.	79.2	80.1	80.8	83.8	84.9	84.6

Булак: КР УСК

Канализацияга жеткиликтүү калктын үлүштүк санынын көрсөткүчү ар кайсы облустарда кескин айырмаланат: 3,0%дык эң төмөн көрсөткүчтүн (Баткен облусу) жана эң жогорку – 41,9%дык (Чүй облусу) көрсөткүчтүн ортосундагы айырма 38,9 пайыздык пунктту түзөт, мында канализацияга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу айылдык гана эмес, ошондой эле шаардык проблема болуп саналат. Көпчүлүк облустарда шаардык тургундардын саны канализацияга жеткиликтүү калктын санынан ашат. Буга борбор – Бишкекти жана түштүк борбор – Ошту түздөн-түз курчап турган Чүй жана Ош облустары кирбейт. Бирок, бул жерде ички миграция процесстери Бишкекте жана өлкөнүн башка ири шаарларында калктын ашыкча топтолушуна байланыштуу абалды татаалдаштырат. Натыйжада борбордун айланасында канализация системалары менен камсыз болбогон жаңы конуштар курчап калды. Финансылоонун жетишсиздигинен улам, демек оңдоо-калыбына-келтирүү иштеринин көлөмүнүн жетишсиздигинен колдонуудагы инфраструктура иштен чыккан учурлар аз эмес. Ушуга байланыштуу канализация агындыларын тазалоо системасынын натыйжалуулугу олуттуу проблема болуп саналат, алардын иштөө сапаты курчап турган чөйрөнүн абалына кыйла таасир көрсөтөт. Курулуш агенттигинин маалыматтары боюнча өлкөдө болгон агынды сууларды тазалоо боюнча 350 курулмалардын ичинен 40%ы агындыларды ченемдегидей тазалоону камсыз кылбайт. Мына ошентип, канализацияга жеткиликтүүлүк боюнча прогресстеги кыйынчылыктардын себептери негизинен экономикалык мүнөзгө ээ. Бирок бул маселеде маданий-агартуучулук аспекттеги проблемалар да бар.

Республикада эл аралык донордук уюмдардын колдоосунда суу жабдуу жана канализация боюнча бир катар долбоорлор ишке ашырылган, алар төмөнкүлөргө оң таасир көрсөттү:

- айылдык тургундардын коопсуз ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүгүнүн көбөйүшүнө;
- жугуштуу жана мите ооруларынын деңгээлинин төмөндөшүнө;
- микробиологиялык көрсөткүчтөр боюнча ичилүүчү суунун сапатынын жакшырышына;
- гигиена жана санитария көндүмдөрүнүн өзгөрүшүнө;
- суу жабдуу проблемаларын чечүү боюнча өнөктөрдүн өз ара аракеттенүүсүнө;
- санитардык объекттердин инфраструктурасынын жакшырышына.

Ошону менен бирге бүгүнкү күндө канализация системасын жакшыртуу боюнча максаттуу көрсөткүчкө жетишүү көйгөйлүү болууда. 2011-жылга карата болгон 25,4% деңгээл жана учурдагы тенденциялар 2015-жылга индикатордун максаттуу маанисине - 40%га жетүүнүн ыктымалдуулугу аз экендигин көрсөттү.

Калдыктарды башкаруу олуттуу көйгөй бойдон калууда. 2010-жылы Кыргызстанда 6921,4 миң тонна калдык пайда болгон, алардын ичинен 5745,9 миң тонна же 83 % - коркунучтуу калдыктар (14-таблицаны караңыз), ал эми 2011-жылы 11326,7 миң тонна калдык пайда болгон, алардын ичинен - 5876,2 миң тонна коркунучтуу калдыктар. Бардык коркунучтуу калдыктардын 97%ы Ысык-Көл облусунда пайда болгон, ушундай эле тенденция 2011-жылы да сакталган.

30-кыстырма. Бишкек шаары боюнча катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу

Бишкек шаарынын муниципалдык таштандыларын башкарууга жооптуу «Тазалык» ЧИ маалыматтары боюнча муниципалдык таштандылардын пайда болуу жана ташуу көлөмдөрүнүн туруктуу кыйла өсүшү байкалууда. Алсак, 2009-жылы мурдагы жылга салыштырмалуу көбөйүп, 20%га көбөйсө, 2010-жылы – 19%ды түздү.

14-таблица

Бишкек шаарынын шаардык таштанды жайына КТТ чыгаруу, миң куб. м					
2006	2007	2008	2009	2010	2011
1,440	1,524	1,600	1,917.7	2,364.3	2,431

«Тазалык» ЧИ тарабынан күн сайын Бишкек шаарынын полигонуна жайгаштыруу жана ташып баруу үчүн 1000-1200 тоннага жакын КТТ чогултулат жана ташып жеткирилет. 2011-жылдын акырына карата таштандылардын жалпы топтолушу 13160 млн. тонналы түзөт.

2. Максатка жетүүнүн кыйынчылыктары жана тобокелдиктери

Кыргызстандын курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы ишмердүүлүгү узак жана кыска мөөнөттүү экономикалык кыйынчылыктардын таасири астында турат.

Курчап турган чөйрөнү коргоону финансылоонун көлөмдөрү жаратылышты коргоонун зарыл иш-чараларын аткаруу үчүн жетишсиз. Өкмөт жана Президент тарабынан кубаттоого алынган көптөгөн саясий документтер туруктуу финансылык жактан камсыз кылынбайт.

Курчап турган чөйрөнү коргоо улуттук органынын саясий төмөн статусу курчап турган чөйрөнү коргоо жагында мыйзамды укуктук жактан колдонууну кыйындатат. Мисалы, экологиялык коопсуздукту же ар кандай секторлорду туруктуу өнүктүрүүгө дем берүүнү камсыз кылуу максатында кыйла жогорку статус керек, ал министрликтердин жана секторлордун ортосунда кызматташтыкты демилгелөө жана күчөтүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет, андан тышкары жаратылышты коргоо органы менен Өкмөт кабыл алуучу негизги «экологиялык маанилүү» чечимдерди макулдашуу зарылчылыгын шарттайт.

Өлкөдөгү колдонуудагы курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүү системасы азыркы талаптарга жетиштүү деңгээлде жооп бербейт. Курчап турган чөйрөнүн абалына баа берүүнү жүргүзүүдө прогресс бар, бирок өлкө эл аралык макулдашылган индикаторлорго негизделген реалдуу баа берүүлөрдөн али алыс. Мониторинг жүргүзүү жана уруксаттын талаптарынын аткарылышын камсыз кылуудагы татаалдыктар жөнгө салынуучу заттардын ашыкча саны, штаттык кызматкерлердин жана агенттиктин лабораторияларынын потенциалынын төмөндүгү, инспекторлордун өнөр жай ишканаларына жетүүдөгү кыйынчылыктар менен байланышкан. Курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы бузуучуларды жазалоо чаралары бузуучулардын жүрүш-турушун өзгөртүү жана курчап турган чөйрөгө карата камкордукка үйрөтүү үчүн анча натыйжалуу эмес. Укук колдонуу органдары региондук деңгээлде аларга жүктөлгөн милдеттерди аткара албай жатышат. Кыргызстанда биоартүрдүүлүккө мониторинг жүргүзүүнүн мамлекеттик системасы тийиштүү түрдө иштебейт.

Экологиялык өзүн-өзү контролдоо жана отчёттуулук иш жүзүндө жок. Суу ресурстарынын сапаты өткөндөгү булгануунун жана азыркы экономикалык ишмердүүлүктөн улам олуттуу коркунуч астында турат. Калдык сактоочу жайлар, радиоактивдүү калдыктар региондогу экологиялык коопсуздук жана калктын ден соолугу, эң башкысы үстүнкү суулардын булганышы үчүн жогорку тобокелдикти түзөт. Жер астындагы суулар антропогендик ар кандай ишмердүүлүктүн таасир көрсөтүүсүнүн коркунучу астында турат. Сууну берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн жаңы тармактарын куруу үчүн финансылоонун жетишсиздигинен сырткары, бул милдетти чечүү бар болгон инфраструктуранын начар абалы, кызмат көрсөтүүлөрдүн жогорку эмес сапаты, бул маселелерди координациялоодогу жана чечилишин жөнгө салуудагы кемчиликтер менен татаалданат.

Кыргызстан азырынча макулдашылган улуттук суу стратегиясын иштеп чыгуу аракеттеринде урунтуктуу ийгиликтерге али жетише элек. Борбордук Азиядагы суу ресурстарын башкаруу Кыргызстандын өзү үчүн да жана ал эл аралык милдеттенмелер менен байланышкан, агымдын төмөн жагында жайгашкан өлкөлөр үчүн да зор маанаге ээ.

Саясий «эрктин» болушу жана кабыл алынуучу чечимдердин жогорку статусу курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык туруктуулукту сактоо боюнча саясатты кыйла натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Алсак, 2005-жылы Токой агенттигинин директорунун төрагалыгы астында түзүлгөн климаттын өзгөрүшүнүн залалдары боюнча Улуттук комитет (КӨЗУК)[195] иштеп жаткан 7 жыл аралыгында сейрек гана чогулушкан жана климаттын өзгөрүшүнүн маселелери боюнча ишти уюштура алган жок. Мында 2012-жылы түзүлгөн климаттын өзгөрүшүнүн проблемалары боюнча Координациялык комиссия (КӨМКК) экологиялык маселелерге кураторлук кылган Вице-премьер-министр Т.Сарпашевдин төрагалыгы астында ал Координациялык комиссия бир катар маанилүү чечимдерди кабыл алуу менен бир жыл ичинде активдүү ишмердүүлүктү уюштура алды.

Өлкөлүк өнүгүү стратегиясына негизги артыкчылык катары экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу маселелерин интеграциялоо кийинки жылдары экономика секторлорун экологиялаштырууда кыйла алга илгерилөөгө мүмкүнчүлүк берет. Алсак, 2005-жылы Өлкөнүн өнүгүүсүнүн орто мөөнөттүү стратегиясына экология маселелерин киргизүү курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу колдонуу маселелерин көптөгөн сектордук стратегиялык документтерге киргизүүнү шарттады. Бирок, бул документтердин финансылык жактан камсыздалышы олуттуу маселе бойдон калууда. Ушуга байланыштуу улуттук жана сектордук иш-чараларды ишке ашырууда экологиялык маселелер экинчи планга калтырылып, же болбосо жеткире каржыланбай калууда.

Маалымдар болууну жогорулатуу жана Өкмөттүк түзүмдөрдө чечимдерди кабыл алуучу негизги адамдарды жарандык коомдун активдүү өкүлдөрү менен биргеликте туруктуу өнүктүрүү процесстерине активдүү тартуу өнүгүү багытын "жашыл" экономика жагына ооштурууга жана климаттын өзгөрүшүнүн маселелерин пландаштырууда жана күнүмдүк ишмердүүлүктө эсепке алууга мүмкүнчүлүк берет. «Жашыл» өнүгүүнү «экономикалык максатка ылайыктуу эмес» катары кабыл албоочулук колдоо көрсөтүүчүлүк менен алмаштырылууда. Эл аралык тажрыйбага ылайык, климаттын өзгөрүшүнө көнүктүрүү алкагында алдын ала аракеттер жана «жашыл» экономиканын элементтерин алга илгерилетүү Кыргызстанга кыйла экономикалык пайданы алып келет жана экосистемаларга, адамдын ден соолугуна, экономикалык өнүгүүгө жана инфраструктуралар объекттерине карата коркунучту минимумга жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

54-сүрөт. Импорттолуучу жеңил автомашиналардын жыл жагынан структурасы, бирдиктер



Булак: КР УСК

Кыргызстанда иштеп чыгууда бир жагынан эл аралык колдоо көрсөтүлгөн жана экинчи жагынан чоң финансылык салымдарды талап кылбаган укуктук ченемдик механизмдер кыйла натыйжалуу иштеди. Мисалы, «озонду бузуучу заттарды керектөө» индикаторуна жетишүүгө иштелип чыккан жана ийгиликтүү ишке ашырылган 2008-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилде Озонду бузуучу заттарды колдонууну токтотуу боюнча мамлекеттик программа өбөлгө болгон. Башка мисал болуп, автомобиль транспортунун чыгууларын азайтуу боюнча киргизилген жөнгө салуучу нормалар саналат. КРдагы автомобилдердин кыйла бөлүгү ресурсту иштеп чыгуунун акыркы чегинде турат жана атмосфералык абанын булганышынын булагы болуп саналат. Эски автотранспорт каражаттарын ташып кирүүнү чектөө максатында 2008-жылдын аягында чыгарылган жылы 13 жылдан ашкан автомобилдер үчүн бирдиктүү бажы алымы жана салыктар 11 эсеге[196] көбөйтүлгөн. Бул чара оң натыйжаны берди. Алсак, эгерде 2008-жылы чыгарылганына 10 жылдан ашкан жеңил автотранспорттун 81 748 бирдиги ташып киргизилсе, 2009-жылы болгону 22 275 бирдик ташып киргизилген.

195 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 18-июлундагы №281 Жарлыгы.

196 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 21-ноябрындагы №632 "«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу жеке адамдар тарабынан товарларды жана автотранспортту алып өтүү жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 31-де кабрындагы N 976 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө токтому.

Ал тургай, 2011-жылы жеңил автомашиналар боюнча жылы 10 жылдан ашык болгон автомобилдерди ташып кирүүдө төмөндөөгө карай оң тенденция байкалган, алар ТПО боюнча жалпы ташып кирүүдөн 46,3 %ды түзгөн. (2008-жылы 93,4 %дан айырмаланып) жана жылы 5 жылдан 10 жылга чейинки эксплуатациялоодогу кыйла "жаңы" автомашиналарды ташып кирүү көбөйгөн - 50,8 %.

Гендердик жана башка аспекттерде климаттын өзгөрүшүнүн залалдарына талдоонун жетишсиздиги калктын ар кандай социалдык топтору үчүн потенциалдуу тобокелдиктердин толук көрүнүшүн бере албайт. Натыйжада иштелип чыккан идеялары, так өңүттөрү жана тийиштүү чечимдери менен туруктуу өнүктүрүүнүн күчтүү саясаты калыптанбайт. Муну менен климаттын өзгөрүшүнүн маселелеринде гендердик өлчөөлөрдү эсепке алуу климаттык саясатты иштеп чыгууда да, анын ишке ашырууда да теңсиздикти болтурбоо үчүн өзгөчө маанилүү. Анык маалыматтардын жоктугу пландаштыруунун натыйжалуулугун начарлатат. Экологиялык параметрлерге мониторинг жүргүзүүнүн жоктугу курчап турган чөйрөнүн булгануу жана/же сарамжалдуу эмес жаратылыш колдонуу тобокелдиктерин жана социалдык-экономикалык зыянды толук өлчөмдө баалоого мүмкүнчүлүк бербейт. Мисалы, республиканын шаарларында атмосфералык абанын чаң, бенз(а)пирен жана көмүр кычкылы менен булганышына байкоо жүргүзүү 1998-2000-жылдары, оор металлдар менен булганышына байкоо жүргүзүү 1997-жылы токтотулган. Бирок, 1999-жылдагы маалыматтар боюнча Бишкек шаарында автотранспорттун тынымсыз кыймылы бар негизги авто жолдордун районунда бенз(а)пирендин жылдык орточо концентарциясы ЖЧКдан 25-35 эсе ашкан, ал эми жылытуу сезонунда жыл ичиндеги максималдуу концентрациясы ЖЧК - 28,5 ке чейин жеткендиги байкалган. Бул көйгөй курчап турган чөйрөнүн абалына экологиялык мониторинг жүргүзүү системасынын бытырандылыгынан улам керектүү деңгээлде актуалдаштырылган эмес. Экологиялык маалыматтарды топтоо жана иштетүү системасында орун алган көйгөйлөр бар болгон маалыматтарга талдоо жүргүзүү жана алардын негизинде салмактуу чечимдерди кабыл алуу потенциалын төмөндөтөт. Экологиялык маселелердин жана социалдык-экономикалык өнүгүү маселелеринин комплекстүү сүрөтүн жана өз ара байланышын көрсөтүүчү "жөнөкөйлөштүрүлгөн" маалыматтык материалдарды даярдоо зарыл.

4. Максатка жетишүү максаттарында саясатты өркүндөтүү боюнча рекомендациялар

Экологиялык туруктуулукту сактоо жагында белгиленген натыйжаларга илгерилөөдө саясатты өркүндөтүү боюнча сунуштар бир катар өлкөлүк ченемдик-программалык документтерде, ошондой эле улуттук отчёттордо баяндалган чараларды жана сунуштарды камтыйт. Мында, климаттык өзгөрүүлөр калктын өзгөчө кедей топторунун жашоо-турмуштарына таасир тийгизип жаткандыгын эске алып, көңүктүрүү боюнча чараларды ишке ашыруу – 2015-жылга карата коюлган максаттарды аткарууда прогресс үчүн зарыл талап. Климаттын өзгөрүшүнө карата көңүктүрүү чараларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын МӨМгө жетишүүнү күчөтүү жана 2015-жылдан кийин прогрессти турукташтыруу боюнча стратегиясынын бөлүгү катары каралышы керек.

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

Башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөнкү милдеттерди аткарууга көңүлдү буруу керек:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиктин статусун министрликтин/комитеттин деңгээлине чейин жогорулатуу, «жашыл» өнүктүрүү маселелерин илгерилетүү боюнча эң мыкты эл аралык практикага ылайык келүү багытында аны институттук жактан бекемдөө;
- жаратылышты пайдалануу жана курчап турган чөйрөнү коргоо, анын ичинде экологиялык чектөөлөр системасы

жана жаратылышты пайдалануу режимдерин жөнгө салуу жагында мыйзамдарды өркүндөтүү;

- курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын базасында маалыматтык Орхус-борборду түзүү;
- курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаратылышты пайдалануу жагында эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү жана сектордук стратегиялык документтерди иштеп чыгууда «жашыл өнүктүрүүнүн» дүйнөлүк тажрыйбасын колдонуу жана климаттын өзгөрүшүнө карата көнүктүрүү.
- климаттын өзгөрүшүнүн залалдары боюнча Координациялык комиссиянын ишмердүүлүгүн колдоо жана алга илгерилетүү;
- климаттын өзгөрүшүнө карата көнүктүрүү боюнча оң ишмердүүлүктүн дараметин түзүү, конкреттүү долбоордук сунуштарды идентификациялоо жана иштеп чыгуу, потенциалдуу донорлор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- Глобалдуу экономикалык фонд[197] менен кызматташтык боюнча ведомстволор аралык комиссия сыяктуу координациялык механизмдердин негизинде эл аралык жардамды оптималдаштыруу жана жогорулатуу жана эл аралык уюмдардын ишинде жергиликтүү мекемелердин, НПОлордун жана жеке сектордун өкүлдөрүнүн катышуусун кеңейтүү;
- курчап турган чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүктүрүү жагында бекитилген программаларды жана пландарды финансылык жактан камсыз кылуу, алардын бар болгон бюджеттик финансылоо системасы, пландаштырылган жана финансыланган иш-чаралардын мониторинги жана баа берүүсү менен байланышын камсыз кылуу;
- курчап турган чөйрөнү коргоонун абалы, аны сактоо, жаратылыш ресурстарын пайдалануу, тийиштүү маалыматтык системаны түзүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча экологиялык маалыматтын ачыктыгын, аныктыгын жана өз убагындалыгын камсыз кылуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык сектордун маалымдоо, экологиялык билим берүү жана агартуу, экология жагындагы кадрларды даярдоо аркылуу жаратылышты коргоо программаларын жана иш-чараларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышуусун жана активдүүлүгүн жогорулатуунун механизмдерин өнүктүрүү.

Программаларды жана иш-чараларды өркүндөтүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү сунуш кылынат:

- Кыргызстанды туруктуу өнүктүрүү принциптерине доктриналык мүнөз берүү;
- парник газдарынын чыгууларын талдоо жана эсепке алуу системасын түзүү;
- биоартүрдүүлүктү жана токой ээлеген аймакты сактоо боюнча, катуу тиричилик калдыктарын башкаруу боюнча системаны талдоону жана эсепке алууну өркүндөтүү;
- курчап турган чөйрө жагында статистикалык эсепке алууну өркүндөтүү, отчёттуулукту күчөтүү, негизги булгагыч-ишканалардын курчап турган чөйрө жана статистика органдарына туруктуу отчёттуулугу үчүн талаптарды жана жол-жоболорду киргизүү, экологиялык экспертизалоонун натыйжаларын мезгил-мезгили менен жарыялоо;
- суу ресурстарына интеграциялык башкаруу принциптерин киргизүү аркылуу башкарууну жакшыртуу;
- калктын реалдуу керектөөлөрүнөн, кызмат көрсөтүүлөрдүн учурдагы сапаттуулугуна жана инфраструктуранын абалына анык баа берүүнү, колдо болгон ресурстарды эске алуу менен максаттарга жетишүүгө реалдуу баа берүүнү алганда суу жабдуу жана канализация проблемаларын чечүү;
- суу ресурстарын жергиликтүү деңгээлде башкаруу боюнча алдыңкы практиканы алга илгерилетүү жана Суу пайдаланууучулардын ассоциациясы жана Ичилүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери сыяктуу жергиликтүү структураларды күчөтүү;
- мониторинг жүргүзүүнү өнүктүрүү: кыртыштын мониторингин калыбына келтирүү, абанын жана суунун сапатына мониторинг жүргүзүү тармагын колдоо жана кеңейтүү, мониторинг жүргүзүүнүн өлчөнүүчү параметрлеринин санын көбөйтүү, маалыматтардын сапатын жана анын сакталышын контролдоону жакшыртуу, суу ресурстарын жана жерлерди мониторинг жүргүзүүнүн улуттук системасын түзүү ж.б.;
- курчап турган чөйрөнү коргоо жагында изилдөөлөрдү

197 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-апрелиндеги №108-б буйругу.

жана колдонмо иштеп чыгууларды өнүктүрүү, анын абалына илимий баа берүүлөрдү жакшыртуу;

- техногендик алааматтарды болтурбоо боюнча алдын-алуучу чараларды көрүү, оболу – калктын ден соолугу жана курчап турган чөйрө, анын ичинде суу объекттери үчүн уран калдык сактоочу жайлар келтирген коркунучтарды жоюу;
- булгануудан жер алдындагы суу ресурстарын коргоо боюнча чараларды күчөтүү: санитардык коргоо зонасынын чектеринде мыйзамсыз ишмердүүлүктү токтотуу, санитардык коргоо зонасын делимитациялоо жана демаркациялоо, ченемдик базаны күчөтүү;
- калдыктарды, кайра иштетилүүчү ресурстарды жана топтолмолорду кайра иштетүү жана утилдештирүү боюнча дем берүүнү иштеп чыгуу жана ченемдик жактан бекемдөө;
- суу ресурстарын жана суу жабдууну сарамжалдуу колдонуу принциптеринде башкаруу, суунун сапатын коргоо жана суу ресурстарынын булганышына контролдук кылуу, эл аралык милдеттенмелерди аткаруу.

Бизнес үчүн зарыл түрткүнү пайда кылган экономикалык механизмдерди өркүндөтүү үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

- жаратылыштык ресурстарды эсепке алууну жана алардын абалына чарбалык ишмердүүлүктүн таасир көрсөтүүсүнүн деңгээлине баа берүүнү камсыз кылуучу экономикалык көрсөткүчтөр системасын иштеп чыгуу жана ушул системаны мыйзам актыларынын пландарын, программаларын баалоо үчүн колдонуу;
- жаратылышты коргоочу, ресурстарды үнөмдөөчү, аз калдыктуу жана калдыксыз технологияларды жана жабдууларды ишке киргизүүгө экономикалык дем берүү;
- ISO 14000 экономикалык менеджменттин эл аралык стандарттарын киргизүү боюнча дем берүүлөрдү мыйзамдык жактан бекемдөө.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөнкү милдеттерди чечүүгө көңүл буруу керек:

- Жаратылыш ресурстарына ээлик кылуу, колдонуу жана тескөө боюнча функцияларды ченемдик-укуктук жактан өркүндөтүү;
- Бийлик органдары тарабынан улуттук мыйзамдарды практикалык аткаруу үчүн аны Орхус конвенциясынын талаптарына ылайык келтирүү жана Конвенциянын жоболорун сот органдарында, өзгөчө жергиликтүү деңгээлде колдонуу;
- «жашыл өнүгүүнүн» дүйнөлүк тажрыйбасын жана адаптациялоону климаттын өзгөрүшүнө карата сектордук стратегиялык документтерди иштеп чыгууда жана аларды имплементациялоодо киргизүү;
- курчап турган чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүктүрүү жагында бекитилген программаларды жана пландарды финансылык жактан камсыз кылуу, алардын бюджеттик финансылоонун, пландаштырылган жана финансыланган иш-чараларга мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн колдонуудагы системасына байланышын камсыз кылуу;
- курчап турган чөйрөнү коргоо жагында укук колдонуу жана сактоо системасынын натыйжалуулугун жакшыртуу: экологиялык жаза чаралардын өлчөмдөрүн жогорулатуу, текшерүүлөрдүн жана тобокелдиктердин аралыгын ылайык келтирүү, инспекциялоо жана контролдоо процессине тартылган ички аудитти текшерүү практикасын ишке ашыруу.

Программаларды жана иш-чараларды өркүндөтүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү сунушталат:

- туруктуу өнүктүрүү принциптерин ченемдик-укуктук актыларга жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жана сектордук программалардын бардык стратегияларына киргизүү;
- курчап турган чөйрө жагында статистикалык эсепке алууну өркүндөтүү: отчёттуулукту күчөтүү, негизги булгоочу-ишканалардын курчап турган чөйрө жана статистика органдарына туруктуу отчёттуулугу үчүн талаптарды жана жол-жоболорду киргизүү, экологиялык экспертизалоо натыйжаларын мезгил-мезгили менен жарыялоо;
- суу чарбаларынын ишканаларында финансылык өзүн-өзү актоочу дараметин өнүктүрүү; бул маселелер, өзгөчө санитария боюнча мамлекет тарабынан координациялоону жана маалыматтык өнөктөштүктү күчөтүү;
- мониторинг жүргүзүүнү өнүктүрүү: кыртышка

мониторинг жүргүзүүнү калыбына келтирүү, абанын жана суунун сапатына мониторинг жүргүзүү тармактарын колдоо жана кеңейтүү, маалыматтардын сапатына жана алардын сакталышына контролдоонун сапатын жакшыртуу, суу ресурстарынын, кыртыштын мониторингин жүргүзүү системасынын улуттук системасын түзүү;

- курчап турган чөйрөнү коргоо жагында изилдөөлөрдү жана колдонмо иштеп чыгууларды өнүктүрүү, анын абалына илимий баа берүүнү жакшыртуу;
- климаттын өзгөрүшүнө карата көнүктүрүү боюнча алдын алуучу чараларды көрүү;
- калдыктарды кайра иштетүүнүн жана утилдештирүүнүн үлүшүн жогорулатуу, кайра иштетилүүчү ресурстарды жана жыйындыларды пайдалануу;
- сууну сарамжалдуу колдонуу жана суу менен жабдуу, суунун сапатын коргоо, суу ресурстарынын булгануусуна контролдук жүргүзүү принциптеринде суу ресурстарын башкаруу, эл аралык милдеттенмелерди аткаруу;
- калктын реалдуу керектөөлөрүнөн алганда суу жабдуу жана канализация проблемаларын чечүү, кызмат көрсөтүүлөрдүн учурдагы колдо бар ресурстарын эске алуу менен максатка жетүүнү реалдуу баалоо. Суу чарба ишканаларын алардын финансылык өзүн-өзү актоосунун дараметин өнүктүрүү. Ушул маселелер, өзгөчө санитария боюнча мамлекет тарабынан координациялоону жана маалыматтык өнөктөштүктү күчөтүү.

Бизнес үчүн зарыл түрткүнү пайда кылган экономикалык механизмдерди өркүндөтүү үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

- жаратылыш ресурстарын эсепке алууну жана алардын абалына чарбалык ишмердүүлүктүн таасир көрсөтүүсүнүн деңгээлине баа берүүнү камсыз кылуучу экономикалык көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу жана бул системаны пландарды, программаларды, мыйзам актыларын баалоо үчүн колдонуу;
- дем берүүчү салыктарды жана төлөмдөрдү киргизүү, баалардын түзүмүндө экологиялык чыгымдарды эсепке алууну киргизүү, экологиялык аудитти жана камсыздандырууну киргизүү;
- жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу колдонууга, ошондой эле кайра ордуна келбөөчү ресурстарды үнөмдүү чыгымдоого өтүү жана кайра ордуна келүүчү ресурстарды алардын жакырданышына жол бербегидей кыйла үнөмдүү колдонуу.

8-БӨЛҮК.
ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫНДА ГЛОБАЛДУУ ӨНӨКТӨШТҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

8-бөлүк. Өнүгүү максаттарында глобалдуу өнөктөштүктү калыптандыруу

МИЛДЕТТЕР[198]

өлкөнүн дараметин өнүктүрүү үчүн эл аралык коомдоштук менен кызматташтыкты бекемдөө;

жаш адамдарга татыктуу жана үзүрлүү ишти табууга мүмкүнчүлүк берүүчү стратегияларды иштеп чыгуу жана жүргүзүү;

жеке сектор менен кызматташтыкта бардыгы тең жаңы технологиялардын, өзгөчө маалыматтык-коммуникациялык жетишкендиктер менен колдоно алгыдай чараларды көрүү.

1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

МӨМ-8 саясий, социалдык жана экономикалык өнүктүрүү максаттарында глобалдуу өнөктөштүктүн жаңы механизмдерин түзүүгө багытталган. Бул максатка жетишүү өнүккөн өлкөлөр тараптан өнүгүү жолундагы өлкөлөрдүн карыздык жүгүн кыскартуу максатында аракеттерди, аларга зарыл жардам берүү жана технологиялар менен рынокторго[199] жакшы жеткиликтүүлүктү талап кылат. Мындан сырткары, МӨМ-8 жетүү үчүн өкмөт, жеке сектор жана өкмөттүк эмес уюмдардын ортосунда өнөктүк мамилелерди бекемдөө, жардамдын натыйжалуулугуна баа берүүнү жана өнөктөштүктүн алкагында күч-аракетти күчөтүү максатында ар жылдагы атайын иш-чараларды өткөрүү зарыл.

Азыркы учурда ООНдун Экономикалык жана Социалдык Кеңешинин баа берүүлөрү боюнча өнүгүүгө расмий жардам (ӨРЖ) өнүккөн өлкөлөрдүн улуттук кирешесинин 0,31 пайызын түзөт, бул 0,7 пайыз максаттуу көрсөткүчтөн кыйла төмөн. Ошентсе да, күтүүлөргө шайкеш эместикке карабастан ӨРЖнын көлөмдөрү өсүүдө жана 2009-жылы бул көрсөткүч өзүнүн эң жогорку маанисине – 120 млрд. АКШ долларына жетти[200]. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн карыздык жүгүн жеңилдетүүгө мүмкүн болду, азыркы учурда алардын карызы белгиленген мурдагы деңгээлден кыйла төмөн. Соода-сатык жагында оң жылыш болуп өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн глобалдуу рынокторго кыйла жигердүү чыгуусу саналат. Ошол эле маалда маалыматтык-коммуникациялык технологияларга (МКТ) кыйла жеткиликтүүлүк бар, ошентсе да калктын көпчүлүк бөлүгү аларга жеткиликтүүлүгү жок: өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө 6 адамдын ичинен бирөө гана Интернетке жеткиликтүү.

Кыргыз Республикасына карата региондук докладда[201] Борбордук Азиянын кыйла кедей өлкөлөрүнүн абалы андан аркы өнүгүү үчүн чакырык деп баса белгиленген. Буга карабастан, эл аралык коомчулук дүйнөнүн башка аялуу региондоруна салыштырмалуу Борбордук Азияга азырынча жетиштүү көңүл бөлбөй жатат. Ушул эле докладда эл аралык коомчулуктун жардамы Борбордук Азиянын өздөрүнө өздөрү жардам берүүгө толук даярдыгы менен коштолушу керек деп баса белгиленген.

2015-жылга карата Миң жылдыктын Декларациясында каралган индикаторлорго жетишүү үчүн Париж декларациясынын принциптерине негизделген кызматташуунун жана тышкы жардамды көрсөтүүнүн жаңы моделдери иштелип чыккан жана колдонулган. Алар, албетте өнүгүүнүн улуттук артыкчылыктарын эсепке алуу механизмдерин күчөтүү, тышкы жардамды көрсөтүүдө координациялоону жакшыртты, иш-аракеттерди кайталоону кыскартты, бирок ошого карабастан бул чаралар көрсөтүлгөн жардамдын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатты деп айтуу али эртелик кылат. Өкмөт тараптан да, донор тараптан да иштеги жеткилең эместиктер бар. Донордук бардык жардам

198 Бул максат боюнча эки максаттуу индикатор жана экөө тең тышкы карызга карата белгиленгендигине байланыштуу, «Бриллиант МӨМ-8»диаграммасын бербөө чечими кабыл алынган, анткени бул максатка жетишүүдө прогресс жөнүндө так эмес түшүнүктү түзүшү мүмкүн.

199 Европада жана Борбордук Азияда Миң жылдыктын өнүгүү максаттары: жетишкендиктер, көйгөйлөр жана андан аркы кадамдар. ООН, Нью-Йорк жана Женева, 2010-ж.

200 http://www.un.org/ru/ecosoc/about/mdg8.shtml

201 Европада жана Борбордук Азияда Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттары: жетишкендиктер, көйгөйлөр жана мындан аркы кадамдар. ООН, Нью-Йорк жана Женева, 2010 -ж.

максаттарга ылайык артыкчылыктуу болбоду жана кырдаалды тийиштүү түрдө өзгөртүү үчүн жетиштүү болгон жок. Алсак, МӨМ- 4, 6 боюнча жардамды кыйла күчөтүү керек, мында пайда болгон кемчиликтерди кыскартуу жана позитивдүү тенденцияны колдоо зарыл. Донорлор тараптан да, Өкмөт тараптан да гендердик теңчиликке жетүү боюнча багытта финансылоону эсепке алуу методологиясы иштеп чыгууну талап кылат, бул багытталган каражаттардын натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Жалпысынан өлкөнүн улуттук бюджетин колдоого жардамдын каражаттарынын булагын натыйжалуу бириктирүү керек.

Мурдагы бөлүктөрдө келтирилген талдоо көптөгөн максаттуу көрсөткүчтөр жакынкы жылдары жетишилери же жетишиле тургандыгы ыктымал экендигин ынанымдуу көрсөттү. Жогоруда айтылгандарды эске алып, өнөктөштүктүн натыйжалуу механизмдерин түзүү талаптары дагы эле, өзгөчө Кыргыз Республикасында 2010-жылы революциядан кийинки болуп өткөн окуяларга жана башкаруунун парламенттик формасына өтүүгө байланыштуу актуалдуу бойдон калууда, бул актуалдуулук өсүүдө, анын үстүнө бул коомдо МӨМгө жетишүүнүн маселелерин талкуулоонун кыйла ачык процессине алып келди.

МӨМ-8 боюнча улуттук милдеттер эл аралык формулировкага салыштырмалуу кыйла кыскартылган түрүндө кабыл алынган жана кандайдыр бир деңгээлде бул максаттын Кыргыз Республикасы үчүн маанилүүлүгүн азайтты, анткени өнүгүү максаттарында өнөктөштүктүн бардык аспекттерине карата комплекстүү мамиле кылууга мүмкүнчүлүк берген жок.

8-максат боюнча милдеттерди чечүүдө прогресске мониторинг жүргүзүү үчүн төмөнкү көрсөткүчтөр колдонулат:

- өлкөнүн тышкы карызынын көлөмүнүн ички дүң продуктуга (ИДП) пайыздык катышы;
- тышкы карызды тейлөөнүн наркы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун үлүшү катары;
- жаштар арасында жумушсуздуктун деңгээли;
- калктын 1000 адамына стационардык жана уюлдук телефон аппараттарынын саны;
- калктын 100 адамына колдонулган жеке компьютерлердин жана Интернет пайдалануучулардын саны.

МӨМгө жетишүүдө Кыргыз Республикасы туш болгон көйгөйлөргө алып келген жогоруда айтылган факторлор акыркы жылдары экономикалык өнүктүрүүнүн туруктуулук маселелерин өзгөчө курчутуп жана тышкы карызды кыйла натыйжалуу башкаруунун зарылчылыгын баса белгиледи.

1.1. Өлкөнүн дараметин өнүктүрүү үчүн эл аралык коомчулук менен кызматташтык

1.1.1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын биринчи он жылдыгы өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык торолушунун олуттуу социалдык-экономикалык проблемалары менен коштолду, бул аларды чечүү үчүн аргасыз тышкы карыздарга алып келди. Кыргызстан алган масштабдары боюнча эбегейсиз тышкы жардам анын натыйжасынын ошончолук болушуна алып келиши керек эле. Бирок, тышкы жардамды натыйжалуу колдонуунун критерийлеринин жана орто мөөнөттүү келечекте башкаруунун стратегиясынын жоктугу кошумча тобокелдиктерди түздү жана тышкы карыздын туруктуулугун камсыз кылууда терс таасирин тийгизди. 2000-жылга карата тышкы карыз ИДПнын 101,9%ына жеткен[202], бул өлкөнүн кыйла каражаттарды социалдык жана экономикалык программаларга жөнөтүүгө мүмкүнчүлүктөрүн коркунучка калтырды. Тышкы карызды кыскартуу боюнча Өкмөт кабыл алган чаралар жана тышкы карыздардын темптеринин жайлашынын өнүтүндө экономиканын өсүшү ИДП карата тышкы карыздын катышынын кыйла жакшырышына алып келди, ИДП 2008-жылы 40,6%ды түздү. (55-сүрөттү караңыз). Бул экинчи отчётто 2015-жылга карата максаттуу багыттар жетишилди деп болжолдоого мүмкүнчүлүк берди. Бирок, кийин бул тенденция артка кетти.

55-сүрөт. Тышкы карыздын көлөмү, ИДП %

Булак: КР УБ

202 Кыргыз Республикасында Миң Жылдык Өнүктүрүү Максаттарына жетишүүдө прогресс жөнүндө экинчи отчет. Бишкек, 2010-ж.

2010-жылга карата тышкы карыздын көлөмүнүн кыйла өсүшү өлкөнүн кабыл алынган өнүгүү стратегиясынын алкагында экономиканы өнүктүрүүгө багытталган карыз каражаттардын өсүшү менен түшүндүрүлөт, бирок кырдаалдын кийинки өсүшү көрсөткөндөй, Президент Бакиевдин режими алынган каражаттарды ар түрдүү коррупциялык схемаларга тарткан.

2011-жылы тышкы карыздын өсүшү өлкөдөгү саясий жана социалдык-экономикалык туруксуздуктун натыйжасында, 2010-жылдын апрель-июундагы окуялардын айынан мамлекеттин бюджетинин тартыштыгынын өсүшү менен шартталган. 2010-жылдын 7-апрелинен кийин бийлик алмашкан соң жана көп өтпөй июнда түштүктөгү улуттар аралык чыр-чатактан кийин эл аралык коомчулук өлкөгө гранттык жардамды көбөйтүп, КР колдоонун кеңири программасын кабыл алды. Жалпысынан Кыргыз Республикасында процесстерди демократиялаштыруу коомдогу социалдык-саясий туруктуулукка багытталган чараларды, жаңы демократиялык институттардын торолушун, реформаларды илгерилетүүдө тийиштүү колдоосуз өтүшү мүмкүн эмес эле, андыктан мамлекеттик ресурстар чектелүү болгондуктан Өкмөт тышкы жардамды кеңейтүүгө аргасыз болду. 2008-2010-жылдар мезгилинде болуп өткөн жагымсыз көрүнүштөргө карабастан республиканын мамлекеттик карызы боюнча учурдагы финансылык милдеттенмелерин өз учурунда тейленишине жана толуктугуна дээрлик таасир тийгизген жок.

МӨМ-8ге жетишүүнүн алкагында өнөктөштүктүн кээ бир принциптери Кыргызстанга кредит берүүчү-өлкөлөр тараптан карыздарды реструкташтыруу жолу менен ишке ашырылат. Алсак, 2012-жылы 51 млн. долларлык түркиялык карыз, 500 млн. долларлык россиялык карыз жокко чыгарылган. Бирок, ушул эле учурда Түркиядан 106 млн. доллар жана Кытай Эл Республикасынын Экспорттук-импорттук банкынан 389,8 млн. доллар өлчөмүндө жеңилдетилген кредит алынган, тилекке каршы бул тышкы карыздын көлөмүн жогорулатты.

Өлкөнүн башчысы жетектеген туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин жыйналышында жалпысынан тышкы карызды кыскартуу боюнча күч-аракеттер тышкы карыз жол берилген чектерде жана азыркы учурда коркунучту жаратпай тургандыгын белгилөөгө мүмкүндүк берди. Тактап айтканда, бул жөнүндө башка индикатор айгинелеп турат - товарлардын жана кызмат

56-сүрөт. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү катары тышкы карызды тейлөөнүн наркы, %



Булак: КР УБ

көрсөтүүлөрдүн үлүшү сыяктуу тышкы карызды тейлөөнүн наркы, ага ылайык тышкы карызды тейлөө акыркы жылдары максаттуу индикатордун маанисинен төмөн жана 4%дан ашпайт (56-сүрөттү караңыз).

57-сүрөт. Тышкы карызды тейлөөнүн болжолу, АКШнын млн. доллары



Булак: КР УБ

Булак: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №455 буйругу менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын тышкы карызын реструкташтыруу маселелери боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун эсептөөлөрү.

Ушуга байланыштуу, Кыргызстан карызды социалдык чөйрөдө, өзгөчө кедейлик маселелери боюнча жана саламаттыкты сактоо секторунда тенденциялардын начарлашына алып келбегидей, тышкы милдеттенмелердин аткарылышынын деңгээлине чейин карызды андан ары кыскартуу үчүн максималдуу күч-аракеттерди жумшайт. Алсак мисалы, 2012-жылы «Рио+20»туруктуу өнүктүрүү боюнча конференцияда Кыргыз Республикасы өнүгүп келе жаткан тоолуу өлкөлөрдүн көп тараптуу карыздарын экологияга жана туруктуу "жашыл өсүш" боюнча демилгеге алмаштырууну караган "Тоо демилгеси" менен чыккан.

31-кыстырма. Ийгиликтүү практиканын мисалы

Немец өнүктүрүү Банкы (KfW) менен туруктуу өнүктүрүү маселелерине Кыргыз Республикасынын тышкы карызын алмаштыруу маселелери боюнча тажрыйбасы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германия Федеративдүү Республикасынын ортосундагы Макулдашуунун алкагында Кыргыз Республикасынын тышкы карызын кыскартуу жана реструкташтыруу жөнүндө.

Биринчи этапта 2005-жылы «Жазаларды аткаруу башкы башкармалыгынын мекемелеринде кургак учук менен ооругандарды кармоо жана тамактандыруу шарттарын жакшыртуу» долбоорун ишке ашырууга 771 миң евро суммасындагы карызга конверсия жүргүзүлгөн. Мында көрсөтүлгөн долбоорго бул суммадан 45% Кыргыз Республикасынын бюджетинен жөнөтүлгөн. Өлкөнүн бюджетинен долбоорду финансылоо аяктаган соң, немец тарап 771 миң еврону эсептен чыгарган.

2010-жылдын 31-мартында Кыргыз Республикасынын атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Немец өнүктүрүү банкы (KfW) жана Коомдоштукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин (АРИС) ортосунда Өзүнчө Макулдашууга кол коюлган, анын натыйжасында 5 миллион еврого жеткен өлчөмдө карыздык милдеттенмелерди конверсиялоо жөнүндө макулдашууга жетишилген. Бул сумма Германиянын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү биргелешкен тандалган долбоорго бүткүл суммадан 45% өлчөмүндө акча каражатты төгүшүнө жараша толугу менен эсептен чыгарылат. 2007-жылдын 18 жана 19-сентябрында Германия жана Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрүнүн ортосунда сүйлөшүүлөрдүн учурунда эки тарап АРИСке 2,25 миллион евро суммасын бөлүү жөнүндө макулдашууга жетишти, карызды конверсиялоо максатында «Карызды конверсиялоо II – Коммуналдык инфраструктура» долбоору ишке ашырылган. Долбоордун максаты –инфраструктураны жана калк үчүн коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жана муну менен айыл жергесинде жалпы жашоо турмуштук шарттарды узак мөөнөттүү жакшыртуу. Айылдык жамааттардын артыкчылыктарына ылайык 25ке жакын жаңы балдар бакчалары, мектептер, ФАПтар энергия натыйжалуу куруучу технологияларды колдонуу менен курулат.

2012-жылдын 11-декабрында Кыргыз Республикасы менен «KfW» ортосунда карыздык милдеттенмелерди алмаштыруу жөнүндө Келишимге кол коюлду. «Карыздык милдеттенмелердин конверсиясы III – Коммуналдык инфраструктура жана кедейликтин деңгээлин төмөндөтүү» Долбоорун ишке ашыруу башталды. Долбоордун негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат: айыл жергесинде социалдык инфраструктураны өнүктүрүү, калктын жашоо турмушунун сапатын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү берүүнүн эсебинен жакшыртуу, социалдык объекттерди экспулатациялоого чыгымдарды энергия натыйжалуу технологияларды колдонуунун эсебинен кыскартуу. Долбоордун алкагында республика боюнча баштапкы мектеп, балдар бакчалары, спорттук залдар жана фельдшердик-акушердик пункттар сыяктуу жаңы социалдык обьекттерди куруу пландаштырылууда.

Булак: «Эл аралык тажрыйба жана Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүгө тышкы карызды алмаштыруунун потенциалы», ЭП ПРООН, 2012-ж.

1.1.2. Максатка жетишүүнүн кыйынчылыктары жана тобокелдиктери

Жогоруда белгиленгендей, Өкмөт тарабынан көрүлгөн иш-чараларга карабастан мамлекеттик карыз менен болгон кырдаал мурдагыдай эле туруктуу эмес бойдон калууда. Бул тышкы карыздын көлөмүнүн өсүшү менен да, ошондой эле экономиканын туруктуу эмес өсүшү менен да байланыштуу. Алсак, 2012-жылы пландаштырылган 5% өсүштүн ордуна экономика 0,9% га ылдый түштү. 2013-жылы да экономика Өкмөт пландаштырган көрсөткүчтөргө жетпей калышы мүмкүн, бул башка факторлор менен катар эле (жогорку бюджеттик тартыштык жана социалдык чыгымдар) тышкы карызды тейлөөдө кыйынчылыктарды түзүшү мүмкүн. Бюджетке эң төмөнкү жүктөө оорчулугусуз карызды тейлөө мүмкүнчүлүгү көп жагынан өлкөгө чет өлкөлүк валютанын туруктуу келип турушунан жана сомдун чет өлкөлүк валютага карата алмашуу курсунун туруктуулугунан, ошондой эле жаңы кредиттерди жана насыяларды тартуунун катуу саясатынан, мамлекеттик карыздарды жана насыяларды колдонуунун натыйжалуулугуна контролдукту күчөтүү жана талдоо, бул өз кезегинде өкмөттүн туруктуу экономикалык өсүштү камсыздоого жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасы болот.

Өз кезегинде жаңы тышкы карыз алуулардын сарамжалсыз саясаты Кыргыз Республикасында өткөн кылымдын токсонунчу жылдарында орун алган мамлекеттик тышкы карыздын тез топтолушунун кезектеги циклине алып келиши мүмкүн.

Бул проблема социалдык милдеттенмелердин жана жаңы саясий демилгелердин өсүш тенденциясы менен тереңдейт, ал тышкы жардамдын масштабдарынын өсүшүнүн зарылчылыгына алып келет жана экономиканын туруктуу өсүшүнө коркунуч болуп саналат.

Алсак, 2013-жылы кабыл алынган 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында карыздык оорчулуктун өсүшү бюджеттин чоң тартыштыгынын жана мамлекеттин пенсияларды, жөлөкпулдарды, айлык акыларды жана экономикалык программаларды жана долбоорлорду финансылоону

жогорулатуу боюнча каражаттарынын чектелүүлүгүндө мамлекеттин финансылык туруктуулугун камсыз кылуу чөйрөсүндө тобокелдикти көбөйтөт.

1.2. Жаштардын татыктуу жана үзүрлүү ишке жеткиликтүүлүгү

1.2.1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

Глобалдуу өнөктөштүктүн механизмдерин ишке ашыруу калкты ишке орноштуруунун, өзгөчө жаштардын татыктуу жана жогорку акы төлөнүүчү ишке жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууну жогорулатуу үчүн зарыл шарттардын бири болуп саналат. 90-жылдардын башталышында калктын жетиштүү жогорку өсүш темптери бар Кыргыз Республикасы үчүн жаштар арасында жумушсуздук проблемасы экономиканын өсүшүнүн төмөнкү темптерине жана жаңы жумушчу орундардын жоктугуна байланыштуу өтө эле курч болуп саналат.

Бул проблема акыркы он жылда өлкөдө болуп өткөн социалдык-саясий катаклизмдерден кийин курчуду. Көрүлгөн чараларга карабастан, жалпысынан жумушсуздук деңгээли кыйла жогору бойдон калууда. 2010-жылга салыштырмалуу 0,1 пайыздык пунктка төмөндөсө да, 2011-жылы расмий статистикага ылайык, жумушсуздуктун жалпы деңгээли 8,5% өлчөмдө болду. Эркектерге (7,6%) караганда аялдар арасында жумушсуздуктун масштабдары кыйла жогору (9,9%) болду.

Жаштар арасындагы жумушсуздук менен кырдаал андан да курч. Алсак, бул көрсөткүчтүн деңгээли 2011-жылы 16,6%га барабар болгон, мында негизинен айыл жергеси боюнча көрсөткүчтөр төмөндөөдө. 2010-жылдан тартып бул көрсөткүчтүн жылына 0,1%га анча көп эмес кыскарышы байкалууда.

58-сүрөт. 2007-2011-жылдар үчүн жумушсуздуктун кээ бир көрсөткүчтөрүнүн динамикасы., % менен



Булак: КР УСК

15-таблицада келтирилген маалыматтардан жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээли улуу курактагы калктын деңгээлинен дээрлик 3 эсе жогору экендиги көрүнүп турат. Чет өлкөгө чыгып кетишкен эмгек мигранттарынын көпчүлүк бөлүгүн жаш адамдар түзө турган фактысын эске алганда балким бул цифра жогору болмок. Бул жаштардын жумуш орундарынын чектелүүлүгүнө кыйла татаал көнүгүшөөрүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктөрүнүн начар экендиги жөнүндө айтып турат. Бул проблеманы чечүү үчүн Өкмөт мектептин жогорку класстарын кесиптик-техникалык окутууга жана кесипкөй ишке даярдоого өзгөчө басым жасашы керек.

15-таблица. 15-28-жаш курактык топто жынысы боюнча жана региондук өңүттө жалпы жумушсуздуктун деңгээли, % менен

	2011		
	Бүткүл калк	Аялдар	Эркектер
Кыргыз Республикасы	14.0	17.1	12.1
Баткен облусу	14.7	18.3	12.7
Жалал-Абад облусу	11.7	15.0	9.7
Ысык-Көл облусу	19.1	22.6	17.3
Нарын облусу	19.7	32.6	14.2
Ош облусу	9.8	12.7	8.1
Талас облусу	12.3	14.6	10.8
Чүй облусу	15.9	16.8	15.2
Бишкек шаары	20.2	23.4	17.9

Булак: ишканаларды жана мекемелерди 2000-ж, 2005-2011-жж. ноябрда (сентябрда) бир жолку изилдөөлөрдүн маалыматтары

Региондук өңүттө жумушсуздук деңгээли кескин айырмаланат: Бишкек шаарында, Ысык-Көл облусунда жана Нарын облусунда кыйла жогору деңгээл байкалат. Бишкек шаарында мындай жогорку деңгээл ички мигранттардын жогорку үлүшү менен шартталган. Гендердик өңүттө ошол эле региондор айырмаланып турат, бирок айыл жергесинде Бишкек шаарына караганда ажырым олуттуу.

Иш менен камсыз кылуудагы кырдаалды талдоодо эмгек рыногунда аялдар туш болгон жалпы көйгөйлөрдөн (социалдык, экономикалык жана финансылык бөгөттөр) сырткары кыздар мектепти аяктаган соң ишке орношуусу кыйын экендигин белгилесе болот, бирок азыркы учурда мындай системалуу статистика жүргүзүлбөйт. Айрым эксперттер жана саясатчылар бул проблеманын кесепети катары эрте никелердин өсүшүн, өзгөчө өлкөнүн түштүк бөлүгүндө жана жалпы эле республика боюнча жаштар арасында сойкулуктун өсүшүн белгилешет.

Ушундай эле кырдаал ишкерлик чөйрөсүндө болууда. Аялдар түзгөн көпчүлүк ишканалар соода-сатык жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү чакан ишканалар болуп саналат. Зарыл маалыматтын жетишсиз саны, өз ишин баштоо үчүн зарыл ресурстарга жеткиликтүүлүктүн чектелүүлүгү, жагымсыз салык чөйрөсү жана администрациялык бөгөттөр аялдарды көбүнчө формалдуу эмес секторго түртөт, алар көпчүлүк учурларда социалдык коргоо системасына ээ эмес.

2011-жылы ЮНФПА өткөргөн эмгек ресурстарына жана иш менен камсыз болууга демографиялык процесстердин өз ара таасир көрсөтүүсүнө экономикалык талдоо улуттук эмгек рыногунун негиз түзүүчү фактору жана тең салмактуу эместигинин жана солгундашынын натыйжасы болуп экономиканын реалдуу секторунун жетиштүү эмес темптери жана өнүгүү масштабдарынын жоктугу саналаарын көрсөттү. Жүргүзүлгөн эсептөөлөргө ылайык, жыл сайын эмгекке жарамдуу куракка өтүүчү 125 миң адамдан 70 миңи улуттук эмгек рыногунан сырткары калууга аргасыз – эмгек салымын кошкон чөйрөнү чет өлкөлөрдөн издешет же пассивдүү эмгекке жарамдуу адамдардын жана асоциалдык категориялардын контингентин түзүшөт. Мында эмгек мигранттарынын көпчүлүгү айыл жергесинен жана адистиги жана көндүмдөргө ээ эмес болушкан.

Өсүп жаткан айылдык калк айыл чарбасында иш таппагандыктан кайра бөлүштүрүлүп жана шаардык конуштарда топтолууда. Бүткүл калктын 2/3 бөлүгү айыл жергесинде катталгандыктан, бүткүл иштеген жаштардын курамынан 38% гана айыл чарбасына туура келет.

2000-жылдардын башталышынан тартып эмгекке жарамдуу куракка төрөлүшү эң көп төрөлүү мезгили - 1985-1994-жылдарга туура келген, курамы боюнча эң көп сандагы контингенттер кирди. Өз кезегинде өкүлдөрү согуштан кийинки мезгилде (1945-1955-жж) «демографиялык компенсациялык толкун» мезгилинде туулган республиканын жарандарынын тукумдары (неберелери) болуп саналат. Кийинки, бирок көрсөтүлгөндөн азыраак, эмгекке жарамдуу куракка кирүүчү калктын жогорку санынын "толкуну" 2015-2025-жылдарга карата күтүлүүдө. Демек, өткөн 10 жылдык мезгилдегидей эле жакынкы 2 жылда эмгекке жарамдуу курактагы адамдардын жогорку өлчөмдөгү агымы уланмакчы. Бул өз кезегинде эмгек рыногундагы чыңалууну сактабастан, ошондой эле көбөйтөт. Мында эмгек потенциалын толтурууда айылдык калк басымдуулук кылат, анткени айыл жергесинде абсолюттук көрсөткүчтөн алганда калк шаардык калкка караганда 2 эсе көп туулат, ал эми бул процессте анын үлүшү 70%га жакынды түзөт. Айрым курактык топтордун саны текши эмес өзгөрөт. Жыйынтыгында калктын жалпы санында балдардын үлүшү азайып, улгайган адамдардын үлүшү көбөйөт. 2020-жылдардын акырында ал 12%дык чектен ашат. Ошону менен бирге эмгекке жарамдуу курактагы балдардын санынын өсүшүнө көңүлдү буруу керек. Бүткүл калктан алардын үлүшү жогору болот (63% жана андан жогору). Ал тургай төрөлүүнүн төмөндөшү менен, 2030-жылга карата 67%-68%га өсүшү мүмкүн. Өз кезегинде демографиялык жүк оорчулугу азаят. Ургаалдуу экономикалык өнүгүүдө курактык түзүмдө көрсөтүлгөн өзгөрүүлөрдүн таасири астында өлкө демографиялык дивиденд алышы мүмкүн – чакан жана орто бизнести өнүктүрүүнүн эсебинен экономикалык өсүштү тездетип жана жалпысынан социалдык камсыз кылуу, пенсиялык реформалоо жагында реформаларды жүргүзө алат.

1.2.2. Максатка жетүүнүн кыйынчылыктары жана тобокелдиктери

Жаштарды ишке орноштурууда негизги кыйынчылык албетте, экономикалык өсүштүн жетишсиз темптерине байланыштуу, бул улуттук эмгек рыногунун солгундашына алып келет. 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында Кыргызстанда жумушсуздук жана аны менен байланышкан миграциянын жогорку деңгээли жаштардын маанилүү проблемасы болуп саналат. 2015-жылдан кийинки өнүгүүнүн күн тартиби боюнча улуттук консультациялардын

натыйжалары боюнча иш менен камсыз кылуу маселелери башка артыкчылыктардын арасында биринчи орунду ээлейт[203]. Ошону менен бирге коомдо бул проблемага мурдагыдай эле жетиштүү көңүл бурулбай келүүдө, башка курактык топтордон айырмаланып жаштар эмгек рыногуна биринчи жолу чыгып жаткандыгынын фактысын так аңдап түшүнүү жок жана бул жагынан алганда кыйла чабал.

Иш менен камсыз кылууну жогорулатууда жана эмгек потенциалын толук пайдалануда олуттуу бөгөт болуп анын төмөн сапаты саналат. Жаш муундун кыйла бөлүгү кесиптик даярдык системасын кыйла жоготуп койгондуктан, эмгек ишин жүргүзүүнү издөөгө же оор жана аз акы төлөнүүчү ишти жүргүзүү менен айырмаланган ишмердүүлүктүн түрүнө жалдануага аргасыз жана муктаж. Ал эми билим улантууну жүзөгө ашырууга жана белгилүү-бир кесиптерди жана адистиктерди берүүгө чакырылган окуу жайларда кесипкөй кадрларды даярдоо системасынын жана жумушчу күчүнө суроо-талаптын макулдашылбагандык кырдаалы түзүлгөн. Кесиптик окутуу өзүнчө жана улуттук жана эл аралык эмгек рынокторунун суроо-талаптарынан өз алдынча ишке ашырылат. Кыйла талап кылынган кесиптердин жана адистиктердин өнүгүндө эл аралык эмгек рыногунун маркетингинин жоктугу жана кыйла деңгээлде квалификациялуу жумушчу күчүнө болгон суроо-талапка каршы билип туруп, пайдасы тийбеген кадр потенциалын чыгарууну жана даярдоону шарттайт.

1.3. Эл аралык маалыматтык мейкиндикке интеграциялануу

1.3.1. Учурдагы кырдаал жана тенденциялар

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларга карата жеткиликтүүлүктү жакшыртуу глобалдуу өнөктөштүктүн принциптерин калыптандыруу процессинин алкагында маанилүү натыйжалардын бири болуп саналат. Бул жагынан алганда Кыргызстан башка өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө салыштырмалуу лидерлик позицияда турат. Алсак, Дүйнөлүк банктын жана InfoDev маалыматтары боюнча, Кыргызстанда мобилдик байланыш менен калктын 96%ы камтылган[204], Internet World Stats маалыматтары боюнча Кыргызстан 39,3%[205] көрсөткүчү менен Интернет таралуу деңгээли боюнча Борбордук Азияда алдыңкы орунда турат.

Кыргыз Республикасындагы байланыш операторлору байланыштын жана тармактын өткөрүүчү линияларын, мобилдик байланышты колдонуп негизги телефондук кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылышат. Программалык камсыз кылууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуучулардын Кыргыз Ассоциациясынын (КАРПОУ) заказы боюнча аткарылган изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча Кыргызстанда уюктук байланыш рыногунун таралуу деңгээли 75-78%[206].

Мамлекеттик байланыш агенттигинин маалыматтары боюнча 2010-жылы Кыргызстанда 4,9 млн.дон ашык уюктук

59-сүрөт. Калктын 1000 санына уюктук байланыш менен камсыз болушу



Булак: КР УСК

203 КРда улуттук консультациялардын жыйынтыгы боюнча конференциянын материалдары, 06.05 2013-ж.

204 «2012-жылы өнүгүү максаттарында маалымат жана коммуникациялар: Мобилдик байланыштын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» доклады (Information and Communications for Development 2012: Maximizing Mobile), 17-июлда Дүйнөлүк банк жана InfoDev тарабынан – Технологиялар жана инновациялар чөйрөсүндө ишкерликти өнүктүрүү боюнча программа.

205 "Региондордо Интернетти өнүктүрүүгө экономикалык жана географиялык себептер тоскоолдук болууда" макаласы, "Вечерний Бишкек" газетасы, 2012-жылдын 4-июлундагы чыгарылышы.

206 "Кыргызстанда Интернет кызмат көрсөтүүлөрү үчүн абоненттерди тарификациялоонун ачыктыгы " изилдөөлөр боюнча отчет, «Promotank HQA компаниясы менен бирдикте Программалык камсыз кылууну жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуучулардын Кыргыз Ассоциациясы», Бишкек, 2010-ж.

байланыш абоненттери бар болгон, бул калктын 90,5%ын түзөт. Кыргызстанда мобилдик байланыш кызматтарын 7 оператор көрсөтөт. Уюктук рынок уюктук байланыш абоненттеринин саны, кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү боюнча да динамикалык өнүгүүсү менен мүнөздөлөт. 2009-жылы байланыш операторлору көрсөткөн кызматтардын жалпы көлөмү 15,5 млрд. сомду, ал эми 2008-жылы – 13,1 млрд. сомду, 2007-жылы – 9,2 млрд. сомду түзгөн[207].

Региондук өңүттөн алганда бардык облустардын уюктук байланыш менен камтылуусу 97,5%дан ашат, буга Нарын облусу - 95% жана уюктук байланыш менен начар камтылган Баткен облусу – 85% кирбейт.

Бул маалыматтар сурамжылоонун негизинде жүргүзүлгөндүгү менен билдирилген кай бир мүчүлүштүктөрү бар экендиги айкын, сурамжылоо облустардын администрациялык борборлорунда, негизинен калктын активдүү бөлүгүнүн арасында, кичинекей балдарды, улгайгандарды, ошондой эле мобилдик телефону бар экендиги күмөндүү болгон кедейликтин чегинен сырткары жашагандарды эсепке албастан жүргүзүлгөн. Ошол эле учурда жарандардын кээ бир санында эки башка мобилдик оператордун СИМ-карталары менен 2ден мобилдик телефондору бар белгилүү фактыны эсепке алуу керек.

Жалпысынан бүгүнкү күндө Кыргызстандын ар бир активдүү тургунунда өзүнүн мобилдик телефону бар деген тыянак жасаса болот[208]. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында мобилдик байланыш эркиндик жана жаңы мүмкүнчүлүктөр менен ассоциацияланат. Уюктук байланыш турмуштун сапатын жогорулатат, билим берүүнү жана саламаттыкты сактоону өнүктүрүүгө дем берет, мамилелерди бекемдейт, аралыкты кыскартат. Ал социалдык турмуштун ажыралгыс атрибутуна айланып, адамдын жашоосун кыйла коопсуз кылууга жардам берет, социалдык топтордун өнүгүүсүн шарттайт. Акыркы 12 жылда нанга баа 8 эсе, сүткө 6 эсе өскөндүгүнө карабастан, мобилдик байланышка баа 15 эсе ылдыйлаган, мобилдик байланыштын таралуу деңгээли дээрлик 500 эсе өскөн. 90-жылдардын башталышынан тартып мобилдик байланышка айына чыгымдар дээрлик он эсеге 10$га чейин төмөндөгөн, ал эми сүйлөшүүлөрдүн мүнөтүнүн орточо баасы 70 эсе, 0,04$га чейин төмөндөгөн. Кыргыз Республикасында 2002-жылдан тартып 2012-жылга чейинки мезгилде эмгек акынын деңгээли дээрлик 5 эсе көбөйүп, мобилдик байланышка чыгымдардын үлүшүнүн 14,4%дан 1,7%га чейин кескин түшүшү анын жогорку жеткиликтүүлүгү жөнүндө айгинелейт.

Ал тургай, мобилдик байланышты пайдалануучуларды сурамжылоонун маалыматтары боюнча аны сатып алууга жүйөөлөр эмоционалдуу эмес, функционалдуу болуп калгандыгын айгинелейт. Телефонду имидж үчүн эмес (16%), күнүмдүк пайдалануу үчүн (бизнес жүргүзүү, баарлашуу, Интернетке жеткиликтүүлүк, дайыма байланышта болуу үчүн – 70%дан 95%га чейин), 80% мобилдик байланыш бир туугандар жана жакындар менен жакшы мамилелерди сактоого жардам берет деп эсептешет, ал эми 60% балада сөзсүз мобилдик телефон болушу керек деп ишеним менен айта алышат.

«Калктын 100 башына колдонулуучу жеке компьютерлердин жана Интернет пайдалануучулардын саны» индексин эсептөө реалдуу колдонулган компьютерлердин статистикалык эсепке алуудагы мүчүлүштүктөрүнөн кыйынчылыкты туудурат. Бирок, жеке компьютерлер технологиялары чөйрөсүндөгү орун алган статистика төмөнкүдөй тыянактарды жасоого мүмкүндүк берет (16-таблицаны караңыз).

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуучу ишканалардын саны байкаларлык өсүүдө. Ошондой эле жеке компьютерлерди, Интернет тармактарын жана электрондук почтаны колдонуу көрсөткүчтөрүнүн кыйла өсүшү байкалууда.

16-таблица. Ишканалардын жана уюмдардын маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонушунун негизги көрсөткүчтөрү

	2007	2008	2009	2010	2011
МКТ колдонуучу ишканалардын саны	5,412	5,847	6,306	8,621	8,894
анын ичинде % менен					
Жеке компьютерлер	94.7	96.5	96.9	95.6	95.5
Локалдык эсептөөчү тармактар	16.9	16.8	19.0	16.8	17.5
Электрондук почта	26.6	28.7	32.2	28.5	30.7
Интернет тармагы	30.0	32.8	38.0	34.3	38.6

207 http://www.inform.kg/ru/business_novosti_kr/86#axzz2cV08UTvb

208 «Региондордун маалыматтык-коммуникациялык технологияларга керектөөлөрүн талдоо жана өнүгүү келечектери». Изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча отчет. «ICap» Инвестициялык-консалтинг компаниясы Бишкек, 2012-ж.

Гендердик өнүттө компьютер колдонууда айырмачылык байкалбайт, орточо алганда эркектердин жана аялдардын 75%ы компьютерди колдонот.

60-сүрөт. Региондордо компьютерлерди колдонуу



Булак: «Региондордун маалыматтык-коммуникациялык технологияларга керектөөлөрүн талдоо жана өнүгүү келечектери». Изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча отчет. «ICap»Инвестициялык-консалтинг компаниясы , Бишкек, 2012-жыл

Жогоруда айтылган изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча компьютер Бишкек шаарында, Чүй жана Талас облустарында көбүрөөк колдонулат - 80%дан жогору, азыраак Жалал-Абад облусунда – 44%. Калган облустарда компьютер менен сурамжылангандардын жарымынан көбүрөөгүн колдонушат.

Өлкөдө Интернет-пайдалануучулардын саны жыл сайын өсүүдө жана бөлүнгөн линияларга улам көбүрөөк кошулушууда. Шаарларда Интернет-кафелер жана коммутациялык Интернетке жеткиликтүүлүк бар, мобилдик байланыштын телефондук кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү өсүүдө. Республиканын шаардык тургундары үчүн телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү жогору катары мүнөздөлөт жана ар дайым өсүүдө, фиксирленген жана мобилдик телефондук байланышты пайдалануу, диал-ап бириктирүү, үйдөгү тармактар аркылуу Интернетке жеткиликтүүлүк, Интернетке кошулуулар, кеңири тилкелик кошулуулар жана мобилдик терминалдарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейүүдө.

Мобилдик байланыштын таралуусунун, Интернетке жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейүүсүнүн, жеке компьютерлерди колдонуучулардын санынын көбөйүшүнүн маанилүү натыйжаларынын бири улуттук деңгээлде өнөктөштүк механизмдеринин күч алуусу болуп саналат. Мындай өнөктөштүктүн мисалдарынын бири болуп калктын өкмөт менен электрондук өкмөттү түзүү аркылуу өз ара аракеттенүүсү саналат. Алсак, электрондук өкмөттү түзүүнүн алкагында айрым мамлекеттик ведомстволор электрондук сайттарды ачышкан, аларда ведомстволордун иши жөнүндө маалымат жайгаштырылып, акы төлөнүүчү жана акысыз мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча пайдалануучулар үчүн маалыматтар берилет. Финансы министрлиги тарабынан 2012-жылы Казначылыкты башкаруунун маалыматтык системасы (КБМС) «Казна»[209] түзүлүп жана иштей баштады, андан пайдалануучулар мамлекеттик бюджеттин чыгымдары жөнүндө маалыматтарды ала алышат, бул салык төлөөчүлөрдүн каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоого мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында мамлекеттик маалыматтык ресурстардын порталы түзүлгөн, андан ар кандай төмөнкүдөй электрондук өкмөттүк шаймандар менен жарым-жартылай колдонсо болот:

- экономикалык карта, т.а. бюджет жана региондордун экономикалык көрсөткүчтөрү жана бюджеттик процесстин катышуучулары жөнүндө маалыматты топтоонун, сактоонун жана иштетүүнүн аналитикалык системасы;

209 http://www.kazna.gov.kg/index.php/modernizatsiya/isuk

- «Ачык Бюджет» порталы, анын жардамы менен Интернеттин каалаган пайдалануучусу республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтарды ала алышат. Мында, өз кирешелери жана чыгымдар боюнча актуалдуу маалыматты ар бир айыл өкмөтү, райондун акими жана башка мамлекеттик органдар, ошондой эле жарандык сектордун өкүлдөрү ала алышат;
- «Тышкы жардам» порталы, ал бүткүл донордук жардам жана республикада ишке ашырылып жаткан долбоорлор жөнүндө маалыматтын расмий булагы болуп саналат;
- Мамлекеттик сатып алуулардын электрондук системасы, ал «бардыгы баарын көрүп турат» принциби боюнча иштейт, аны менен толук айкындыкты жана мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө бардык маалыматка коомчулуктун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

ООНдун Кыргыз Республикасындагы ФАОсу 2013-жылы ФАО[210] пресс-клубунун сайтын түзгөн, анда фермердик чарбалар жана айылдык кооперативдер үчүн ар кандай технологиялар жөнүндө маалымат жана айыл чарба өндүрүшүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча практикалык колдонмолор жайгаштырылган. Бул маалымат акыр аягында өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун чечүүгө багытталган.

ӨКМ ЖМКлар жана мобилдик байланыш аркылуу сел каптоо, кар көчкү сыяктуу мүмкүн болуучу бөөдө кырсыктар жөнүндө калкка кабар берүүнү жолго койгон. Айыл чарба министрлиги фермерлерди аба ырайынын өзгөрүшү жана анын айыл чарба өсүмдүктөрүнө таасири жөнүндө маалымдайт.

Мобилдик байланыштын экономикага таасирине карата төмөнкүнү белгилей кетсе болот, акыркы он жылда мобилдик байланыштын өлкөнүн ИДПсына болгон тикелей салымы 3 эсеге өстү жана 1,5%ды түзөт. Мобилдик байланыш аралаш тармактардын өсүшүн шарттайт, жумушчу орундарды түзөт, эмгектин өндүрүмдүүлүгү жана бизнестин натыйжалуулугу өсөт, глобалдуу маалыматтык мейкиндиктин түзүшүнө өбөлгө болот. Ушул таасирин эске алуу менен, мобилдик байланыш тармагынын экономикага иш жүзүндөгү салымы үч эсе жогору жана ИДПдан 4,9%ды түзөт. Мобилдик байланышка инвестициялар «сигналдык эффект» түзөт жана чет өлкөлүк инвесторлордун жалпысынан өлкөгө болгон ишенимин жогорулатат.

1.3.2. Максатка жетишүүдөгү кыйынчылыктар жана тобокелдиктер

Региондордо МКТ жеткиликтүүлүк калктын төмөн кирешелери менен артка тартылат. Өлкөдө телекоммуникациялык инфраструктуранын өсүшү тармактын рентабелдүү сегменттеринде жана калк жыш отурукташкан аймактарда гана жетиштүү жогорку темптерде болду.

Кыргызстанда мобилдик байланыштын салыштырмалуу жогорку жеткиликтүүлүгүнө карабастан, пайдалануучулардын 30%ы мобилдик байланышка баалар дале кымбат деп эсептешет. Ошол эле учурда шаарлардын ортосунда, өзгөчө Бишкек менен Кыргыз Республикасынын калган бөлүгүнүн ортосунда кыйла "санариптик" айырмачылык бар. Айырмачылыктар Бишкек шаарын жана өлкөнүн мааниси жагынан экинчи шаары – Ош шаарын салыштырууда да айырмалант. 2004-жылы Интернетке баалар 60%га ылдыйлаганына карабастан, жыл өткөн сайын Интернетке баалардын төмөндөө тенденциясы байкалууда, баа босогосу орточо керектөөчү, өзгөчө айыл тургуну[211] үчүн дагы эле болсо жогору бойдон калууда. .

Бул максатка жетишүүнүн потенциалдуу тобокелдиктеринин арасында базалык МКТ – инфраструктуранын жетишсиздиги, мамлекеттик саясат деңгээлинде МКТ өнүктүрүү маселелеринде саясий колдоонун жоктугу, МКТ жагында квалификациялуу адистердин жетишсиздиги, мобилдик байланыштын жана Интернеттин алыскы тоолуу райондорго алардын географиялык жайгашуусунун улам чектелүү таралуусу дагы эле болсо байкалууда. Калктын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн шайманы катары электрондук өкмөттү киргизүүгө карата бүгүнкү күндө Кыргызстанда электрондук өкмөт чөйрөсүндө так жана түшүнүктүү саясат жок экендигин белгилей кетүү керек. Ал тургай, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн көпчүлүгү электрондук форматта али да жеткиликтүү эмес. Ошого карабастан жакынкы келечекте мобилдик түзүлүштөрдү (планшеттик ЖК, смартфон) колдоо менен электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн пайда болушу менен мамлекеттик органдардын жана жарандардын өз ара мамилелери көбөйүп жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр кыйла жеткиликтүү жана ыңгайлуу болуп калат.

210 https://www.facebook.com/pages/Press-Club-FAO-in-the-Kyrgyz-Republic/425108744245926?hc_location=stream

211 «Кыргызстанда МКТ тармагын баяндоо» отчету. Изилдөөлөр Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) заказы боюнча «Promotank HQA» компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн, Бишкек, 2011.

32-кыстырма. EGDI индексинде Кыргызстандын рейтинги

E-Government Survey 2012 - дүйнөдөгү электрондук өкмөттөрдүн ООН жарыялаган ар жылдык баяндамасында Кыргыз Республикасы 2011-жыл үчүн рейтингде катышкан 190 өлкөнүн ичинен 99-орунду ээлеген, 2010-жылга салыштырмалуу рейтингде 8 пунктту жоготкон[212]. Адистердин пикири боюнча EGDI индексинде Кыргызстандын рейтингинин түшүшүн төмөнкү факторлор менен түшүндүрсө болот:

- мамлекеттик саясат деңгээлинде МКТ өнүктүрүү маселелеринде саясий колдоонун жоктугу;
- МКТ чөйрөсүндө өнүктүрүү маселелеринде системалуу мамиленин жоктугу;
- МКТ жагында өнүктүрүү үчүн бирдиктүү мамлекеттик саясаттын жана стратегиянын жана eGOV долбоорлорун ишке ашыруу боюнча компетенттүү органдын жоктугу;
- жарандар үчүн eGOV практикалык тиркемелерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча жетиштүү көңүл бурулбагандык;
- мамлекеттик органдарды автоматташтыруу боюнча координацияланган иш жана калкка веб кызмат көрсөтүүлөрдү жана бизнести өнүктүрүүнүн жай темптери;
- мамлекеттик органдардын бизнес-жамааттар жана eGOV тиркемесин өнүктүрүү боюнча жарандык коом менен начар өз ара аракеттенүүсү;
- eGOV долбоорлорун алга илгерилетүү боюнча ведомстволордун орто звенолорунун кадрларынын начар деңгээли;
- МКТ-индустриясын өнүктүрүүдө техникалык артта калуу жана Интернетке кеңири тилкелик жеткиликтүүлүктүн жай өсүшү менен коштолгон телекоммуникациялык инфраструктуранын өзгөчө начар өсүшү.

ПРООН (2012-ж) жүргүзгөн изилдөөлөргө ылайык, Кыргыз Республикасында электрондук өкмөттү киргизүүнүн начар жагы катары төмөнкү учурлар көрсөтүлгөн[213]:

- жарандар үчүн Өкмөт, Бизнес үчүн Өкмөт жана Өкмөт үчүн Өкмөттү өнүктүрүү ордуна көптөгөн долбоорлордо башкаруу саясатына көңүл бурулган;
- долбоорлорду концепциялаштырууда жана аларды жүзөгө ашырууда бирдиктүү мамиленин жетишсиздиги;
- базалык МКТ-инфраструктуранын жетишсиздиги;
- кызматкерлердин жетишсиздиги, төмөн квалификациясы жана айлык акынын төмөн деңгээли;
- чечимдерди кабыл алууда жарандык коомдун чектелген ролу;
- алыстык жана тоолор интернет байланышты татаалдантат;
- мамлекеттик органдар менен донордук агенттиктердин ортосундагы начар координациялоо.

2. Негизги алынган таалимдер

Азыркы учурда Кыргызстанда болуп жаткан саясий кайра түзүүлөрдүн өңүтүндө тышкы карыздарга жаңы мамилелерди иштеп чыгуу зарылчылыгы администрациялык жана экономикалык реформалардын улантылышы менен шартталган. Түпкү натыйжага, тышкы жардамдын эсебинен иштелип чыккан жана ишке киргизилген структуралардын жана системалардын туруктуулугуна багыт алуу, калкка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү тышкы финансылык жана техникалык жардамды алууда негизги принциптер жана критерийлер болушу керек. Тилекке каршы, азыркы учурга чейин донордук жардамды координациялоо дагы эле жетишсиз бойдон калууда. Өкмөт тараптан тышкы жардамдын артыкчылыктарын аныктоого иштелип чыккан мамиле жок. Министрликтердин деңгээлинде тышкы жардамды тартуу саясатында жолун жолдоочулук жок. Өз тарабынан донорлор жардамдын кыйла маанилүү багыттарын тандоонун жана аны жүзөгө ашыруунун туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалуу механизмдерин иштеп чыга алышкан жок.

Эмгек ресурстарын бөлүштүрүүнүн пландуу системасы

212 http://unpan3.un.org/egovkb/datacenter/CountryView.aspx

213 http://kiber.akipress.org/news:144#sthash.QBQDqgrt.dpuf

кыйраган соң, эмгек рыногун болжолдоонун альтернативдик рыноктук варианттары түзүлгөн жок. Эмгек рыногунда сунуштун жоктугу, өзгөчө жаш адамдардын орчундуу эмгек миграциясына алып келди. Ошол эле учурда орто жана кесиптик-техникалык билим берүүнүн өтө чабал системасы мектептин бүтүрүүчүлөрүнө чет өлкөдө жана өз өлкөсүндө татыктуу иш алууга мүмкүнчүлүк бербейт, аларды көмүскө экономикага түртөт. Өкмөттүн социалдык-экономикалык саясатынын башкы багыттарынын бири эмгек рыногунун тездетилип кеңейтилиши, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо болушу керек. Ушуга байланыштуу бизнести ачуу жана торолушунун алгачкы жылдары аны жүргүзүү үчүн максималдуу деңгээлде шарттарды түзүү, жаш адамдар, өзгөчө аялдар үчүн финансыга жеткиликтүүлүк үчүн жеңилдик шарттарын түзүү абдан маанилүү.

Социалдык-экономикалык кыйынчылыктарга карабастан МКТ сектору акыркы жылдары кескин өнүгө алды. Бул этапта секторду өнүктүрүүнү, тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, кадрларды даярдоо маселелерин чечүү, МКТ-адистерин колдоо институттары жана МКТ-компаниялары аркылуу артыкчылык катары өнүгүүнүн улуттук стратегиясына кошуу жолу менен мамлекеттик деңгээлде колдоо маанилүү. Бул чаралар МКТ-технологиялардын коомдук турмушка андан ары жайылуусуна жана социалдык-экономикалык маселелерди чечүү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү иш жүзүндө пайдалануу олуттуу таасир көрсөтө алат.

3. Максатка жетишүү максаттарында саясатты өркүндөтүү боюнча сунуштар

Өлкөнүн потенциалын өнүктүрүү үчүн эл аралык коомчулук менен кызматташтыкты чыңдоо.

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

Кыргызстанда бүгүнкү күндө болуп жаткан саясий кайра түзүүлөрдүн өнүгүндө тышкы карыздарга жаңы мамилелерди иштеп чыгуу администрациялык жана экономикалык реформалардын улантылышы менен шартталган. Акыркы жыйынтыкка, тышкы жардамдын эсебинен иштелип чыккан жана ишке киргизилген структуралардын жана системалардын туруктуулугуна багыттуулук калкка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү тышкы финансылык жана техникалык жардамды алууда негизги принциптер жана критерийлер болушу керек.

Тышкы карызды башкаруу саясаты боюнча сунуштар:

- экономикалык өсүштүн жогорку темптерине жетишүү да орто мөөнөттүү келечекте тышкы карызды тейлөөнүн өсүшүнүн терс тенденциясынан улам төлөмдөрдү төлөө проблемаларын чечүүгө кепилдик бербейт. Андыктан КР Өкмөтү азыртадан кирешелердин чогултулушун жогорулатуу жана ошол эле маалда бюджеттин чыгымдарын кыскартуу боюнча чараларды көрүшү зарыл.
- КР Өкмөтү тышкы карыздар саясатында КР ички карыз алууларга көбүрөөк багыт алышы керек, тышкы карыз (же анын бөлүгүн) боюнча төлөмдөрдү ырааты менен жабуу үчүн зарыл көлөмдөрдө мобилизациялык ички валюталык зайымдарды чыгаруу мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл.
- КР Финансы министрлиги жаңы зайымдар жөнүндө чечимдерди кабыл алууда тышкы карыздын төлөм балансына таасирин талдоону жетекчиликке алуу сунушталат.
- КР Финансы министрлигине жеке кепилдик кылынбаган зайымдарды контролдоо механизмдерин иштеп чыгуу сунушталат.
- КР Өкмөтү тышкы төлөмдөрдү валюталык камсыз кылуу үчүн экспорттун өсүшүнө дем берүү жана импортту алмаштырууга, тикелей чет өлкөлүк инвестицияларга көмөк көрсөтүү боюнча чараларды көрүшү керек.
- КР Өкмөтү тышкы карыздарды КР мамлекеттик бюджетинин тартыштыгын жабуу үчүн колдонууну минималдаштыруусу зарыл.

Уюштуруучулук мүнөздөгү сунуштар

- КР ТИМ КР Финансы министрлиги менен ишти координациялоону күчөтүүсү зарыл, кредит берүүчү өлкөлөрдүн катышуусу менен боло турган эл аралык форумдар жана КР тышкы карыздын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын делегациясынын сунуштарын даярдоо үчүн эл аралык өнөктөр жөнүндө маалыматты туруктуу билдирип туруусу керек.
- КР Өкмөтү эки тараптуу карыздарды реструкташтыруу, тактап айтканда алмашуу операцияларынын сунуштары үчүн кредит берүүчү өлкөлөр (КЭР, РФ, Түштүк Корея,

Германия менен) менен эки тараптуу комиссиялардын аянтчасын пайдалансын.

- КР Экономика министрлигине чет өлкөлүк валютада кирешелерди генерациялоо үчүн инвестициялардын көлөмүн жогорулатуу боюнча чараларды активдештирүү сунушталат.
- КР Финансы министрлигине Мамлекеттик инвестициялар программасы боюнча көлөмдөрдү кыскартуу жана тышкы карыз алууларга контролдукту күчөтүү сунушталат.
- КР Өкмөтү ИДП өсүшүн эске алуу менен ар жылдагы карыз алуулардын болжолдуу босоголорун, төлөм балансынын, инвестициялык климаттын сальдосун жана башка факторлорду мыйзамдык жактан бекемдесин (мисалы, 50-60 млн. АКШ долл.).
- КР Өкмөтүнө улутташтырылган ишканалар (2010-жылдагы окуялардан кийин) боюнча соттук териштирүүлөрдүн натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон карызды моюнга албоого багытталган каршы туруу аракеттеринин чараларын иштеп чыгуу сунушталат.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Жогоруда көрсөтүлгөн сунуштар узак мөөнөттүү келечекте да актуалдуу бойдон кала берет, бирок тышкы карыз боюнча төлөмдөрдүн болжолдонгон өсүшүн эске алып, тышкы карыз алууларга карата мындан да катуу саясатты жүргүзүү зарыл.

Жаштардын татыктуу жана үзүрлүү ишке жеткиликтүүлүгү

Орто мөөнөтүү келечекте (2015-жылга чейин)

Жаштардын татыктуу жана үзүрлүү ишке жеткиликтүүлүк проблемасын чечүүгө багытталган иш-чаралардын планын иштеп чыгуу зарыл, ал улуттук жана региондук эмгек рынокторун өнүктүрүү, иш менен камсыз кылуу, эмгек ресурстарын кесиптик даярдоонун деңгээлин жогорулатуунун, эмгек мигранттарынын экономикалык жана социалдык укуктарын коргоону камсыз кылуунун эсебинен эл аралык эмгек рыногуна цивилизациялуу кирүү үчүн адекваттуу шарттарды түзүү боюнча чараларды карашы керек.

Эмгек рыногун кеңейтүү үчүн башкы шарттардын бири ишкерлик иш үчүн жагымдуу шарттарды түзүү болуп калууда, ал мыйзамдык да, башкаруучулук да мүнөздөгү чаралардын комплексин камтышы керек. Ишкерликти колдоо жөнүндө жаңы мыйзамды иштеп чыгуу, ишкерликти өнүктүрүү фонду, инвестицияларды алга илгерилетүү боюнча агенттик, технопарктар, өнөр жай зоналары сыяктуу ишкерликти колдоо институттарын түзүү зарыл. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, жогорку технологиялар паркы жөнүндө мыйзамдарды иш жүзүндө ишке ашырууга жетишүү зарыл. Текшерүүлөр системасын оптималдаштыруу, салык жана бажылык администрациялоону жөнөкөйлөштүрүү, экономиканы бюрократтык администрациялоону кыскартуу аркылуу бизнес-чөйрөнү жакшыртуу боюнча күч-аракетти улантуу зарыл. Өкмөт натыйжалуу мамлекеттик-жеке диалогду орнотуу боюнча бизнес-коомчулуктун демилгесин колдоосу зарыл.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Кесиптик билим берүү системасы өндүрүш чөйрөсүнүн керектөөлөрү менен тыгыз интеграцияланышы керек. Мамлекеттик деңгээлде жаштарды ишке орноштуруунун, кадрларды даярдоонун жана кайра даярдоонун, рынокто суроо-талап кылынган жаңы кесиптердин көндүмдөрүнө окутуунун туруктуу системасы түзүлүшү керек.

Эл аралык маалыматтык мейкиндикке интеграциялануу

Телекоммуникациялык инфраструктураны өнүктүрүү үчүн төмөнкү аракеттерди өнүктүрүү зарыл:

- МКТны өнүгүүнүн улуттук жана региондук стратегияларына Кыргыз Республикасынын экономикасынын бардык секторлоруна карата колдонула тургудай кошуу, жеке жана чет өлкөлүк капиталды телекоммуникациялар инфраструктурасын өнүктүрүүгө карата тартууга дем берүү милдеттүү болуп саналат;
- мамлекеттик телекоммуникациялык компанияны менчиктештирүү;
- маалыматтарды берүүнүн заманбап улуттук тармагын куруу: магистралдык була-оптикалык байланыш линиясын түзүү жана телефон байланышы менен камсыздалбаган өлкөнүн калктуу пункттарын телефондоштуруу;
- жаңы зым түтүксүз технологиялар үчүн радиожыштык спектринин жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу жана жаңы зым түтүксүз технологияларды колдонуу менен байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү өнүктүрүү (WiMax).

Орто мөөнөттүү келечекте (2015-жылга чейин)

Жалпысынан, электрондук өкмөттү толук ишке киргизүү үчүн, ПРООНдун изилдөөлөрүнө ылайык (2012-ж) төмөнкүлөр зарыл:

- Электрондук өкмөттүн алкагында ишти координациялоо боюнча программаларды башкаруу боюнча атайын бөлүмдү түзүү. МКТ жана электрондук башкаруу менен байланышкан ар кандай министрликтерди операциялык жана долбоордук башкарууну камсыз кылуу үчүн Премьер-министрдин аппараты тарабынан түзүлгөн МКТ боюнча улуттук кеңештин калкасы астында туруктуу иштеген органды – Программаларды башкаруу бөлүмүн (ПББ) түзүү сунушталат. Бул ПББ өкмөттө стандартташтыруу жана жалпы иштеши үчүн чөйрөлөрдү аныктоо, системалардын жана процесстердин ашыкчасын жана кайталоону төмөндөтүү, автоматташтыруу үчүн артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоо, инновацияларды ишке киргизүү жана МКТ чөйрөсүндө тажрыйбаны консолидациялоочу жана администрациялоону жөнөкөйлөштүрүү жана биргелешкен ишке өбөлгө болуучу чечимдерди колдонуу үчүн чөйрөлөрдү аныктоого жооп берет.
- Донорлорду координациялоо, долбоорду колдоочу, донорлорду башкаруу боюнча жоопкерчиликти жана талаптарды жогорулатуу.
- МКТ-долбоорлорун финансылоо боюнча талаптар: министрликтерди колдоо үчүн донорлорго белгилүү-бир убакыт аралыгына финансылык өз жетиштүүлүгүн камсыз кылуучу финансылык моделди иштеп чыгуу.
- Кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын айкалыштыруу: кызыкдар тараптарды көп тараптуу тартуу механизмдерин иштеп чыгуу, жарандардын алардын күтүүлөрүнө карата ой-пикирин эске алуу. Жарандык коомдун негизги чечимдерди кабыл алууга катышуусу үчүн дем берүү зарыл; алар сын-пикир туудурган маселелер боюнча ойлорун айтуулары керек. Бул ошондой эле аларга коомдук ой-пикирди мобилизациялоодо жана маанилүү маселелер боюнча жарандардын топторунун таламдарын билдирүүдө активдүү роль ойноого мүмкүнчүлүк берет.
- Жалпы инфраструктураны өнүктүрүү: ачык стандарттардын негизинде МКТ жалпы инфраструктурасын иштеп чыгуу керек, ал арзанырак баага жана кыска мөөнөттөрдө кызматтарды көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Узак мөөнөттүү келечекте (2015-жылдан кийинки күн тартипте)

Адамдык потенциалды өнүктүрүү үчүн төмөнкү аракеттер зарыл:

- бардык деңгээлдерде – баштапкы мектептен тартып чоң калктын улуу курактагыларына чейин сапаттуу окутууну жана кесипкөй даярдыкты уюштуруу, бул адамдардын көп саны, өзгөчө бакубаттыгы жок абалда тургандар үчүн мүмкүнчүлүк түзүүгө өбөлгө болот;
- региондук жана эл аралык кызматташтыктын негизинде МКТ натыйжалуу колдонууга карата калктын дараметин кеңейтүү;
- илимий-техникалык сабактар жагында базалык билимди өркүндөтүү жана квалификацияны жогорулатуу. Бул МКТ жагында тажрыйбалуу адистердин жана эксперттердин зарыл санын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет, мындан ары региондордо МКТ өнүктүрүү үчүн база болуп кызмат кылат. Тармактардын инфраструктурасын жана аларды эксплуатациялоону иштеп чыгуу чөйрөсүндө окутуунун мааниси чоң жана анын деңгээли МКТ базасында натыйжалуу, ишенимдүү, атаандаштыкка жөндөмдүү жана коопсуз тармактык кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуу үчүн чечүүчү фактор болуп саналат.

Билим берүү жана окутуу жагында төмөнкү чараларды көрүү зарыл:

- МКТ-сабактарын окутуучуларынын жана МКТ-адистеринин квалификациясын жогорулатуу системасын өнүктүрүү;
- адистерди сертификациялоо системасын өнүктүрүү;
- МКТ-сабактарга окутуу процессин стандартташтырууга дем берүү;
- маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө билим алууга жаштарга дем берүү;
- маалыматтык технологиялар жагында адистерди даярдоону жүзөгө ашырган окуу жайларын мамлекеттик колдоо жана финансылоо.

Мындан тышкары, бийликтин жарандар жана бизнес менен өз ара мамилелеринин бардык чөйрөлөрүн камтыган

Кыргызстанда мобилдик өкмөттү (М-өкмөттү) өнүктүрүү алкагында тармактык стратегияларда төмөнкүлөр сыяктуу багыттарды эсепке алуу зарыл:

- бөөдө кырсыктарда, өзгөчө кырдаалдарда жана аскердик чыр-чатактарда эртелеп жапырт смс-билдирүү;
- мамлекеттик программалар же мамлекеттик маалымат жөнүндө белгилүү бир райондордо адамдарга максаттуу билдирүү;
- укук коргоо органдары тараптан жарандарга билдирүү, анын ичинде мобилдик жаза айып чаралары, сотко смс-чакыруулар;
- краудсорсинг – мамлекеттик кызматтардын жардамын алуу үчүн өзгөчө окуялар жөнүндө маалыматты жарандар тарабынан генерациялоосу, жарандар экстремалдык кырдаалга, мисалы автокырсыкка туш болгон учурда же террористтер, кылмышкерлер кол салганда, ошондой эле тыгын же коммуналдык кызматтардын системасында сызылып агуулар жөнүндө билдирүүлөр болгон учурда;
- мамлекеттик кызматтарды алуу үчүн мобилдик тиркемелерди пайдалануу жана аларды төлөө үчүн мобилдик капчыктарды колдонуу;
- жарандардын мобилдик тиркемелер аркылуу өкмөттүк маалыматка жеткиликтүүлүктү алуусу;
- мобилдик паспорт, инсандыгын күбөлөндүрүүчү күбөлүк, банктык эсепке, телефон номерин аныктоо аркылуу күбөлүктү идентификациялоого байланышкан капчык катары атайын сим-картаны пайдалануу;
- персоналдаштыруу, жарандык абалдын актыларын жазууларга өзгөртүүлөр, мобилдик тиркемелерди колдонуу менен салык декларациясын берүү;
- мамлекеттик кызматтарды алууда, мисалы, тез жардамды алууда жарандардын локализациясын идентификациялоо.

Кыргызстан Миң Жылдыктын Декларациясына кол койгон күндөн тартып өткөн 13 жыл миң жылдыктын өнүктүрүү максаттарына жана өлкөдө аларга жетишүү маселелерине мамилени байкаларлык өзгөрттү. Ага МӨМ жетүүдөгү прогресс жөнүндө отчёттор, МӨМ жетүүнүн айрым аспекттерин баяндаган бир катар башка отчёттор, анын ичинде бул процесстерди институтташтыруу проблемалары, МӨМ маселелерин улуттук жана стратегиялык стратегияларга киргизүү процесстери далил[214].

МӨМ жетүүгө байланыштуу проблемаларга көңүлдүн өсүшүнө карабастан, прогресс абдан карама-каршылыктуу болду (1-тиркемени караңыз). Алсак, МӨМ-1, МӨМ-7, МӨМ-8 бир катар индикаторлору боюнча максаттуу көрсөткүчтөргө жетишилген. Эксперттик коомчулук МӨМ-4гө жетүүнүн траекториясы максаттууга чыкты же ага абдан жакындаган деген тыянакка келген.Ошого карабастан бир катар максаттарга жетүүнүн ыктымалдуулугу аз. Кээ бир максаттар боюнча реверсивдүү тенденция байкалууда, ал тургай МӨМ-1 боюнча да, мында прогресс МӨМ-3 боюнча токтобой тургандай көрүнгөн. Энелердин өлүмү жана ВИЧ/СПИДге каршы күрөшүү маселелерине карата Максатка жетишүү проблемалары тынчсыздандырат.

Ар бир максат үчүн жалпы да, ошондой эле өзгөчөлүк факторлорунун катары МӨМ жетишүү боюнча прогресстин жай темптерине өз салымын кошту. Жалпы факторлорго төмөнкүлөрдү кошсо болот:

1. Стратегиялык документтерде кабыл алынуучу максаттарды, милдеттерди жана максаттуу индикаторлордун жетишсиз толук эмес эсеби. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, мурда кабыл алынган бир дагы стратегия МӨМнын эл аралык гана эмес, ошондой эле улуттук индикаторлорун толук өлчөмдө эске алгандыгы менен мактана албайт. Бул бир катар индикаторлордун иш-чаралар системасы аркылуу ишке ашырылбай калышына алып келген. Алсак, документтердин биринде да тое жебегендердин[215], үлүшүн кыскартуу зарылчылыгы жөнүндө айтылбайт, ал эми статистика бул сандык көрсөткүчтүн маанилүүлүгү жөнүндө айтып турат же мисалы, МӨМ -5 экинчи милдети (же 5b милдети) 2011-жылы гана "Ден соолук" программасы кабыл алынышы менен гана кабыл алынган, ал эми ал болсо 2007-жылы эле эл аралык деңгээлде киргизилген болчу.

2. МӨМ маселелерин стратегиялык жана тармактык документтерге киргизүүдө акценттердин так эмес артикуляциясы. Өтө кедейликти кыскартуу боюнча кабыл алынган милдеттенмелерге карабастан бир дагы кабыл алынган документтерде өтө кедейлик боюнча максаттуу көрсөтмөлөр жок экендиги фактысы да бар. Стратегиялык документтердин бардыгында жалпы кедейлик фокус болуп саналат, мында жалпы кедейликти кыскартууга багытталган иш-чаралар тикелей өтө кедейликтин кыскарышына алып келери түшүнүктүү, бирок саясат чараларынын топтому мындай учурларда ар кандай мамилени талап кылат. Алсак, өтө кедейлик маселелерин чечүү социалдык коргоо тараптан атайын көңүлдү талап кылса, жалпы кедейлик маселелери чакан жана орто бизнести, жеке ишкерликти, айыл чарбасын жана кичи шаарларды өнүктүрүү чөйрөсүндө көп күч-аракетти талап кылат. Өтө кедейликти кыскартуу ишинде кыйла прогресске карабастан, ал дагы эле болсо бар экендиги таң каларлык деле эмес, ал тургай акыркы жылдардын тенденциясы мындан аркы прогресстин жоктугу жөнүндө айтып турат.

МӨМ-5 экинчи милдетине карата милдет кыскартылган түрүндө кабыл алынган, бир катар эл аралык кабыл алынган индикаторлор программаларга жана стратегиялык документтерге киргизилген эмес. Тийиштүү түрдө Өкмөт эл аралык деңгээлде кабыл алынган милдеттерге жетүү үчүн аткаруу зарыл болгон иш-чараларды жүзөгө ашырууга күчүн жумшайт деп айтуу татаал.

Ошондой эле, мисалы МӨМ-8 тышкы карыз алууларга жана карыздарды тындыруу маселелерине гана көңүл бурулган, мында маңызы боюнча бул максат өнүгүп келе жаткан өлкөлөр менен өнүккөн өлкөлөрдүн ортосундагы көп кырдуу кызматташтык жөнүндө айтып турат жана өзүнө ачык соода-сатык жана эрежелердин негизинде болжой турган жана кызуулукка алып келбестен иштеген финансылык система маселелерин, ошондой эле начарыраак өнүккөн өлкөлөрдүн өзгөчө муктаждыктарын

214 Бишкектин төрт негизги чөйрөсүндө МӨМ аткарылышын контролдоо боюнча изилдөөлөр, 2009-ж.

215 Отчеттун үстүнөн министрликтер менен бирдикте иштөөдө «тое жебеген калктын салыштырмалуу саны» индикаторунун көрсөтүлүшүнө алып келген. Отчетту даярдоо мезгилинде ППУР иштеп чыгуу стадиясында болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

чечүүнү камтыйт, бул карыз маселесин гана камтыбастан, ошондой эле салымдарсыз жана алар экспорттоочу товарларга квотасыз жеткиликтүүлүк жана кедейлик деңгээлин төмөндөтүү боюнча чара көрүп жаткан өлкөлөргө интенсивдүү расмий көмөк көрсөтүү маселелерин да камтыйт.

3. МӨМ жетүү боюнча ишти координациялоого жооптуу өз убагында түзүлгөн мамлекеттик институттун жоктугу. МӨМ жетүү боюнча Координациялык комитет 2008-жылы гана түзүлгөн, мында көптөгөн терс тенденциялар белгиленген. Мында акыркы мезгилге чейин анын активдүү иши жөнүндө айтууга болбойт эле, иш жүзүндө бийликке демократиялык маанайдагы саясатчылар келген соң гана МӨМ жетишүү маселелерине мамлекеттик деңгээлде аткаруу, ошондой эле мыйзамдык органдардын деңгээлинде да көбүрөөк көңүл бөлүнө баштады.

4. МӨМ локализациялоонун так түшүнүктүү методдорунун жоктугу. МӨМ жетишүү маселелери жергиликтүү деңгээлде толук көлөмдө киргизилди деп айтууга болбойт. Бул жерде чечилбеген маселелердин зор катмары жатат, алардын арасында улуттук деңгээлге мүнөздүү проблемалуу көйгөйлөр (институтташтыруу, бюджеттөө, жергиликтүү деңгээлде стратегиялык максаттуу болжолдоо маселелери), ошондой эле максаттуу индикаторлорду аныктоо методологиясын адаптациялоо менен байланышкан атайын маселелер да бар. Алсак, мисалы, өтө кедейликти баалоо шаймандардын жардамы менен үй чарбаларын интеграциялык изилдөөлөр аркылуу жүргүзүлөт, анын натыйжалары өлкөнүн жана облустардын деңгээлинде гана репрезентативдүү. Өтө кедейликти райондордун жана айыл өкмөттөрүнүн деңгээлинде баалоо шаймандары жана аларды жогору турган деңгээлдер менен макулдашуу жөнүндө маселе мыйзамдуу келип чыгат.

5. МӨМ жетишүүдө маселелерди бюджеттөөдө ачык эместиктер өлкөнүн кабыл алынган орто мөөнөттүү бюджетинин болжолу жана жылдык бюджети МӨМ максаттуу индикаторлоруна жетишүүнү эч убакта максат койгон эмес. Мындай жагдай МӨМнын максаттуу индикаторлору менен ага чыгымдалуучу бюджеттик ресурстарды өз ара байланыштырууга мүмкүндүк бергидей тийиштүү методологиянын жоктугу менен да, бюджеттик блоктун өкүлдөрүнүн бюджеттик планга мындай татаал маселелерди киргизүү потенциалынын жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Бул факторлор МӨМ жетишүү боюнча жай прогресс үчүн жалпы фонду түзүшкөн. Бирок, бул максаттардын ар бири үчүн мурда тийиштүү бөлүмдөрдө каралган өзүнүн өзгөчө проблемалары бар.

МӨМ-1. Жогоруда айтылгандай, өтө кедейликти кыскартуу маселелерине жетиштүү көңүл бурулган эмес, көпчүлүк учурларда тоо жебегендерди кыскартуу маселелери Өкмөттүн документтеринде каралган эмес. Жалпысынан өлкө алдында турган негизги чакырыктар өтө кедейликтин келип чыккан көбөйүү тенденциясын артка буруу жана азык-түлүк коопсуздук маселелерине басым жасоо жана тоо жебегендердин үлүшүн кыскартуу болуп саналат деп айтууга болот.

МӨМ-2. Жүргүзүлүп жаткан реформалар али оң натыйжаларды берген жок. Билим берүүнү финансылоонун деңгээли заманбап билим берүү чөйрөсүн түзүү үчүн али жетишсиз болуп саналат. Тийиштүү түрдө Кыргызстанда билим берүү системасынын алдында төмөнкү негизги чакырыктар турат: билим берүүнүн сапатынын начарлашын токтотуу, окуучуларды негизги орто билим менен камтуу көрсөткүчүн максаттуу траекторияга кайра кайтаруу жана билим берүүдөгү байкала баштаган гендердик ажырымды токтотуу.

МӨМ-3. Бул чөйрөдөгү айкын жетишкендиктерге, тактап айтканда аялдардын саясий катышуусу кескин өскөндүгү менен билдирилген жетишкендиктерге карабастан, бул максат боюнча оң тенденциялардын туруктуулугу жөнүндө айтуу эртелик кылат. Ал тургай гендердик көрсөткүчтөрдүн орун алган динамикасы МӨМ-3 жетишүүнүн ыктымалдуулугу аз деп айтууга мүмкүндүк берет деп моюнга алуу керек. Өлкө алдында турган негизги чакырыктар аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу жана аялдардын саясий процесстерге катышуусу боюнча терс тенденцияларды болтурбоо болуп саналат.

МӨМ-4. Улуттук эксперттердин жалпы пикири боюнча өлкө ымыркайлардын жана балдардын өлүмү боюнча максаттуу траекторияга чыгууда. Бул аталган маселелердин сектордук программаларда, тактап айтканда «Манас Таалими» жана «Ден Соолук» программаларында өз убагында чагылдырышынын натыйжасы болуп саналат. Бирок, өлүмдү кыскартуу боюнча байкалган прогресс дале болсо морт жана өлкө балдардын ден соолугун мындан ары жакшыртуу боюнча кыйла күч-аракет жумшашы керек.

МӨМ-5. Энеликти коргоону жакшыртуу маселелеринде тескерисинче алгылыктуу прогресс байкалбайт. Мындай терс тенденциянын себептери жетиштүү. Бирок, бардык кызыкдар тараптардын деңгээлинде энеликти коргоо маселелери саламаттыкты сактоо системасынын гана маселеси эмес, мамлекеттик органдардын да, жергиликтүү жамааттардын да, жарандык сектордун да, жеке сектордун жана калктын өзүнүн салымын талап кылган сектордук маселе экендигинин фактысын түшүнүү бекемделген эместиги негизги чакырык болуп

саналат. Ушуга байланыштуу медициналык да, медициналык эмес да (социалдык-экономикалык, социалдык-маданий) мүнөздө болгон иш чараларды өзүнө камтыган МӨМ-5 (MAF) жетишүүдө прогрессти тездетүү боюнча Өкмөттүн демилгеси өзгөчө маанилүү болот.

МӨМ-6. Жугуштуу оорулардын деңгээлин кыскартуу боюнча Өкмөттүн күч-аракети кургак учуктан өлүмдүн, бруцеллез жана безгек ооруларынын кыскарышы менен билдирилген прогресстин белгиленишине алып келди. Ал тургай, 2014-жылы өлкө безгектен толук арылаары болжолдонууда. Ошол эле учурда өлкө алдында ал туш болгон мурдагы чакырыктар калууда, бул ВИЧ-козгогучунун жаңы учурларынын санынын көбөйүшү, кургак учук оорусунун туруктуу түрү тынчсызданууну чакырууда, баңгизаттарды ийне менен сайынгандардын саны өсүүдө.

МӨМ-7. Озон бузуучу заттарды пайдалануу, көмүр кычкылынын жана парник газдарынын калдыктары, калктын ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүк деңгээли сыяктуу индикаторлор жетишилди. Токойлордун аянтынын жалпы аймакка индикаторунун мааниси максаттууга жакын, бирок ага жетишүү бар болгон токой аянттарын колдоо жана тигилген жашыл бак-дарактардын өсүш деңгээлин жогорулатууга багытталган кыйла күч-аракеттерде гана мүмкүн. Калктын ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүк деңгээли жетишилгендигине карабастан, ичилүүчү суунун сапаты жөнүндө айтуу эртелик кылат. Башка проблемалуу маселе болуп бүгүнкү күндө канализация системасын жакшыртуу боюнча максаттуу көрсөткүчкө жетишүү мүмкүн эместиги саналат. Андыктан мамлекет үчүн олуттуу тыянак – санитардык инфраструктурага улуттук деңгээлде да, жергиликтүү деңгээлде да инвестицияны көбөйтүү.

МӨМ-8. Тышкы карызды кыскартуу боюнча чаралар жана экономиканын өсүшү, алардын өңүтүндө тышкы карыз алуулардын темптеринин фонунда тышкы карыздын ИДПга катышынын бир топ жакшырышына алып келди, 2010-жылдагы саясий окуялар жана этностор аралык чыр-чатак бул карыздын өсүш зарылчылыгына алып келди, мында республиканын мамлекеттик учурдагы тышкы карызын тейлөө боюнча чыгымдардын негизги оорчулугу жакынкы жылдарга туура келет. Андыктан өлкөгө гана эмес, ошондой эле эл аралык коомчулукка тиешелүү негизги чакырык ар кандай механизмдер аркылуу демократиялык реформаларды колдоо болуп саналат.

Өлкө көбүнесе МӨМ-8тин башка маселелерин жүзөгө ашырууга багыттануусу, т.а. бирдиктүү маалыматтык мейкиндикке интеграцияланып жана жалпысынан өлкөнүн позитивдүү глобалдуу процесстерине кыйла көбүрөөк интеграциясын камсыз кылышы керек.

Мурдагыдан айырмаланып, бул отчёттун өзгөчөлүгү Кыргызстанда МӨМ жетишүү процесстеринде алынган сабактарды баалоону биринчи алдын-алуучу аракеттенүүдө турат. Муну менен эле бардык максаттар үчүн жалпылоочу мүнөздөгү бир катар сабактар бар.

Отчеттун дагы бир өзгөчөлүгү анын даярдоо мезгили 2015-жылдан кийин өнүгүүнүн күн тартиби боюнча Кыргыз Республикасында Улуттук консультациялардын процесси менен туташ келип калгандыгында турат. Улуттук консультациялар боюнча отчеттун негизги тыянактары МӨМ боюнча алынган сабактар менен айкалышып тургандыгы менен да абдан маанилүү.

Тактап айтканда, бул отчёт[216] келечектеги өнүгүүнүн башкы багыттары боюнча жооптордун саны боюнча респонденттер төмөнкү эки багытка:

1) экономикалык өсүш жана ишке орноштуруу;

2) мамлекетти башкарууга - өзгөчө маани беришери жөнүндө айтып турат.

Бул эки багыт тең МӨМ жетишүү процесстеринде алынган сабактарга катышы бар.

Мамлекеттик башкаруунун маселелери бир катар алынган сабактарда чагылдырылган. Алардын арасында биринчиси МӨМгө жетишүү процессин институтташтырууга болушунча тез өткөрүү зарыл экендигинде турат. Мында институтташтыруу процесстери көп кырдуу жана татаал болсо да, МӨМ жетишүү боюнча Координациялык комитет 2008-жылы гана түзүлгөн, бул биринчи этаптарда талдануучу процесстер мамлекет тараптан тийиштүү деңгээлде координацияланган эмес.

Максаттуу багыттар абдан жогору коюлгандыктан, натыйжалуу эмес мамлекеттик башкаруу маселелери пайда болду. Сөз максаттуу көрсөткүчтөр бир катар учурларда Советтер Союзунда жетишилген деңгээлде кабыл алынганында деле эмес, анда социалдык чөйрөдө кырдаал кыйла бакубат болгон, мында мамлекеттин потенциалы глобалдуу да, ички шокту көрө билгидей жетишсиз эле, алар Кыргызстанды максаттуу багыттардан жетишүү траекториясынан адаштырган.

Бул катарда МӨМ негизинде стратегиялык негиз түзүүчү

216 2015-жылдан кийин өнүгүү күн тартиби боюнча Кыргыз Республикасында Улуттук консультациялардын жыйынтыгы боюнча отчет,СИУИ, Бишкек, 2013-ж.

маселелерге жетишсиз көңүл буруу менен байланышкан сабак да турат. Миң жылдыктын өнүгүү максаттары коомдун ишинин бардык маанилүү чөйрөлөрүн камтыйт, бирок көп учурларда стратегиялар МӨМ боюнча алынган милдеттенмелерди эске алган эмес же жарым-жартылай гана алган. Идеалында, стратегиялык максаттар жана милдеттер МӨМнын улуттук милдеттерине негизделиши керек.

Дагы бир сабак болуп, бул жылдары негизги стейкхолдерлердин жетишүү процесстерине салымын баалоо методологиясы иштелип чыкпагандыгы болду жана бул биринчи кезекте Өкмөттүн өзүнө тиешелүү. Бул маселени чечүү МӨМгө негизделген бюджеттөөнү ишке киргизүүдө жатат, бул өз кезегинде натыйжалары боюнча бюджеттөө методдорун ишке киргизүү менен байланышкан. Акыркысы Кыргызстанда өткөрүлүп жаткан узак мезгилдүү реформалар болуп саналат, бирок МӨМ максаттуу багыттарын кароонун көз карашынан алганда бюджеттик финансылоонун натыйжалары катары мындай акцент бул маселеге коюлган эмес.

Ушундай эле сабак мониторинг жана баалоо чөйрөсүнөн келип чыгат. Азыркы мезгилге чейин МӨМ катарын баалоо методологиясында так эместиктер бар экендигинин фактысы МӨМгө негизделген мониторинг жана баалоо системасын улуттук МӨМдү пландаштыруу мезгилинде түзүү зарыл экендиги жөнүндө айтып турат. Андай болбогон учурда көптөгөн кемчиликтерден жабыркаган мониторинг жана баалоо улуттук системасынын проблемалары МӨМдүн максаттуу багыттарына жетиштүү көңүл бурулбагандыктан улам тереңдөөдө.

Өнүгүп келе жаткан өлкөдө МӨМгө жетиштүү көңүл бурулбагандык Өкмөт аларды күчтүү социалдык жүк оорчулугу катары карагандыгынын жагдайы менен да шартталат, ал эми МӨМнын колдонуудагы парадигмасында экономикалык өнүгүү менен түздөн-түз байланышкан маселелер аз. Иш жүзүндө Улуттук консультациялар боюнча көрсөтүлгөн отчеттун экинчи башкы багыты менен чагылышат, бул экономикалык өсүш жана иш менен камсыз кылуу зарылчылыгы жөнүндө айтып турат.

Жалпысынан, сөз жалпылоочу бир сабак жөнүндө болуп жатат, ал кабыл алынып максаттуу коюлган багыт өлкөнүн улуттук таламдарына толук көлөмдө жооп береби деген суроого жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берет? Жооп, албетте ооба, бирок, милдеттерди аткаруунун жүрүшүндө эл аралык формулировкалоону улуттук контекстке белгилүү бир эл аралык базистик топтомуна максаттардын жана милдеттерин сактоо менен адаптациялоо процессине чоң ийкемдүүлүк берилиши керек экендиги айкын.

Ушул сабактардын бардыгы бул же тигил деңгээлде Улуттук конференцияда каралган, анда бул отчеттун долбоору берилген. Отчеттун авторлору айрым маселелерди тактоо боюнча сунуштардын кыйла санын алышкан. Отчетту даярдоо процессинде авторлор менен катар эле министрликтердин, ведомстволордун, Кыргызстандагы ООН системасынын институтунун өкүлдөрү катышкан, бул МӨМ жетишүү процессинде алынган сабактар, аталган отчеттун сунуштары мамлекеттик органдардын практикалык иш-аракеттеринин негизине алынат. Бул терс тенденциялар токтолуп, ал эми позитивдүү тенденциялар кошумча импульс алып жана 2015-жылга карата кырдаал азыркы учурга караганда бир кыйла жакшы болот деген белгилүү бир үмүттү жаратат.

1-ТИРКЕМЕ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МӨМГӨ ЖЕТИШҮҮДӨГҮ ПРОГРЕССКЕ БАА БЕРҮҮ*

Максаттар жана индикаторлор	Иш жүзүндөгү мааниси	Максаттуу мааниси	Прогресске баа берүү**
1-максат. Өтө кедейликти кескин бери кыскартуу			
Өтө кедейликтин деңгээли, %	4,4 (2012)	12,9	жетишилди
Салмагы жетишсиз 1-6 жаштагы балдардын үлүшү, %	6,9 (2011)	3	Ишеним аз
2100 Ккал аз керектеген калктын үлүшү, %	44,7 (2011)	27,7	Ишеним аз
2-максат. Жалпы негизги орто билим алууну камсыз кылуу			
15-24 жаш курагындагы калктын сабаттуулук деңгээли, балдар, %	99,7 (2011)	100	Ишеним аз
15-24 жаш курагындагы калктын сабаттуулук деңгээли, кыздар, %	99,8 (2011)	100	Ишеним аз
Тийиштүү курактагы балдардын жалпы санынын ичинен негизги мектепте окугандардын үлүшү, балдар, %	97,6 (2011)	100	Ишеним аз
Тийиштүү курактагы балдардын жалпы санынын ичинен негизги мектепте окугандардын үлүшү, кыздар, %	96,5 (2011)	100	Ишеним аз
3-максат. Эркектер менен аялдардын теңдигин кубаттоо жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү			
ЖОЖдун студенттеринин арасында аялдардын үлүшү, %	51,2 (2012)	50	Ишеним бар
Аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата катышы, %	73 (2012)	100	Ишеним аз
Экономикалык жактан жигердүү калктын арасында аялдардын үлүшү, %	46,5 (2012)	50	Ишеним аз
Жогорку Кеңештин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү %	20,8 (2011)	30	Ишеним бар
4-максат. Балдардын өлүмүн кыскартуу			
Тирүү төрөлгөн 1000 балага 5 жашка чейинки курактагы балдардын өлүмүнүн коэффициенти	23,4 (2012)	10,4	Ишеним бар***
Тирүү төрөлгөн 1000 балага наристелердин өлүмүнүн коэффициенти	20 (2012)	8,5	Ишеним бар***
Кызамыктан эмделген балдардын үлүшү, %	97,6 (2012)	100	Ишеним аз
5-максат. Энеликти коргоону жакшыртуу			
Тирүү төрөлгөн 100 миң балага энелердин өлүмүнүн коэффициенти	54,8 (2011)	15,7	Ишеним аз
Квалификациялуу персоналдын катышуусундагы төрөттүн үлүшү, %	98,6 (2011)	100	Ишеним аз
Аз кандуулук менен ооруган боюнда бар аялдардын үлүшү, %	64 (2011)	25	Ишеним аз
Контрацептивдердин таркашынын көрсөткүчү (15-49 жаштагы аялдардын %)	28,9 (2011)	31,2	****

6-максат . ВИЧ/СПИДге, безгекке жана башка ооруларга каршы күрөш			
Жаңыдан табылган ВИЧ/СПИД учурларынын санынын өсүшү,%	18,5 (2012)	20%дан аз	Ишеним аз
Калктын 100 миң адамына безгек менен ооруп калуу учурлары	1	0	Ишеним бар
Калктын 100 миң адамына кургак учук менен ооруп калуу учурлары	104,3 (2012)	52	Ишеним аз
Калктын 100 миң адамына кургак учуктан өлүү учурлары	8,6 (2012)	7	Ишеним бар
DOTS программасынын алкагында кургак учуктан ооруп айыккандардын пайызы, %	Н.д.	Көбөйүү	
Баңгизат колдонуучулардын саны, адам	9730 (2012)	1200	Ишеним аз
Калктын 100 миң адамына бруцеллез менен ооруп калуу учурлары	38,8 (2012)	12,8	Ишеним аз
7-максат. Экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу			
Токойлордун аянты, өлкөнүн аянтына карата % менен	5,6 (2012)	6	Ишеним бар
Өзгөчө корголуучу аймактардын аянты, өлкөнүн аянтына карата % менен	6,1 (2012)	10	Ишеним аз
Ичилүүчү таза сууга туруктуу жеткиликтүү калктын үлүшү, %	92,4 (2011)	90	Жетишилди*****
Канализацияга туруктуу жеткиликтүү калктын үлүшү, %	25,4 (2011)	40	Ишеним аз
Парник газдарынын чыгышы, калктын жан башына CO2 тоннасынын эквиваленти		3,14	Жетишилди
Озон бузуучу заттарды колдонуу, калктын жан башына грамм менен		16	Жетишилди
Көмүр кычкыл газынын чыгышы, калктын жан башына тонна менен		2,4	Жетишилди
8-максат. Өнүгүү максаттарында глобалдык өнөктөштүктү калыптандыруу			
Тышкы карыздын көлөмү, ИДП %	47,9 (2012)	20	Ишеним аз
Товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоонун үлүшү катары тышкы карызды тейлөөнүн наркы, %	3 (2012)	8	Жетишилди
Жаштар арасында жумушсуздуктун деңгээли, %	16,6 (2011)	-	-
1000 адамга стационардык жана уюктук аппараттардын саны	1219 (2011)	-	-
1000 кызматкерге компьютер менен камсыз кылуу		-	-

* Кыргыз Республикасында МӨМгө жетишүүдөгү прогресске баа берүү үчүн Европа жана КМШ өлкөлөрүндө Миң жылдык Өнүктүрүү Максаттары жөнүндө Региондук докладда сунуш кылынган ыкма колдонулду. «Миң жылдык Өнүктүрүүнүн Улуттук Максаттары: аракеттенүү үчүн платформа», Европа жана КМШ өлкөлөрү боюнча ПРООНдун Региондук бюросу, 2006, 125-б.

** Прогресске баа берүүнүн натыйжасы болуп максаттуу маанига жетишүү үчүн артта калуу убактысына баа берүү саналат, ал максаттуу жылга чейин калган убакыттагы айырмачылык жана максаттуу чекке жетишүү үчүн зарыл болгон убакыт катары аныкталат. Максаттарга жетишүү үчүн зарыл болгон убакыт базалык, учурдагы жана максаттуу маанилерге негизденүү менен эсептелет. Эгерде артта калуу убактысынын көрсөткүчү терс болсо, анда учурдагы тенденция өзгөрүүсүз калган шартта, өлкөнүн максаттуу чекке жетүүсү көйгөйлүү болуп калат.

*** Максаттуу көрсөткүчтүн чоңдугун аныктоонун методологиялык маселелерин тийиштүү бөлүктөн караңыз.

**** Бул максаттуу индикатор жакында эле (2012-ж.) киргизилгендигине байланыштуу баа берилбейт.

***** Сандык индикаторго жетишилгендигине карабастан, ичилүүчү таза сууга жеткиликтүүлүктүн сапаты анча жогору эмес деңгээлде калып жатат. Аны отчёттун тийиштүү бөлүгүнөн караңыз.

2-ТИРКЕМЕ

МИҢ ЖЫЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫНА МОНИТОРИНГДИН ИНДИКАТОРЛОРУНУН ДИНАМИКАСЫ

Индикаторлор	2000	2001	2002	2003	2004	2005	2006	2007	2008	2009	2010	2011	2012
Жалпы кедейликтин деңгээли, %	62.6	56.4	54.8	49.9	45.9	43.1	39.9	35	31.7	31.7			
Өтө кедейликтин деңгээли, %	32.9	24.7	23.3	17.2	13.4	11.1	9.1	6.6	6.1	3.1	5.3	4.5	4.4
Салмагы жетишсиз 1-6 жаштагы балдардын үлүшү, %	6.6	6.6	12.4	7.8	6.7	5.6	6.1	5.2	6.5	4.6	7.4	6.9	
2100 Ккал аз керектеген калктын үлүшү, %	60.5	77.2	51.4	55.2	48.2	49.5	47.6	48.5	45.2	40.7	42.3	44.7	
15-24 жаш курагындагы калктын сабаттуулук деңгээли, балдар, %	99.47	99.47	99.47	99.47	99.47	99.47	99.47	99.47	99.47	99.7	99.7	99.7	
15-24 жаш курагындагы калктын сабаттуулук деңгээли, кыздар, %%	99.61	99.61	99.61	99.61	99.61	99.61	99.61	99.61	99.61	99.8	99.8	99.8	
Тийиштүү курактагы балдардын жалпы санынын ичинен негизги мектепте окугандардын үлүшү, балдар, %	96.6	95.5	94.9	94.9	95.4	96.2	96.1	97.8	98.4	97.1	96.9	97.6	
Тийиштүү курактагы балдардын жалпы санынын ичинен негизги мектепте окугандардын үлүшү, кыздар, %	95.1	94.4	94.2	94.6	94.5	95.6	96.0	97.3	98.3	96.3	96.2	96.5	
ЖОЖдун студенттеринин арасында аялдардын үлүшү, %	50.7	52.9	54	53.9	55.2	55.6	56.1	56.3	55.7	55.0.	53.7	54.0	51.2
Аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына карата катышы, %	67.6	63.1	64.9	64.1	66.6	62.5	65.8	67.3	67.3	63.9	63.6	78.4	73
Экономикалык жактан жигердүү калктын арасында аялдардын үлүшү, %	45.3	45.4	44.0	44.1	43.1	42.9	42.4	42.2	43	42.3	41.9	41.8	46.5
Жогорку Кеңештин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү %	6.7	6.7	6.7	6.7	6.7	0	0	25.6	31.1	25.6	23.5	20.8	
Тирүү төрөлгөн 1000 балага 5 жашка чейинки курактагы балдардын өлүмүнүн коэффициенти	33.2	29.5	29.0	27.7	31.8	35.1	35.3	35.3	31.5	29.3	26.5	24.5	23.4
Тирүү төрөлгөн 1000 балага наристелердин өлүмүнүн коэффициенти	22.6	21.7	21.2	20.9	25.7	29.7	29.2	30.6	27.1	25	22.8	21.1	20.0
Кызамыктан эмделген балдардын үлүшү, %	97.8	98.0	99.7	99.3	99.3	98.9	97.3	98.8	99.1	98.9	98.3	97.2	97.6
Тирүү төрөлгөн 100 миң балага энелердин өлүмүнүн коэффициенти	45.5	43.8	53.5	49.3	50.9	60.1	55.5	51.9	55	63.5	51.3	54.8	
Квалификациялуу персоналдын катышуусундагы төрөттүн үлүшү, %	98.6	98.7	98.8	98.9	98.2	97.9	98.4	98.4	98.5	98.5	98.3	98.6	

Аз кандуулук менен ооруган боюнда бар аялдардын үлүшү, %	54.7	56.2	43.7	53.9	52.4	47.4	52.0	52.2	52.9	54.4	53.5	64.0	
Контрацептивдердин таркашынын көрсөткүчү (15-49 жаштагы аялдардын %)	39.9	33.1	29.4	41.2	42.3	38.2	39.4	35.9	33	31.2	30.1	28.9	
Жаңыдан табылган ВИЧ/СПИД учурларынын санынын өсүшү,%	53[1]	149	160	132	161	171	244	409	698	687	554	594	704
ВИЧке чалдыккан бардык адамдар*	53	202	362	494	655	826	1070	1479	2718	н.д.	н.д.	н.д.	
Калктын 100 миң адамына безгек менен ооруп калуу учурлары	0.2	0.6	55.3	9.3	1.9	4.4	6.2	1.8	0.3	0.1	0.04	0.8	1
Калктын 100 миң адамына кургак учук менен ооруп калуу учурлары**	150.9	167.8	147.7	138.2	129.2	125.3	121.2	115.5	106.3	103.9	101.1	100.4	104.3
Калктын 100 миң адамына кургак учуктан өлүү учурлары**	20.8	23.7	20.1	18.2	15.9	15.4	16.1	13.5	11.8	11.0	11.1	11.6	8.6
Баңгизат колдонуучулардын саны, адам	4459	5043	5591	6327	6814	7216	8353	8734	9505	10417	10678	11074	9730
Калктын 100 миң адамына бруцеллез менен ооруп калуу учурлары	24.9	36.9	35.7	50.3	43.9	55.9	77.4	77.5	73.0	67.4	73.0	80.0	80.0
Токойлордун аянты, өлкөнүн аянтына карата % менен	3.2	3.2	3.2	3.2	3.2	3.3	3.3	3.3	3.2	3.2	3.2	3.2	5.61
Өзгөчө корголуучу аймактардын аянты, өлкөнүн аянтына карата % менен	1.7	1.9	2.0	2.2	2.2	2.2	2.7	2.7	2.7	3.5	3.5	3.5	6.1
Ичилүүчү таза сууга туруктуу жеткиликтүү калктын үлүшү, %	86.0	84.0	84.2	78.6	81.0	84.4	89.8	93.0	90.4	90.4	91.5	92.4	
Канализацияга туруктуу жеткиликтүү калктын үлүшү, %	32.8	31.4	30.3	25.9	27.0	23.9	23.9	24.2	23.5	25.2	26.4	25.4	
Парник газдарынын чыгышы, калктын жан башына CO_2 тоннасынын эквиваленти	3.14	-	-	2.20	2.30	2.19	-	-	-	н.д.	н.д.	н.д.	
Озон бузуучу заттарды колдонуу, калктын жан башына грамм	16	-	-	12.2	10.5	6.4	4.88	0.96	-	н.д.	н.д.	н.д.	
Көмүр кычкыл газынын чыгышы, калктын жан башына тонна менен	2.38	-	-	1.58	1.64	1.58	-	-	-	н.д.	н.д.	н.д.	
Тышкы карыздын көлөмү, ИДП %	101.9	94.2	98.3	91.9	88.3	75.6	69.4	54.3	40.6	53.7	55.4	47.5	47.9

1 1987-2000-жылга чейинки мезгилде.

Товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоонун үлүшү катары тышкы карызды тейлөөнүн наркы, %	-	-	-	7.2	6.5	6.4	4.9	3.3	2.8	3.2	3.6	2.8	3.0
Жаштар арасында жумушсуздуктун деңгээли, %	-	-	20.1	15.4	15.2	14.5	14.6	13.2	14.8	16.8	16.7	16.6	
1000 адамга стационардык жана уюктук аппараттардын саны	79	85	95	107	134	191	319	504	738	881	1053	1219	
1000 кызматкерге компьютер менен камсыз кылуу	-	-	-	105.6	121.7	143.2	170.8	193.8	-	н.д.	н.д.	н.д.	